Ооганбек Станбеков



# БОЮН ЖАШЫРГАН ТУЛПАР

*«Көңүлү тынар көпчүлүк,*
*Көзгө толор Эр чыкса»...*

*(Эл оозунан).*



84 Кыр
С-76.
2018

Ооганбек
Станбеков

# БОЮН ЖАШЫРГАН ТУЛПАР



Повесть, эссе, поэма-ырлар

Бишкек
«Шам» басмасы 1997

810.63

ББК 84 Ки 7—4
С—76

**Станбеков Ооганбек**

С—76 Боюн жашырган тулпар: Докум. повесть, эссе, поэма-ырлар.— Б.: Шам, 1997.— 256 б.

ISBN 5-7499-0070-3

Доор агымынын күүсүндөгү окуялар анын дөңгөлөгүн айланткан эл, эл арасынан чыккан чыгаан тарыхий инсандар болот эмеспи. Автор ушул темага кайрылып XIX кылымдын аягынан баштап заман шарын, өзгөрүштөрүн китептеги каарман — Кыргыз республикасынын эл депутаты, коомдук-саясий ишмер Эргеш Төрөбаев аркылуу аргументтүү фактылар жана көркөм сөз каражаты менен образдуу чагылдырат.

Автор келечекте жазылуучу тарыхий көркөм чыгармасынын мөлтүр мончок көзүн ачат. Ошондой эле поэма-ырларынын бир түрмөгүн окурман журтуна тартуулайт.

С $\frac{4702300100}{М\ 455\ (11)—97}$ 70—1997 ББК 84 Ки 7—4

ISBN 5-7499-0070-3 © «Шам» басмасы 1997

## АК БАТА

*— Колуңуздардагы «Боюн жашырган тулпар» чыгарманын автору Ооганбек Станбеков — Исабек уулу — айтылуу Аксы аймагынын Ак-Жол айылында 1958-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.*

*— Ооганбек, Бишкектеги Дене тарбия жана спорт институтун, Кыргызстан Мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүрүп, райондук, областык газеталарда бөлүм башчы, башкы редактордун орун басары, учурда 1996-жылдан тарта Жалал-Абад областык «Мыйзам» укуктук, коомдук-саясий гезитинин башкы редактору болуп иштеп келе жатыры. Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсү. Бир нече конкурстардын жеңүүчүсү, Ардак грамоталардын ээси. Үй-бүлөлүү.*

* * *

*— Ооганбек атактуу Борош уулу, залкар комузчу Ныязаалынын чеберелеринен, элде айтыла жүргөндөй: «Баркыттын өөнү, чоң теринин бучкагынан» болот, «Аккан арыктан суу агат» дегендей, мүмкүн улуу комузчу Ныязаалынын руху жаш калемгерди адабият дүйнөсүнө алып келгендир...*

* * *

*— Колуңуздардагы чыгарманын дасмиясын караштырып көргөнүбүздө, ал мейли, өткөн ата-бабалардын, тагыраак айтканда, Созок — Көгарт өрөөнүнөн чыккан Нүсүп бий, Солтонкул бийди жазабы, же Алай канышасы Курманжан датканыбы, же кечээ эле арабыздан өтүп кеткен коомдук-саясий, мамлекеттик ишмер Султан Ибраимовду же болбосо, береги эле арабызда жүргөн*

*көптүн бириндей туюлган Кыргыз Республикасынын эл өкүлдөр палатасынын депутаты Эргеш Төрөбаев жана анын замандаштары тууралуу даректүү баянды жазабы, айтор, жазуучулук, тарыхый стиль менен журналисттик ыкмаларды кыйыштырып, жуурулуштуруп, окурмандын жүрөгүнө жетчүдөй, көңүлүнөн түнөк тапчудай жалгыз аяк төтө жолду өздөштүргөндөй сезилет...*

*Кандай гана чыгарма болбосун, элден өткөн, мезгилден ашкан сынчы жок, ушулар эртеби кечпи татыктуу өз баасын берип, ордуна коет.*

*Жазуучулук иштин ийгилиги, өксүгү жалгыз гана авторго байланыштуу.*

*Бул иште кара чечекей бир тууганың деле жардамга келе албайт. Өзүңдү өзүң көтөрүп чыгышың керек, жазуучулук иштин өзгөчөлүгү ушунда.*

*Өмүр бою окуп, үйрөнүп, тынымсыз изденип, жан-териңди төгүп иштей турган өнөр кесиби өңдөнөт... Оңой жерден атак, даңкты көксөгөндөр катуу жаңылышат...*

*Азырынча Ооганбектин чыгармасы — түбөлүк ак мөңгүсү кетпеген, ак канаттуу булут түнөк кылган, аскарланган тоо койнундагы «Боюн жашырган тулпардай» таризденет...*

*Узун сөздүн кыскасы — Ооганбек үкөм, ошол ак мөңгүдөн агып түшкөн мөлтүр булактан ийип, ташкындаган өзөн дайрага айланып, ПОЭЗИЯ, ПРОЗА деген дүйнөлүк адабияттын деңизине жет, бир тамчы болсо да көбөйт, толкут, шарпылдат!..*

*— Туңгуч жыйнагыңдын атын да кое элек экенсиң, ата-бабалардын салтын улап, азан чакырып ат коюп берейин:*

*Биринчиден: — Ак жолуңдан аттанып чыккандан бери өнөр адамына мүнөздүү көрүнүш көп тоскоолдуктардан өттүң, бирок муюбадың.*

*Экинчиден: — чыгармачылык сапарың үзүрлүү, байсалдуу болсун. Өскөн айылың Ак жолуңдай, ак жолуң ачылсын! — чыгармаңдын атын «Боюн жашырган тулпар» деп койдум. Тулпар сыңары — улуу рух жарышында чыныгы жүзүңдү көрсөт. Сырлуу да, сындуу да болушуңа агалык ак батамды багыштадым.*

***Асанбай ЖУСУПБЕКОВ***
***Жалал-Абад областык жазуучулар Союзунун төрагасы, журналист, фольклорист.***

## БАШ СӨЗ ОРДУНА

*Бул китеп жөн гана дене-боюн жашырган тулпар сыңары көрүнгөн адам пендесинин улуу Адам-Инсан атка эгедер каарманыбыздын миң кырдуу баш бейнесине бир сүртүм экендигинде.*

*Ошондой болсо дагы өз доорунда Адам-Атанын балдарынын улугумун деген — Зулкарнайын, Чыңгыз-Хан, Наполеон сыяктуу дүйнөнү дүңгүрөтүп ат туягын Жер-Эненин бооруна батырып, аалам кезип өкүмдарлыгын жүргүзүп турган чакта да келечектен үмүтүн үзбөй тарых барактарын түзүүчү летописчилерди ала жүрүшү урпактарга болгон соолбос кенч, түбөлүк, ыйык мураска ынангандык. Бул тарых чындыгын таанууга, таназарга албай коюуга болбос.*

*Ушул ыйык мурас ар бир адам пендесине салт болуп сиңсе, кылым карыткан күндүн күнгөй-тескейи күмүштөнүп улуу рухтун оболошуна шек жок эле.*

*Ошондой болсо дагы адам пендечилигине барып «Ой бул өзү жөнүндө китеп жаздырыптыр, тасма тарттырыптыр» — деген көкүрөгүндө көзү жоктор да чыгар. Мындай сөз болбойт деп кепил өтө албайбыз.*

*Бирок, өзүнүн ак эмгегинен баар тапкан, эли-журтуна алынып, элинин увакили болуп, тарых дөңгөлөгүнүн летописинде эгемен Кыргыз мамлекетибиздин уңгу башатында, пайдубалынын түптөлүшүндө ордо оюндарына катышып, улут мүдөөсүнө ылайык олуттуу мыйзамдарды*

*түзүүдө тизгин талаша кызыл тилин бүлөп, жан-дүйнөсүн, өмүрүн Кыргыз калкынын өсүп-өнүгүшүнө арнаган адам жөнүндө.*

*«Кудайга бир тең келсе — жетим тең келет» — деген калкыбыздын сөзү бар. Ошонун сыңарындай бир кездеги эркеликти унуткан «жетим», Кудай колдогон кызыл тебетейчен өкүмдардын жанында эли журтундагы бурадарлардын атынан жүрүп идеялаш, пикирлеш, насиптеш, ишенимдүү адам болушу биз бейнесин түзөлү деген Адам-Инсандын бийик да, ыйык да касиет сапаттарына багышталат.*

*Биз жазбасак да Кыргыз элинин тарыхында өз орду бар Адам-Инсанды бир сүрөткер сөз кереметинин кудурети менен элибизге тартуулламак.*

*Анда эмесе сөз сынынан бузулбасын. Ыйык Библияда бул башында сөз болгон эле демекчи, Сөз башынан болсун...*

## АЙМАК КЕРЕМЕТИ

Ар бир аймактын аны аркалаган эли-журтунун айтып бүткүс тарыхы, санжырасы болот эмеспи. Ошонун сыңарындай кеңирсиген кең ааламда коогалаңсыз аркайган аскаларына түбөлүк муз уялаган, мөңгүсү күндү талашып, албарс сындуу Ала-Тоо эндей ааламга сайылып күн уясынын түнөгү сымал сырдуу да, сындуу да шаңкаят. Улуу түздүккө багыт алып, ыйык күн өз жүрүшүнөн жазбай ааламга кулачын керген айтылуу Фергана өрөөнүн улуу Тоо менен бириктирип тургандыгынан Созок-Көгарт деп аталып калышы бекеринен эместир. Ата-бабаларыбыз табият сырына сарасеп салып аңдашынан, акыл өлчөмүнөн, философиялык улуу терендигин сезбей коюуга мүмкүн эместей. Кең өрөөндү аралап «жашоо» — деген түбөлүк түшүнүктү туюндуруп, шоокум чачып, кыян кескен турмуштун капсалаңын адам пендесине таруулап, түбөлүк тынчтыкты бузуп «жашоо — бул күрөш» деп санаат кылып, Көгарт дарыясы миң жылгадан куюлуп, куралып, пендесине өлбөстүк мурасын кайталап жаткан сыңары.

Миң чачылып куралган, далай кылым санаат болгон тарых таржымалы, үрп-адаты, салт-санаасы, адеп-ахлагы жылдыз болуп төгүлүп, көйгапка сиңген Жер-Эненин боорунa киндик улаш жуурулуп жаралган Кыргыз элинин бир бүтүндүгүн түзүп турган Мундуз, Кутчу, Багыш, Баасыз, Кыпчак, Каман уруулары жайгашкан кең Көгарт аймагындагы жалпы элдин биримдигин түзгөн өзбек, орус, украин, түрк элдеринин тутамдары дамамат жашоосун улантып келишүүдө.

Мына ушундай аймакты мекендеген элдин өз алдынча тарыхый өзгөчө уруптуу окуялары учкай улаш укум-

дан-тукумга кылым санап айтылып келет. Көкүрөгүндө көзү бар, куйма кулак Кыргыз-Атанын, Түрк насилинен жаралган урпактарына элибиздин өткөн өтүмүш уңгу тарыхы кабар берет. Сөз кереметин мураска калтырган, тарых чындыгына төп келген кыргыз элинин кенже эпосу Курманбек баатырдын уламыш айтылышындагы айыгышпас кармаштагы жер рельефинин сүрөттөлүшү, жердин аталышы да, баатырдын сөөгүнүн табылышы да, Көгарт аймагынан орун алгандыгы өзгөчө келечекте иликтөөгө алынуучу илимий иштердин негизин түзөөрү бизге баглык. Урпактардын түгөнгүс иши катары кыргыз жана түрк элдеринин тутуму Кокон хандыгынын амиринде турган мезгилдерде Орусия падышачылыгы XIX кылымдын орто чендеринде орус-түрк согушундагы Крым кандуу кармашында жеңилүүгө дуушар болот. Колониялык экспансияга умтулуулары Түштүк менен Батышка болгон интервенциясы туулбай тууна чөгөт. Чыгыш жана Түштүк чыгыш региондоруна чектеш, майда, бытыранды хандыктардан турган Орто Азия элдерине королдук Англиядан мурун аракет жасап, ачык согуш жарыялабай басып кирет. Бул Орусия падышачылыгынын тышкы саясатындагы көсөмдүк эле. Себеби жаратылышы, кен-байлыктардын кору жана бекер жапайы жумушчу күчү даяр болчу. Андан сырткары өздөрүнүн чек арасын кеңейтүүгө жана бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Бытыранды, майда хандык башкарууда турган Орто-Азиялыктар мыкты тез атма, оор артиллериялык куралдарга эгедер туруктуу даярдыктагы орус аскерлерине туруштук бере албагандыктан XIX кылымдын биринчи жарымынан кийин падышалык Орусия, Хива, Бухара хандыктарынын башкаруусун, жөндөмсүз сенек абалга кириптер кылган. Ал эми кыргыздар, өзбектер, кыпчактар баш ийген Кокон хандыгынын башкаруусунда баш аламандык өкүм сүрүп, ханга каршы хан ордосунун башкаруучу чөйрөлөрүнүн пикир келишпестиктери, хандык алык-салыктардын күч алышы, зордук-зомбулуктар элдин канын соргон Кудаяр-ханга карата наарызылыгын күчөтөт. Улам өр тартып сүңгүп кирип келе жаткан Орус армиясы менен болгон согуштарда хан чоролордон, жигиттерден айрылып, хандык аймактын Наманган, Чуст шаарларын тарттырып, алсырай берет. Кол топтолбой, же алык-салыктардан кутулбагандыктары үчүн эл арасына өзгөчө кадыр-барктуу, таасирдүү кыркка жакын

тоолук жана ичкилик бий-болуштарды Кудаяр-хан катуу жазалап баштарын алат. Алардын арасында Көгарт өрөөнүнүн оң, сол өйүзүн бийлеген Абдылда-бий, Баястан бийлер да бар эле.

Мындай кысымдыкка тооluктар мүнкүрөбөй ханга каршы көтөрүлүшүп, Азырет-Аюп багытынан Мамыр Мерген уулу, Аксы багытынан Момун Шадыкан уулу кара келтекчендерди, союлчандарды баштап чыгышат. Бирок, биримдиктин жоктугунан ичкилик элдердин колдоосуна ээ болбой жеңилип тоо, таянып кетишет. Ошондой болсо дагы тоолуктар, ичкиликтер, тажик, өзбектер биригишип, Аксылык Нүсүп бийдин башчылыгында Полот ханды (Молдо Исак) колдоп, Коконду селдей каптап кирип ордону алат. Эл аралык мамиледе такшалган хандык титулу бар Кудаяр-хан, анын уулу Насиридин-бек-хан, колонизатор орус падышачылыгынын өкүмдарлары менен тил табышып, жергиликтүү элдин арасынан, жаңыдан түзүлгөн ордонун кутумдарынан өздөрүнө тартып, 1876-жылдын кыш айларында Полот-ханды колго түшүрүп, дарга асып көтөрүшчүлөрдү айосуз жазалашкан.

Орус падышасы Александр II нин Указы менен Кокон хандыгы жоюлуп, орус колониалдык администрациялары түзүлгөн. Бийликти колго алган орус падышачылыгы жергиликтүү элден чыккан мыктыларды өз амирлеринин өкүлдөрү кылып шайлашкан. Мындай адамдардын катарында Көгарт өрөөнүнөн Абдылда-бийдин уулдары Чыйбыл болуш жана Нүсүп бий, Солтонкул бий, Сулайманкул ажылардай чыгаан уулдарынын басып өткөн тагдырлары кыргыз элинин тарыхынын көөнөрбөс өзөктөрүн түзөт.

Ушул чындыктын бир үзүмү катарында өрөөндүн өрүшүнө сүрүлгөн кыргыздар суулуу өзөн боюндагы жакшы жерлерден айрылып калышкан. Себеби жогоруда биз атаган жаңыдан түзүлгөн өкмөт өкүлдөрүнүн, келгин, тили бурумдары, айылдын төбөлдөрү жергиликтүү калкты моралдык, экономикалык жактан кысып, кордук көрсөткөндүктөн өрөөндүн болушу Чыйбылга арызданганадардын аягы тыйылган эмес. Ушундай учурда өз элинин атуулу катары мындай кордуктан кутулуу үчүн ар кандай саясий айла-амалдардан эч кандай жыйынтык чыкпагандыктын кесепетинен 1898-жылы мусулмандардын көк туусун көтөргөн Мадали Эшен (Мухаммед Али-Калфа Сабир Суфи уулу) идеялык диний жетек-

чиси болгон Анжиян козголоңу чыгып, көтөрүлүштүн түп максатына идеялаш болгондор топтолгон. Мындай азаттык үчүн күрөшкө катышкандыгы үчүн Көгарт өрөөнүнөн чыккан Чыйбыл болуш, Солтонкул бий баш болгон 10 азаматтын тагдырлары Орусиянын колонизаторлорунан калчанып калган. Алардын ысымы элдин көкүрөгүндө өз элин азаттыкка чыгаруучулар катарында түбөлүк жазылып кала берген. Түштүк Кыргыз элинин падышалык Россиянын составына 1876-жылкы биригиши менен Көгарттыктардын тагдыры орус эли менен байланышканын тарых барагынан жылмалоого болбой тургандыгын ташка тамга баскандай болуп Көгарт өрөөнүнүн айылдарынын Благовещенка, Спасовка, Октябрьская, Сафаровка, Михайловка жана башка орус, украин кыштактарынын пайда болушу не деген улуу собол, жазмыш, тарых, тагдыр чындыгы.

Улуу төңкөрүштөн (ыңкылаптан) кийинки жылдары башкаруунун кеңештик-партиялык, партиялык-мамлекеттик, партиялык-мамлекеттик — кеңештик өкүмдарлыгынын жылдарында тарых дөңгөлөгүндөгү реформалык өзгөрүүлөргө дуушар болгон коомдук түзүлүш Созок-Көгарт аймактарында түбөлүк мисир баккандардын өнүгүү өзөгүн өзгөрткөндүгү, революциялык сезимдеринин күчөшү, антоганисттик көз карашынын калыптанышы, табигий өнүгүүнүн цивилизациясынын эки нукка жиктелген ажырымы көптөгөн адамдарга, коомдун өнүгүшүнө өз таасирин өзгөчө тийгизген.

Кылым кыйыры чөгүп келе жатканда, өз алдынча эгемендүү Кыргыз Республикасы (1991-жылы) болуп жарыялангандан кийин дүйнөнүн түркөгүн көтөргөн элдерге тең ата болуп, өнүгүүнүн табигий цивилизациялуу жолуна түшүп, бардык нерсе ачык-айкын айтылып жаткандыгы тарыхтын бурулуш доорундагы улуу өзгөрүштөрдүн өз чындыгы бар экендигинде.

Созок-Көгарт аймагындагы журт эгелерине улуу ыңкылаптын таасири менен өз эркиндиктерин сезишкен кедей-кембагалдардын, томаяктардын жамааттык өз кожоюндарына карата революциялык сезиминин ойгонушу Кеңештик жер, суу реформаларынын жүрүшү феодалдык түзүлүштөгү карапайым калайык калкты «өзү суу ичкен кудугуна негизсиз түкүрүүгө» — түрткү берген.

Кеңештик-партиялык мамлекеттеги айыл чарбасын жамаатташтырууга карата кабыл алынган ВКП(б) БКнын XV съездинен кийинки колхоздук түзүлүш кый-

мылы жаңы күчкө ээ болуп, толкун сымал Ала-Тоо аймагын каптаган. Ар бир доордун өз чындыгына жараша жашоо үнгүсүнүн, умтулууларынын негизинде мындай азаттык-эркиндикке жутунгандардын шайтанын кагып коюуга Орто Азиялык контрреволюционерлер жана басмачылар жаңы түзүлүшкө каршы күрөшүүнүн психикалык, экономикалык, согуштук тактикасын изденип чыгышкан. А мындай улуттук атуулдук демилгечилерден болгон Көгарт аймагынын Чомо Дыйкан, Дали, Молдо Дооран, Барпы, Эрмат, Баатырбекти Кеңеш мамлекети тап катары жоюуга далалаттанган өрөөндүн алдыңкы өкүлдөрү кезегинде кара тамандардын жашоосуна өбөлгө түзгөндөр, элдин башчылары аталган Эрназаров Эшбай, Жаанбаев Быржыбай, Эшбаев Төрөбайларга да революциялык мамлекет тарабынан эзүүчү тап катарында айып тагылып, талоонга учурап, сүргүнгө айдалышканы доордун өз кезегинин өкүмү эле.

## СҮРГҮН. БӨТӨН ЭЛ, БӨТӨН ЖЕР

Тагдырдын жазмышында, турмуштун тайгак кечүүсүнө тушуккан Эшбай аксакал, уулдары Төрөбай, Мырзабайлар Кеңеш мамлекетинин активисттерине үй-мүлкүн тарттырып, уулу Төрөбай өмүрлүк жубайы Рабия уул-кыздары Тургунбү, Мейлибай, Зумурат, Өкмат, Нышанбү, Камилжан, Эргештерди ээрчитип, тап катары Сталинабадка (Тажикистанга) сүргүнгө айдалып, ак күн болуп карыган өмүрдүн өтөлгөсүн бардар да, жокчулук да замандарда томояктардын толтосун толтуруп жүргөн өрөөндүн кадырман карыясы экендигине карабай ордолуу журтуна мисир катары уулу Мырзабайды таштап, дөөлөт сүрөр курагында бир ууч топурагын түйүп, тагдырдын буйругуна мажирөө тартып мүңкүрөбөй аттанып, неберелерин ээрчитип жашоосуна кайыл болуп сүрүлүп чыга берди. Бөтөн эл, бөтөн жерге ат туягын батырып киререрде дээринен акылдуу, эл аралап журт башында жүргөн байбатча Төрөбай эли-журтунун чегинде туруп, чубаган көчкө көңүл токтото карап, кылчайса аксакалы мелүүн шамалга жайкалып бириндеген атасы Эшбай көк куланын үстүндө эрке желге агылган кымкап чепкенинин өңүрүн жыйбай бир кездеги жалын чачкан кой көздөрү муңайым тартып, түбөлүк чокусунан ак кар, көк мөңгүсү кетпеген ак элечектүү улуу тоолорду кыялбай «кош» — деп айтаарга кубаты жетпей турганын көрөт. Дене бою дөөлөткө да, сөлөкөткө да жаңы гана кирип эл башы болуп калган Төрөбай жашоонун табышмагынын таржымалына эркин жанып, бүлөбөй азыраак эле сезимге алдырса, жашыса, түндүгү күйүп, бүт баарысын кайгыга алдыртмак. Алты дубан кыргыздын аштоюна чуркаган ай кашка карагер күлүктүн үстүндө кай-

ратынан муюбай, жараткан атасына бута атым салдырып келип:

— Ата! — тагдырдын буйругуна арга жок, туз ургурлар бизге таман-тузак койгондорду Кудайдын, Жаратканды жазасына койдук. Муюбаң Ата, мисир баккан Ала-Тообузга, кеңирсиген Көгарт өрөөнүбүзгө тополондун тозоту өткөндө кайрыларбыз...

Оор үшкүрүк көк түтүндөй буралып, жүрөк өйүткөн сөздү алып чыкты.

— Уулум! — ата-тегибиздин сөөгү кылымдап жашырылган аймакка менин кайтып келээрим дар күмөн. Миптип ак сойодой болгон чагымда суурулуп элден бөлүнүш тозоктун чогунан да оор. Нур жүзү кумсарып, оор үшкүрүк кайталанды.

Уулум! — кынынан суурулган кылычтай чабылган курагым, өрүш өңүтүнө толгон малым, байлыгым, денемде каруум, жанымда байланган куралым да жок. Намыс талашып, толорсугу толбогон томояктарга тең келбедик. Сийдиги таза эмес адамдардан жаралгандарга байлык да, бийлик да, дөөлөт да бапа кылбайт. Бул жашоо табиятынын мыйзамынын өкүмү ушундай. Тагдырдын буйругуна тен берип, басынып — ак койсок болмок экен?

— Ата! — «Таранчы тапталса да куш болбойт», «чобур ат тапталып, тулпар болбос» — Жер-Эненин койну кенен, бирок, пенде-затынын тарчылдыгы бизге тоскоол болбойт, биз дагы кызыр жылоосундагы адамдарбыз, кайрылып келербиз, мисир баккан жергебизге, элибиз аман болсун. Эр жигиттин башына күн түшсө түшчүлүк болоор. Аттын башын буруң, кең Фергана өрөөнү бизге койнун ачып турат, бастырың жарыктык кутманым.

Төрөбайдын оозундагы жалын чачкан сөзү, сезимге алдырып бара жаткан кутман карыны бир серпим кайратына келтирип, көкүрөгүндөгү түпөйүл оюнан алаксыткандай болду.

Бир кездеги Аксы тараптан келген улуу залкар комузчунун «Ибрагим саруу» күүсүнүн икаясындагы сыбызгыган муңдуу кайрыктарына удаалаш ырдалган ырлары сезимине жуурулушуп, оюна келе калды:

Эй азамат! — Ата уулу мүңкүрөбө,
Ат жалынан эңилип жүрөксүбө.
Өстөн чыгып кутумдар кодуласа,
Өзөк өрттөп башындан бак талашса.

Мисир баккан очогуң түтөп жатса,
Түпкүлүгү түбөлүктөн үмүт үзбө.
Ушул тура замандын кекчил каары,
Унутулбай урпакка калаар баары
Чок ортосу толгондо алкынышкан,
Томаяктын бар чыгар тартар заары
Эй, азамат Ата уулу!
Адамзаттык карызыңа салып коюп,
Ат башын бур! — акыреттик жолугушаар сапарыңа!

Ушул саптарды өзөк оюна түшүрүп, аалам чөгөргөн кең өрөөнгө көч артынан учкай улаш, абанын ысык илеби өпкөсүн кысып бараткан жоргонун башын коё берди...

Кең өрөөндөгү түмөн элдин тогошкон журтуна Төрөбай жетектеген топ келип кошулду. Нарк — нуска көрүп өскөн көкүрөгүндө көзү бар албууттанган алибеттүү, түнөргөн жигитти ыңкылаптын заарына тоздурбай жергиликтүү тажик аймагынын билермандары, Наби баш болгон эл жакшылары жаңы гана түптөлүп уюшулган келгиндердин чарбасына раисттикке шайлап коюшту. Ат жалын тартып миңгенден бери ээр кашынан түшпөгөн сергек, демилгечи байбатча «Иши жүргөндүн арыгын чап» — дегендей Кеңеш мамлекетине карасанатайлык кылбай Төрөбай турпатынан жазбай кызмат иши менен алектенип кетти.

Табигаттын өкүмдарлыгы ушул белем, эми гана үйүр алышып тажик элинин каада-салтын, нарк-нускасын туюнуп, кезегинде соода-сатык менен алектенип тоолуктардын асыл баалуу терилерине дүр-дүйүм, буюм-тайымдарын айырбаштаган соодагерлер Хатфулла, Ярасулла кербендерин далай ирет Төрөбайдыкына toktotушуп, соода сатыгын жүргүзүшүп, ырыскыга насиптеш, ортоктош да болуп жашоолорун өткөрүп жатышкан.

Ээр өбөктөгөн Төрөбай тандан кеч эл камында жүргөнү менен жүрөк түпкүрүндө көөдөндү жиреген кусалык, киндик каны тамган Көгарт өрөөнүн көксөйт. Өткөн өмүрүн электен өткөрүп, өмүрлүк жубайы Рабиянын сергек, пакизалыгына ичтен тына ыраазы. Сырт келбетине төп келишкен жан дүйнөлүү Рабия жөн гана аялдык милдетин аткарбастан жашынан медреседен билим алып, дүйнө таанып, дин шариятындагы таалим-тарбиясын, мусулманчылыктын адеп-ахлагын терең билгени менен айырмаланган. Дилгир пенделерди чогултуп араб алфавиттерин үйрөтүп, окутуп, шакирт күтүп,

ыйык шарият насилинде жүргөндүктөн эл арасында кадыр-баркы жогору эле. Ошондой эле Төрөбайдын да жан дүйнөсүнө, туюм сезимине өзгөртүү киргизип, «Өйдөдө өбөгү, ылдыйда жөлөгү» — болду. Өз элинен азгандарга, жергиликтүү калкка кийим-кече бычып тигип, чеберчилик өнөрүн ала жүргөн. Рабия үйдүн, коломтонун эле куту болбостон өз алдынча кордонуп келаткан жаңы уюшулган бир журттун ыйык туткан мээрбан энесине айланган.

Жаңы гана жерден боорун үзүп келаткан сүймөнчүк уулу Эргешти искеп, жашоо кумарына тойбой эли журтунан азып, көздөн далдоодо жүргөндүгүнө кайыл болуп, балдарын, өмүр жолдошун арка тутуп, бел байлап күн кечирген.

Түндүгү түптөлүп келе жатканда, үйдүн кадыр кутман карысы сыркоолоп, өз элинин топурагын, керимсел салкын абасын эңсеген Эшбай-ата сагынычтын алоосунда калып, ордолуу коломтонун күлү көккө сапырылып, уулдарынын сүргүндө жүргөнүн эстеп, ичтен сызып акыл сезимин санаага алдырып, сары оорунун дартына чалдыккандыктан көз кирпиктери катып, күн санап күч кубаттан тайып, төшөктөн турбай калат.

Шарият жолунда жүргөн Рабия кайын атасынын тамак-ашын белендеп, кыян кечип, белес ашкан пайгамбардай болгон атанын батасын алып, бапестейт.

Адам пендесине табият тартуулаган өмүр менен өлүм чеги чечмеленип, күн чыгыш тараптан кең ааламга таң куланөөк салган мезгилде ак күп болгон карыя жан дүйнөнүн лазаатынын акырет сапарында каардыгып, сур тартып бараткан өңү бүл-бүл жанган чырактын жарыгында дубал сыңары бозоруп, тегерегиндеги түнт болуп түнөргөн Рабия менен Төрөбайга назар сала:

— Балдардын уйкусун бузбагыла. Ия Төрөбай, мени эшикке алып чыкчы,— деди.

Терең ойго түнөргөн Төрөбай бир кездеги атан төөдөй болгон дөөлөттүү да, сөөлөттүү да атасынын ак сойодой болгон денесине обдула тынчтыкты бузду:

— Не дейсиз ата?

— Оо жарыктык катыгүн! Санаага алдырган бир эле мен десем, сенин дагы жүүнүң бош тура. Тарт, тургуз! — деп колун созо берди.

Жуурканды акырын ачып, үстүнөн алып, эки карысынан аяр кармап тургузуп, колтуктан таяп кыр аркага имериле берди. Рабия шырп алдырбай ордунан туруп,



ЦНБ 8063

түнөрүп муюган калыбында ызаат кыла, ийменип төр жактагы урумча бычып өзү уузанган кымкап чапанды алып, каржайган сөөктүү кайнатасынын далысына жаба берип:

— Ата! — Кадыр кутманыбыз болуп жүрө бериңиз.

— Үзүр болсун балам, бизге ыйман, силерге кудай таалам нысап, бак-дөөлөт даарысын. Өмүрүңөр узун, өрүшүңөр жайык болсун...

Кардыккан үн үсүл-кесил араң гана түнөргөн тынчтыкты бузду.

Босого тарапка кадам таштаганда дене сөөгү кычырап, боюн араң токтотуп, алга карай кадам жасады. Өбөктөй бараткан атанын салмагын сезбеген Төрөбай:

— Ата! — кыйгырдай болуп калыпсыз, кудай буюрса элге кайрылабыз... Оор үшкүрүк денеден бүркүлүп жан алакетинде жаткан карыянын карттангандай болуп калган өзөк өрттөгөн жаратынын оозун ачкандай болду.

Астанага бут коюп, эшикке чыкканда салкын абанын жели карыянын напазын бууп, ичиркентти. Томуктай булуту жок көк асман жер үстүнө көмкөрүлгөндөй болгону менен өз өкүмдарлыгын жашоо табиятына арнаган күн түнөгүнөн көтөрүлүп, караңгылыкты бузуп, таң супаа сала баштаган. Улам түнөрүп, бүлбүлдөп, алыстан жымыңдаган жылдыздардын жарыгы кең ааламга сиңип өчүп бараткан эле...

Карыя тикеленип тээ алыс калган Көгарт өрөөндөгү өмүр жашын, эл тагдырын чечкен күндөрү аласалып оюна, көкүрөгүнө келип, баскан изинде периште колдогон жакшылык да, шайтан аралашкан жамандык да үзөңгүлөш жүргөнүн саамга ой чабытынан өткөрүп:

— Баскан изиме ыраазымын, оо жараткан эгем. Топурак буйрубаса да, топук кылаар эли-журтум, үзүлгөндү улантаар тукумдарым бар! — деп күңгүрөндү.

Атасынын көкүрөгүн жарып, тили күрмөмгө келип сүйлөгөн муңайым үнүнөн улам Төрөбай:

— Жарыктык, мынчалык асан кайгычыл болбосоңуз Ата.

— Уулум! — Баарыңарды эр жетилттим. Ат жалын тартып мингенден бери эл араласын, көзү ачылсын, ата нускасын алсын дедим. Айтаар сөзүм, керээзим — ата-тегибизди булгабагыла. Кана үйгө кирели, өмүр даарыма ыраазымын.

Акырын бурулуп үйгө кириштн. Үй ичиндеги шайтан чырактын жарыгы караңгылыкка сиңип, үсүл-кесил бүл-

бүлдөйт. Катар жаткан неберелерин бир сыйра тегерете тиктеп, улага тарапта келини Рабия небереси Эргешти эмизип турганын көрүп, суроо салды:

— Рабия, бери алып келчи Эргешти!

Чукуранып ойгонгон Эргешти бал сүтүнө магдыратып турган Рабия, кайнатасы кирип келгенде сыртымды салбайын деп капталдай калган эле. Мемиреп уйкуга көөшүлүп кеткен наристенин оозунан аппак мамагын чыгарып, аяр басып сүт жыттанган уулун карыяга көтөрүп келди. Эки уурту оймоктой чуңкурайып, бүлкүлдөтүп мамак соруп жаткан таризде мемиреген наристенин чекесинен сүйүп:

— Уйку-соонун арасында көөшүлүп жатканымда мени аркалап коштой жүрчү периште неберем Эргешке уялагандай болду. Карыя бир саамга кардыга түшүп:

— Төрөбай, Рабия! — эсиңерде болсун, жакшылап карагыла... — деп төр тараптагы окчун турган саалга аяк таштады. Төрөбай атасын жөлөп жаткырып жанына тизе бүккөндө карыянын зирек аяр үнү тынчтыкты бузду:

— Рабия, келчи карадым. Илимдүү адам турганда келме келтиргенге таажы кийген эркек адам болсо да, ага шариятта жол жок. Дем салып, келме келтирип кой.

Рабия, ыйбаа кыла күйөөсүнө карады:

— Төрөбай ыраазычылык билдирип акырын башын ийкеп уруксат ишааратын жасады.

Медреседеги аалымдардан билим алып, көзү ачылган Рабия назик, жан дүйнөгө жагымдуу үнү менен келме келтирип, дем сала баштады. Жан жыргаткан үндөн улам көөшүлүп, көкүрөгү кырылдап бараткан карыя жалган дүйнөнүн муң-зары, кубанычынан жанын бөлүп, денеси суналып боюн эндей таштап мемиреп, акырет сапарына дүйнө салды...

Ата тажиясына аттанышкан Төрөбайдын инилери Мадраим, Амир, Өмөрлөр жаңы гана сынына кирген тулпардай болуп бара жаткан кыл мурутту жигиттер кол курап Кашкар, Турпан тарапка аттанып өтүп кетет экен деген коогаландуу сөз тарап, Көгарт өрөөнүндө тополоң башталат. Ош кызыл атчандар дивизионунан жигиттерди кармоо жөнүндө тапшырма алган Октябрьск айылынан чыккан мурунку болуш, кызыл атчандар отрядынын командири Каракултай куралчан отряд мүчөлөрүн аттандырып, жаш жигиттерди кармап камоого буйрук берет. Аттанган отряд мүчөлөрү Сталинабадка

келип, ата кайгысын бөлүшүп жүргөн жеринен жигиттерди кармашып, Курманжан датканын баласы Камчыбек салдырган «Ош түрмөсүнө» алып келип камашат.

Кайгынын касиретинде жүргөн Төрөбайды кош кабат болуп чырмооктой чырмалган жоготуучулук алкымдап, жыл айланбай жашоонун жаман жакшысын тең бөлүшүп көтөргөн жубайы Рабия төрөттөн каза болот. Чиедей жаш балдары менен калган Төрөбай кайын-журтун аркалап, Өзбекстандагы Кортку айылына келет. Ал жерден жыл айланбай тун уулу Мейлибайды тага-журтуна калтырып, тамтуң баскан Эргешти атына өңөрүп жүктөрүн төөгө бөктөрүнө артынып киндик кан тамган Көгарт өрөөнүнө сапар тартат. Ат артына Эргешти өңөргөн Төрөбай кол кармашып, аяк шилтеши арбытпай келе жаткан Зумрат, Өкмат, Нышанбү, Камилжандын, көч башындагы жүк артылган өркөчтүү төөнү жетелеген, бой керип мүчө-башы сынга толуп келаткан кызы Тургунбүбүнүн үстү баштары тозуп, чаңга бөлөнүп бара жатканын көрүп, жашоодо калчанып турган тагдырына өкүнүп ичтен сызат.

Күндүн аптабы кызып кеткендиктен байтүп дарактын көлөкөсүнө байырлоону буйруйт. Жүк артылган төөнү чөгөрүп эс алууга олтурушат. Кайгыга чөмүлүп муңкүрөгөн атасына чаначтагы жармадан арчага ышталган кесеге көмкөрө куйган Тургунбүбү:

— Ата, жармадан жутуң,— деп кайрылат.

Каңырыгы түтөп турган Төрөбай, Тургунбүбүдөн жубайы Рабиянын бейнесин көрөт. Ушунчалык апасына окшош экендигин көңүл токтото карап үн катат:

— Тукен, алгач мобу бөбөктөрүңө берчи.

— Ата, алдын сиз ооз тийип бериң, козуларыма да жетет...

Зирек болуп эс тарткан кызына ыраазы боло, ушунчалык чаңкап турса дагы азыраак гана даам сызып, тизесинде олтурган Эргештин оозуна жакындатат. Күн аптабынын ысык демине чыдабай ыйлап келген Эргеш жылымык тартып калган жармадан аптыга жутат. Биринен сала бири кезек менен аяктагы жармадан жутушуп, нан чайнашып, өзөк жалгашат да, «жол азабы көр азабы» — демекчи, кыңкайышаары менен уйкуга алдырышат. Мемиреп катар жаткан уул кыздарын карап олтурган Төрөбайдын көз алдына Рабиянын элеси тартылат да:

— Ээ Токо! Азый түшүпсүң да. Муңкүрөбөй башыңды көтөрчү! Мен силерди сагындым, мотурайган алтын-

дарым!. Менин жаным силер менен» — дегендей болду.
Балдарын карап түбү жок ой-санаага батып кеткен Төрөбай селт этип, умачтай көзү ачылып теребелди тегерете карап, элесин жоготкон Рабиясын издей баштады. Демдери акырын чыгып бейкапар уйкуда жаткан уул-кыздарын көрүп, жан-дүйнөсү бошошуп, кайратынан тайып, кой көздөрүн ачуу жаш чырмап кетти. Бир саамга эркинен жана түшүп:

— Рабия! — сен биз менен биргесиң. Мына балдарыбыз уктап жатат, сен гана жоксуң. Тургунбүбүнү карачы, өзүңө гана окшош, көрдүңбү жаным!. Эргешти карачы — Апа, Апа! — деп сени гана издеп жүрөт. Бизди кыйнабачы Рабия... Кайрылчы бизге...

Жан-дүйнөнүн тереңинен чыккан сагыныч, кусалык аралаш сөз илеби желге агылып, чексиз ааламга сиңип кетти...

Кайгыга алдырып бара жаткан Төрөбай кайрадан кайратына келе түшүп сакалдары өсүп кеткен бетин эки алаканы менен басып, жаш уялаган көздөрүн ымдап-ымдап алды. Ууланган жаш көз чарасына сиңип, көздөрү кызарып канталап чыкты. Бир оокумга чейин үнсүз түнөргөн Төрөбай убакыттын кандай өткөндүгүн байкабай калды. Бай түп дарактын көлөкөсү жылып, күн шооласы балдарга агылып, түш оош бараткандыгын кабар кылгандай болду. Акырын уйкуда жаткан балдарын ойготуп, ашыкча эркелетип боор бербей, жолдун узактыгын айтып, күн бата Көгарт өрөөнүнө кирип баруу керектигин эскертип, жүктөрүн төөгө артып, Тургунбүбүнү атка мингизип Эргешти өңөртүп, Зуматты артына учкаштырды. Эс тарткан Өкүматка төөнү жетелетип Камилжанды жонуна көтөрүп Нышанбүнү жетелеп, улуу тоонун салкын желин утурлай тоо тарапка бет алышты...

## КОЛОМТОНУН ИЛЕБИ...

Күйгөн күн тоо чокусуна уялап бараткан мезгилде Көгарт өрөөнүнө кирип келишти. Айылында калган, арка туткан агасы Мырзабайды да кедей тобу күнөөлөшүп, Өзбекстанга үч жылга сүргүнгө айдатып жиберишкен эле. Жети атасы өткөн жердин касиети демөөр берип, кандаш туугандары турак кыларга жер бөлүп беришти. Алачыгын көтөрүшүп тиричиликтин вазийпасына киришти. Атасы Эшбай салдырган медресе-мечит ортоктош

болуп уюшулган Орто-Азия колхозунун кеңсесине айланган. Колхоздун райиси Төрөбайдын кабырга тууганы Соронбаев Камбараалы эле. Төрөбайды чакыртып алды да:

— Төкө, сиздин бизге карата күнөөңүз деле жок. Тек гана замандын төңкөрүлүшү ушундай абалга алып келди. Сиздин кайгыңызды тең бөлүшөбүз — деп көңүл жубатты.

Жан жыргатып жубата айтылган сөзгө эреркебей, бой тарткандан нарктуу өскөн Төрөбай:

— Мен силерге наараазы эмесмин. Доордун шарына, агымына, добулуна ким каршы тура алат. Бул да болсо тагдырдын буйругу, өкмөтчүлүктүн иши да иним — деп сыр байлай үн катты.

— Туура Төкө, биз силерден өзөк өрттөгөн жамандык көргөн эмеспиз. Кыйын-кезеңдерде журтка жардам көрсөттүңөр. Мына колхоз түптөлгөндө Эшбай абамдын канча кара малы, жылкы, жандыктары ортолукка алынды. Сен менен биз олтурган медресе-мечит не деген керемет ыйык жай. Раматылык абамдын салдырганы бизге окшогон муундарга мурас болуп калды го. Туура түшүнүшөлүк. Абамдан, жеңемден айрылыпсыз, жонуңуз жукарыптыр, чөбүрөгөн ини-карындаштарым жүдөптүр Төкө. Бүгүндөн баштап колхоздун толук укуктуу мүчөсүсүз. Эл башында жүргөн адам элеңиз, колхоздо ширкаттык милдетти аткарып бериңиз Төкө! — деп суроо салды.

— «Какайганга какайгын — башың көккө жеткенче, ийилгенге ийилгин башың жерге тийгенче»,— деген накыл сөзүбүз бар элде,— деди Төрөбай ушунчалык ишенимиңе ырахмат. Жаман алачыкка көз болор көрөр көз жок, балдардын айласы түтөткүдөй болуп тынчтык бербей жатат! — Камбараалы.

— Ия Төкө! Андай болсо элибиздеги Жээнайым эженин башы бош, согончогу канабады. Балдарга баш баанек болуп, коломто түтөтүп жакаңызды агартканга жараар.

— Ырахмат иним, насип кайып дейт го!. Насип буйруса баары болор,— деп сыпайыгерчилик кылып коштошуп чыгып кетти.

Мырзалыгынан жазбаганына ыраазы болгон Камбараалы айыл аксакалы, Төрөбайдын аталаш агасы Сатини чакыртып өз ара бүтүмгө келишип, көп убакыт өткөрбөй Жээнайымга нике кыйдырып алып беришти.

Өз эл, өз жеринде ак мээнети менен Төрөбай түндүгүн түптөөгө саман аралашкан паксадан пайдубалын көтөртүп жай салды. Турмуштун оор запкысын көргөн энесиз жетимдер эне табынын аптабына жылынабыз го деген наристелик сезимине алдырышып, аз да болсо эне камкордугуна көнүп калышты. Тага-журтунда жүргөн Мейлибайды чакыртышып, сүргүндөн кайткан бир тууганы Мырзабайдын кызы Бүсарага үйлөндүрүштү. Себеби, күкүм болуп чачылган бир туугандардын мындай чечими өз алдыбызча кордонолу, додолонолу, биригели, ырыскылаш бололу деген төлгөлүү бүтүмү эле.

Жаңы гана турмуш өз нугуна түшүп келе жатканда батыштан жалын бүркөлүп, согуш оту тутанды. Согушка жарактуу эр-азаматтар фашисттик канкорлорго каршы аттанды. Алардын арасында сары түгү түшө элек Мейлибай дагы бар эле. Жашоого, сүйүүгө жаңы гана кумары артылып келе жаткан жаш жигит бир туугандарына көзү тойбой сагынычы, кусалыгы тарабай согуш майданына аттанды.

Жалал-Абад станциясынан жөнөөрдө Мейлибайды узатууга өмүрлүк жубайы Бүсара Эргешти көтөрүп, Зумрад, Нышанбү, Камилжан, Өктөмдөрдү ат арабага салып кошо ала келди. Жигит сынына кирип калган Мейлибай жоокерлердин катарында турган. Бүсараны, ини-карындаштарын көргөн жигит командирден уруксат сурап, котологон элди аралап кандаштарына жетип келип, агалык мээрим менен катар турган бир боорлорун кучактап сүйүп, эч нерседен бейкапар кенжеси Эргешти бооруна кысып аймалап, өпкүлөп жатып, Бүсарага кайрылды:

— Бүсара, апамдан калган көкүрөк күчүгүм эле, жакшылап кара. Энемдин кыялын түшүнүп калдың го, наристе жытын искебеген, денеси балкыбаган аял баланын ажайып, эч нерсеге алмаштыргыс экендигин сезбей, балага мерес болуп калат тура. Атамдын жайын болсо өзүң билесиң. Кайгыга алдырып, түнт болуп кетти. Андан сырткары эркек киши сырт адам эмеспи. Күл додолуу очокко, коломтого анча кирише бербейт. Сенин кандашың, менин дагы кандашым. Өз кандаштарын өгөйлөбөйт деген максатта бири-бирибизге баш кошконбуз да, Бүсара!.

— Мейлибай, сен менен менин айырмам кайсы. Булар менин өз кандаштарым эмеспи, көңүлүңдү жай кыл, кам санаба... Көзү жанып турган жоокердин ошол стан-

цияда узатуу сапар аземинде тургандардын жан дүйнөсүнө бүлүк салып, алгачкы гудок жаңырды.

— Катардагылар, түздөнгүлө! Төрөбаев Мейлибай, катарга туруңуз!,— деген командирдин буйругу өктөм угулду.

Мейлибай бооруна кысып турган Эргешти, Бүсараны алоолонгон кучагынан кое берип, кайрадан кыса кучактап наристенин жаңа дене-бою чымыр, эки өрүм өлөң чачын жамбашына таштаган, кең соорулуу кымча бел, нур жүздүү жубайынын кайталангыс жыттарынан алмак-салмак аймалап, эки тизесине жабышып турган бир боорлорун чекесинен сүйүп, суурулуп катарды көздөй обдулду. Согуш деген эмне экенин түшүнбөсө да, агасынын алыс сапарга кетип жатканын туюңушуп, дене бою зыркырап турду бир боорлорунун. Коштошуп ыйлап жаткандарды тууравшып алар дагы «Акелеп» ыйлап жатышты. Бүсаранын жан-дүйнөсү ээндеп, денебоюн боштук, караңгылык ээлегендей боло түштү. Көкүрөгүнө кусалык толуп, көзүнөн жаш кылгырып, ай чырайлуу жүзүн жууп жатты. Жамандыктын жышаанын туйган Эргеш жеңесинин бетинен агылап жаткан жашты мотурайган колдору менен аарчып, мойнун эки колу менен сыга кучактап эреркеп ыйлап жиберди.

— Болду бөбөгүм, агаң келет, кайра келет. Жамандыктын жосунун кылып ыйлабагыла, ыйласаңар келбей коет,— деп эс тартып калгандарына дем бере сооротуп жатты.

Аңгыча акыркы гудок берилип жоокерлер вагонго түшө башташты...

Талаачылык менен алектенип жүргөн Төрөбай уулун узатууга кечикти. Ат зордуктуруп чаап келип, аттан түшкөндө бир нече жолу гудогун кайталап поезд ордунан козголуп калган эле. Кайра атына секирип минип, котологон элди аралап демитип атты салып жиберди. Селдей каптаган эл ат омуроосуна кабылбайлы деп салдай бөлүнүп жол бошото беришти. Поездди жандай чапкан Төрөбай вагондун ооз тарабындагы Мейлибайды тааныды:

— Ата!

— Уулум, кечиктим каралдым. Кечирип кой, садага!

Улам күчөгөн поезддин шары, шакылдаган добушу сүйлөшкөнгө жолтоо болуп жатты. Жандай чапкан Төрөбай карааны улам алыстап бара жаткан уулуна колундагы жылаан боор камчысын ыргытты.

Аттиң!.. Мейлибай камчыны кармап кала алган жок. Уулу Мейлибайга төлгө болгон камчы күмүш тогосу жок шагалдуу жерде жатты...

Согуш каары улам күч алып, бой жеткен эркектанаалар, согуш курагындагы адамдар кан майданга аттанышып, өрөөндө эркек аттуу суюлуп, эңкейген чал-кемпирлер, келин-кесек, кыз-кыркындар, чор таман балдар колхоз турмушуна аралашып, талаада эмгек майданы күчөп жатты. Бирин-сериндеген атайын брон менен калган эркектер гана эли-журтка баш-көз болуп калышты. Мындай өзгөчө брон менен калгандардын арасында Төрөбай да бар эле.

Өрт алган каатчылык, ачарчылык, согуш кайгысы каптап, айылда күн алыс өкүрүк чыккан үйлөр, муңайым, суз тарткан жүздөр саат санап арбый берди. Ачарчылыктын арааны жүргөндө оорулар көбөйүп, жаш балдардын өлүмү күчөдү. Табигаттын мындай таш боордугу Төрөбайдын да үй-бүлөсүн кайып өтпөдү. Балапан эти ката электе Зумрат, Нышанбү, Камилжандар турмуш мыйзамынын курмандыгы болушту. Каардуу да, заардуу да өгөй экенин колунда жерден боюн көтөргөн чор таман Эргеш, эселек кыз Өкүмат, тун кызы Тургунбү, жаш жубан Бүсара калды. Булардын акмалаганы эле кан майдандан кат-кабарды ташыган таар кийимчен аксакал-почтальон. Мейлибайдан акыркы жолу жеңил жарадар болдум, госпиталдамын, жакында айыгып чыксам согушка кайра киремин дегенден бери кабар жок. Күн өтүп, жыл тогошуп жатты. Эртеден кечке үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү талаа жумушунда. Үйдү акмалап кайтарышып сапалак ити менен мотурайган кара тоголок Эргеш калат. Кээде кол арага жарап калган Өкүматты ташташып, үй тиричилигине жаратат.

Согуш капсалаңы улам батышка сүрүлүп, Кызыл Армия жеңишке жетип жатат деген кабар күн санап угула берди. Өрөөндөгү элдин маанайы көтөрүлүп, эмгекке болгон жөндөмдүүлүгү күчөп, жан аябай эмгек майданында. Согуштан он эки мүчөсүнүн ар кай жерин жоготушкандар, ажырагандар келип алоолонгон кан майдандын эмне экендигин билдиришип, таяк такылдаткандар пайда боло башташкан. Алар да жөн жатпай патриоттук улуу сезим менен эмгек талаасында болуп темин айдап, дың буздургандардын арасында. 1943-жылдын аяктарында Мейлибайдан кара кагаз келип, Төрөбайдын ишенген жөлөгү урады...

## ЭНЕЛҮҮ ЖЕТИМ ЭРКЕБИ?

1945-жылдын жазында кычыраган кыш каарынан араң алгы ичишип, загыра, арпа нан жешип ак күп болуп шишигендер «өлбөгөн жанга жаз келди» дешип, жаз камылгасына даярдык көрө баштašты. Көк чымырап, кең өрөөн булоолонуп, мал төлдөп, акка аралашып калган мезгил эле.

Төрөбайдын короосундагы сынык мүйүз кара уй тууп, акка маарып калышты. Уйду эртеден кечке арык боюна жетелеп, катарлуу бактагы жаңы гана ачылып келе жаткан тыт баригине баккан Эргеш. Эжеси Өкүмат экөө үйдө калышат, үй тиричилиги алардын мойнунда. Төрөбайдын кайгыга алдырганынан улам үй тиричилигинен, талаа жумушунан кутулган эне эсирип Эргешти, Өкүматты, Тургунбүбүнү, Бүсараны каалаганындай калчап жумшап, ак боз көйнөгүн кийип, базарды баш бааnek тутуп, күн өткөрө жашайт.

Күндөрдүн биринде базарга кеткен эненин, талаа жумушунда жүрүшкөн Бүсара менен Тургунбүбүнүн жоктугунан пайдаланып жаргак шымчан, тое тамак жебей өзөгү үзүлгөн ойноо бала Эргеш эжеси Өкүмат экөө уйду саап келип, сүтүн бышырып муздаткандан кийин керегедеги күбөгө куюп бишкек менен бышып, улам көбүрүлүп чыккан каймак майын Өкүмат табакка алып таштай берет. Жанында олтурган Эргеш:

— Эже, жесем болобу? — деп жалооруйт.

— Болот, азыраак же. Энем келип, билип калса оңдурбайт, дейт ачынып калган Эргешти карап.

Бетинде кызылы жок кара ширедей болуп күйүп, көздөрүнүн агы айланып калган бала беш салаасын салып сугунуп кирет. Мейли, бир аз болсо да тоюнуп алсынчы деп эжеси да унчукпайт.

Акыркы жолу жегенден кийин Эргеш колун жуугany эшикке чыгып кетти. Күбөнүн күүлдөгөн дабышы чыкпай калгандан кийин, бир аз убакыт өтпөй кайра кирсе чыптамачан иймейген арык, акыреги дайыма көтөрүлүп, жөтөлүп жүргөн Өкүмат ыйлап олтуруптур.

— Эже, эмне болду сизге? — башын көтөргөн Өкүмат Эргешти кучактап алып көпкө ыйлады да:

— Текчедеги каймак майды көрдүңбү?

— Көрдүм. Эмне болуптур?

— Эми биз экөөбүз топтогон каймак майды карачы, аз бекен?

— Ооба, тиги чомполоктогондорго караганда аз экен.

— Эми энем келсе бизди өлтүрөт! — деп солкулдап ыйлап, энесинен көргөн запкыны, майды жеп коюпсуң деп, далай жолу жеген келтектин ызасы эсине келип чыдабай актануу да, сактануу да иретинде инисин ура баштады. Эркек танаа Эргеш:

— Эже, энеме ушул эле чыкты дейбиз.

— Болбойт! Ал баарын билет! Апам болгондо мындай болбойт эле! — деп бетин басып олтура калып ыйлап жиберди. Эки ийини оркойуп, сөөгү эле калган эжесин көрүп, Эргеш да ыйлай баштады. Ошол мезгилде энеси кирип келип:

— Окшошкон гана өлүмгө баптар! Апаңар эми өлдүбү? — деп каргап-силкип салдай оор колдору менен уруп кирди. — Майдын баарын жеп коюшкан тура жетимдер! Чыккыла эшикке — деп кууп чыкты.

Ошол убакта түштөнөр убакыт болуп данканы эле калган оркойгон карагерди минип иштен келе жаткан атасын көрүшөр замат эреркеп ыйлап жиберишти. Төрөбай Жээнайымдын балдарга катаал экендигин айтып, ортодо бир нече жолу чатак болгондугун ойлоп, сайсөөгү сыздап аттан түшүп:

— Болду эми. Ыйлабагыла,— дегенге араң жарады. Төрөбайды да түшүнүү керек эле. Өмүр жашы өр тартып калганда эки жолдун ажырымында калып, ачык айтып бир жагына бастырып кете албай, экинчи тарaптан өткөн өмүрү кайгы менен өтүп, өлүм артынан өлүм чырмап, кабырга сөөгү сөгүлүп, омурткасы бошоп жашоого наразыдай түрдө түнт болуп, эркин бүлөгөн кош мииздүү болоттой курчтугу жок эле. Өзү менен өзү алектенип, дүйнө коогалаңынан боюн тартып калган болуучу.

Атын байлап, биринен сала бири келтектин уусуна чыдабай боздоп ыйлап турган балдарына басып келгенде эки тизесине жабышкан уул-кызын олтура калып кучактап, жаңы гана агарып келе жаткан сакал-мурутган ылдый кайгынын ызасынан көлдөгөн жаш сызылды. Көз алдына Рабия келип, назарында минтип сүйлөгөндөй болду:

— Кана Мейлибай, Камилжан, Зумрат, Нышанбү?! Биз он үч эмес белек! Үчөөсү эле калдыбы? Төкө?!...

— Таш боор тагдырдан чочуган Төрөбай эки наристесин да өлүм алтабына тарттырып жиберчүдөй сыга кучактап калмактын моло ташындай катты.

— Оо түбүң түшкүр дүнүйө!, Рабия! Мени да кошо тартып кетсең боло,— деген ой көкүрөгүндө уялап атылып чыкпай, өзөгүнө сиңип өкүттө кала берди...

## АПА?!

Мезгилге жутулуп, убакыт өтүп, жылдар тогошо берди. Өпкөсүнөн кагынган Өкүмат да Жер-Эненин койнуна жашырылды. Тургунбү өз алдынча турмуш нугуна түшүп, күйөөгө чыгып, түтүн булатып кетти. Мейлибайдан үмүтүн үзбөгөн Бүсара кайнатасы Төрөбайдын уруксаты менен кара кагаз келип жети жыл өткөндөн кийин көшөгөсүн көгөрткөнү ал дагы жашоо шарына агылып, какшаал болуп башка аралга кошулду.

Кош тегирмендей болгон үйдө ойноо бала Эргеш гана калды. Күндөлүк турмуш-тиричиликтин түмөн түйшүгү анын мойнуна түштү. Мурдагыдан да көп кара жумуш жасоого туура келди. Эне мээримине муюбай көр-тириликтин азабы Эргешти түнттүккө, түйшүкчүлдүккө түрттү.

Бир күнү миң күнгө тете болуп Эргеш үй артында. Узун байланган аргамжысын чубалжыта, көк жалмаган уйдун эркине коюп арык боюндагы тыт катардан откозуп жүргөн эле. Күн көтөрүлүп, аптабы ачуу тийип турган мезгил болчу. Ойноо бала тыт катардагы тыттын салпыларын ийип, уйдун аргамжысын белине байлап ширин мала тыттын кызыгына кирип кетти. Ошол мезгилде уйларга сайгак тийип, куйруктарын чимирип, саябан болчу калка издеп дүрбөлөң түштү да калды. Аны баамдабай калган Эргешти аргамжыдагы ую бир эле серпим менен жыгып, белиндеги чечилбей калган жип менен кошо сайгактап сүйрөп жөнөдү. Аргамжыга асылган ак сойдодой болгон Эргеш «апалаган» боюнча сүйрөлдү да калды. Дене бою сыйрылып, улам түн түшүп түнөрүп, сезимден ажырап, эс-учун жоготуп койду. Канча мезгилге чейин сүйрөлгөнү белгисиз. Бир эсине келип, айланасын караса, ак халатчандар. Ошол мезгилде айылдагы медициналык пунктка жеткирилген эле. Денеси от менен жалын болгон Эргеш «Апа» дегенге араң жарады. Обочороок столдо отурган Тургунбү ордунан тура калып, врачтын «токто» деген ишаратына карабай:

— Каралдым! — деп үстүнө үйрүлүп түшө калды.

Бүткөн бою жанчылып, жаракат болуп тилингендиктен бинт менен таңып койгон эле.

Эргешти сайгактаган уй сүйрөгөндө атасы Төрөбай раистин тапшырмасы менен районго жумуштап кеткен болучу. Тутунган энеси Жээнайым үй тирилиги менен короодо жүргөн. Эргеш менен катар тытта уйларын багып жүргөн балдар уйларын тыттын сөңгөгүнө бекем таңышып, уй сүйрөгөн Эргешти айтуу үчүн Төрөбайдын үйүнө барышып:

— Эне! Эргешти уй сайгактап сүйрөп кетти, болуң тез баралы,— дешип, наристе сезимдери дүрбөлөңгө түшкөн чыт курсактар Жээнайымга кайрылышты.

— Ошол көк муштум тезирээк өлсө тынчыраак болоор эле! — деп дилиндегисин тилинен заар кылып төгүп, камырап да койгон жок. Ошол мезгилде чоң көчөдөн Ысакбай атчан өтүп бараткан. Дүрбөлөңдөп жүргөн мадыра баштарды көрүп;

— Ой, чыт курсактар, эмне дейсиңер ыя? — деп тактап сурады.

— Ава, Эргешти уй сүйрөп кетти! — дешти өрөпкүгөн балдар.

— Кайда?

— Тыт катар тарапта.

— Ысакбай тыт катарды көздөй аттын башын буруп, жылан боор камчысын аттын соорусуна басып-басып алды. Ат да бир нерсени туйгандай болуп, арышын кенен таштаган бойдон тыт катар тарапка жөнөдү. Ысакбай тыт катарга жеткенде айдоо аңызда бараткан уйду, уй артында чаң уюлгуп сүйрөлүп кетип бараткан Эргешти көрдү. Ысакбай атты чаап жеткенчекти Эргешти сүйрөгөн уй дүпүйгөн кара бактын арасына кирип токтоду. Аттан ыргып түшүп узун аргамжы белине байланган Эргешти көрүп, өлүп калган экен деп чочуду да, курундагы маки менен аргамжыны кесип жиберди. Ээлигип калган уй кайрадан бак аралап, сайгактаган бойдон бак арасына терендеп сүңгүп кетти. Бети-башы канга боелгон баланын деми араң эле чыгып жаткан эле. Ысакбай тарбайган арык Эргешти атка өңөрүп, айылдагы медпунктка алып келип тапшырган. Жеңеси Жээнайымдын кыялын билгендиктен коншулаш айылдагы эжеси Тургунбүгө хабар бердирген эле. Тургунбү түз эле медпунктка келгенде, Эргешти врачтар карап жаткан мезгил болчу. Врачтын багыттоосу менен райондогу борбордук ооруканага жеткирилди. Жээнайым эне тутунган бала-

сынан кабар албады. Кечинде Төрөбай келип, болгон каргашалуу окуяны угуп, түн бир оокумда райондун борборундагы ооруканага келди.

Дары жыттанган таза палатадагы кроватта жаткан уулунун жанында сестенип турган Тургунбүнү көрдү.

— Тукен! Тынчсыңарбы? Эргештин абалы кандай?

— Кудайга шүгүр, азыр дурус болуп калгансыды, бирок көзүн ачпай жатат. Ата, уйду падага эле кошуп жибербейсиңерби? Эмне, Эргеш да сизге ашыкча көрүнүп жатабы? — деп ыйлап жиберди.

— Тукен, мен тирүү кордуктамын! Мени кыйнабагылачы...

Төрөбай акырын басып, Эргештин маңдайына келип, тиричиликтин көйүнө бышып туурулган колдорун баласынын чекесине койду. Денеси от болуп күйүп турганын сезди. Бүткүл турпаты бинт менен чырмалып оролгон уулунун ачык калган маңдайына атасынын муздак колу тийгенин сезип бири-бирине жабышып калган кирпиктерин араң ачты. Көк ала сакалдуу, нооча, алибеттүү атасынын карааны көрүндү. Ээктери кеберсип кеткен Эргеш:

— Ата! — деп араң гана оозун кыбыратты.

Атасы эңилип баласынын маңдайынан өптү.

Ыйлап олтурган Тургунбү:

— Ата! Эргеш жакшы болуп чыкса алып кетемин. Мени менен жашасын. Мемиреген тынчтык бир оокумга чейин өкүм сүрдү. Түркүн ойдун түмөнүндө турган Төрөбай:

— Тукен, аны кийин сүйлөшөлү,— дегенге араң жарады. Ошол учурда кезметтеги мээрбан келин кирип келди:

— Аксакал! Бул балага тынчтык керек, тынчын албаңыздар, негизинен жалпы абалы жакшы.

— Мейли кызым, таң атканча күтөбүз да.

— Анда коншу палатада орун бар, бириңиздер ошол жакка барып эс алыңыздар, анын үстүнө алыстан келипсиздер.

— Ыракмат, кызым... Тукен, сен барып эс ал. Мен олтурамын,— деп муңайым сүйлөдү. Тургунбү Эргешти үңүлө карап, чекесинен назик сүйдү. Төрөбайдын көз алдына Рабиянын мээримдүү элеси тартылды. Тургунбүнүн беттерин сепкил баскан, кең көйнөктүн ичинен билинер-билинбес торсойгон түйүлдүк кыймыл-аракетин оорлоштуруп баратканын сезди. Эшик алдында турган мээрбан келин менен Тургунбү чыгып кетти.

Жаралуу бала, аялуу түн... Түнөргөн Төрөбай түркүн ойго кабылып палатада кала берди...

Жаздын үлбүрөгөн назиктиги жардам бергенби, же энесиз жетимге кудай-тааламдын көзү түз болгонбу, айтор медициналык кароонун жыйынтыгы жакшы чыкты. Сынган жаракат жок экен. Бир жарым айдан кийин Эргеш ооруканадан чыгып, аталаш абасы Мырзабайдыкында туруп калды. «Балага бейиштин төрү — эне»,— дегенди туйбаган энеси Жээнайым:

— Тиричиликтин күчөгөн мезгилинде эмнеге башка үйдө жүрөт,— деп Төрөбайды демитип жатып үйүнө алдырды. Балалык баёо сезим болсо дагы оор күндөр жүрөктө калып, өмүр даары уланды.

## МЕНИН АГАМ ТИРҮҮ...

Эргеш мектеп партасын аттагандан баштап, жапайы баё, аялуу сезимине терең орногон, элеси эсинде калбаган улуу кармашта курман болгон жатындаш агасы Мейлибай болду. Себеби, Эргеш жалгыз аяк жол менен мектепке келчү. Ушул жолдон кырчындай жигит курагын дайыма ой баса аягын аяр шилтеп, бир колунда таяк, экинчи колунда папкесин колтуктап келе жаткан Түмөнбай агайына сапарлаш болор эле. Дайыма Эргешти «Баатырым» деп эркелетип койчу. Жол катар ар кандай темада сүйлөшүп, мектепке келишер эле. Эргеш дагы агайынан тартынбай жан-дүйнөсүнө жакын кабыл алып;

— Менин агам менен согушта бирге болгонсузбу? — деп суроо узатты. Оңтойсуз суроо агайынын көкүрөгүнөн кетпеген такты кайрадан козгогонун жаш бала анда кайдан сезсин.

Өкүнүчтүү гана үшкүрүккө удаа:

— Ооба, «Баатырым»... — деп койгон.

— Менин агам да бир жерде жүргөндүр,— деп үмүт улаган эле анда Эргеш. Согуш деген адам өмүрүнүн апаты экенин аңдабаптыр. Өлүмсүз согуш, өлүмсүз жеңиш болбосун сезбептир.

Түмөнбай агай окуучулар менен баш ийкеп учурашып, дайыма түбөлүк кан майдандан кабар берип турган «Белегин» тыкылдатып, мугалимдер каанасына кирип кетчү. Табият берген таланттын артынан түшкөн

Түмөнбай агайына бир топ жылдан кийин ордо калаадан жолукту.

Ал мезгилде Эргеш жигит курагына келип, бой тартып калган. Мектептен жетилүү аттестатын алып, Бишкек шаарындагы айыл чарба институтуна тапшырып, беш экзаменден ийгиликтүү өтүп, орус тилинен диктанттан өтпөй калган. Түмөнбай агайынын кийлигишүүсү менен Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайына жолдомо менен келип, «эмгек жана чийүү» бөлүмүн 1956-жылы бүтүрүп чыкты. Бир мезгилдеги жалооруй карап калган агасынын турпатын көргөн Түмөнбай агай кирчү каанага кирип, мугалим болуп наристелердин жан дүйнөсүнө чыйыр салып, эки жыл иштеди.

Ал жылдарда педагогдордун кең дүйнөсүнөн кабар алып, тарбиячынын түйшүгүн терең талдап калган мезгил болчу. Ошол жылдарда карып калган атанын, эне сүтүн берип, мээримин төкпөсө да эне тутунган Жээнайымды кароо милдети турган эле. Эр сынына кирген жигит жаштыктын алоосуна тунуп, чөгүп, сүйүү ышкысына канчалык берилбесин аптаптуу аймактагы элдин канына сиңген балага колукту алып берүү вазипасын баласы менен эсептешпей өз алдынча бүтүрүү, бүтүмгө келүү маселеси бекем салт эле. Турмуштун алтын боолуу куржун жүгүн Эргештин мойнуна илип, атасы кудаалашкан Ысмайылдын кызы Марияны алып берип, келин күтүп, кайын эне тиричиликтен бир топ арылып, жашоо шары уланды.

1956-жылы мугалимдик кесип менен катар Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун математика жана физика факультетине сырттан тапшырып, кесиптик чеберчилигин жогорулата баштайт. Бирок, дээринен сергек жигит коомдун өнүгүү процессиндеги өзгөрүштөргө түшүнүү менен келечек илимий-техникалык прогрессте экендигине ынанат. Өз турмуштук, кесиптик чыйырын өнүгүүнүн цивилизациясынан издейт. Мезгилдин агымында ооматы келип турган кубаттуу Союздун өнүгүшүнө, келечек үчүн, мыкты техникалык билимдүү, дилгир, демилгечил жаштардын толкунуна кошулуп, Эргеш жубайы Мариянын жан-дүйнөсүн тарытып, ордо калаага билим уясынан түнөк издеп аттанат.

1958-жылы наристеси Жолдош бир жашка чыгып, Эргештин ээгине ата сакалы бүтүп калган болчу. Окууга дилгирленген Эргеш жетилүү аттестатын жана Педагогикалык окуу жайынын дипломун эки башка даярдап

студент болууга дилгирленет. Ошол жылы дипломун Фрунзедеги (Бишкек шаарындагы) Кыргыз Мамлекеттик Университетинин тарых факультетине, жетилүү аттестатын Кыргыз Мамлекеттик Политехникалык институтунун «электр станциясы жана тармактары» кафедрасына тапшырат. Мындай көрөгөчтүк ошол мезгилдеги жаш курагындагылардын аң-сезимине да кирбесе керек эле. Себеби, бир эле убакта эки жогорку окуу жайына тапшырып, экөөсүнө тең өтүп, студент болуу адамдын табигый жөндөмдүүлүгүн, акылкөйлүгүн, өзгөчөлүгүн, даярдыгын айгинелейт. Эргеш өлкөнүн, элдин келечеги илимий-техникада, технологияда жана энергетикада экенин түшүнүп, негизги базалык билимин политехникалык институттан окууга башын байлайт. Эргештин мындай чечимге келүүсүнө негиз бар эле. Энергетиканын мүмкүнчүлүгүн Совет мамлекетинин негиздөөчүсү В. И. Ленин 1920-жылдардын башындагы ГОЭЛРО планын түзгөндөн баштап эле Түркстандын суу энергоресурстарынын келечектүүлүгүнө көңүл буруп, изилдөөчү атайын группа жөнөтүп тактаткан болчу. Ошол мезгилдерде Бүткүл Россиялык Кеңештердин VIII съездинде Лениндик план колдоого алынып, Кыргызстанда Үч-Коргон, Аламедин, Ат-Башы, Жал-Арык ГЭСтерин жана бир нече жылуулук энергостанцияларын куруп ишке киргизүү пландаштырылган. Согушка чейинки куралуу, согуштан кийинки кыйраган объектилерди кайрадан калыбына келтирүү жылдарында Совет мамлекети тарабынан энергетика маселеси боюнча кабыл алынган тарыхый директивалык чечимдер ГЭСтерди куруунун темптерин тездетип, жашоо-тиричиликтин агымынын нугу электр энергиясына бурулган. Мындай улуу өзгөрүштөр Эргештин көз жаздымында калбагандыктан өз нугун ушул агымга кошот.

КПССтин XX съездинин директивалык планында алтынчы беш жылдыкта СССРдин эл чарбасынын 1956—1960-жылдардын аралыгында Кыргызстанда электр энергиясын иштетүүнү 1,8 эсеге көбөйтүү жана Үч-Коргон ГЭСинин курулушун баштоо белгиленген. Эргештин жаңыдан гана башталган студенттик турмушунун унутулгус урунттуу учурларынын бири — 1958-жылы март айында Кыргызстан Борбордук Комитетинин Лениндик комсомол жаштар Союзунун XI съездинин чечиминин негизинде Үч-Коргон ГЭСинин курулушу — «Эпкиндүү комсомолдук курулуш» деп жарыяланышы, ал курулуш-

ка өз салымын кошууга туура келгендиги болуп саналат.

Жашоонун лазатын эми андап келе жаткан жаш жубайлардын эки ажырым болуп жашашы бири-бирине болгон аруу сүйүүнүн ынанымы болбосо да улуу турмушка узун сапар көч улашкан эки жаштын бийик адамгерчилик сезиминин, сапатынын далили. Бири-бирине карай табигый ымаласынын улуктугу ушул эле. Мындай тагдырга көнүү жаштыктын дымагында жүргөндөргө өзгөчө, бөтөнчө кыйынга турары бышык. Бирок, Мария ушул мезгилдик көрүнүшкө муюбай Эргештин келечегине балта чаппай, ошол эле мезгилде карыган кайын атанын, кайын эненин кайгысына, касыретине, кубанычына ортоктош болуп, наристеси Жолдошту бөпөлөп айылда калып, аларга жардам бериши тутанган очоктун табын өчүрбөй жүрүшү адам ыйманынын, ишениминин таасири Эргештин жан дүйнөсүн тазалап, жашоодогу жоопкерчилигин күчөтөт. Студенттик жылдардын оттуу жаштык курактарында да жеңил-желпи, шаардык мүнөз күткөн жылмакай өңдөр Эргештин жүрөк эңсеген сүйүүсүнөн түбөлүк түнөк таба алышпады. Ал үчүн ыйык коломтосу — Мария бар эле.

## МАРИЯ

Мария Сузак районунун Жаңы-Дыйкан айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө Улуу Ата Мекендик согуш чыгар алдында жарыктыкка келген. Атасы Ысмайыл жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, кабырга тууганынын колунда тарбияланып, жашоонун ачуу-таттуусун көрүп чоңойгон. Ошол кабырга тууганы жетимди жетилтип, өмүрүнө өбөлгө болуп, өзүнүн кызы Кадичаны алып берип, турмуш коломтосун тутанткыла, уланткыла, өз тагдырыңар өз колуңарда деп бөлүп чыгарган. Жаштайынан бирге чоңоюшуп, ага-карындаштай болгон жубайлардын тагдырлары биригип, кашкөй турмуштун агымында эриш-аркак болуп түтүн булатышып калат. Көп убакыт өтпөй 1926-жылы тун уулу Жоробек жарыктыкка келет. Андан кийин Мария, Гулам, Ибраштар төрөлөт. Согуш оту улам батышка карай сүрүлүп, алсырап бара жаткан немецтик-фашисттик баскынчыларга улам жаңы күч жыйналып жөнөтүлүп турган мезгил эле. Алоолонгон кан майданга Исмайыл 1943-жылы аттанып, Сталинград фронтуна барып түшөт. Бир ай со-

гуштук тактикалык даярдыктан өткөн соң, душман менен бетме-бет кармашууга туура келет. Биринчи эле айкашта катуу жарадар болуп, аскер госпиталына түшөт. Бир жылга жакын дарыланып, согушка жарабайт деген аскердик медициналык комиссиянын чечими менен кайрадан айылына, эмгек фронтуна жөнөтүлөт. Исмайыл кайтып келген мезгилде боорун Жер Энеден үзүп калган Мария, Гулам, Ибраш, тун уулу Жоробек жана эл-журту кубанып тосуп алышат.

Көп убакыт өтпөй Совет мамлекетинин кызыл желеги Берлиндин рейхстагында желбиреп, чыгыштагы милитаристтик Японияны да кол көтөрткөн бирдиктүү Совет элинин зоболосу дүйнө элине таанылып, Европа, Азия материгинде социалисттик ориентациядагы мамлекеттердин согуштук, экономикалык блоктору түзүлүп, өнүгүүнүн жаңы этабы башталат.

Ысмайыл эмгектенген «Жаңы-Дыйкан» колхозу, «Орто-Азия» колхозу менен айыл чарба көрсөткүчтөрү боюнча социалисттик мелдешке чыгышып, карым-катнаш күчөгөн. Ошол мезгилде болочок кудалар Ысмайыл менен Төрөбай үзөңгүнү чирене тээп, колхоздун белдүү активдеринен болуп калган эле. Мезгил тогошуп, жылдар өтө берет. Ысмайылдын үч уулунун арасындагы Мария эне үлгүсүн алып кең өрөөндүн гүл бурагындай сындуу да, сырлуу да болуп бой тартат.

Замандын куралуу доорунда Орто-Азия айылында 4 жылдык башталгыч мектеп, ал эми Жаңы-Дыйкан айылында 7 жылдык мектеп болор эле. Болочок жубайлар жети жылдык мектептен бирин-бири көрүп, таанып жүрүшкөн. Ал эми Эргештин атасы Төрөбай районго жумуштап келген сайын Ысмайылдыкында болуп, бой тарткан уулуна Марияны боогалап сынына толтуруп, жүрөт. Мээрими ыйман, ыйбасы менен өзгөчөлөнгөн Марияны келин кылып алууга бел байлап, Ысмайылга кулдук уруп келгенде, бир айылдын кадырман адамынын өтүнүчүн сүйүнүп макулдук берген.

Эрген менен Мария чымгарактуу алчы-таалуу турмуш сапарына бирге аттанышкан. Жашоо, турмуш көчү уланышы, коломто куту болгон Мария өз өмүрүн Эргешке арнады. Мен жетпеген бийиктик, билим сереси, эл арасындагы кадыр-барк Эргешке гана болсун деди. Обо Энеден берки аял заттын милдети тукум улап, очок ээси болуу деп түшүндү. Эргештин жан дүйнөсүн чөгөрбөй мугалимдик кесипте иштеп турганда, кийин Фрунзеге

окууга кеткенде да тоскоол болбой уул-кыздарын тарбиялоого жан үрөдү. Картайган кайын атасын, кайын энесинин көңүлүн чөгөрбөй келиндик гана милдетти эмес, өз канынан жаралган кызындай кызмат өтөдү. Ошол эле учурда колхоз талаасында эмгектенип, пахтазарда бөлтүрүктөй жаш балдарын бала бакчага, кээде карыган кайын ата, кайын энеге тапшырып, таңдан кеч күн аптабына жан күйгүзүп, пахта терип, план аткарып жүрдү. Жан үрөгөн эмгегине акча алса, үй-бүлөнүн тамагынан, балдарынын кийим-кечесинен үнөмдөп окууда жүргөн Эргешке жөнөтүп, бул турмуштун эндей боштугун сезбеди. Көңүл чөгөргөн сөздөргө муюбай, Эргешке болгон арзуу Мариянын аялуу да, кусалуу да күндөрү болчу. Ал учурда байланыш түйүнүнүн мүмкүнчүлүгү начар болуп, Фрунзе менен сүйлөшүү үчүн көптөгөн убаракерчилик тартчу. Ошондуктан кат алышып, амандыкты билгизүү негизгиси жана маанилүүсү болгон. Кагаз бетине түшүрүлгөн ариптер жүрөк толтосунан оргуп чыккан кан менен жазылып, ар бир сүйлөм сагынычтын, көкүрөк толгон кусалыктын изгиси — көз жаш менен жуулуп жазылган. Ар бир жөнөтүлгөн катта Эргештин амандыгы, деп соолугу жана окуусу суралып, эли-журттун тынччылыгы, уулу Жолдоштун, кызы Жаанбүнүн атага болгон кусалыгы, ата-энесинин эсендиги баяндалып, өзү тууралуу бир-экин ооз сөз гана аягында жазылчу. Акырында Эргештин тез-тез кат жазып турууусун өтүнүп, уулунун жана кызынын назик колдорунун манжаларын ак кагаз бетине коюп түшүрүп, наристе сезимдердин саламын жөнөтөр эле. Келген кат Эргешке кубаныч тартуулап, күн санап өсүп жаткан уул-кызынын наристе ууктай манжаларын салыштырып көрүп, ата мээримин төгүп, аруу тилегин алыстагы Көгарт өрөөнүндөгү үй-бүлөсүнө арначу.

Өмүр улам өр тарта уланып, күн тогошуп өтүп жатты. Студенттик күндөр, канчалык жаштык оттун деми, сели менен өтпөсүн, өрөпкүгөн кызыл кандуулукка, өз мезгилинин удулуна уттурбай да, жулдурбай да адамдык насил, тереңдик менен турмушта, жашоодо өз ордун табууну гана самаган Эргеш бүткүл дитин окууга арнады. Ошол жылдары терең ойдун касирети тийип, жаштайындагы оор турмуштун кайгысы, кыйынчылыгы нерв системасына доо кетиргендиктен баш ооруга чалдыккан. Тынчтык бербеген баш оорунун азабын тартып, үй-бүлөсүнө билдирбей ден соолугум жакшы, окууларым ий-

тиликтүү, силерди сагындым деген гана кат жазылып жатты. Бирок, ошол мезгилдерде Эргеш ооруканадан ооруканага которулуп дарыланып, окуусунан бир топ үзгүлтүккө учурады. Ректораттан Эргешти окуудан чыгаруу жөнүндө сунуш келгенде жолдошторунун арасындагы жакшы мамилеси, окуудагы мыкты жетишкендиктери, жүрүш-турушундагы үлгүлүүлүк, окутуучулардын арасындагы кадыр-баркы гана окуусун кайра улантууга мүмкүнчүлүк түздү.

Алыста жүрүшкөн жубайлардын дене кызыткан сезимдери каникулда гана жалгашар эле. Эргештин мүнөзүндө терең калыптанган сапаттарынын өзгөчөлүгү — аялына, балдарына анчалык үнүлө бербегендей сезилгени менен жан-дүйнөсүнүн түпкүрүндө мамиленин тунуктугу алдыртан байкалчу.

Айылга келери менен үй-тиричилигиндеги кемчиликтерди ондоого киришчү. Жыл сайын паксалуу тамды актап, бактарды тазалоо анын милдетиндей сезилчү. Мариянын акыркы убактарда ооруп жүргөндүгүн билип, ордолуу тегирмендей болгон үйдүн көр тиричилигинен жеңилдетүүнү ойлоп, колдон келген аракети менен жан күйгүзүп каралашар эле. Марияны тыным алдырбаган энесине анын ден соолугу начарлап жүргөндүгүн туюндурууга далалат жасап:

— Апа! — Марияны сактасаңыз, жаш балдардын түйшүгү, колхоз жумушу үй-тиричилиги анын мойнунда. Жаңы келсе жанында мен жок, чүйчүп кетиптир?

— Сен! — Эргеш, аялга мынчалык күйүмдүү боло бербе. Аял деген кара нар. Жашоодо ушуну унутпагын, балам.

— Кара нардын да жилик-чучугу чагылат да апа...

Эне менен баланын ортосундагы сөз тереңдеп, пикир келишпөөчүлүк пайда болду. Ошол учурда эшик ачылып, Мария кирип келди.

Эргештин да, энесинин да көз карашы, эрөөл талашып, бирин-бири матаганын тургандай туюлду. Оңтойсуз абалга кабылган Мария күнөөкөр адамдай башын салаңдатып, маанайы чөгө түштү да, ызат көрсөтө:

— Эне, сизди алдыңкы үйдөгү энем чакырып жатат, — деди.

— Оо каран күн, унутуп калган турбаймынбы. Биз бүгүн тиги Сай-Кутчуга бармак эмес белек. Мария, атаңды тез чакыр! Биз барбасак туугандардын арасындагы мамилебизге шек келип калбасын. Чакыр тез атаңды! —

Эшикке чыгууга камынган Марияга чукул суроо узатты:

— Эй Мария! — сен эмне, Эргешке арыздандыңбы?

— Жок эне. Эмне жөнүндө сурап жатасыз?

Ошол мезгилде Эргеш Марияны карады. Дене бою толуп, балкый турган курагында көр тириликтин көйү Марияны кулпунтпай, сөөгү ичкерип, эти сөөгүнө сиңип бараткандай туйду. Жүрөгү эзилип, Эргеште Марияны аёо сезими күч алып, өңү кумсарып, каны денесине шимирилип кетти. Мындай болуп кетерин сезбеген, турмуш кыйырын чапан өңүрүнүн өңүтүнө баскан кексе эне:

— Балам, атаңды таап келчи. Биз аялдык милдетибизди аткарып, түйүнчөктөрүбүздү Мария экөөбүз даярдайлы?

Түнт болуп чөгүп турган Эргеш эрегишүүнү, өз оюн, көз карашын терендетүүнү эп көрбөдү. Окууга кетип калсам Марияны суук сөздөр менен уулабасын, ансыз да кыйналып жүрсө, өчөштүрүп койбоюн деген максатта эшикке чыгып кетти.

Улам мезгил тогошуп, жаштыгын жутуп, курчтугу кетилип бараткан эле кемпирдин. Эргеш окууга кетип Мариянын эмчектеги уулу менен калганы, бала багуу, чоңойтуу, тарбиялоо кандай оор түйшүк экендигин өз көзү менен көрүп, аз болсо да небереси Жолдошко мээрими уюп бараткан эле. Ошондуктан үйрөнгөн адатына салып, кыр көрсөтүп койгону менен, ички туюму тынчтык бербей, карылыкка моюн сунуп, менин бул турмуштагы жамандык-жакшылыгымды, ар намысымды, ариетимди жасай турган ушулар да деген ой эненин жүрөгүнөн орун ала баштаган. Эне жубата сөз сүйлөп Мария менен кеңешүүгө өтүп, тиги Сай-Кутчудагы туугандар той өткөрүүгө камынышкандыгы жөнүндө кабар келгендигин айтып көңүл жубаткан болду.

— Эне, мурдараак айтсаңыз болмок, дасторкон даярдап коймок экенмин,— деп Мария күйпөлөктөп калды.

— Керектүү мата-кече даяр, чай-чамегин тиги кооперативден алып аларбыз. Атаңдарды карачы, энең дагы күтүп калды окшойт,— деп күймөлөнө баштады. Мария эшикке чыкканда бак тараптан кайын атасы менен бирге уулу Жолдошту көтөрүп Эргеш келе жаткан эле. Эмнегедир кайын атасынын маанайы пастай сезилди. Ошол эле учурда Эргеш да түнт токойдой түнөрүп, ортодо тынчтык өкүм сүргөнү менен ар кимиси өз ойлорунун туура экендигин айгинелеген түрлөрү бар эле.

Күндөр билинбей өтүп, Эргештин каникулу бүтүп,

Фрунзеге жөнөргө убакыт жетти. Мария Эргештин кийимдерин жууп, тазалап, үтүктөп Адам-Ата, Обо-Энеден берки келе жаткан улуу турмуштагы эриш-аркактыгынын кайталангыстыгын сезди. Өмүрлүк жубайынын кийимдерин жууп, үтүктөп жатып да, ал анын кийим кечелеринен дене бойго сиңген башкача күч-кубаттын таасири жандүйнөсүн кубантып, өзгөчө туюм тартуулап жатты.

Ошол жылдар Эргеш үчүн кайталангыс, унутулгус студенттик күндөр эле. Мезгил студенттик курактын боосу үзүлөр, билиминин жыйынтыгына баа алып, «инженер-энергетик» адистигине ээ болуп кайтар өзгөчө жыл болчу.

Жашоо — турмуш өз агымынан жазбай уланып, Республиканын эл чарбасынын өнүгүшүндөгү улуу бурулуштардын кылымга тете күндөрү эле. Болочок адис катары чоң өзгөрүштөр Эргештин көз жаздымынан калбай кокүрөгүнө уялап, өзгөчө энергетика тармагындагы курулуштун келечектүү жана агымдагы пландары анын күндөлүгүнө жазылып, өз адистигине болгон кызыгуусу күчөп, доордун чакырыгына кулак төшөгөн чагы болчу...

## ДООР АГЫМЫ

Ал мезгилдерде совет мамлекетин башкарып жаткан Н. С. Хрущевдин «Жылуулук» ыргагынан улам коомдун өнүгүүсү интеллектуалдык потенциалга жараша өзгөчөлүү айырмачылыктар менен жүрүп жаткан. Ошондой эле Кыргызстанда улуу бурулуштарга кадам ташталып, прибор куруу, электромашиналарды куруу, курулуш индустриясы, көмүр казуу, нефти-газдык электрификация өндүрүштөрү Кыргызстандын экономикалык потенциалы катары каралып, аны көзөмөлдөө Кыргызстан Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Исхак Разаковдун көңүлүнүн борборунда эле. Ошол 1959-жылы КПССтин кезексиз XXI съезди өтүп, эл чарбасын 1959—1965-жылдардагы өнүгүүнүн жаңы 7 жылдык планы иштелип чыккан. Кабыл алынган пландын негизинде Кыргызстанда Үч-Коргон ГЭСин, Пржевальск, Фрунзе ТЭЦтерин куруп бүтүү, андан сырткары бир нече мамлекеттик жана колхоздук электростанцияларды ишке киргизүү белгиленген. Жыл айланбай 1960-жылдын 25—26-февралында Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин XI съезди өтүп, съезддин күн тартибине республикадагы энергокурулуштар маселеси коюлуп, жетишпегендиктер айтылып, аларды оңдоонун жолдору белгиленген. Тоо койнун аралап агып жаткан Нарын дарыясы САОГИДЭП тарабынан жогору бааланып, энергия алуунун план-схемасы түзүлгөн. Себеби, Нарын дарыясы агып өткөн жалама аска, зоолор, тоо кыркалары электр тогун алууга табигый жаратылыш берген белек эле.

Ошол жылдын май айында Кыргызстан КП БКнын чечимдерине ылайык бийик тоолуу райондордо электр

линияларын тартып энергия берүү боюнча илимий-техникалык кеңешме болуп өткөн. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы тоолуу өлкө болгондуктан бул бүткүл Союздук Кеңешменин мааниси өтө чоң таасир берди. Студент курактагы Эргештин тагдырына бул кеңешмеге катышууга мүмкүнчүлүк болгон. Болочок адис катарында өз көз карашы боюнча жарыш сөзгө чыгып, оюн ортого салган. Кийин дипломдук ишин жазганда, аны коргогондо кеңешменин таасири тийип, курсташтарынан айырмаланып өзгөчө жазылган ишке профессор-окутуучулар, мамлекеттик комиссиянын төрагасы тарабынан ыраазычылык билдирилип, эң мыкты бааланган.

Өлкөнүн өнүгүү саясатына ылайык совет мамлекетинде эл чарбасын турукташтыруу үчүн союздук республикаларды бири-бирине денедеги артериядай чырмап, экономикалык көз карандылыкты түзүп, эч кандай чынжырсыз, кишенсиз бир капаска камап байлап койгон. Борбордун тикелей катышуусу менен Орто Азия союздук республикаларынын өнүгүүсүнүн бардык маселеси чечилип турган. Борбордун өкүмдарлыгы менен СовНарХоз түзүлүп, Ташкент шаарынан турак алган. СовНарХоз эл чарбасынын өнүгүүсүнө өз таасирин өзгөчө тийгизген. Бирок Өзбекстан аркылуу экономикалык, финансалык, техникалык каражаттардын чечилиши Орто Азиядагы башка Союздук республикалардын экономикасынын өсүү деңгээлинин өбөлгөсүнө кедергиси тийген. Себеби союздук мааниси бар ири бирикмелер, завод-фабрика, курулуш объектилеринин Өзбекстандын аймактарына курулушу не деген тең салмактуу эмес тарыхчылдыгы.

Орто Азия элдеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн келечектүү, максаттуу пландары СовНарХоз аркылуу чечилип тургандыктан Кыргыз ССРинин гидроэнергоресурсунун канчалык деңгээлде күчтүү экендигин эске албай Ташкент шаарында «Средазэлектротрестстрой», «Средазэнергопроект», «Средазэлектрострой» жайгашып, диктаттык башкарууну түзүшкөн. Ал эми Ташкент шаарында ОДУ (оперативно-диспетчерское управление), Оперативдик-диспетчердик башкаруу уюштурулуп, энергия булактарын башкаруу түптөлүп, бүткүл аппаратуралар ошол жакка орнотулган. СССРдин эл чарбасынын өнүгүшүндө Орто-Азияда түзүлгөн СовНарХоздун ролу чоң болуп, анын жетекчилери, же-

тектөөчү адистери Өзбек ССРинен болушу, келечектүү жана агымдагы долбоорду түзүүдө, ишке ашырууда Өзбекстандын гана бир тараптуу кызыкчылыгы эске алынып калган фактылар бир топ көп.

Үч-Коргон ГЭСинен 180 миговат чыккан энергиянын 110 *кв* электр энергиясы Наманган, Андижан, Фергана областтарын электр энергиясы менен камсыз кылууга шартташып, ылайыкташтырылган. Ошондой эле ГЭСке топтолгон сууну алып кетүүнүн жолдору так чечилип, ирригация маселеси же кайракы болуп жаткан миңдеген гектар жерлер өздөштүрүлүп, жаңыдан айыл-кыштактар пайда болгон. Коңшу республиканын экономикалык потенциалы, технологиялык, материалдык базалары чыңдала берген. Элинин жашоо-турмушу жакшырып, дүйнөгө болгон көз караштары өзгөрө баштаган. Энергетика эң арзан экологиялык жактан таза, чыгымы аз кирешелүү булак экенин түшүнүшкөн. Мындай теңсиздикти СССРдин курамында турган Союздук республикалардын эли, жетекчилери түшүнүшкөнү менен кубаттуу темир чеңгелде тургандыктан «Ата — баарына бирдей» деген түшүнүктү калыптандырууга далалат жасашкан. Ачык айтууга, ыйык биримдикке залака кетирүүгө тоталитардык системада эч кимдин акысы жана укугу жок эле. Мезгилдин талабы ушуну жүрөк титиретип сездирип турган.

Мына ушундай туюгунан бүдөмүктөнгөн ойлордун учугунун жандырмагын кийинчерээк Эргеш өзү туулуп-өскөн аймакка келип иштегенде түшүнө баштады. Сузак районунда электр тармактар системасында мастер, башкы инженер жана жетекчилигине көтөрүлүп иштеп, теориялык билими практика менен айкалышып, энергетиканын мүмкүнчүлүгүн түшүнө баштаганда гана сезди. Кыргыз элинин келечеги энергия тармагында экендигине ынанды. Ал мезгилдеги Партиялык-Кеңештик башкарууда турган республикада өз оюн ачык айтып, мезгилдин курмандыгы болууга бел байлабады. Себеби, «Темир чеңгелдин» өкүмдарлыгын эске албай коюуга мүмкүн эмес эле. Ошондой болсо дагы 1972-жылы Кыргызстан КП Ош областтык комитетине, эл депутаттарынын областтык Кеңешине мурдагы Жалал-Абад областынын аймагы кең экендиги, энергияга болгон суроо-талап күн санап өсүп жаткандыгын, керектүү материалдарды Жалал-Абад регионуна Оштон жеткирүүгө ашыкча каражаттар жумшалып, чыгым болуп

жаткандыгын аргументтүү фактылар менен далилдеп, Жалал-Абад шаарында электр тармактар боюнча региондук ишкана уюштуруунун башкы демилгечиси, дирижеру катары Эргеш Төрөбаевич чыкты. Келечектүү, максаттуу көрөгөчтүк ойго Кыргызстан КП Ош областык партиялык комитетинин биринчи катчысы Ибраимов Султан Ибраимович терең ынанып, Эргеш Төрөбаевичти өз кабылдоосуна чакырды.

Мезгил жазга тогошуп, көк чымырап калган эле. Ошко чейинки 60 чакырым аралык Эргеш үчүн көз ирмемчелик туюлбады. Түмөн ойго кабылып, ой учугун табалбай акырында Ошко жетип, обкомпартиянын имаратынын жанына жеңил машинасы келип токтогондо:

«Эрге кел-кел бир келет, жерге кел-кел бир келет» — деп, өз позициясында бекем турууга бел байлады.

Саат ондор чамасы, сүрдүү да, сырдуу да көрүнгөн имаратка кирди. Алгач аны күзөттө турган милиционер тосту. Сузак районундагы РЭСтин жетекчиси экендигин, Султан Ибраимовичтин кабылдоосуна чакырылгандыгын билдирди. Каттоо китебиндеги Эргеш Төрөбаевичтин фамилиясын көрүп, күзөтчү узатты. Үчүнчү кабатка көтөрүлүп, кызыл нооту салынган коридордун оң тарабындагы Султан Ибраимовичтин кабылдоочу кабинетине баш бакты. Ажарлуу катчы кыз кабыл алып:

— Сиз Эргеш Төрөбаевичсизби?

— Ооба.

— Султан Ибраимович Сизди күтүп жатат,— деп эки кабаттуу каалганы ачып,— Султан Ибраимович, Сиздин кабылдооңузда Эргеш Төрөбаевич турат,— деп билдирди. Кирсин деген ишараттан кийин Эргеш Төрөбаевичке жол бошотту.

Каалганы аттап киргенде Султан Ибраимович ордунан туруп утурлай, кел «Баатыр» деп колун сунду. «Баатыр» деген сөздөн өзүн оңтойсуз сезген Эргеш, Султан Ибраимовичтин көзүнө тике карап, анын көзүнөн, турпатынан пааралыктын илебин байкабады да, кадимкидей чайпала түштү. Жашыл поотулуу диванды көрсөтө берип, Султан Ибраимович:

— Бул жакка отуралы, эркин сүйлөшөлү, Эргеш. Сиз жазган катта абдан терең, келечектүү ойлор камтылган. Кыргыз элинин экономикалык, социалдык потенциалы электр энергиясында экендиги айныгыс аксиома. Өткөн жылдагы КПССтин XXIV съездинде 1971—1975-жылдардагы эл чарбасын өнүктүрүүдө биздин рес-

публикада ушул беш жылдыкта Токтогул ГЭСинин курулушун бүткөрүү, Күрп-Сай ГЭСинин курулушун баштоо, Токтогул суу сактагычы туурасында директивалык пландар кабыл алынган. Буларды ишке ашыруу — биздин милдет. Токтогул ГЭСинин эки агрегатынан 600 миң *квт.* энергияны 1975-жылга чейин өндүрүп алуу керек. Аны эл чарбасына, керектөөчүлөргө жеткирүү сиздердин милдетиниздер. Тuурабы, Эргеш Төрөбаевич? Эргеш обкомдун биринчи катчысынын оюн терендетүү максатында:

— Туура, Султан Ибраимович, мезгил бизди күтпөйт,— деп жасакерленбей сөздү ток этер жеринен баштады. — Убакытты уттурбайлы. Ош областынын аймагы республиканын жарымын түзөөрүн эске алалы. Ошол себептен Сузак, Токтогул, Ленин, Жаңы-Жол райондук электр тармактарынын базасында Жалал-Абад электр тармактар ишканасын түзүүгө мезгил жетти,— деп андан ары учурда 4 райондун аймагында жалпы электр тармактардын каражат жабдыктарын тейлөө 15 миңдей шарттуу бирдикке, ВЛ-0,4 *кв* — 3450 *км,* ВЛ-6,10 *кв* — 1500 *км,* ВЛ-35 *кв* — 320 *км,* ВЛ-110 *кв* — 413 *км,* ТП-0,4-6-10 *кв* — 520 шт, ПС-35-6-10—22 шт, ПС-110-35-6-10 *кв* — 8 шт. түзөрүн, өнүгүү мындан жогору болоорун, жаңы линия тартуу, монтаждоо иштерин жүргүзүүгө канча каражат, жабдыктар, техникалар керектигин бир нече аргументтүү фактылар менен далилдеди. Жашоо-турмуштун булагы энергияга өтүп жаткандыгын эске алып, тармактык ишкананы уюштуруу керектигин баса белгиледи.

Ушундай айтылып жаткан ойдун терендигине муюй түшкөн Султан Ибраимович Эргештин ой-чабытынын кенендигине ыраазы боло:

— Эргеш Төрөбаевич, Обком партия сиз тарапта, республикабызда ушул жылы бардык элдүү пункттарды электрлештирүүнү аяктоо милдети турат. Бул маселени Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине, Министрлер Советине, Министрлер Советинин алдындагы энергетика жана электрификация боюнча башкы башкармалыкка коебуз. Көтөрүлгөн актуалдуу маселени чечүү милдетин жеке жоопкерчиликке алам. Кудай буйруса бирге иштешебиз. Сиздер кайрылган каттын копиясы бизде. Менин жеке контролумда турат. Жакынкы күндөрдө чечүүгө аракет жасалат. Жыйынтыгы болот,— деп ордунан турду. Мүнөздөрүндөгү

окшоштук бири-бирине жылдыздарын тогоштургандай болду.

Султан Ибраимович бул жолугушууда эл чарбасынын өнүгүшүнө электр кубаттуулугунун таасири жана аны алууда, иштетүүдөгү мүмкүнчүлүктөргө токтолуп, 1600 миң *квт* Камбар-Ата ГЭСинин «САОГИДЭП» тарабынан проектисин түзүүгө камылга көрүлүп жаткандыгын, Алай аймагында жайгашкан Гүлчө айылындагы 2000 *квт.* дизелдик электр станциясы ишке берилгендигин, келерки 1973-жылдан баштап жогорку чыңалуудагы 220 *кв* «Ленинск — Октябрьск», «Күрпсай ГЭС — Октябрьск» боюнча линияны тартуу курулушу башталарын айтып, алдыдагы максаттарын эске салуу менен жоопту ишке милдеттендирип койду.

1972-жылдын жай мезгилинин аптаптуу күндөрүнүн биринде Сузак райондук партиялык комитетинин биринчи секретары М. Эргешов Эргеш Төрөбаевичти чакырып, «Эртең саат 9.00дө сиз обкомдун биринчи секретары жолдош Султан Ибраимовичтин кабылдоосунда болушуңуз керек» деди. Эртеси обкомдун биринчи секретарынын кабылдоосунда болду.

— Сиздин идеяңыз колдоого алынды,— деди С. Ибраимов. — Электр тармактар ишканасын райондордогу электр тармактардын базасында түзүүгө уруксат берилди. Кыргыз Главэнергонун жетекчилиги ишкананын директорлугуна обком партия тарабынан көрсөтүлгөн сиздин кандидатураңызга каршы болгон жок. Куттуктаймын. Ишти кандайча баштоонун агымдагы жана келечектүү пландарын иштеп чыгыңыз. Жалал-Абад шаарына жайгашасыздар. Шаардын партиялык комитетинин биринчи секретары Евгений Александрович Донченко толук кабардар. Бүгүндөн баштап ишти баштаңыз, сизге элдин [illegible] партиялык тапшырма экендигин эске саламын.

Эргеш мындай жоопкерчиликти, сунушту түздөн-түз чечилген маселени күткөн эмес. Өзү баштаган ишке [illegible] болбой тургандыгын сезди. Чоң ишенимге ыраазылыгын билдирди, мүнөзү токтоо, акыл даарыган жүзүнөн бир калыпта ишеним ажарын тартуулаган Султан Ибраимович сөзүн улады:

— Жүрөксүгөнүңдү сезип турам, Эргеш. Ар кандай улуу иштерге аракетсиз жетүүгө болбойт. Кыйынчылыксыз жашоо адамды түркөйлүккө түртөт,— деп чечкиндүү сүйлөдү.

Мындан ашыкча сөз болбосун сезип турган Эргеш:

— Султан Ибраимович, ишенимиңизди актаймын! — деп ордунан турду.

— Бул менин гана ишенимим эмес, элдин, партиянын, келечек муундарынын ишеними, Эргеш Төрөбаевич,— деп сөздү оңдоп кетти.

Сөз жумшак айтылганы менен сезимге жебедей кадалды. Эргеш ачылбаган, сезилбеген, туюлбаган, сыр сандыктуу сапаттарды кимдер алып жүрөрүн, өмүрүндө дагы кимдерден үлгү алуу керектигине ынанып, бийик сезим менен коштошту.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын имаратын курдуруу материалдык-техникалык базасын түзүү, кадрлар маселесин чечүүнү Сузак — Ленинск — Жаңы-Жол, Токтогул райондорунун РЭСтеринин жетекчилери А. Мамадалиев, С. Сатывалдиев, В. Д. Шманенко, А. Козубеков аркылуу баштады. Кыргыз Энергоглавкасынын жетекчилиги областтык, райондук, шаардык партиялык комитеттердин биринчи секретарлары, эл депутаттарынын Кеңештеринин төрагалары менен макулдашып, тез арада ишке ашырылуучу агымдагы пландарды иштеп чыкты. Агымдагы пландын башатында жаңыдан түзүлгөн электр тармактар ишканасынын базасын түзүү үчүн Сузак районунун аймагына караштуу Түштүк элинин билим деңгээлин, потенциалын көтөрүүгө көп салым кошкон эски мугалимдер институтунун, кийин кайрадан түзүлгөн А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын, 1,5 гектардан ашыгыраак багынын ордун алууга бел байлады. Бак Жалал-Абад шаарынын кире бериш дарбазасынын оң өңүтүндө болор эле. Эргеш, оперативдүү ишке киришүү максатында Сузак РЭСинин базасындагы жетекчи-кадрларынан топтоп, Сузак районунун аткаруу комитетинин төрайымы Ш. Б. Алдашовага кайрылуу жазып, регионалдык электр тармактар ишканасынын базасын түзүү үчүн ошол эски бакты бөлүп берүүнү суранат. Шакира Байгазиевна ал жер Ленин колхозуна караштуу болгондуктан колхоздун башкармасы Маматазиз Мадаминовду чакыртып, маселени чечүүнүн жагдайын сураганда, башкарма энергетиктерге эч кандай каршылык жок экендигин билдирет. Шакира Байгазиевна иштерине ийгилик каалап, кеңседен узаткандан кийин колхоздун башкармасы менен Эргеш аянтка келишип, бакты айланып көрүшүп, өз ара келишимдин бүтүмүн чыгарышып, М. Мадаминов эки жарым гектар жерге уруксат берет. Эргеш керектүү иш кагаз-

дарын тактатат да райондун тийиштүү жетекчилигинин чечимин чыгартат. Курулуш ишин баштоо үчүн камылга көрүлө баштайт. Курулуш мекемелерине ишкананын базасынын проектисин түздүрүп, жалпы чыгымды эсептеп көргөндө ошол союздун мезгилиндеги рубл акчасы (ал мезгилде доллардын курсу төмөн болгон) менен 300 миң рублдик объект болуп эсептелинет. Мындай сумманы мамлекеттин казынасынан бөлдүрүп, курулуш объектисин баштоого мүмкүнчүлүк болгон. Бирок, Эргеш андай оңой жолго баруудан баш тартып, мекеменин курулуш проектисине ылайык ашар-чарбалык ыкма менен өзү баш болуп пайдубалын көтөрө баштайт. Үч мөөнөттө иштешип, кыска убакытта өтө зарыл кызматтык объектилерди курууну бүткөрүшкөн. Бул ыкма ошол мезгилдерде психологиялык жан бактылыктан качуу, ишке берилгендик, дилгирликтин башаты, же болбосо ата-мурастан келе жаткан ынтымактын белгисинин унутулган жөрөлгөсү эле.

Улам жыл өткөн сайын электр тармактар ишканасынын материалдык-техникалык базасы ошондой эле ыкма менен чыңдалып, эски деп жараксыз болгон объектилердин курулуш материалдарын шаар, райондордон алып келип, чыңдай беришти. Кийинчерээк, кайра жаралуу доорунда эки этаждуу кесиптик кызматка ылайык комфортабелдүү бардык шарттары менен курулуш объектиси бүтүп, 1994-жылы толук ишке берилген.

## ТОЗОКТУН ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ТРАССА

Жогорку чыңалуудагы — ВЛ-110 *кв* «Шекафтар — Жаңы-Базар» линиясын куруудагы алгачкы долбоор Өзбек республикасынын Ташкенттеги долбоорлоо институтуна берилген эле. Бирок, ал жактан адистер келишип, линияларды тартуу, куруу үчүн трассаларды изилдеп, издеп көрүшүп, бийик тоолуу өрөөндөгү табигаттын катаалдыгынан, жер шартынын өтө татаалдыгынан улам алар өздөрүнө жоопкерчиликти алуудан баш тартышты. Мындай болгон соң, өндүрүлгөн электр энергиясын тоолуу Чаткал районуна жеткирүү үчүн долбоорлоону Кыргыз республикасы мойнуна алган. Чаткал өрөөнүнө жогорку чыңалуудагы ВЛ-110 *кв* токту тартып жеткирүүчү трассаны изилдөө үчүн Кыргызглавэнергосунан атайын топ түзүлгөн. Анын курамында Кыргызглавэнер-

гонун өндүрүштүк башкармасынын начальниги М. М. Азрелян, Кыргызглавэнергонун бөлүмүнүн начальниги Г. П. Фисенко, Жалал-Абад ПЭСинин директору Э. Т. Төрөбаев, Чаткал райондук партиялык комитетинин биринчи секретары К. Т. Кошбаев бар эле.

Бул топ Жалал-Абад шаарынан чыгаар алдында Чаткал райондук партиялык комитетинин биринчи секретары Темиркул Кошбаевич менен Эргеш байланышып, кабарлап коюу максатында:

— Темиркул Кошбаевич, тозоктун өрөөнүндөгү трассаны изилдөөгө биз даярбыз. Обком партия бул жөнүндө кабардар. Биз жолго чыгып жатабыз. Мыкты аттардан даярдап койсонуз,— деп суранды.

— Эргеш Төрөбаевич, тиги туугандар атка кандай, бийик тоодо аба суюк, мурундарынан кандары атып кетпейби? Өзбек туугандар тоого чыдабады.

— Темиркул Кошбаевич, дениз деңгээлинен 3 миң метр бийиктиктеги Төө-Ашуу, Токтогул — Нарын — Ат-Башы линияларын курууну чалгындашкан жолдоштордон күмөн саноого болбойт деп ойлоймун.

— Андай болсо тоо буудандарын тандатып коёмун, сиздерди Ала-Букадан күтөмүн.

— Ырахмат, Темиркул Кошбаевич,— деп трубканы койгондо Михаил Михайлович Азрелян сөзгө аралашты:

— Атка жүрө алабызбы же жүрө албайбызбы, ал жөнүндө сөз болбоду го, Эргеш Төрөбаевич?

— Михаил Михайлович, дүйнөнү дүңгүрөткөн эң мыкты полководецтер славян тукумдарынан чыгышкан. Альпы Тоосун ашып өткөн Суворовдун урпактарынан эч кандай күмөн саноого негиз жок. Бизде кыргызда сөз бар: «Башка келсе байтал жорго» деген, так что биз башты байлаган ишке тоскоолдук болбош керек.

— Эргеш Төрөбаевич, Сиз өз элиңиздин патриотусуз, сиз менен иштешүү бизге женил, анда темир тулпарлар даяр болсо, жолго аттандык.

Атайын топ жолго чыкканда саат 10дор чамасы эле. Жол катар ишти кайсыл жактан баштоонун пландарын изилдешип, картага түшүрүлгөн тоо тектирлерин, капчыгай, өзөндөрдү боогалап көрүп, өз ойлорун ортого сала жүрүп олтурушту.

— Эргеш Төрөбаевич, Кыргызэнерго проектиден А. П. Орлов, башкы инженер А. И. Скрипкин жетектеген топ да бул долбоорго кызыкдар. Алар дагы Талас

аркылуу изилдөөнү жүргүзүшөт. Биз дагы өз ойлорубузду айтканга жарай турган бололу.

— Михаил Михайлович, биздин бараткан максатыбыз сиз айткандай, биздин топтун дагы бул долбоорлорго омоктуу ою бар экендигин эсиңизге саламын.

Жол катар долбоор боюнча да, турмуштук кызыктуу окуялар айтылып, Жаңы-Жол районунун Кербен айылына келишип, райондук электр тармактарынын иши менен таанышкан соң, түштөн кийин аралыгы кырк чакырымдай болгон Ала-Бука районуна келишти. Ал жерден жолугууга убада боюнча утурлай келген Чаткал райондук партиялык комитетинин биринчи секретары Темиркул Кошбаевич, Ала-Бука райондук партиялык комитетинин биринчи секретары Наби Жапиев тосуп алышып, ишти кайсыл тараптан, кандайча баштоонун долбоор планын изилдеп, өз ойлорун ортого салышты.

«Жердин уусун мергенчи билет» дегендей, Темиркул Кошбаевич, Шекафтар айылынан баштоону сунуш кылганда:

— Темиркул Кошбаевич, «Адская долина» биз үчүн жат эмес, Улуу тоолорду штурмалагандардын урпактары олтурат. Сиз айткандай Шекафтар, Суук-Дөбөнүн арты менен айланып, Терек-Сайдын түштүк тарабы аркылуу, Чапчыма ашуусу менен Чаткал тоосунун өңүтүн аралап, өзүңүз курдуруп жаткан Жаңы-Базар айылынын үстүнөн түшсөк...

— Эргеш Төрөбаевич, сиз биздин тоолорду араладыңыз беле?

— Темиркул Кошбаевич, бизде карта бар. Андан сырткары биз дагы өзүңүздөй тоолукпуз.

— Ыракмат, Эргеш Төрөбаевич, биз дагы ушул трассаны сунуштайлы деп жатканбыз.

— Темиркул Кошбаевич, бул азырынча долбоор. Республикабыздын эң бийик тоолуу, кооз экзотикалык аймагын биз энергетиктер бузбагандай болушубуз керек. Ал жактарын эске алуу менен долбоорлошубуз зарыл. Темиркул Кошбаевич, же дизелдик станция менен отура бересиздерби?

— Тоолуктар да цивилизацияга жетишсин, Эргеш Төрөбаевич. Оо илгеректе Чаткалдык биздин туугандар Ошко бир туугандарыныкына конок болуп барып, түнү менен жаркырап күйгөн лампочканы көрүп:

— Оой атаң гөрү, мунуңар «керемет» тура,— деп

түндө эл жаткандан кийин макиси менен илинип турган лампочканы шнуру менен кыркып, куржунга салып, эртеси эрте туруп коноктогон үй чай ичип алың десе да болбостон куржунду көтөрүп жолго түшөт. Үйүнө келип, шашып, үйүнүн шыбына лампочканы шнуру менен кадай баштайт. Аны көргөн аялы:

— «Ой, бул эмнең?» — десе,— «Керемет!» — деген сөздөн башка айтпайт.

— «Кечкиге чырактарды даярдайынбы?» — десе.

— «Мынабу кереметти көрөсүң»,— деп болбой коёт. Түн киргенде аялы: — «Кана, кереметиңдин жарыгы, эчтеке жок го?» — десе.

«Оштон алып келе бердиң деп таарынып калган го»,— деген экен,— деп тамаша чала сүйлөдү. Атайын топ, чогуу олтурган коноктор баары кыраан-каткы күлүшүп, күлкү аралаш:

— Ыракмат, Темиркул Кошбаевич, жол катар чарчаганды жазып койдуңуз, мындай кереметти жасай тургандар ушулар деп атайын топтун мүчөлөрүн Эргеш тааныштырып өттү.

Эргеш баштаган топко Темиркул Кошбаевич кошулуп, «Тозоктун өрөөнү» деп аталган аймакты аралашып, жерди, капчыгайды, өзөндү, өрөөндү асманга чалма салган тоо-зоокаларын аралап, тоонун өзгөрмөлүү аба-ырайынын кенектөгөн нөшөрүн, буурчак аралашкан добулуна калышып, Шекафтар — Суук-Дөбө, Терек-Сай, Чапчыма — Чаткал — Жаңы-Базарга үч күн түнөп жетишти. Жер рельефинин шарты картага чийилип, кайсы жерге түркүктөр орнотуларын, экзотикалык аймакка тартылган линия көрк кошо тургандай кылып жайгаштыруу, өрөөндүн тентек суусу, тоо көчкүлөрү алып кетпей турган тайпаларга көңүл бөлүшүп, ар түрдүү варианттарын кароодо, пландаштырууда өтө чоң кеңири маани беришти.

Жаңы-Базарга тыныгып алышкан соң, Чаткал тоолору аркылуу Талас областынын Киров районуна чейин жетишип, аймакты толук аралап, Талас аркылуу линия тартуу долбоорун да изилдеп чыгышты. Киров районунда Талас областтык аткаруу комитетинин төрагасы Эркин Эргешович Алиев тосуп алып, сөздү Кыргыз элинин залкар акыны Алыкул Осмоновдун ыры менен баштады:

«Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Ичте болгон капалыкты айдады», —

дегендей, сиздердин келишиңиздер биз үчүн чоң кубаныч, миңдеген үй-бүлөгө жашоонун жылуулугун, жарыгын тартуулаган асыл адамдар экениңиздерди кандай керемет сөз менен жалгаштырып алкаарымды билбей турамын. Бүгүн эс алалы, эртең вертолет келет. Жогорку чыңалуудагы линия өтүүчү аймакты дагы тактап, карап чыгалы. Экологиянын экзотикасы бизге баарынан кымбат, аны жабыркатып бузбайлы. Ата-бабаларыбыз жергебизди сактап, не деген өмүрлөрү кыйылганын жадыбыздан чыгарбайлы. Чаткал өрөөнүндөгү Новосибирскиден арендага алынып келинген АПДС-200 *квт.* автоматтык дизелдик станциянын кубаттулугу 200 квт. электр энергиясын берет экен. Бизге киргизген кирешесинен чыгашасы көп болуп жатат. Туурабы, Эргеш Төрөбаевич. Сиз адис катары баарысын детально мыкты билсеңиз керек? — деди Эргеш эмнегедир «Эргешовичти» кошпостон сөздү «Эркин аке» деп баштады:

— Туура айтасыз, бул маселени Михаил Михайлович да абдан жакшы билет. Автоматтык дизелдик станция бир жылга 400 тонна күйүүчү май, жана башка бир топ майлоочу майларды, жабдыктарды, тетиктерди керектейт. Андан сырткары атайын оңдоо үчүн адистер Новосибирск шаарынан келишет. Аларга кеткен чыгым, жалпы чыгымдар биригип кошулса экономикага өз таасирин тийгизбей койбойт. Сөздү М. М. Азрелян улап кетти:

— Ушундай абалдан чыгаруу үчүн электр тогун тоо арасына тартып жеткирүүгө келип олтурабыз. Талас аркылуу Чаткалга электр линиясын тартканга караганда Шекафтардагы 110/35/10 *кв.* чыңалуудагы станциядан алып келсек сурма кенинин мекени болгон Терек-Сай шаарчасы да камтылып, маселе комплекстүү түрдө чечилерин биз Эргеш Төрөбаевич менен макулдашып койдук,— деди.

— Бул оюңар, сунушуңар абдан туура. Макулдашканбыз. Эртең трассаны вертолет менен карап чыгабыз. Чогуу учуп, көрөбүз. Маселени чечебиз,— деп сөздү жыйынтыктады Эркин Эргешович.

Атайын топко Орлов жетектеген тайпа келип кошулуп, эртеси вертолет менен Чаткал тоо кырларын аралап, эки варианттагы долбоорду изилдешип караштьы. Кайрадан жыйынтыктоочу кеңешмеге отурганда көпчүлүк добуш менен «Шекафтар — Терек-Сай, Чапчыма — Жаңы-Базар» трассасы жактырылып, долбоорлоо баш-

талган. Алыскы тоолуу районго трассаны тартуу ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө Эргеш Төрөбаевичке жүктөлгөн. Тоо табиятынын катаал шарты, кескин өзгөрүлмөлүү аба-ырайы, техникалык каражаттардын, жабдыктардын өз убагында жеткирилүүсү уюштуруучулук күч-кубатты талап кылган. Жалал-Абад, Ош, Талас областтарынын район, шаарларындагы механикалык колонналар, электр жумушчу монтажниктери да катаал да, татаал да шарттагы узундугу 96 километр болгон ЛЭП-110 *кв.* линияны курууну башташкан. Ал эми электр тармактар ишканасынын адистери жардамчы станциялары, релелик коргонуу жана башка көмөкчү кызматкерлер кубаттуулугу 6,3 миговольт ампер болгон трансформаторлорду, подстанцияларды тартып келип, орнотуп, трассалык линия менен катар ишти аягында өтө оор кыйынчылыкта бүткөрүшкөн. 1980-жылы тоо койнунан орун алган Чаткал өрөөнүнө толук электр линиялары тартылып, ар бир үйгө электр жарыгы кирген. Мындай «тозоктун өрөөнүн» багындыргандардын эмгеги өлчөп алгыс аалам сынары эле. Ильич шамын жагуудагы салтанатта Талас областтык аткаруу комитетинин төрагасы Э. Э. Алиев, Кыргызглавэнергонун өндүрүштүк башкармасынын начальниги М. М. Азрелян, Кыргызэнерго тармактык курулуш трестинин башкармасынын төрагасы А. Токтоналиев, Чаткал райондук партиялык комитетинин биринчи катчысы Т. Кошбаев жана башка өкмөттүк делегациянын официалдуу адамдары катышкан. «Тозоктун өрөөнүнө» электр жарыгын алып келген бир топ кызметкерлерге мамлекеттик жана материалдык сыйлыктар тапшырылган. Материалдык сыйлык алгандардын катарында жаңы гана боз ат минген 30 жаштын курагына көч улаган Жалал-Абад ПЭСинин подстанциялар службасынын начальниги Асылбек Машрапов да бар болчу. Бүт өмүрүн эл чарбасын электрлештирүүгө арнап келе жаткан Эргеш Төрөбаевичке 1980-жылдан 20-декабрдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин президиумунун Указы менен «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген энергетиги» деген ардак наам ыйгарылганда, эмгеги мезгил агымында эртеби же кечпи бааланарына ишеними күч, токтоолугунан жазбаган Эргеш Төрөбаевич трибунага чыкканда чогулган эл ыраазычылыгын билдирип, кол чабышты. Адамдардын өмүр жашоосуна өбөлгө түзгөндөргө карыздар экендигин толкуган эл сезгендей эле.

— Энергия,— деп сөз баштады Эргеш,— жашообуздун бир булагы. Мына бул тартылып турган линия, тиги иштеп жаткан подстанция жашоонун агымы. Ошол зымдар аркылуу кайнаган турмуштун өзөгү өтүп жатат. Дүйнө алкагындагы жаңылык менен таанышып, тамагын бышып, завод-фабрика иштеп, адамдын кайталангыс өмүрү электр энергиясынын жарыгы менен операция столунда сакталып жаткандыгын унутпасаңыздар. Ушул курулгандардын бардыгы сиздер үчүн, эл-журт, келечек муундар үчүн, урматтуу туугандар! — Сөзгө туна түшкөн эл толкуй түштү. Чындыгында кыргыз элинин келечеги электр энергиясында экендигин сырттан мүнөз, чогол, тоо эли да ынанып түшүнүшкөн.

Ушул 1975—1980-жылдардын аралыгында Республиканын коомдук турмушунда көптөгөн процесстер менен катар электр энергиясын эл чарбасына тереңдетүү маселелери чечилип, дүйнөлүк масштабдагы стандартка тете Токтогул ГЭСинин төрт агрегаты ишке берилген. Республикада жалпысынан 9 млрд. *кВт.* электр энергиясын иштеп чыгуу, Күрпсай ГЭСинин курулушун ыкчамдатуу, САОГИДЭП тарабынан Таш-Көмүр ГЭСинин проектиси иштелип, 1600 миң. *кВт* жана 250 миң. *кВт* Камбар-Ата ГЭСинин курулушунун техникалык экономикалык базасы түптөлүп жаткан эле. Фрунзе — Токтогул ГЭСин бириктирген көпүрө «Фрунзенская» подстанциясы энерго блокко туташтырылган. Жогорудагы аталган ГЭСтердин курулуштарын баштоодо алгачкы пайдубалынын түптөлүшүнө КПСС БКнын секретары С. Долгих баш болгон союздук министрликтердин жетекчилери, Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Т. У. Усубалиев, Кыргызстан КП БКнын секретары А. Ж. Жумагулов, Кыргызстан КП Ош обком партиясынын секретары С. Ибрагимов жана башка тармактык республикалык деңгээлдеги жетекчилер менен катар Эргеш Төрөбаевич да кошо жүрүп туу башы болуп жүргөн адамдардын ырыскысы жалгашып, дөөлөтү коошуп жаткан эле.

Турмуш ыргагы күн сыяктуу желеленип, чырмалышып, Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын кучагы кеңейип, Базар-Коргон, Көк-Жаңгак, Ала-Бука, Чаткал, Таш-Көмүр РЭСтери уюшулуп, ток түйүнү 30 миңдин тегерегиндеги шарттуу бирдикке жеткен. Мындай өзгөчө кайталангыс электр энергиясын берүүчү өтө жогорку чыңалуудагы 500 *кв.* бийик тоолуу 117 *км* линия «Токтогул ГЭС — Андижан» курулуп бүткөрүлгөн. Жо-

горку чыңалуудагы ВЛ-220 *кв.* «Октябрьск-Лаачын» линиясынын курулушу башталганда Өзбек республикасына баруучу линияны жеткирүү Жалал-Абад ПЭСине жүктөлөт.

## БАШКАРМАНЫН КАТААЛДЫГЫ

Май айларынын күндөрүндө Эргеш Төрөбаев башкы инженер В. Т. Кучин, орун басары Ө. Сулаймановду ээрчитип, долбоор боюнча ишти баштоо жана куруу үчүн Андижан областындагы Коргон-Төбө районунун Комсомол, Правда-Востока Ленинск жана башка 17 колхоз, совхоздордун аймактарын, пахтазарларын, аралап трассаны өткөзүүсү керек эле. Бир нече колхоз-совхоздордун аймактарындагы пахта, жүзүм, жашылча-жемиш бакчаларын аралап, линия тартып алып келгенде «Правда-Востока» колхозунун башкармасы СССР Жогорку Кеңешинин депутаты А. Сабиров:

— «40 сантиметрдей көтөрүлүп калган пахтаны көрдүңөрбү? — тебелетпеймин, элдин эмгегин жокко чыгаргым келбейт, иштерди токтоткула»,— деп кесе сүйлөдү.

Эргеш электрлештирүү мамлекеттин негизги саясаты экендигин канчалык түшүндүргөнү менен ынанган жок. Пахтазар аянттарына канча сомдук чыгым болгон болсо, төлөп беребиз дегенине ынанбады. Бардык аракети текке кеткенден кийин Ош обком партиясынын биринчи секретары Султан Ибраимовичтин электрификация жеке көзөмөлдүгүндө тургандыгына байланыштуу абалды түшүндүрүү үчүн Ошко келсе алар өнөр жай тармагынын областтык семинарын өткөрүп жатышкан экен. Эргеш түз эле Султан Ибраимовичке кайрылуудан ыйбаа кылып, этикалык, кызматтык субординация боюнча Евгений Александрович Донченкого кайрылып, абалды түшүндүрүүгө аракеттенет. Бирок, обком партиянын катчысы:

— Эргеш Төрөбаевич! — Сегодня ни какой вопрос не решится, завтра приходите,— дейт. Катарлаш отурган Султан Ибраимович, Эргештин жүзүндөгү олуттуулукту байкайт. Сылык гана жанындагы катчысынын аброюн түшүрбөй:

— Эргеш — эмне маселе? — деп сурап калбаспы. Эргеш Андижан областынын Коргон Төбө районунда болуп жаткан иштин абалын кыскача баяндап, «Правда-

Востока» колхозунун башкармасы линияны тартууга жолтоо болуп, ишти токтотуп жаткандыгын билдирди:

— Сабиров деген башкарма бекен?

— Ооба, Султан Ибраимович.

— Эске ала турган көрүнүш! — деп олутуна. Ар бир адам өз эмгегине Сабировдой күйсө, мамиле жасаса жакшы болот эле го. Кана, эмне кылалы дейсиң?

— Султан Ибраимович, Өзбекстан КП Андижан обкомпартиясына телеграмма даярдай келдим. Ал тараптан дагы түздөн-түз көрсөтмө болсо балким жол берер. Телеграммага кол коюп бересиңиз?

— Эргеш, телеграмма менен иш бүтпөйт. Сабировго менден салам айт,— деп чөнтөк дептерчесин алып, бир нече сүйлөмдү тизмектештирип жазып, колуна катты, кол коюлган телеграмманы карматты. Эргеш, ыракмат айтып коштошуп чыгып кетти.

Аптаптуу күндүн ысыгында жол арытып, Коргон-Төбө районунун «Правда-Востока» колхозунун кеңсесине келгенде башкарма уултарылган өтүкчөн галифа шым, ак көйнөк, ала топучан кеңсе алдында бир топ адамдардын курчоосунда турган эле. Жеңил машина токтоп, ичинен Э. Төрөбаев, В. Кучин, О. Сулайманов чыкканда:

— Келгиле ортактар маслихат тамам болбодубу? Күзгү жыйымдан кийин сүйлөшөбүз деп кесе сүйлөдү.

— Андижан обком партиясынан жооп келгенче сизге мобул катты Султан Ибраимович жолдоду. Колуна катты алган А. Сабиров, көз жүгүртүп карап чыгып:

— Султан, өзү жолдогон тура орток энергетиктер. Түштөнө турган мезгил болуп калды. Үйгө барабыз. Силерге да биздин үйдөн кудай насип буйруп турса керек. Кана, машинага отургула. Менин вилисимдин артынан ээрчий бергиле,— деп чогулгандар менен коштошуп, бутаа атым аралыктагы машинасын көздөй басты. Ээрчишкен эки машина Сабировдун көк дарбазалуу бышкан кыш менен курулган үйүнүн алдына келип токтоду. Машинадан жерге аяк таштаган конокторго дарбазаны кенен ачып:

— Кана мехманлар, кириңиздер, күн ысыкта сөөрүгө эле отуралы, дегиче буудай ирең жубайы утурлай үйдөн суурулуп чыгып, конокторго амандык каалады. Тилдери эле бурум болбосо өңү-түсү, тутунган пейили, кулк-мүнөзүндөгү окшоштук өзүбүздүн ичкилик кыргыздардай экен деген ой Эргештин көкүрөгүнө кылт дей түштү. Жайланышкан соң дасторкон кенен жайылып, бышык-

чылыктын, бардарчылыктын керемети төгүлүп, көркүнө чыга түштү. Ысык демделген памил чайдан бир чыныдан ичкенден кийин Сабиров:

— Сиздерге Султан Ибраимович менен кандайча таанышканымды айтып берейин деп ордунан туруп, үйүнө кирип кетти. Баркыт тыштуу альбомду көтөрүп чыгып алдыңкы барактардан кара-ак түстөгү «Москва-Кремль» деген жазуусу бар съезддер дворецинин кең залындагы сүрөттү көрсөтө берип, катар турган бир нече адамдардын ортосунда Султан Ибраимов менен өзүнүн колтукташып түшкөнүн сөөмөйү менен кадай:

— Съездде түшкөнбүз. Султан өтө акылдуу адам. Дыйканчылыкты дыйкандардан да мыкты билет. Жылдызы жанып турган жигит. Чогуу жүргөн күндөрүмдө кылымга тете тээктүү акылын уктум. Адамгерчиликтин бийик сапатын үйрөндүм. Кудай өмүрүн берсин Султандын деп, Москвадагы күндөрүн эскерип, чай ичилип жатты. Көп убакыт өтпөй түштөнүүгө даярдалып жаткан булоолонгон палоону алып келди. Тамак желип бүткөндөн кийин бата тиленип жолго чыгаарда Сабиров Эргешке кайрылып:

— Бригадир менен сүйлөшкүлө, ошол уруксат берсе мен каршы эмесмин. Энергиянын кадырын биз да билебиз, жакшы жигит. Ишиңизге берилгендигиңиз, өжөрлүгүңүз мага жакты. Бул жөнүндө Султанга билдиремин. Эргеш ыракматын айтып, колун бек кысып, коштошту. Пахтазарга кетчү шагал төгүлгөн жол менен жүрүп отуруп, жогорку чыңалуудагы зымдар тартылуучу аймактын бригадирин тапканда ал бир аз кызымтал экен. Эргеш келген иштин маани-маңызын түшүндүргөндөн кийин, алагүү болуп турган бригадир:

— Болуптур акелер, бир гана суранычым чалмага келип, көтөрүлүп калган пахтаны колу менен көрсөтө берип тээтиги турган «танкаларыңар» менен тепселетбесеңиздер экен. Мен дагы катар аралыгын жумшартууга окушник сала албай жатам, зымыңар жолтоо болуп. Тезирээк тартып алгыла?

— Иним, дыйкандын эмгегин биз да баалайбыз. Техникаларды пахтазарга киргизбей баарысын кол күчү менен бүткөрөбүз.

Иштин жүрүшүнө өбөлгө түзүлгөндөн кийин Эргеш Төрөбаев башкы инженер В. Кучин орун басар О. Сулайманов менен Жалал-Абадга келип, ишкананын бардык жамаатын чакырып, жумуштун жагдайын түшүндүрүп,

бир жумалык мөөнөткө Лаачын трассасына барып, кол күчү менен линия зымдарын тартуу маселесин койду. Кырдаалды туура түшүнүшкөн эмгек жамааты тез арасын ичинде жумушчу-аскердик тартип менен эртең жөнөп кетүү жөнүндө чечим кабыл алынды. Эргеш шаардык автобазага кирип, бир жумага эки автобуска буйрутма алып, эртеси 80 жумушчу кызматкер менен Лаачын трассасын тартууга жөнөп, «Правда-Востока» колхозуна келип түшүштү. Ал жерде кыймылсыз турган механикалык колоннанын кызматкерлерин кошуп, ишти оперативдүү баштоо жөнүндө кыскача маалымат берип, аткарылуучу иш пландар графиктен кечигип жаткандыгын билдирди. Келген жумушчу күчтөрдүн күнүмдүк тамактары үчүн иш сапарына төлөнүүчү акчаны бөлдүрүп, үч маал ысык тамак, жатагына там чатырларды тиктирип, талаа-аскердик полигонуна айландырды. Беш тонналык алюминий зым оролгон катушкаларды чубашып, катар тизилип 5 *метр* аралыкта бирден киши болуп 300—500 *метр* аралыктагы алыс, темир мамыларга жондоруна, далысына салып көтөрүшүп, жаңы гана жалбырактарын ача баштаган пахтаны тебелебей эрте жаздагы желе тартып катар учкан ак куулардай чубашып, зымдарды темир мамыларга жеткирип жатышты. Ал жерде күтүп турган жогорку чыңалуу линиясынын электр монтерлору темир мамыларга кумурскадай жабышып, өжөрдүк менен курундагы илгичтерине зымды илип, көтөрүп көп канатуу мамыларга зымдарды шурудай тизип, жетелептип, улам жылып линия трассасын тартып пахтазарлуу Андижан областынын Коргон-Төбө районунун 17 колхозунун аймагынан бир жумага эсептелген мөөнөттө эмес, 5 күндө тартышып, убада боюнча Андижан областынын электр тармактар ишканасынын механикалык колоннасы тартып келаткан чекке жетишти. Улуу Ата Мекендик согуштагы Эльбадан жолугушкан советтик-америкалык аскерлердей кубанычта болушуп, эки коңшу тууган элдин энергетиктеринин майрамы зор салтанат менен белгиленди. Каз катар тартылган «Октябрь — Лаачын» ВЛ-220 *кв.* жогорку чыңалуудагы электр линиясы аркылуу электр кубаттуулугу берилип, Өзбек республикасынын бир нече шаар, айыл-кыштактарына жарыктык, жылуулук тартуулай баштады. Колхоздордун, шаарлардагы ири ишканаларынын базасында электр тогунун кубаттуулугу менен иштетилүүчү бир нече жаңы цехтер, иш орундары пайда болду.

## БАТА МЕНЕН ЭР КӨГӨРӨТ...

Энергетиктердин иштери кыш мезгилинин чилдесинде, сууктарында, бороон-чапкындарында, жердин жумшап турган жаз айларында жүрчү көчкү, сел жана башка табигат кырсыктарынын учурунда ишкана толук аскердик тартипке өтүп, аварияга каршы даярдык күч алып аларды тез аранын ичинде жумушка киргизүү үчүн колдонулуучу бардык техника, жабдыктар кесипкер адамдарынын эрктүүлүгүн сыноочу мезгилдерден. Ушундай оор, жаз айларынын күндөрүнүн биринде пахтазар талаасынан Лаачын трассасы үчүн жол бербей убакытты алып бир топ убаракерчиликке салган Өзбекстандык атактуу пахтакер депутат, ордендүү башкарма А. Сабиров Жалал-Абад шаарына атайын келип, электр тармактар ишканасынын директору Эргеш Төрөбаевичке ыраазычылыгын билдиргени кайрылган эле. Ошол учурда Сузак районунун тоо тарабынын тескей бетинен көчкү жүрүп, бир нече километр линиянын таяныч жыгачтарын кыйратып, бир нече айыл эли жарыксыз олтуруп калгандыгын үндөшмө аркылуу дежурныйлар директорго билдирип жаткан. Ордендүү, депутат өмүр жашы өр тартып улгайган адам кабылдамадагы катчы кыздан:

— Эргеш барбы? — деп эле жооп болгончо болбой, эшигин ачып кирип кетти. Телефондун трубкасын ордуна коюп туруп келаткан Эргеш элеси терең эсинде калган аксакал башкармага карай колун созуп утурлай:

— Келиң башкарма аке. Куш келипсиз деп өзбек элинин каадасынча канат керип, кучакташып тосуп алды.

— Вай, Эргеш бай углум, мен сизге чоң ыраазычылыгымды билдирейин деп атайын келдим. Сиз тарткан зымдардын жардамы менен колхоздо электр тогу менен ишке кирүүчү жаңы техникалык цехтерди ачтык. Өзүң көргөн үйгө электр котелун орнотуп, быйыл кыштан жакшы чыктым. Көмүр алабыз деп кыйналбадык балам. Үйүбүз жылуу да, жарык да болду. Сизге бир аксакал адам катары жакшы бата берейин деп кан жол басып келдим эле балам,— деп алаканын жайып орундукка отура калды. Ак ала сакал болуп карыган адам эки алаканын жогору көтөрүп, алла-таалага ыклас кыла:

— Көкө-теңир, пайгамбар-сабааларым, төшү түктүү ЖЕР ЭНЕ колдосун, кызыр жылоосунда болуп, периштелер бешененде ойносун, багыңды ачсын, пенделер тилипе муюсун, башыңдан бакыт, үйүңдөн кут кетпесин,

өмүр жашың узун болсун, үй-бүлөң, эли-журтуң тынч болсун. Кармаганың алтын болуп, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун огулум, Омийин.

## АР КИМ ЭЛЕ БИЛЕ БЕРБЕСЕ КЕРЕК

Таң таштагандан эрте турган Эргеш коргондогу бакты аралап салкын абадан дем алып, денесин чыйралтып олтуруп, туруп колдорун кыймылдатып эркин гимнастикалык көнүгүү жасады. Бактын оң тарабынан шылдырап агып жаткан арыктагы сууга келип арышын кенен таштап алчындай абалда тура калып үстүндөгү спорттук жеңил кийимдерин чечинип, бел курчоого чейин жылаңачтана муздак сууга колун салды. Жайдын күнкү суу бир-аз муздак болгону менен жанга жагымдуу эле. Эки алаканын бириктирип кочушуна толтура суу алып бир нече жолу чайканды да, колунун учу менен спорт костюмун көтөрүп бир аз эңкее үйгө карай бурулганда, ак сүлгү көтөрүп Мария бак аралап келе жаткан экен. Эргеш колундагы костюмун суна берди. Мария аны албастан эки колу менен сүлгүнү бетине жаап моюн, кыр аркасын жумшак сүрүп өттү да:

— Неге, дем алыш күнү эрте турдуң, эс алсаң болот эле да?

— Бүгүн Сузак совхозунун аймагындагы Кызыл-Кыя, Көк-Булак, Кара-Булак айылдарына жана ал аймактардагы короо-сарайларга баруубуз керек. Андан көрө бир нерсе кууруй койчу. Азыр совхоздун директору Балтабай Нарматов келет. Ал жетектеген совхоздун короосарайларына чабандардын үйлөрүнө электр линиясы тартылып монтаж иштери жүрүп жатат. — Андай болсо очокко жасай коёюн. Тамак даамдуу болот. Мурда кийин келбеген адам эле, деп сүлгүнү көтөрүп, бак аралай үйдү көздөй басып кухняга кирип кетти. Үйдүн сол капшытындагы сарайга учкай улаш жыйылган отундун жанындагы дөңгөчкө чабылып турган балтаны алып, Эргеш жыйылган отундун чекесинен кертип кирди. Токток эткен добуштан улам Мария кухнядан чыгып:

— Эргеш! — жөн эле койбойсуңбу даярдалган отун бар.

— Отун байлык, менин колум тийсе береке болуп, дөөлөт кирет үйгө.

— Сенин бизге турушуңдун өзү байлык, дөөлөт.

Батыр менен Аскар даярдап коёт деп Мария куймөлөнө кайрадан кухняга кирип кетти. Көптөн бери үй тиричилигин сагынып калгандай улам бирден шыргыйдай кургак отундарды алып кертип, додолонтуп үйүп жиберди. Кас катарланган айылдарды аралай таштак жолдон машинанын үнү угулуп, үйдүн тушуна келгенде токтогондой болду. Келди деген ой кетти, жаңылбаптыр темир дарбаза кагылып Эргеш деген добуш чыкты. Балтаны дөңгөчкө батыра чаап, дарбаза жакка келип тээгин бошотуп эшигин ачты. Күлүмсүрөгөн Балтабай:

— Күн бир убак мезгилге чейин уктай бересиңби деп колун узатып тамаша-чала сүйлөдү.

— Келиң, сизди күтүп чыдабай бир эшек отунду кыркып койдум.

— Болду, болду Эргеш сөзүнө кулдугум бар. Кана жөнөйбүзбү?

— Сиздин чабандарыңыз тоодо, короо сарайларда, үйлөрдө биздин монтёрлордон башка жан адам болбосо керек. Бир нерсе шам-шум этип алалы. Мария тамак жасап жатат. Кана үйгө кирин, мен шоферду чакырайын.

— Рульда мен өзүммүн. Дем алышта эс алсын. Үй тиричилиги бар эмеспи. Профессионал шофермун деп үйдү көздөй аяк таштады. Үйдүн алдындагы темирден ширетилип жасалган сөөрүгө жай даярдап жаткан Мария Балтабайды карай:

— Келиңиз, жай салынуу тамак даяр болуп калды. Ошол учурда Эргеш Балтабайды көрсөтө берип, бул обком партиянын тапшырмасы менен Сузак совхозуна келген жаңы директор Нарматов Балтабай агаң деп салынуу жайга олтургузуп:

— Кап этпеңиз, олтура туруңуз биздин бактын мөмөсүнөн ооз тийгизейин деп кухняга кирип челек көтөрүп бак аралап басып кетти. Мейман астына дастаркон жайып нан, даам-таттуулардан жайнатып, ысык памил чайдан демдеп келип бир пияла чайды узаткан Мария:

— Азыр тамакты алып келемин кечикпейсиздер, күн тумшугу менен Кара-Булакта болосунар. Бак арасынан челекти алма, өрүккө толтуруп, салып келе жаткан Эргеш:

— Мария, жууп алып келчи мөмөлөрдөн деп челекти кармата Балтабайдын катарына олтуруп:

— Баке, ата-бабабыздын акыл сөзү бар: — «Эртең мененки тамактан калба, түшкү тамакты досуң менен бөлүш, кечки тамакты душманыңа бер» — деген ошол

себептен насипти таштабайлы. Бүгүн кечке кыдырып баарысын көрүп келебиз. Электр жабдыктары үзгүлтүксүз жеткирилип жатат. Буйруса эң алыскы Кызыл-Суу кыштагына, аймактагы кой короолорго кыркын пунктуна, тоют цехтерине, чабандардын үйлөрүнө чейин электр линиясы тартылып жарыктык киргизилет. Бул планга киргизилген иш муну аткаруу биздин милдетибиз.

— Эргеш, үзөңгү жолдошбуз мени чоң ишенич менен Сузак районунун эң артта калган Сузак совхозунун аймагындагы айыл кыштактарды атчан кыдырып жүргөндө азон оолак кулак кагыш кылган элем. Совхоз кой өстүрүүгө адистештирилген чарба, ошондуктан үлгүлүү типтеги короо-сарайлар, турак-жайлар, кыркын пункуту, тоют-цехтери болуш керек. Ушул убакка чейин совхоздун аймагындагы чарбалар жайгашкан жерлерди электирлештирүү отуз гана пайызды түзөт экен. Андан сырткары сугат жерлерди көбөйтүү маселеси турат. Ушул көңүл өйүгөн проблемабызды чечип берсеңиз?

— Балтабай Нарматович, Кашка-Терек насостук станциясын куруу үчүн камкордуктар көрүлүп жатат, узундугу он беш чакырым келген электр линиясын тартуу керек. Электр энергиясын керектөө көп болгондугуна байланыштуу кубаттуу подстанцияны орнотуу зарыл. Бул маселени тез чечүү керек. Элдин саны да өсүп жатат. Ошол себептен улам Ак-Тоок, Кыз-Көл, Кара-Мартка дагын подстанциялардын орнотулушун ишке ашыруу маселеси турат, деп сөз жалганып жатканда куурулган куурдакты көтөрүп Мария келип тамакты астына коюп тизе бүгүп кашыктарын узатып, чай куюп берип, өз-ара сөзгө аралашпастан тамактан алыңыздар деп гана жолто болбой олтурду. Тамак арасында бир топ сөздөр сүйлөнүп, таңкы наардан өз насибин жешип бата тилешип ордуларынан турушту. Жеңил кийимчен Эргеш үйгө кирип жай жамынчымды алып алдым деп жөнөп кете бериптир.

Дем алыш күндөрүндө да тынымсыз эмгектенишкен энергетиктердин күчү менен Кызыл-Кыя, Көк-Булак, Кара-Булак, Кызыл-Суу айылдарына, жетимиш эки короо сарайга, бир нече тоют-цехтерине, кыркын пунктуна чабандардын үйлөрүнө электр энергиясы жеткирилди. Кашка-Теректе электр насостук станциясы курулуп, сегиз жүз гектар кайракы жерге суу чыгарылып тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү колго алынып, 1980-жылы жакшы шарттын натыйжасында Сузак совхозунда койлордун

саны 42,5 миң башка жетип, кара мал, жылкылар көбөйдү. Суу чыгарылган жердин ар гектарынан 41 центнерден кылкандуу дан, 80 центнерден жүгөрү даны, 140 центнерден беде чөбү алынып бахча, жашылчадан мол түшүм өстүрүлүп элдин жашоосуна өбөлгө түзүлүп жатты. Мындай аткарылган иштер областтын аймагында жүздөп саналаарын ар ким эле биле бербесе керек.

## ГИГАНТ АВТОТРАНСФОРМАТОР ОРНОТУЛДУ

Жалал-Абад электр тармактар ишканасы ГЭСтерден бөлүнүп чыккан токту эл чарбасына жеткирүү үчүн Жалал-Абад регионунда электр энергиясынын түйүндүү ПС 220/110/10 кВ «Октябрьск» подстанциясынын курулушу өзгөчө мааниге ээ болгон. Ошол мезгилдерде Республиканын тарыхында биринчи жолу Россиянын Запорожье шаарындагы электр автотрансформаторлорун чыгаруучу заводдон ири габариттеги АТДЦН кубаттуулугу 125000 кВА, салмагы 186 тонналык автотрансформаторду темир жол түйүндөрү аркылуу Жалал-Абад темир станциясына атайын, өзгөчө тапшырма менен тартылып келинген эле. Мындай уникалдуу автотрансформаторду курулуучу чекке жеткирүү, орнотуу Жалал-Абад электр тармактар ишканасына жүктөлгөн. Автотрансформаторду белгиленген жерге жеткирүү үчүн атайын адистердин тобунун иштөө графигин ишкананын директору Эргеш Төрөбаевич жетектеген. Кесиптик адистиктеги мыкты топ аскерлештирилген даярдыкта турушкан. Алардын карамагында Таджикистан республикасынын Нурек ГЭСинен келген Ураган МАЗ-543 маркасындагы дөңгөлөктүү үч машина, 120 тонналык жүк көтөрө турган тралл, вагондордон түшүрүүчү рельс, платформалар даярдалган. Мындай гигант автотрансформаторду куруу практикаланбагандыктан жетекчиден баштап ар бир кызматкердин жүрөксүүсү, толкундануусу ишке болгон жоопкерчилиги күчөгөн. Атайын топтун жетекчиси Эргеш оперативдүү кызмат өтөөчү кесипкерлерди чакырып:

— Бизге мурда же кийин аткарган кызматтык функциябызда мындай өзгөчө тапшырма практикаланбаган иш жүктөлүп жатат. Жүк көтөрүүчү траллдын мүмкүнчүлүгү 120 тонна экен. Ал эми АТДЦНдин жалпы салмагы 186 тоннаны түзөт. Жүк көтөрүүчү тралллдар сынып

аварияга учурашы мүмкүн. Абалдан чыгуунун жолун табуу керек! — деп маселени кабыргасынан койду.

— Эргеш Төрөбаевич, деп кайрылды подстанциялар кызматынын жетекчиси Громадин Виктор Федорович. Сиздин буйругунуз боюнча автотрансформаторду түшүрүү, жеткирүү бизге жүктөлгөн. Биз бардык мүмкүнчүлүктү жасайбыз. Автотрансформатордун салмагы оор болгондугуна байланыштуу 50 тонна трансформатордук майды шестерналарга куюп алуу керек. Ошондо биз жалпы салмакты азайтуу менен траллдардын жүк көтөрүү мүмкүнчүлүгүнө шарт түзөбүз. 10 тонна кошумча жана алымча болушу техникалык эреже боюнча боло берүүчү норма. Ал эми сордурулуп алынган майдын ордуна Майлуу-Суу шаарындагы электр лампаларын чыгаруучу заводдон азот алып келип толтурсак болот. Автотрансформатор түшүрүлүүчү жерге платформа рельстер коюлуп атайын шагалдар төгүлдү. Автомашиналар толук даярдыкта алып өтүүчү трассанын схемасы боюнча даярдык көрүлүп бүттү. Мамлекеттик автоинспекциянын кызматкерлери буйрук күтүп жатышат.

— Виктор Федорович, электролампа заводу менен байланышып, азот туурасында кам көрүлгөн. Жөнөттүк деген телефонограмма алынды. Азыр жолдо болсо керек. Бир аз күтсөк келип калаар. Мени кыйнап жатканы Ош — Фрунзе трассасындагы Көгарт дарыясында курулган көпүрөөнүн чектелген оордук көтөрүүсү 80 *тонна* экен. Кырсык болбосун деген максатта Өзбекстан Республикасынын Андижан шаарынан көпүрөлөрдүн абалын көзөмөлдөөчү, оңдоп эксплуатациялоочу отрядды чакырткамын. Алар толук даярдыкта көпүрөөнү көзөмөлдүкө алышат. Май алынып азот толтурулгандан кийин маршрут боюнча шаардын Ленин көчөсү аркылуу Созок районунун чегиндеги Ош — Фрунзе автотрассасына чыгалы. Менин эсебим боюнча алдыдагы эки Ураган МАЗ-543 маркасындагы автомашинасына, арттан кошумча күч болуп түртүп келе жаткан Ураган МАЗ-543 көпүрөөгө жеткенде алдыга өтүп орто аралыктарын чынжырлар менен алыстатып машиналардын ортосундагы байланышты үзбөстөн бирдей ылдамдык менен көпүрөдөн токтобой өтүп кетүү зарыл. Эгерде колонна токтоп калса көпүрө сынып, чөгүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан О. Сулайманов В. Громадин, Кочерга. Сайболотов жолдоштор сиздердин жеке жоопкерчилигинер өтө жогору болуусун

суранамын деп жан дүйнөсүндөгү тынчтык бербеген толкундануусун билдирбестен бир калыпта сүйлөп жатты. Толук даярдык болсо бардыгыбыз темир жол станциясына кеттик.

Атайын топ ишкананын имаратынан чыгып жаткан мезгилде, электр лампа заводунан азот жүктөлгөн машиналар келип токтошту. «Азот» келди деген автомашиналардын жетекчисине Эргеш темир жол станциясына баруу маршрутун айтып ишкананын подстанциялар кызматында иштеген жаш адис Асылбек Машраповго дайындап, машиналарга олтурушту. Ошол мезгилде темир жол станциясынын бекетинде оперативдүү иштер жүргүзүлүп шагыл төгүлүп рельстер коюлуп, платформа тралга төшөлгөн эле. Автотрансформатордогу май сордурулуп атайын шестерналарга куюлуп ордуна азот толтурулду. Вагондон автотрансформаторду түшүрүү аракети башталды. Улуу тоонун бөйрөгү жарылгандай болуп рельс аркылуу сүрүлүп акырын чөгүп платформага жүктөлдү. Шагыл төгүлгөн жер оордукка күрсүнгөндөй болуп чөгө түштү.

И. Приходко жетектеген Ураган автомашиналарынын шоферлору машиналарды кыймылга келтиришти. Эргеш Төрөбаев алдыңкы колоннадагы жеңил автомашинага олтуруп түз байланышты кармап «Алга» деген команда берди. Мамлекеттик автоинспекциянын кызматкерлери жол коопсуздугун сакташып жолдогу кыймылды токтотушту. Жүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Аска жылып келе жаткандай гигант автотрансформаторду тартып келе жаткан колоннага шаар эли абаз кылып таңданып карап турушту...

Сузак районунун Көгарт дарыясындагы көпүрөөгө келгенде Эргеш берген инструкция боюнча колонна жол чекесине токтоп арттан түртүп жардам берип келе жаткан Ураган МАЗ-543 автомашинасы алдыга өтүп аралык чынжырлар узартылып даярдык бүткөн соң, «Кеттик» деген команданы кайрадан берди. Ылдамдыгы 30 км/саат болгон жүрүш менен көпүрөдөн өтүү миссиясы ийгиликтүү аяктады. Оор жүк баскан көпүрө атайын отряддын көзөмөлүнүн маалыматы боюнча 5 сантиметрге чөгүп кеткен эле. Подстанция туруучу чекке жеткенде кеч күздөгү каткалаң тартып калган жердин бети катуу болгондой сезилгени менен кыртыштын алдындагы борпоң топурак чөгүп кетип автотрансформатор жүктөлгөн платформа сол тарапка кыңкайганда башкаруучу пульт-

та турган Эргеш Төрөбаев, Громадин Виктор Федоровичке жана машиналарга токтоткула! деп буйруду. Машиналар кыймылсыз абалга келип токтошту. Кошумча даярдыкта келе жаткан тягачтарды кошумча күч катары пайдаланып абалды оңдоо керектигин айтып жумушчу кыймыл аракетине киргизилди. Гигант автотрансформаторду коштоп келе жаткан колоннадагы Фрунзе, Алма-Ата, Ташкенттен келген адистер, жетекчилер Республиканын Түштүк регионундагы эң ири электр подстанциясын куруудагы алгачкы гигантты кандайча жеткирип, орнотор экен деген тынчсыздануусундагы бир ирмем каргашасы артта калгандыгын сезишип, жеңил дем алышты. Автотрансформатор атайын белгиленген чекке жетти. Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын, Сузак райондук электр тармактарынын кызматкерлери шагал төшөлгөн жерди даярдап платформадан түшүрүүнү ишке ашырышты. Өлчөп алгыз баага турган региондун электр энергиясын бөлүштүрүүчү түйүндүү гигант автотрансформаторду орнотуу электр энергиясын бөлүштүрүүдөгү көкөй кескен проблеманы чечип үзгүлтүксүз керектөөчүлөргө жеткирилип турушуна өбөлгө түзүлмөкчү. Мындай автотрансформатордун орнотулушу Курп-Сай ГЭСинин ишке жаңы кирген агрегатынан бөлүнүп чыккан электр энергияны пайдалануу үчүн «Курп-Сай ГЭС — Октябрьск» аралык жогорку чыңалуудагы эки кошумча линиясын тартып келүү жана автотрансформаторго туташтыруу проблемасы турган эле.

## ЭЙ БАЛА, НАНДЫ ЭМНЕГЕ ТЕБЕЛЕЙСИҢ?

Электр линиясы өтүүчү трассаны изилдөө кайрадан башталды. Атайын адистерден түзүлгөн топ трассаны изилдөө жана куруудагы көп жылдык тажрыйбасын эске алып Эргеш Төрөбаевичтин жетекчилигине макул болушту. Ат тердигин кургатпай кайрадан тоо, талаа, сай түздү аралаган күн. Карта чийилип орнотулуучу мамылардын белгилерин коюуда жергиликтүү жетекчилердин тоскоолдуктары эгин талаа, суулуу аянттарды тебелтпей, тоо ташка өзөн бойлоруна кургула деген төрөпейилдиктери кесипкер адам катары Эргештин түшүндүрүү, ынандыруулары адам жан-дүйнөсүн кейиткен айкаштар өз жемишин берди. Трасса тандалып, линияны куруу иши башталды. Союздун курамында турган союздук

республикалардан чакырылган 19 механикалык колонна бардык техникалык каражат жабдыктары менен ишке киришишти. Бийик тоолуу шартта иштөө узундук аралыгы 104,3 км трассаны куруу, тартуу бир топ оор, кесепеттүү кыйынчылыкка турду. 32 м/сек. кээде андан да ашкан тоо шамалынын ылдамдыгы, жаан-чачын, абанын температурасынын өзгөрүлүшү жетекчиликтен, кесипкер адамдардан өз ишине берилгендик патриоттук сезимди, кайрат, эркти талап кылып жатты. Бирок ошондой болсо дагы келечекти көрө албаган күнүмдүк эйфорияга алдырган жетекчи сөрөйлөрдүн тоскоолдуктары көп болду.

Күрп-Сай ГЭСинен тартылып келе жаткан линия трассасы Базар-Коргон районунун XXII партсъезд колхозунун эгин талаасынан өткөрүү мезгилинде Фергана областынан келген № 47 механикалык колоннанын жетекчиси В. И. Коньков жана Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын, трасса куруунун жетекчиси Эргеш Төрөбаевич колхоздун башкармалыгы менен өз ара макулдашып, план-схема боюнча трасса өтүүчү эгин талаасынын тилке бөлүгүндөгү буудайды комбайн менен оруп, жыйнатып колоннанын иштөөсүнө шарт түзүлгөн. Иш кызуу жүрүп жаткан мезгилде Базар-Коргон райондук партиялык комитетинин биринчи катчысы Сыдыков Үсөн Сыдыкович колхоздун аймагындагы эгинди оруп-жыйноонун абалын көрүп келүүгө тоо бооруна өбөктөй кеткен айылга келгенде, эгин талаасында электр линиясын куруучу механикалык колоннанын кубаттуу техникалары менен кызматкерлер мамыларды орнотуп, линияны тартып жатканын көрүп маселенин кандайча чечилгенин билбестен туруп, райондун борборуна кайтып келээри менен Кыргызстан КП Ош областык партиялык комитетинин биринчи катчысы Кульматов Ринат Сатаровичке, Ош областык аткаруу комитетинин төрагасы А. Т. Тажибаевге түз байланыш менен чыгып, Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору Эргеш Төрөбаевичтин жетекчилиги менен «Күрп-Сай — Октябрьск» жогорку чыңалуудагы электр линиясын курууда эгин талаасын тебелетип, тепсетип жаткан ээнбаштыгын билдирет.

Эл чарбасындагы бирден-бир маанилүү электр линиясын куруу боюнча уюштуруу иштерин камсыз кылып, материалдык техникалык базасын түзүү менен алектенип, тыным албай иштеп жаткан Эргешке Кыргызстан

КП Ош областтык партиялык комитетинин биринчи катчысы Ринат Сатарович телефон аркылуу чыгып:

— Эргеш Төрөбаевич, Базар-Коргон районунун аймагында электр линиясын куруп, тартып жатыпсыңар. Ал жерде эмне чатак болуп жатат. Райондун, колхоздун жетекчилери менен чечишип албайсыңарбы? — деген дemитkeн, өкүм сөзү менен тез чечкин да мага билдиргин деп сөз сүйлөтпөй трубканы коюп койду. Байланышта турган Эргеш эмне болуп кеткенин түшүнгөн жок. Трубкадан үсүл-кесил телефондун тынымсыз үнү кайталанып жатты. Обкомдун биринчи катчысынын мындай өкүмдарлыгы Эргешти кыжаалатка салды. Партиялык жетекчинин келечек үчүн көрөгөчтүгү ушулбу деген ой сезимине келе калып, бир мезгилде электр энергиясынын келечектүүлүгү жөнүндө бир калыпта мукамдуу үнү менен акыл салуунө муюткан Кыргызстан КП Ош областтык партиялык комитетинин мурдагы биринчи катчысы, Республиканын Министрлер Советинин төрагасы Султан Ибраимовичтин элеси көз алдына тартылды да:

— Эргеш, «изденбегендик, келечекке сарасеп салып алдабагандык, бул адамдын түркөйлүгү» дегени кулагына кайталанып жаңырды.

Республикалык масштабдагы эки чоң үлкөн жетекчилердин келечеке көз карашында олуттуу ажырым бар экендигин сезди. Ушунчалык жан үрөп кыйынчылык менен жасалып жаткан бүткүл союздук мааниси бар ири курулуштун ишин баалап койбостон өкүм сөз сүйлөп жатканы жан дүйнөсүн тынчсыздандырды. Көз ирмем ой санаасына чөгүп кеткен Эргешти телефондун коңгуроосу чочутту. Трубканы көтөргөн Эргешке зооканын жаракасынан чыга калгандай ачуу, өктөм үн менен:

— «Эй бала сен эмне панды тебелеп жүрөсүң» — деди. Обкомдун биринчи катчысынын катуу кысымында тургандыктан дагы кимисен болуп кетти экен деген суроо көңүлүнө уюлу да:

— Качан, кайсы панды тебелеп жүрөм — дегенге жарады.

— Базар-Коргондо эмне болду? Өктөм сөздүн ээси Ош областтык аткаруу комитетинин төрагасы А. Тажибаевдин үнү экендигин билди. Эргеш түзүлүп жаткан иш кырдаалын түшүнбөй жатканын айтып, Базар-Коргон районундагы XXII партсъезд атындагы колхозунун башкармасы менен өз ара келишимдин негизинде линия өтүүчү буудай аянтында жол ачылгандыгын айтып, сиз-

дерге туура эмес маалыматты ким бергендигин сөз кезегинде сурады:

— Эй бала, сен машаяктын тукуму болсоң да ишиңди токтот! — деп трубканы коюп койду. Областтын эки тизгин бир чылбырын кармап өбөктөй олтурушкан эки жетекчиден кекээр сөз уккан Эргеш ордунан туруп дендароо болгон абалда кызматтык машинасына олтуруп түз эле Базар-Коргон райондук партиялык комитети жайгашкан имараттын жанына келип түштү. Имараттын экинчи кабатына көтөрүлүп райондук партиялык комитетинин биринчи катчысынын кабылдамасына кирди. Катчы кызга кайрылып:

— Үсөн Сыдыкович менен сүйлөшүүм керек. Жалал-Абад шаарынан келдим. Электр тармактар ишканасынын директору экенин билдирди. Жылмакай ак жүздүү катчы кыз олтура туруңуз деп эки кабаттуу каалганын аркы жагында олтурган Үсөн Сыдыковичке кирип кетип көпкө чейин кармалды да, чыгып:

Эгин талаасында жолугушабыз деген кабарын билдирди. Кыжаалат болуп турган Эргеш бир минут да убакыт күтпөй райондун партиялык комитетинин биринчи катчысына кирүүгө суранбастан өз ынанымында акыйкат экендигин, күнөөсүз күнөөлүү болуп жаткандыгын сезип кабылдамадан чыгып машинасына олтуруп, XXII партсъезд колхозунун аймагында иштеп жаткан механикалык колоннага келди. Колоннанын кызматкерлери талаа аскердик полигонунда эс алып жатышкан экен. Жеңил машина келип токтогондо механикалык колоннанын жетекчиси В. И. Коньков утурлай чыгып Эргеш менен амандашып иштин токтоп турган жайын баяндады. Райкомдун биринчи катчысы өзгөчө уруксат болмоюнча иш жүргүзүүгө тыюу салгандыгын билдирди. Эргеш бир нече саат убакыт бою райондун партиялык комитетинин биринчи катчысын күтүп убакыт аралыгында жүргүзүлгөн иштердин чоо жайын билип керектүү материалдык жабдыктарды жазып алганга үлгүрдү. Убакыт өтүп кеч бешим мезгили болгонго чейин партиянын жетекчисин күттү. Бирок Үсөн Сыдыкович келген жок. Партиянын керемет күчү адам өмүрүн калчап, кааласа темир тордун ары жагына олтургузуп, сураксыз өкүм чыгарып турган мезгил эле.

Жалал-Абадка келип, Кыргызэнерго башкармалыгы менен байланышып абалды билдирип курулуш иши токтоп, эрксиз жумуш токтогондугуна байланыштуу куру-

лушчуларга акча чыгымы кетип жаткандыгын тынчсыздануу менен билдирди. Түз байланышта турган Кыргызэнерго башкармалыгынын жетекчиси М. М. Азрелян:

— Эргеш Төрөбаевич, биз мындай партиянын түркөйлөрү менен келише албайбыз. Союздук мааниси бар курулуштун токтотулгандыгын Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Усубалиев Турдакун Усубалиевичке билдирип маселени чечебиз деп коштошту.

Эргеш оперативдүү ишке киришип болуп жаткан окуя туурасында атайын кат даярдап Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетине, көчүрмөсүн Кыргызэнерго башкармалыгына жөнөттү. Маселе бир жума өткөндөн кийин Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Турдакун Усубалиевичтин кийлигишүүсү менен курулушка уруксат берилди.

## ТУРМУШТУН КАРА ТУМАНЫ

Күбөдөгү бышылган кымыздай кайнаган турмуш жашоо агымы күү-шаа болуп өтөлгөсүн өтөп жатты. Эл чарбасында электр энергиясын колдонуу, сарптоо улам көбөйүп проблемалуу маселелер тынчтык бербеген кызмат менен жүрүп Эргеш үй-бүлөнүн көйгөйлүү тиричилигинен алыстай түшкөндөй болгон эле. Энергетика кесиби эл жүгүн аркалаган оор кесип экендиги андан сырткары региондун энергетиктеринин башын бириктирген жетекчи болгондугун сезген Мария беш баланы тарбиялап «Ата сыртты тоо» деген тариздe жүрүп Эргештин ишинен алаксытпай мүмкүнчүлүк түзүп берип жатты. Бирок ошол эле учурда Мариянын ден соолугу начарлап күн өткөн сайын эти сөөгүнө шимирилип арыктап баратты. Мариянын ушунчалык абалга жеткирип койгонуна Эргеш өкүнүп сөз козгоду:

— Мария, эс ал, курортко бар деп соолугуңду чыңда. Балдар чоңоюп калды. Үй-бүлөнүн көйгөйү менен жүрүп өзүңдү карабай койдуң го. Мен дагы жумуш деп жүрүп сенин ден соолугуңа көңүл бөлө албай жүрөт окшоймун. Бир калыпта карапайым мүнөзүнөн жазбаган Мария:

— Эргеш, сенин ишиң татаал миңдеген үй-бүлөөлөр-

гө энергия жылуулугун, жарыктыгын тартуулаган адамсың, ишиңден алагды болбо. Мен жөнүндө көп ойлонуп сыгылба, сөөккө сиңген эски оору да жакшы болуп каламын. Өмүрдү энчибизге басып берген эмес. Сен биздин сыймыгыбызсың Эргеш. Сөз жалганбай токтогондой болду. Эргештин көңүлүнүн тереңинде Марияны аёо сезими байырлап жаштыктын баё курагынан бери турмуштун ачуу таттуусун бирге татып өмүр сүрүп келе жаткан жашоосунда өмүрлүк жарынан аял затынын пакизалыгын гана сезип балдарына өчпөс коломто болуп келе жатканына ыраазы болду.

Мариянын эски оорусу күч алып бүткүл бою алсызданып кан түкүрүп төшөктөн турбай калды. Ошол мезгилде Эргеш Фрунзе шаарында республикалык энергетиктердин кеңешме семинарында болчу. Мариянын ден соолугу кескин начарлагандыктан үрөйү учкан үй-бүлөнүн тун уулу Жолдош баш болгон урук тууган топтолуп кеселге шыпаа болоор бекен деген үмүттө шаардык ооруканага жеткиришти. Мариянын сураныч боюнча Эргештин тынчын алып ишинен калтырып чакырбай эле кое туралы деген бүтүм чыгарышкан. Бирок күн өткөн сайын Мария начарлап кан кусуп эстен тана баштаганда гана:

— «Эргеш, тез кел Мария оор абалда» деген телеграмма жөнөтүлдү. Телеграмманы алаар менен эмнегедир акыркы учурларда түшү бузулуп жүргөнүн эстеди. Түшүндө кара кийим кийинген тутунган энеси Жээнайымдын өлгөнүнө бир топ жыл болуп калса да Эргештин үйүнө келип Марияны колдон алып жетелеп чыгып кеткенин көз алдынан өткөрүп селт эте чочуп кетти. Аэропортко келип Жалал-Абад багытына билет алып самолетко олтурду. Самолеттун салонунда келе жатып да күн чөгөргөн түштү кайра баштан эстеди. Эргеш купуя ичинен акырын жаратканга тобо кылып келме келтирди. Түш көргөнүмдө мен баш болуп үй-бүлө мүчөлөрүнүн баарысы түгөл олтурат элек. Марияны энем жетелеп кетип жатканда кайда алып бара жатасыз дегенге жарабадык. Ушул бүдөмүк ой Эргештин жүрөгүн эзип жатты. 45 мүнөттөй убакыттын кандай өткөнү билинбей ЯК-40 самолёту Жалал-Абад аэропортуна келип конду. Эргеш күтүп турган машинага олтуруп түз эле шаардык ооруканага келди. Мариянын абалы өтө оорлошуп чукул жардам көрсөтүлүүчү реанимация бөлүмүндө жаткан. Дем алуусу оорлошуп дене боюнан кан

качып ак соедой болуп калган эле. Эргеш келгенде күтүп турушкан балдар, кыздары атасы, апасынын өмүрүн сактап калуучу керемет адамдай туюшуп, бел байлап калышты. Уул-кыздары, тууган урук менен амандашкан соң үстүңкү кабатка көтөрүлүп интенсивдүү жардам көрсөтүлүүчү бөлмөгө кирип барды. Борбордук оорукананын бөлүмдөрүнүн жетекчи врачтары консульиум өткөрүп, карап жатышкан. Мариянын алсыз көздөрү ачылып Эргешти карап түнөрүп, бөздөй өчүп бара жаткан жүзүнө жылмаюу байырлады. Катар турган дарыгерлер:

— «Сизди күтүп, эркелеп жаткан турбайбы, эжебиз» — деп тамаша чала сүйлөштү. Эргеш Мариянын жанына келип арык алсыз муздап бараткан колдорун кармап бетинен сүйдү. Мария Эргештин деми менен дене боюн жыйып кадимкисиндей боло түштү. Гүл бурактуу жаштыгынан бери өмүр жашын арнашып келе жаткан табияттын керемет күчү Марияны көпкө сактай албады. Балдарын, Эргешке багыштап, тапшырып Мария алсыз үсүл-кесил акыркы керээзин айтканга үлгүрдү...

## ТАБИЙГАТ МЫЙЗАМЫНА БАШ ИЙҮҮ

Өткөн өмүрүндөгү ата тагдыры кайталангандай болгон Эргеш, табийгаттын мыйзамына аргасыз баш ийди. Шарият вазийпасы менен Мариянын акыркы ариеттери жасалды. Ордолуу үйдүн коломтосу сууду. Балдарынын маанайын көргөн Эргеш күн санап чөгө баштады. Жашоодо эркек үчүн аялдын ордун толтуруш кыйынга турду. Турмуш уланып өмүр агылып жатты. Жашоодогу кеселдик, коломтонун очогунун тутанбай турушу Эргешти өөрчүттү. Коломтонун күл додосун таап балдарына [illegible] мээримин төгөөр жар издеди. Кызматы элине сиңип, журт оозуна алынып калган адамга өмүр шерик болом дегендер болбой койгон жок. Турмуш кыйырынын ачуу-таттуусун баспап өткөн Эргештин дүйнөгө болгон көз карашы өзгөргөн эле. Алдыга койгон үмүттүү үлкөн максаттары бар болчу. Руханий жактан оболоп эл жүгүн аркалоого акыл сезими, иш тажрыйбасы калыптанып калганын ойлопот. Жашоодо жөн гана көр дүйнөнүн кейгөйүн аркалаган аял эмес, заман шарына, доор агымына таламдаш, коомдун өнүгүш процессин, цивилиза-

циясын андаган, акылына акыл кошкон таламдаш, максатташ тубаса даанышман өмүрлүк жар издеди. Аял затына лаазым пакиза асыл сапаттарга эгедер турмуштан турак, түнөк, таптуу коломто издеген аруулукту дене боюна сиңирген өмүр сапарында акыреттик арка-жөлөк болоор Күмүшайга бири-бириндеги ыйык сезимдер менен өмүр тагдырын байлашты...

## АЛГАЧКЫ ДЕПУТАТТЫК ТАЙМАШ

1985-жылы Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Генеральный секретары болуп Михаил Сергеевич Горбачев бийликке келээри менен Совет мамлекетинин ички жана тышкы саясатын өзгөртүп өлкөдө кайра куруу процессин баштады. Демократиялык принциптин негизинде көп жылдардан бери ачык айтылбай келе жаткан мамлекеттик деңгээлдеги жабык деп эсептелген маалыматтар жарыяланып басма сөз эркиндиги күч алды. Экономикада рыноктук мамиле киргизилип ар бир союздук республикага өз алдынчалуулук берилди. Аскердик согуш блоктору жалпы дүйнөлүк тынчтыкка кызмат кылууга багытталып дүйнөлүк коомчулукка карай Совет мамлекети жүзүн бурду. Мындай жылуулук, кайра куруу процесси экономикалык байланыш рычагдарын бошотуп Союздук Республикалар бири-бирине тең ата мамилесине өткөндүктөн өндүрүштө кыйынчылыктар түзүлө баштады. Бирдиктүү совет мамлекетинде Президенттик башкаруу институту киргизилди. М. С. Горбачев 1990-жылы СССРдин Президенти болуп шайланды. Убакыттын, мезгилдин удулунан уттурбай Прибалтика, Закавказье Союздук Республикалары өз алдынча мамлекеттигин жарыялашып жиберишти.

Өзгөчө Союздун ыдырашына Россия, Белорусия, Украина республикаларынын жетекчилери Б. Ельцин — Россиянын президенти С. Шушкеевич — Белоруссия жогорку Кеңешинин төрагасы, Л. Кравчук — Украинанын президенти 1991-жылы Беловожск пущасындагы кабыл алынган декларациясында көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигин (СНГ) жарыялашты. Ошол мезгилдердин аралыгында Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунда өлкөдөгү улуу бурулушка карата токтоолук менен мамиле жасап жаткан. Кыргыз ССРинин XI шайланган эл депутаттарынын ыйгарым укук мөөнөтү аяктап, 1989-жылдын акыркы айлары эле.

Демократиянын желаргысы жүрүп калган республикада Советтик-партиялык тоталитардык режим мурдагыдай өкүм сүрбөй калган. Депутаттарды шайлоо саясий-компаниясы башталып Айылдык Кеңештен баштап, Жогорку Кеңештин депутаттыгына чейин альтернативалуу негизде шайлоо өткөрүү, элдин аң сезиминде калыптана баштаган. Ошондой эле республикада ар кандай коомдук-саясий кыймылдар пайда болуп, эл саясий-деңгээлдеги ар кандай процесстерге кайдыгер карабай калышкан. 1990-жылдың башында шайлоо мыйзамынын негизинде бардык рангадагы эл депутаттарды шайлоо 25-февралга коюлган. Республиканын аймагында 350 Жогорку Кеңешке шайлоо округу түзүлгөн. Депутаттык мандатты алуу үчүн альтернативалуу негизде талапкерлер көрсөтүлө баштады. Талапкерлердин коомдук-саясий ишмердүүлүгү, интеллектуалдык потенциалынын деңгээлин терең анализдеп, шайлоо мыйзамына ылайык эмгек жамааттарынын атынан депутаттык мандат үчүн талапкерлер көрсөтүлүп Республиканын тагдырын чечүүчү адамдар тандалып жатты.

Көп жылдардан бери карай энергетика системасында эмгектенип Жалал-Абад областынын экономикалык социалдык өнүгүшүнө өз салымын кошуп келе жаткан Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору Төрөбаев Эргеш Төрөбаевичтин талапкерлигин Жалал-Абад шаарынын беш-алты мекеме, уюм, ишканалары колдоп чыгышып шаарда түзүлгөн № 222 — Пушкин шайлоо округунан катталды. Аты аталган округка талапкер болушуп Тынчтыкбек Табалдиев — Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин биринчи катчысы. Кыргызбай Бакиев — жылуулук монтаждоо курулушунун жетекчиси, Е. А. Зудова — шаардык ооруканanын аялдар консультациясынын башчысы, Нурланбек Токтоматов — Кыргызстан КП БКнын инструктору, В. Т. Громчихов — кирпич заводунун директорунун орунбасары, катталышып үгүт иштери башталат.

Эргеш ишенимдүү адамдарын алып эл жүгүн аркалоого бел байлап аттанат. Мындай чоң саясий компанияга катышууга идеялашы демилгечи болгон жубайы Күмүшай:

— Өмүрүңүздө элге жылуулук, жарыктык тартуулап келүүдөсүз. Өндүрүш менен катар Республикада жүрүп жаткан коомдук-саясий иштерге катышуу үчүн депутат болушуңуз керек. Мен сезип турам сиз өтөсүз.

— Түшүнүп турам Күмүшай! — деп оор улутунду. Менин талапкерлигимди Пушкин шайлоо округу боюнча беш, алты мекеме, уюм көрсөтүштү. Бирок менин атаандаштарым да эл элегинде сыналган адамдар.

Жүзүндө мээримдүүлүк болгону менен сезиминин тереңинде кайраттуу Күмүшай:

— «Тарапчыдан корккон дыйкан буудай экпейт», алар өздөрүн «эр ойлосо сен өзүңдү шор ойло» деп кайраттуу сөз сүйлөп Эргешке дем берди. Бактымды сынап көрөйүн деп шерденип кайратына келе түштү. Эл арасында болуп өз депутаттык платформасынын маани маңызын ишке ашыруу ыкмаларын баяндап өзгөчө милдетим деп төмөндөгүлөрдүн эсептеди:

— мамлекетибиздин Конституциясы, мыйзамдары так сакталышын жактайм жана өзүмдүн депутаттык милдетимди аткарууда аларды жетекчиликке алам.

— областтын, райондордун жетекчилигине тамчы суудай таза, чынчыл жана өз эли үчүн өмүрүн аябаган адамдардын келиши үчүн күрөшөм.

— улуттар арасындагы мамилелерди жакшыртуу жана тынчтыкты сактоо үчүн күчүмдү жумшайм.

— мен депутат катары элдин мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын коргойм.

— Жогорку Кеңештин сессияларында экономиканын өсүшүнө, элдин жашоосунун жакшырышына, иш орундарынын көбөйүүсүнө көмөк болгон мыйзамдарды колдоп чыгам.

— нандын, электр энергиясынын бааларынын жогорулап кетүүсүнө каршы турам.

— пенсионерлердин, эл агартуу жана саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин айлык акыларын убагында алып турууcун көзөмөлдөө менин негизги милдеттерим деп эсептейм жана электр энергиясы үчүн 20 процент нарктан алынуучу налогду областтык бюджетке калтырып жогоруда аталгандарга төлөп берүү маселесин коем.

— областтан иштетилип чыккан электр энергиясы үчүн төлөнүүчү акыны өзүбүздө калтырып, ошол каражатка айыл жериндеги элдин маданий-социалдык, турмуштук деңгээлин көтөрүү маселесин негизги милдетим деп эсептейм жана аны турмушка ашыруу үчүн аракет кылам.

— элдин жарымынан көбү болгон аялдар жана балдар менен азыркы мезгилде жетишээрлик деңгээлде иш

алып барылбай жаткандыгын, турмуш-жашоосу төмөн экенин, ден соолуктары начардыгын эсепке алып алар менен иштешүүнү колго алам.

— курулуп жаткан үйлөргө көчөлөрдү, жол салдыруу, электр линияларын куруу жана суу алып баруу маселесин райондук жана областык масштабда чечип берем.

— областыбызда курула турган нефтини кайра иштетүү заводу, нан жабуучу, май чыгаруучу цехтердин жана башка ишкана-мекемелердин ишке кирип жумушчу орундарынын көбөйүшүнө түздөн-түз катышам.

— оорукана, мектеп, балдар бакчаларын, согуштун жана эмгектин ардагерлеринин, инвалиддердин, пенсионерлердин, багары жок кары-картаңдардын менчик үйлөрүн электр жылыткычына өткөрүү негизги милдетим деп эсептейм.

Убакыт өтүп шайлоо компаниясы өтө кызыган мезгил, кыш ызгаарынын чилдеси. Бишкектен талапкер болушкан Т. Табалдиев менен Н. Токтоматовдон шайлоо округунун комиссиясына телеграмма келип, өз талапкерликтерин алып таштапат. Калган төрт талапкер өз алдыларынча эл арасында үгүт жүргүзүшүп шайлоочулар менен жолугушуп жатышты. Республикада демократиянын желаргысы жүргөнү менен Коммунисттик Партиянын диктатурасы дагы деле өз өкүмүн сездирип «Талапкерлигиңизди алып салыңыз, болбосо иштен кетесиз» — деген көкүтүүлөр Эргештин тынчын ала баштады. Мыйзам боюнча талапкер катары катталгандан кийин убактылуу жумуштун жетекчилигин өткөрүп бергени менен баары бир ишкананын оперативдүү кеңешмелерине катышып жалпы абал менен таанышып багыт берип турду. Ошондой күндөрдүн биринде иш ордунда олтурган Эргешке Кыргызстан КП Ош обком партиясынын катчысы Донченко Евгений Александрович телефон аркылуу чыгып кызматтык этиканы сактап жылуу-жумшак сүйлөбөй саламы жок, түз эле кекээр үн менен:

— Эргеш Төрөбаевич, кышында энергетиктердин иши күч алган мезгилде шайлоону шылтоолоп эс алгыңыз келип калса керек. Сиздин кандидатураңызды областка коюңуз деп сунуштаган элек. Жогорку Кеңешке койбостон алып салыңыз. Эгерде иштен чарчасаңыз «Сизди эс алууга жиберебиз» деп трубканы коюп койду. Адамдын адамкерчиликтүү мамилеси болбосо жан дүй-

нөнү жабыркатып эрегишүүнүн эрөөлдүк таймашуусу башталат эмеспи. Эргеш, ата бабадан бери келе жаткан накыл сөздү эстеди. «Какайганга какайгын... кудайдан өткөн жуда эмес» дегенди көкүрөгүнө чөгөрүп кайратына келди. Эл аралап ишенимдүү адамдардын коштоосу менен үгүт иштерин жүргүзүп жүргөндө Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Жалал-Абад шааркомунун биринчи катчысы Абдысаматова Роба Насыровнага кызматтык этиканын субординациясы боюнча Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош обком партиясынын катчысы Е. А. Донченко менен байланыш түйүнү аркылуу сүйлөшкөнүн айтып кайрылганда:

— Эргеш Төрөбаевич, мен сизди көп жылдардан бери билем. Элге кылган кызматыңыз, эмгегиңиз өлчөөп алгыс. Е. А. Донченко Жогорку Кеңешке койгон сиздин талапкерлигиңди жактырбай жаткандыгы чындык, мага да бул жөнүндө айтты. Облуска койсун деп жатат. Бирок мен сизге талапкерлигиңизди алып ташта деп буйрук бере албаймын. Менин жеке пикиримди түшүндүңүз го деп ойлоймун. Өзүңүз кабыргаңыз менен кеңешип көрүңүз да, мага жыйынтыгын кабарлап койсоңуз деп өтүндү.

Шаардын жетекчисинин оюу түз экендигин түшүнгөн Эргеш жылуу-жумшак коштошуп чыкты да түз эле өзү өскөн айылга жөнөдү. Эмнегедир кусалыгы артып айылды көргүсү келди. Зымыраган машина бир аз убакыттын аралыгында өзүнүн балалыгы калган, чоң турмушка багыт алган айылынын күн батыш тарабындагы бөксөлүү тоонун алдына жете келди. Машинасын токтотуп, обочо дөбөгө кар жиреп баратты. Оор кардан буйдаланып баса албай тердеп чыкты. Башындагы тумагын алды. Ысык тер денесинен нымшып чыгып башынан булоолонгон тер түтүндөй булады. Артына кылчайды, бир таман из өр тартып эки аркан бойдон ашып көтөрүлүп калган эле. Бир кездеги балалык жаштыгын эстеди. Ал кезде азыркыдай чарчоону билбей, суукту сезбей, атасы сатып берген керзовой өтүгүнүн бодур тиштүү таманын ороктун курч мизи менен жонуп таштап, таманын сыйдам кылып кийип алып, жылгаяк тебээр эле. Буга да алымсынбаган ойноо балдар үйлөрүнөн талпак уурдап чыгышып кошоктошуп олтуруп ушул дөбөчөдөн ылдый шыңшурулуп зымырап, көк муштум болуп тоңуп, үшүшүп бүткөн бою терге аралашып суу болуп оюндун кызыгына батышчу. Анда чарчаганды сезишчү эмес эле го...

Көз ирмемчелик тыныгуудан кийин башына тумагын кийип пальтосунун өңүрүн төшөнө күн табы менен сууктан бети карттана түшкөн карга айылына жүзүн буруп олтурду да, улуу тоону карай созулган Көк-Арт өрөөнүн көз алдынан өткөрүп таман алдында турган өз айылына көңүлүн токтотту. Бир кездеги чачкын жайгашкан айыл каз катар көчөлөнүп үйлөрдүн морусунан түтүн булап, көчө бойлоруна жашы улгайып калгандар келтектерине таянышып өз ара маек курушууда. Эч нерседен бей капар чыт курсак жаш балдар чурулдашып асфальт жолдо чаналарын сүйрөшүп дүйнөлөрү түгөл. Иттин үргөнү, короздордун кыйкырганы, уйлардын мөөрөгөнү өз-ара жаңкылдашкан адамдардын абаздары тунук таза абада кулагына даана жаңырып жатты. Кыргызстан КП Ош обком Партиясынын кысымын жан дүйнө, туюмунда айылы менен кеңешип чечкиси келген эле Эргештин:

— Кана, өскөн айылым!, артка кайтайынбы алардын эркине моюн сунуп берейинби? Көз алдындагы, жашоосунун түркөгү болгон айылы:

— Эргеш, мен сени эрки бош, мокок бол деп уядан учурбадым эле? Биз сени менен айылдан канат кагып учуп чыккан мыкты кыраандар менен сыймыктаналы деген элек го. Мына «киндик каның тамган жер, майышпагын намыс эркиңди мага бүлөп алчы» — дегендей болду. Жел сыдырым мезгилчелик убакыттан кийин ордунан туруп көкүрөгүн кере кенен дем алып:

— «Оо кутман жерим, оо кутман элим, айылым, уюткулуу түбөлүк турагым сенин демиң гана керек болчу мага». Ал мансапкорлордун, эрки Алла-Таала, Жаратkандардын эрки эмес». Сенин демиң менин канааттанар түбөлүк демөөрүмсүң деп эркин бүлөп чыйыр ылдый түшө баштады.

Айылынан кайтып келип үйүнө кирди. Күйөөсүнүн маанайы пас экендигин, олутуу бир маселе боюнча канаааrлыгын сезген Күмүшай, Эргешке үйрүлө түшө мойнунан кучактап, оттой ысык илеби менен сүйүп:

— Абалың кандай Эргеш? — деп жай талкууга өттү. Республикалык коомдук-саясий мааниси бар иштерге катыштырууну өмүрлүк жары катары ыйык тутунуп демилгечи болуп келген Күмүшай эмеспи. Эргеш акырын кол имерип белинен кармап көкүрөгүнө сыга кучактап:

Гүкүн, турмуштун агымына карай мага багыт берип, акыл кошуп, кеңешчи болгонуң, көр тириликте эриш-

аркак жубайлык гана милдет эмес, журт жүгүн чогуу көтөрүшөр акыл кара чачымсың. Мен айылда болуп келдим. Айылымдын деми, сенин демиң, менин эркимден жандыралбайт канчалык кысым болбосун мен талапкерлигимди алып таштабаймын. Шайлоонун акыркы минутасына чейин күрөшөмүн.

— Ушундай оор карда айылга барып чарчап келген турбайсыңбы? Апей, кийимдериң да суу тура, баарысын которуп кийин. Кийимдериңи таап келип, чай коеюн деп Күмүшай акырын Эргештин кучагынан суурулуп туруп жөнөдү...

Эки күн өткөндөн кийин Жалал-Абад шаардык Партиялык Комитеттин биринчи катчысы Роба Насыровнага кирип амандашкан соң стулга олтуруп өз оюнан кайтпаганын билгизип:

Роба Насыровна, эл ишеним көрсөткөндөн кийин шайлоого катышамын! Ким кандай кысым көрсөтпөсүн менин эрким ушундай! — деп кесе сүйлөдү. Партиялык принципке барбай, аялдык насилине салбастан, кызматтык абалынан ашкере пайдаланбаган Роба Насыровна:

Эргеш Төрөбаевич, сизге ийгилик каалайм, сиз өтөсүз, эл сизге ишенет деп ыйык таза жолго баштаган ак периштедей болуп сөз сүйлөп, обкомго өзүм жооп берем деп коштошту.

Аял жетекчиден мындай демөөрдүн дымагын көрбөгөн Эргеш, ушунчалык калыс чечкиндүүлүк менен сүйлөгөн партиянын биринчи катчысына ыраазы болуп узады.

Шайлоого 45 күн калганда Коммунисттик Партиянын консерваторлук диктаттыгы менен конференция уюштурулуп Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин рейтингин аныктоо боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүү менен бир же эки депутаттыкка талапкер менен шайлоого барабыз деп чечишип, шайлоо мыйзамына туура келбеген саясий оюндун башын көрсөтүштү. Депутаттыкка талапкер болуп көрсөтүлгөн адамдын өзүнүн каалоосу менен жыйырма мекеме, уюм, ишканадан төрт жүз шайлоочу чакырылып шаардык Партиялык Комитеттин кең Кеңешме залына киргизип, ар бир талапкер өз платформасы менен элдин алдына чыгып сүйлөшүп, алардын берген суроолоруна жооп берип жатышты. Эргеш өндүрүш тармагында иштеген жетекчи катары экономиканы көтөрмөйүнчө адамдардын жашоо турмушу оңолбостугун, өндүрүшчү катары терең

анализдеп, талдап кут куйгандай залдагылардын аң сезимине жеткирди. Ошону менен катар Республиканын экономикасын көтөрүүчү же кыймылга келтирүүчү локомотиви электр энергиясы экендигине ынандырды. Өз платформалары менен чыккан талапкерлерден анын олуттуу чоң саясатчы жана өндүрүшчү экендигин сезишкен залда олтурган шайлоочулар зор кубануу, толкундануу менен кол чабышып эл арасы толкуй түштү.

Шайлоочулардын элегинде турушкан төрт талапкердин ар бирин жекече добушка коюп, рейтингин аныкташты. Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча шайлоо бюллетенине эки адамдын фамилиясы киргизилмек болду.

Алар:

Төрөбаев Эргеш Төрөбаевич — Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору.

В. Т. Громчихов — Жалал-Абад кирпич заводунун директорунун орун басары.

Кыш ызгаарынын катаалдыгы кайтып жаздын шарапаты сезилип түз ойдун жерлердеги карлар калбай эрип жаз жышаанасынын белгиси сезилип үчтүн айынын жыйырма бешинчи числосу эле. Республикада бул саясий компаниянын мааниси өтө олуттуу экендигин, Совет Мамлекетинин курамында турган Республикалардын саясий абалдарынан сезилгендиктен ар бир шайлоочу жоопкерчилик менен баруунy атуулдук милдети катары сезишип шайлоо пункттарына агылышты. Эки талапкердин ишенимдүү адамдары шайлоо пункттарында болушуп шайлоонун жүрүшүн көзөмөлдүккө алып жатышты. Эргештин жан дүйнөсүндө бейпилдик өкүм сүрүп эл ишенимине ээ болооруна ынанып бөксөсүн толтуруп турду.

Жалал-Абад шаарына караштуу № 222 — Пушкин шайлоо округунун комиссиясынын жыйынтык чечими боюнча Эргеш Төрөбаев Кыргыз Республикасынын эл депутаты болуп алтымыш жети пайыз добуш менен шайланды. Алдыда тарыхый окуялар күтүлүп жаткан эле...

## ТАРЫХ ДӨҢГӨЛӨГҮНҮН КҮҮСҮ

Кылым карыткан тарых барактарына коомдук өнүгүү процесси ар кандай оош-кыйыш себептер менен бирде өсүп өнүгүп, бирде жоголуп туруусу табигый көрүнүштөй туюлганы менен анын дөңгөлөгүн айландырган

эл, эл бийлеген билермандар, эл арасынан чыккан — өкүлдөр себепчидей көрүнөт. Түбөлүктүүдөй туюлган совет мамлекетин таратып, бала атадан өз алдынча түндүк көтөрүп бөлүнгөндөй бөлүнүп чилдей тараган союздук республикаларда президенттик башкаруу институту киргизилип, эл чайпалып калды. Мындай мезгилде Президенттикке шайлоо өткөрүү саясий да финансылык да оор кесепеттерге алып келерин туюнушкан партиялык, советтик, чарбалык кызматкерлер 1990-жылдын декабрь айында Кыргыз республикасынын XII шайланган 350 эл депутаттарынын макулдугу менен президентти шайлоого чечим кабыл алышып талапкерлер көрсөтүлдү. Замандын шарын элес албай эски стереотиптик көз караш менен Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы Масалиев Апсамат Масалиевичтин талапкерлиги сунушталды. Бирок, Апсамат Масалиев «Борбор эмне дейт» деп кылчактап эки анжы ойдо турду. Тарых дөңгөлөгү өз өкүмүн жүргүзүп, президенттик башкаруунун экинчи турунa Апсамат Масалиевди, Республиканын Министрлер Советинин төрагасы Жумагулов Апас Жумагулович, Кыргызстан КП Ысык-Көл обком партиясынын секретары Ж. Аманбаев көрсөтүлдү. Үч талапкер тең депутаттардын ишеним добушуна ээ болбой калды. Алгачкы өткөрүлгөн турдан кийин А. Масалиев, А. Жумагулов кайрадан добушка коюлган. Бирок Президенттик бийлик экөөсүнө тең буйруган эмес. Ошол мезгилдерде республикада демократиялык күчтөр күч алып, алар президенттике Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, СССРдин Люксембургдагы дипломаты Айтматов Чыңгыз Төрөкуловичке токтолушту. Бирок, Чыңгыз Айтматов бул сунушка, ишеним көрсөткөндөрүнө ыракмат айтып, өсүп келе жаткан жаш кадр, техникалык илимдин доктору, СССР Жогорку Кеңешинин депутаты Аскар Акаевди сунуш кылат. Демократиялык күчтөр, туура көрүшүп А. Акаевди Москвадан чакыртышып өз программасы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясында чыгышын өтүнүшөт. 1990-жылдын 27-октябрында депутаттар Аскар Акаевдин программасын жактырышып көпчүлүк добуш менен Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланат. Ал эми 1991-жылдын 12-октябрында жалпы элдик шайлоо менен туңгуч Президент болуп калат. Андан кийинки Жогорку Кеңештин сессияларында:



Кыргыз Республикасынын эл депутаты Эргеш Төрөбаев иш үстүндө.



Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев Жалал-Абад ПЭСте.



Делегация Молдова республикасында.



Кыргыз Республикасынын официалдуу делегациясы Молдова республикасында



Молдова республикасынын Президенти М. Снегур,
Кыргыз республикасынын эл депутаты Э. Торобаев.




Япония мамлекетинде.




Түштүк Кореяда.



Америка Кошмо Штатында



Ак Үйдүн алдында



Сеул. Бүткүл дүйнөлүк 97 парламенттер аралык конференциясында. Э. Төрөбаев менен Ж. Акималиев.



Түштүк Корея мамлекетинде.



Сессия мезгилинде.



Кыргыз Республикасынын эл депутаты
О. Абдыкалыков менен



Э. Төрөбаев Кыргызэнергохолдингдин башкы директору Б. Сартказиев менен.



Өндүрүштө.



Иш убагында.



Автор менен.



Шайлоочулар менен.



Жубайы Күмүшай менен.



Уулу Азамат менен.



Э. Төрөбаев балдары, неберелери менен.



Кызы Жамила, небереси Бексултан.

Негизги мыйзамдар, көз карандысыздык декларациясы жарыяланып республиканын урaанын, туусун, мамлекетик тил жана башка олуттуу мыйзам актыларын кабыл алышып жатты. Мындай тарыхый окуя өмүрүмдүн унутулгус жылдары болуп калды деп жазды күндөлүк дептерине Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарына караштуу № 222 — Пушкин шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын эл депутаты Төрөбаев Эргеш Төрөбаевич.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасын башкаруу менен бирдикте эл депутатынын милдетин аткарып, коомдук-саясий турмушта түп-тамырынан бери өзгөртүлүп, эгемен мамлекеттүүлүгүбүзгө негизденүү менен кабыл алынып жаткан мыйзамдарга алардын ар бир сүйлөм, сөз, статьяларынын пункттарына чейин талкуулап, жаңы гана торолуп, томогосун чечип жаткан мамлекетибизде Кыргызстандын «элден чыккан мен чыгаан» деген уул-кыздарынын арасында кызыл тилин бүлөп, өз сунушун аргументтүү фактылар менен далилдеп мыйзамдарга толуктоо, өзгөртүү киргизип жатты.

Республиканын коомдук-саясий турмушунда үлкөн өзгөрүштөр жүрүп, Президент Аскар Акаевдин демилгесунушу менен Ош, Чүй, Ысык-Көл областтарынын ордуна абалтан ата-тек тарыхыбызда келе жаткан 6 дубанды түзүүнү сунуш кылып, 1991-жылы Жогорку Кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизди. Мамлекет башчысынын көрөгөчтүгү демократияга жаңыдан гана үйрөнүп келе жаткан элди башкарууда, социалдык-экономикалык базасын чыңдоодо олуттуу өбөлгө түзүлөт деген түпкү стратегиялык максаты эле. Сессияда бул маселе да кызуу талкууланып жатты. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы Медеткан Шеримкуловду демитип, «сөз бербейсизби» дегендер көп болуп, кызуу кандуулукка алдырып, Президенттин алдындагы комиссияга жана жаңыдан түзүлө турган областтарын уюштуруу комиссиясынын курамына «өз» адамдарын киргизүүгө далалат жасап жатышты. Областтарды уюштуруу комиссиясынын курамы талкууланганда Жалал-Абад областы боюнча эл депутаттары өз пикирлерин, көз-караш сунуштарын айтышат. Сөз кезегинде Республиканын эл депутаты ири масштабдагы ишкананын директору Эргеш Төрөбаев өз пикирин айтуу үчүн трибунага төраганын уруксаты менен көтөрүлдү:

— Урматтуу Аскар Акаевич!
— Урматтуу Жогорку Советтин төрагасы!
— Урматтуу депутаттар!

— Өлкөбүз кабылган азыркы учур биздин алдыбызга өзгөчө милдеттерди коюп олтурат. Ушул кризистен чыгууга өбөлгө боло турган орчундуу маселелердин бири бул кадр маселеси. Мына азыр биз талкуулап жаткан күн тартибиндеги маселеде областтар калыбына келтирилип, республикабыздын башкаруу системасында олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатканда бул маселенин ого бетер мааниси актуалдуулугу жогору экендиги баарыбызга маалым. Себеби бул областтардын Советине, кандай кадрлар келет, алардын билим тажрыйбасы, эң башкысы элдин күндөлүк жана келечектеги муктаждыктарын жүрөгүнөн сезе алабы, рынок экономикасынын шартында иштөөгө мүмкүнчүлүгү жетеби. Же баягы эле эски союздун мезгилиндегидей план-көрсөтмө деп эски «опeрадан» үзүндү айтып жүрө беришеби?

Менин оюмча бул маселе эч кимди кайдыгер калтырбаса керек. Азыр биз элибиздин келечегин ойлосок. Бүгүнкү күн жаманбы, жакшыбы өтөт. Себеби, бүгүнкү күндү бизге кечеги өткөн муундар калтырды. Ал эми биз келечек муундарга кандай заманды калтырабыз? Алар бизге азыркыдай наалат айтып, нааразы болушпайбы. Мына ушундай жагын ойлонсок. Ошондуктан кадр тандайт десе тууган-уруктан, дос, тааныштардын тегерегинен чыга албай, аркандалган аргымактай казыкта айланып тура бербей Ала-Тоону чарк айланып, шаңшып учкан бүркүттөй бардык тарабыбызды тегиз карасак. Эл үчүн өзүн отко-чокко таштаган чыныгы элге ак кызмат кылган, элдин психологиясын, район-областтардын, керек болсо республиканын социалдык-экономикалык базасын терең анализдеген элдин жыргалчылыгы үчүн кызмат өтөгөн кадр керек.

Аскар Акаевич, менин мындай сунушум бар:

— Биринчиден кадрларды тандоодо аларды сизге тигил же бул кызматка сунуш кылуу боюнча Президенттин алдында бир комиссия иштесе, бул комиссиянын составына бардык региондордон бирдей сандагы элдин санына жараша депутаттардын арасынан тандалып алынса жакшы болор эле.

Экинчиден, кадрларды тандоодо мындай бир негизги принцип сакталса, облустарга, райондорго, шаарларга жергиликтүү кадрлар тандалса. Себеби башка жактан

келген кадрдын психологиясында эртеби-кечпи баары бир кетем деген ой турат же болбосо кезектеги трамплинди күтүп жүрө берет экен. Ал эми жергиликтүү кадр өз үйүн кандай караса, өзүнүн шаарын, районун, облусун ошондой карайт деп мен бекем ишенем. Мен эле эмес, ушул залда отургандардын дээрлик көпчүлүгү ушундай ойлошсо керек.

Ошондуктан эл депутаттарынын тобунун атынан төмөндөгү сунушту киргизем. Жогоруда айтылган Президенттин алдындагы комиссияга жана Жалал-Абад облусунун комиссиясынын составына төмөнкү депутаттарды киргизип, добушка коюңуздарды суранам:

Калчынов Давлет Асанкулович, Текенов Жолболду, Өмүралиев Эсенкул Касымович, Бекболотов Жеңиш Бекболотович, Түлөбердиев Жамалбек Түлөбердиевич, Бектуров Ороз Акматович, Осмонов Бекмамат Осмонович, Кулов Феликс Шаршенбаевич, Турдубаев Жээнбек Турдубаевич, Нанаев Акматбек Касымкулович, Камчыбеков Равшанбек, Сулайманкулов Арзымат Жапарович, Мамбетов Шергазы Асанбаевичти сунуш кылып күн тартибине киргизүүнү сураңды. Ушундай эле сунуштарды бир нече депутаттар айтышып, уюштуруу боюнча комиссиянын составын бекитишти.

Жалал-Абад областтын уюштуруу боюнча комиссиянын төрагалыгына Президенттин Указы менен Ноокен районуна караштуу № 291 Сакалды шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын эл депутаты Равшанбек Камчыбеков дайындалды. Орун басарлыгына Токтогул районуна караштуу № 328 Кызыл-Өзгөрүш шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын эл депутаты Бекмамат Осмонов. Мүчөлөрүнө: Бакиев Курманбек Салиевич Көк-Жаңгак шаарына караштуу № 229 курулуш шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын эл депутаты, Таабалдиев Тынчтыкбек — Сузак районуна караштуу № 321 Көк-Арт шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын эл депутаты, Эркин Арстанбаев — Аксы районундагы № 267 Афлатун шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын эл депутаты. Сыдыков Шералы,— Майлы-Сай шаарындагы № 235 Борбордук шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын эл депутаты, Эргеш Ормонов — Кара-Буура районунун № 94 Кара-Сай шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын эл депутаты. Роба Абдысаматова — Жалал-Абад шаарына караштуу № 221 Жалал-Абад шайлоо округу-

нун Кыргыз Республикасынын эл депутаты. Орозмат Абдыкалыков — Кара-Көл шаарына караштуу № 227 Энергетика шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын эл депутаты. Жооптуу кызматкер А. Аманова баш болгон уюштуруу комиссиясынын курамы түзүлгөн. Облакттын аймагынан тандалып жетектөөчү кадрлар аппараттын штаттык структураларына жооптуу кызматка чакырылды. Ошондой эле областтагы тармактык жетекчилерди альтернативалык негизде кызмат орундарына бекитип жатышты. Мына ушул өткөөл мезгилдерде өзгөчө бийликтин азгырыгы адамдарды алчылантып, ат салышып, тизгин талаша «Аталашсам атам тең, баталашсам батам тең» дешип бир имараттын ичинде миң кубулуп түрлөнүшүп, учурашса жылмайышканы менен ар биринин ичинде ит өлүп, бири-бирине сыр алдырбай тагдыр чечүүчү облусттун депутаттарын, партиялык-советтик кызматтарда иштеп келген кадырман аксакалдарды, ири ишканалардын жетекчилерин ич ара бөлүшүп, сүйлөшүү жүргүзүшүп эл бийлөөчү бектерден ыйман кете баштады. Талашта турган тактын ээрине олтуруш үчүн жаңыдан уюшулган Жалал-Абад облусунун аймагынан облусттук кеңешке депутат болуусу керек эле. Облусттагы бийликти буйлалап алып калуу үчүн Равшанбек Камчыбеков, Бекмамат Осмонов шайлоо мыйзамына ылайык депутаттыкка Жалал-Абад облустуна караштуу шайлоо округдарынан өз талапкерлигин көрсөтүшүп облусттук кенештин депутаты болуп өтүп келишти. Уюштуруу комиссиясынын төрагасы жана анын орун басарынын ортосунда бийлик бөлүштүрүүдө пикир келишпестиктер пайда болуп, эки талапкерлердин ортосунда от ыргытып өздөрүнө жылуу коломто издеген мансапкорлор эки талапкер туурасында түрдүү ушак-айындарды таратып, Президент, Жогорку Кеңештин төрагасына, Өкмөткө жана башка бийлик бутактарына, массалык-маалымат каражаттарына кайрылышып, эрөөлдү курчутуп адам ыйманына камчы чабылып жатты. Бирин-бири алдыртан андып, шек санашып облустун депутаттарын жекече кабыл алууларын, түн катар жолугушууларды уюштурушуп, ооз жүзүндө кызмат орундарын бөлүштүрүп берип, эл башкартып манчыркатып жатышты. Депутаттар арасында эки ажырым болуп, кимдин очогуна отун ташып, табына жылынсам деген ойлор пайда болуп, кайсыл талапкер кандай креслону сунуш кылар экен деп саясий оюндун отун алоолонтуп жатышты.

Бул ааламда табияттын керемет сырындай адам баласы анчалык аңдабаган өсүү жана жоголууну унутушуп, күндөлүк жашоонун табитине азгырылып кетет тура. Ич ара бөлүштүрүлгөн бийлик орундарын чечүүчү бөкөлдөрдүн тагдыры таразага салынар кез келди.

14-апрель 1991-жыл Жалал-Абад шаары. Жаз айынын салкын абасы, күндүн аптоосунун табы жаратылыштын керемет касиетинен өсүмдүктөр бүрдөп, гүл, жалбырак ачып, жан-жаныбарларга жашоонун азгырыгын тартуулап, айлана көркүнө кирип, шаар ичи жандуу кыймылда. Жалал-Абад региону совет доорунун мезгилинде бирде кантон, бирде облус болуп түзүлүп, кайрадан жоюлуп, кырк жылга жакын Ош облусунун курамында тургандыктан коомдук-саясий улуу бурулуштардан улам облус болуп кайрадан түзүлүүсү тарыхый окуя эле. Мындай тарыхый окуяга эч ким кайдыгер эмес эле. Ленин көчөсү менен Совет көчөсүнүн кесилишинен орун алган областтык уюштуруу комиссиясынын 3 кабаттуу имаратынын ичинде сессия өткөрүүгө карата даярдык көрүлүп, бардык депутаттар чакырылып, документтер такталып жатты. Жаңыдан облуска кирүүчү районшаарлардан айыл-кыштактардан автобус, жеңил машинага жана жөө-жалаңдап агылган эл уюштуруу комиссиясы жайгашкан имараттын айланасын курчап кетти. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери кошумча чакырылган күчтөр коопсуздукту сактоо боюнча оперативдүү даярдыктарды көрүшүп аскердик даярдыкта турушту.

Кайрадан түзүлүп жаткан Жалал-Абад областынын уюштуруу сессиясына Кыргыз Республикасынын Вице-Президенти Г. С. Кузнецов, Жогорку Кенештин туруктуу комиссиясынын төрагасы, Кыргыз Республикасынын эл депутаты, республиканын эл жазуучусу Төлөгөн Касымбеков жана башка Өкмөттүн курамынан официалдуу адамдар Бишкектен учуп келишти. Вице-Президентти тосуп алган Равшанбек Камчыбеков жол катар уюштуруу иштерин баяндап, сессияга депутаттар толук чакырылып, даярдык жакшы экендигин билдирген эле. Сессиянын күн тартибинде уюштуруу маселеси болгондуктан сессиянын ишине облустук депутаттардан сырткары Кыргыз Республикасынын эл депутаттары, коомдук-саясий уюмдардын өкүлдөрү чакырылган. Ачык асмандын астында котологон эл өз ишениминдеги адамдарынын ысымдарын айтып, кыйкырышып жатышты. Ал эми

кээ бирлери купуя ичтен сыза Көкө Теңир Жаратkандан өз ынанымындагы адамды эл башы болуп калса экен дешип, тилек кылып жатышты...

Сессияга катышып олтурган Кыргыз Республикасынын эл депутаты, региондогу эң ири ишкананын директору Эргеш Төрөбаев президиумда олтурушкан өкмөттүк делегацияга, уюштуруу комиссиясынын мүчөлөрүнө, текшерүү комиссиясына кайрылып, калыстык үчүн бюллетендер салынган кутучаны депутаттардын алдында ачып, ачык саноону сунуш кылды. Сунуш колго салынып, бир добуштан кубатталды. Текшерүү комиссиясынын төрагасы Б. Анарбаев баштаган мүчөлөрү эки талапкердин алган добуштарын ачык саноого өтүштү. Бекмамат Осмоновду жактап добуш берген депутаттардын бюллетен баракчалары додолонуп үйүлүп, областтын эки тизгин бир чылбырын колго алды. Күн тартибиндеги уюштуруу сессиясынын ишине катышкандарга Жалал-Абад областтык Кеңешинин алгачкы төрагасы Бекмамат Осмонов ишеним көрсөткөн депутаттарга ыраазычылыгын билдирип, сөз сүйлөдү.

Сессия өз ишин аяктап, Вице-Президент баштаган өкмөттүк топ, депутаттар, коомдук-саясий уюмдун өкүлдөрү эшикке чыкканда удургуган эл Б. Осмоновдун тарапкерлери терең ыраазы болушуп, ал эми калыс турган эл областтык уюштуруу комиссиясынын төрагасы болгон Равшанбек Камчыбековго жана анын курамына кирген мүчөлөрүнө жана жаңыдан шайланган Жалал-Абад областтык Кеңешинин төрагасы Бекмамат Осмоновдун эмгектери тарых барактарында, элдин эсинде түбөлүк кала бере тургандыктарын айтышып, Равшанбек Камчыбеков менен эриш-аркак иштешкендерге республиканын эл депутаты Эргеш Төрөбаев, кадырман ардагер Муктар Исакулов, Кыргызбай Бакиев баштаган аксакалдар «эр чегишпей бекишпейт» деген кыргыздын накылын эске салышып, чогуу иштөөгө ак баталарын жолдошту.

Жалал-Абад областтык Кеңешинин төрагасы болуп шайланган Бекмамат Осмонов, орун басарлыгына Курманбек Салиевич Бакиевди дайындап, областтын экономикасын көтөрүүгө арабага чегилген кош аттай болуп, элдин ишенимин аркалоого бел байлашты. Тоталитардык системанын түркөгүн кулап, коммунисттик партиянын таасири коомдук-саясий процесстин төңкөрүшүндө өз өкүмүнөн сүрүлүп, бийлик советтерге берилип жаткан мезгил

эле. Бийлик арасында тымызын республикада жүргүзүлүп жаткан коомдук-саясий экономикалык реформага бут тосуулар ар кандай айла-амалдар менен жүргүзүлүп жатты. 70 жылдан ашык убакыттан бери жалпы элдин маңдай тери каны-жаны менен куралган коомдук менчикти кайрадан өз ээлерине берип таркатпай, айланып кеткен тарых дөңгөлөгүнүн парасында аман-эсен калышып, коомдук менчиктин башка формаларын таңуулап, коомдук менчиктин мүлктөрүн кумга сиңген суудай эч кандай белгисиз изсиз өздөрүнө сиңирип, азганактай сүткор жетекчилер элди митедей соруп жатты. Тескөөчүлүк канына сиңип калган эл жетекчилерди кудайындай көрүшүп, ал эми эл арасынан суурулуп чыккан коомдук процессти туура түшүнгөн турмуштун өтөлгөсүн аңдаган реформалык багытка элди жеткирүүгө аракет кылгандарды «эл бузар» деген атка кондурушту. Ар кандай айла-амалдар менен эл аралаган жетекчилерди бири-бирине каршы коюшуп, обласста кырдаал курчуп жатты. Республиканын Президентине, Жогорку Кеңешке, Өкмөткө областтын жетекчиси Бекмамат Осмоновдун үстүнөн ар кандай дооматтар жазылып, аягы суюлбагандыктан Жалал-Абад областтык Кеңешинин төрагасы болуп шайлангандыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы кечигип чыкпай жатты. Эл арасында ар кандай ушак-айың сөздөр таркады. Областтык Кеңештин депутаттары Республиканын Президенти Аскар Акаевге кайрылуу кабыл алышты. Б. Осмоновдун шайлангандыгы жөнүндөгү Указдын долбоору даярдалып коюлганы менен Президенттин кол койбой жаткандыгынын себеби областтык Кеңештин төрагасынын үстүнөн чынында эле түмөндөгөн арыздар бар болчу. Бекмамат Осмонов Кыргызстан КП Токтогул райкомунун партиялык комитетинин биринчи катчысы болуп турган мезгилинде кетирилген мүчүлүштүктөрдү, каталыктарды козгоп, арыздангандар бар эле. Арыздарды Президенттин, Өкмөттүн официалдуу адамдары Ж. Сааданбеков, Э. Дүйшеев баштаган топ жеринде текшерип жатышкан. Ошол эле мезгилде Жалал-Абад областтык Кеңешинин депутаттарынын демилгелүү тобунун бир группасы эл менен тике маңдай сүйлөшүп, текшерүүнү катар жүргүзүшкөн. Жалал-Абад областтык Кеңешинин депутаттарынын текшерүүсүнүн жыйынтыгын Президент Аскар Акаевге жөнөтүшкөн. Ошол эле мезгилде Ж. Саадanбеков жана А. Дүйшеев жетектеген топтун дагы жы-

йынтыгы берилген. Жыйынтыктын жүрүшүн областтык Кеңештин сессиясында карашып, Бекмамат Осмоновдун үстүнөн жазылган арыз талкууланып, кээ бир фактылар такталып көпчүлүгү негизсиз деп табылган. Бирок, ошондой болсо дагы А. Дүйшеев, Ж. Сааданбеков жетектеген топтун «Арыздын баары аңыз эмес» деген билдирүүсү республикалык «Кыргыз Туусу», «Слова Кыргызстана» гезиттерине жарыяланып кеткен. Указ дагы кечиккен. Областтык Кеңештин депутаттарынын демилгелүү тобу областтын кадырман аксакалдарынын өкүлдөрү ордо шаарыбыз Бишкекке жай чилдесинде Жалал-Абаддан жөнөшкөн. Депутаттар, аксакалдар, Президенттик администрациянын жооптуу кызматкерлерине жолугушуп, Президентке киргизүүнү суранышкан. Жооптуу кызматкерлер Жалал-Абад облустук Кеңешинин төрагасын бекитүү жөнүндөгү Указдын проектиси даяр, Президент Москвада, Кеңешмеге кеткендигин айтып тынчтандырышкан. 1991-жылдын 5-июлунда Бекмамат Осмоновду облустук кеңештин төрагалыгына бекиткен Указы чыгып, дүрбүгөн элди психологиялык жактан калыптандырып, ишке болгон талапты жогорулаткан. Бийликтин ээрине бекем олтуруп, иштөөгө укук берген.

Республикада, областтарда саясий стабилдүүлүк эми гана калыптанып, кадрлар арасындагы карама-каршылыктын айкашы суугандай болуп калган мезгилде Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан кабыл алынган «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана мамлекеттик акимдик жөнүндөгү» жаңы мыйзам актысы коом турмушуна киргизилген. Областтарда, район, шаарларда жетектөөчү кадрлардын арасында бийлик кумарына машырлангандардын чырагына май тамды. Күйгөн көз бийлик үчүн күрөштүн көзөөсүз түрткүсү болду. Кыргыз Республикасынын Президентинин жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын башчылары жөнүндөгү жарлыгына ылайык облустук Кеңештин өткөн сессиясында төрага Б. Осмоновдун жетекчилиги астында жана көптөгөн депутаттардын сунушу менен орун басарларын аппаратын бөлүм башчыларынын кызмат орундарынан областтык кеңештин депутаттарынын көпчүлүк добушу менен кыскартышкан болучу. Кызматкерлердин көпчүлүгүн, мыкты кадрларды чилдей таратып, эл чарбасына, өндүрүш тармактарына кызмат кылууга жөнөтүшкөн. Мамлекеттин жүргүзүп жаткан саясатына ылайык жүргүзүлгөн саамалык ра-

йондук, шаардык Кеңештин сессияларында колдоого ээ болуп, аппараттык кызматкерлер 40—50 пайызга чейин кыскартылып, бюджетке кирген үнөм бир топ оор социалдык маселеге жумшалган. Мамлекеттик акимдик башкаруу институту киргизилгенден кийин дагы бир жолу оомат келди дешип, областта кландык жиктенүүлөр күчөп, бийликке умтулгандар Президенттик, Өкмөттүк аппараттарга жетишип, саясий оюн күчөгөн. Калыптанып келе жаткан республика үчүн стабилдүүлүккө жетишүү Президенттин башкы саясаты болуп, кадрлардын өз ара чабышуусуна бөгөт коюу үчүн Президенттик аппараттан, өкмөттөн атайын топ түзүлүп: — Областтын биринчи жетекчиси ким болот деген? — коомдук пикирди изилдөө боюнча анкета түзүшүп областтын аймагындагы Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин эл депутаттарын, областтык Кеңештин депутаттарын, райондук, шаардык Кеңештердин төрагаларын, коомдук-саясий уюмдарынын өкүлдөрү жана башка жооптуу кызматкерлердин арасында социологиялык иликтөө жүргүзгөн. Областтык Кеңештин залында өткөрүлгөн бул иликтөөгө 195 адам катышкан. Анкетада областтык мамлекеттик акимдигинин башчылыгына ат салышкан Бекмамат Осмонов, Эркин Арстанбаев, Шералы Сыдыков, Жеңишбек Бекболотов жолдоштор, ошондой эле залда катышып олтургандардын сунушу боюнча тизмеге Касым Исманов, Курманбек Бакиев, Орозмат Абдыкалыков, Тынчтыкбек Таабалдиев киргизилген. Анкеталык иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча Б. Осмонов — 125, Э. Арстанбаев — 27, Ш. Сыдыков — 22, Ж. Бекболотов — 7 добуш алышкан. Кошумча сунуш болгон К. Исмановго — 4, К. Бакиевге — 3, О. Абдыкалыковго — 2, Т. Таабалдиевге — 2 добуш берилип, коомдук пикирдин жыйынтыгы боюнча Бекмамат Осмоновго тең келе алышкан эмес. Коомдук пикирди иликтөөнүн жыйынтыгы республиканын президенти Аскар Акаевге билдирилет, Президент «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (Негизги Закон) 137-статья 1-бөлүгүнө ылайык Бекмамат Осмонов Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад дубандык мамлекеттик акимдигинин башчысы болуп дайындалсын» деген 27-март, 1992-жылы Указга кол коет.

Областтагы мамлекеттик акимдикти жарыялоо салтанатына республиканын Премьер-министри Турсунбек Чыңгышов катышып, жаңы акимге ийгилик каалаган.

## КАЙРАДАН ДЕПУТАТТЫК КОРПУСТА

Республиканын тарыхынын жаңы барактары ачылып, Кыргызстан көз карадысыздыкка жетишип, дүйнөлүк шериктештикте толук укуктуу мамлекет болуп калган. Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын дүйнөнүн бир жүз отуздан ашык өлкөсү таанып, алардын ичинен токсонго жакыны дипломатиялык мамиле түзүп жашоо агымы көп кырдуу өзгөрүштөр менен жүрүп жатты. Ошол эле учурда Жалал-Абаддык областтык мамлекеттик бийлигинде пикир келишпөөчүлүктүн кесепетинен бийлик башчыларынын ортосунда көп саясий интригалар болуп областта абал курчуп кеткен. Областтагы абалдын курчушу Республиканын Президенти Аскар Акаевдин көңүлүнүн борборунда болуп, областтын акими Бекмамат Осмоновдун үстүнөн жазылган арыз-дооматтарды иликтеп, областтагы бийлик ажырымынын себептерин тактатып жаткан. 1992-жылдын күз айларынын күндөрүндө Президент областка актив өткөрүүгө келээрин билдирген. Областтын акими Бекмамат Осмонов баштаган жетекчилердин тобу Жалал-Абад аэропортунан тосуп алууга барышып, күтүп турушту. Делөөрүп калган калк ар кандай жарлыктарды көтөрүшүп аэропортто, областтык акимчиликтин алдында шамал айдаган кара тумандай үйүлө беришти. Дүрбөлөңдүү абалдын курчуп кетишинен сестенишкен бийлик башчылары ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлерин, аскердик бөлүктөрдү киргизип коопсуздукту камсыздандырышты. Айдактаган иттей болгон кара аламан топ, өз пикирлеринде болушуп таратууга болгон далалат текке кетип, казганактай болушуп тарашпады. Аэропортто Бишкектен алгачкы рейс Як-40 самолету келип конду. Президентти күтүп турушкан областтын жетекчилерин, массалык маалымат каражаттарынын кызматкерлерин, элди таң калтырып атайын жасоолчу желдеттердей болгон кылкандай жигиттер түшүштү. Аларды күтүп турган атайын машиналар менен кызматтык милдеттерин аткарганы жөнөп кетишти. Күтүп жаткан эл, областын акими Бекмамат Осмонов баштаган областтын жетекчилери кооптоно түшүштү. Президент Аскар Акаев бир сааттан кийин учуп келди. Президентти тосуп алган областтын жетекчилиги атайын кортеждердин коштоосунда түз эле областтык акимчиликтин кеңешме залында күтүп жаткан актив менен жолугушууга жөнөштү.

Областтагы абалды оңдоо жөнүндө активде Президент Аскар Акаев кайрылып, өз позициясын билдирип, областтын акими Бекмамат Осмонов менен жекече сүйлөшүп кеңешмени аяктады. Казганактай болуп күтүп турган элге, жетекчилер арасындагы абалдын оң жагына чечилгендигин белгилеп сөз сүйлөп эл менен коштошуп, коштой келген өкмөт адамдары менен Бишкекке учуп кете беришти. Көп убакыт өтпөстөн 1992-жылдын аяктарында Республиканын Вице-Президенти Г. С. Кузнецов келип областтык жетекчилерди чакырып кеңешме өткөрүп областтын акими Бекмамат Осмоновдун өз эрки менен мамлекеттик кызматтан бошонгондугу туурасында Республиканын Президентинин Указын окуду. Областтын акими болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун төрагасы болуп иштеген Тагаев Абдыжапар Абдыкаарович дайындалды. Кадр саясатында олуттуу өзгөрүштөр болуп жаңыча иштөөнүн үлгүсүнө киришишти.

Убакыт учкан куштай закымдап легендарлуу парламент аталган Республиканын Жогорку Кеңешинин эл депутаттарынын укуктук мандаты аяктай баштаган. Эгемен Кыргыз Республикасынын эл депутаттарынын жаңы биринчи чакырылышынын мөөнөтүн күтүшүп саясий компанияга даярдык көрүлө баштаган эле. Мындай учурларда саясий партияларды түзүү, коомдук кыймылдарды уюштуруу, мезгилдүү өнөкөткө айланып эл массасын өздөрүнө тартуу үчүн саясатчылардын аламан байгесинин дүбүртү күчөгөн. Областтын акими А. Тагаев баштаган жетекчилер жаңы типтеги социал-демократиялык партияны түзүүгө кирешет. Алгачкы пикирлешүүлөр А. Тагаев, Т. Табалдиев, Э. Төрөбаев, К. Бакиев жана башка жетекчилердин арасында болуп 1993-жылдын аяктарында социал-демократиялык партиясынын уюштуруу конференциясы өткөрүлүп анын жетекчилигине областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы Абдыжапар Тагаев шайланат. Партиянын мүчөлөрү негизинен областтын аймагындагы район, шаарлардын жетекчи кадрлары эле. Жаңы түзүлгөн социал демократиялык партиянын түпкү максаты: бийликти чыңдоо, жакындап келе жаткан депутаттык мандат үчүн шайлоо саясий компаниясына даярдык көрүү болчу. Рынок экономикасынын шартында областтын экономикалык көрсөткүчтөрү Республиканын башка областтарына салыштырмалуу дурус болгону менен эл-

дин жашоосунун оорчулугу сакталып кала берген. Мындай абал бир гана биздин республикада эмес шериктештикке кирген бардык республикаларда экономикалык, социалдык олуттуу өзгөрүштөр болбой жашоо үзүрү өз калыбына келе албай жаткан. Ошондой мезгилдерде Республиканын мамлекеттик саясий шайлоо компаниясына даярдануу курчуган. Ким кайсыл аймактан депутаттык талапкерлигин көрсөтөт деген ой ар бир кызматкердин көңүлүн өйүп, мезгил кысып жаткан. Областта депутаттык мандатты бөлүштүрүүдө кайсыл атуулдун эмгеги кайсыл жерде, кайсыл элде олуттуу экендигин аныкташып, ич ара сүйлөшүүлөр жүрүп, кандай жол менен депутаттык мандатты алуунун пландары иштелип чыгып жатты. Бул саясий компания жөнүндө ой-толгоону жетекчи кызматкерлер эртелеп баштап шайлоо округдарын түзүүдө өз кызыкчылыктарын көздөшкөн. Олуттуу саясий зор мааниси бар ишке областтын биринчи жетекчиси Абдыжапар Тагаев эл жүгүн аркалаган адамдар менен сүйлөшүүнү жүргүзүп сергек мамиле кылып жатты. Ошондой көңүлдү топук кылбаган ой толгоосун Республиканын эл депутаты, электр тармактар ишканасынын директору Төрөбаев Эргеш Төрөбаевич менен бөлүшүп:

— Эргеш аке, мына депутаттык мандатыңыздын мөөнөтү аяктап жатат, эгемен Республиканын Жогорку Кеңешинин эл депутаттарынын биринчи чакырылышына талапкерлигиңизди коюуга аракет жасасаңыз, сизди колдойбуз. Менин өзүмдүн да оюм бар. Талапкерлигимди Көк-Арт өрөөнүнөн койсомбу? — деп чырмооктой миң ажырым болуп тургандыгы жүзүнөн көрүнүп турду. Мындай олуттуу саясий маселеде такшалып калган, Эргеш:

— Абдыжапар, сиз областтын жетекчисисиз, ошондой эле Республикалык масштабда иштеп такшалып калдыңыз. Ким татыктуу талапкер экендигин, элдин ишеничин актай ала турган атуулдарды билсеңиз керек. Кимди талапкерликке көрсөтүп колдоо керек болсо жардам беребиз. Сөз нугун Абдыжапар башка жакка бура:

— Бул меселе боюнча сүйлөшөөрбүз Эргеш аке, областта эл жашаган турак жайларды электр жылуулук системасына өткөрүүнү күч алдыруубуз керек. Алгачкылардан болуп энергетиктердин шаары Кара-Көлдү өткөрдүк. Өзүңүз жакшы билесиз, көптөгөн электр

жабдыктары керектелип, чыгымдар көбөйүп жаткандыгын өкүнө сүйлөдү.

— Абдыжапар — деп сөз учугун улады Эргеш, областтагы ар бир үй-бүлөнү электр жылуулук системасына өткөрүү кесипкер адис менин, областтын жетекчиси катары сиздин милдетиңиз. Электр энергиясын өндүрүүчү област катары биздин элге эч кандай приоритеттик жеңилдиктер берилбей жатат. Бул маселени областтык кеңештин депутаттары бир нече жолу көтөрүп чыгышты. Республикада колдобой жатат. Мындай олуттуу маселени областтан шайланган Республиканын эл депутаттары маселе кылып коюп жатабыз. Бирок, эске алчу бир нерсе азыр республикадагы экономиканын локомотиви деп эсептелген электр энергиясы бирден-бир кирешелүү тармак болгондуктан жалпы республиканын кызыкчылыгын да эске алуу зарыл.

— Бул оюңуз туура Эргеш аке, биз Кыргызстандын элдери бир бүтүндүк болушубуз керек. Жүргүзүлүп жаткан реформаны ишке ашырсак, республиканын келечеги кең деп,— областты өнүктүрүүнүн пландары тууралуу ой бөлүшүп, депутаттык шайлоо жөнүндө дагын бир жолу сөз кезегинде айтып оюн жыйынтыктады. Эргеш коштошуп эшикке чыкканда, чындыгында эле жашы өтүп бараткан Эргештин көч артынан оргуган булактай атырылып келе жаткан өрөөндүн жаш жетекчилеринин бейнелери көз алдына келди. Абдыжапар Тагаев, Курманбек Бакиев, Тынчтыкбек Табалдиев, Эмил Узакбаев, Сатыбалды Жээнбеков, Касым Исманов узун сабак тизме улана берди. Булардын ар бири ар кандай мамлекеттик кызматтарды аркалап келечектен көптү үмүттөндүргөн муундардан эле.

1994-жылдын декабрь айынын аяктарында иш кабинетинде олтурган Эргеш Төрөбаевичке областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы Абдыжапар Тагаев телефон аркылуу байланышып, шайлоо компаниясына карата кызуу даярдыктар башталып жатканын айтып, Эмил иниңиз да келиптир кенен олтуруп сүйлөшсөк болот эле деген пикирин билдирди.

— Абдыжапар деп кайрылды — Эргеш. Мени силерден улуу адам катары көңүлүңөргө алып пикирлешкениңизге ыраазымын, пикирлештер чогулгула да менин үйүмө баргыла, Эмилди ээрчитип ал.

— Эргеш аке, Эмил иниңиз жалгыз эмес экен келинчеги менен экен?

— Абдан жакшы, жеңесине жардамчы болот деп кубануу менен кабыл алып жүзүнө жылмаюу уялады.

Кечки бешим мезгилде Абдыжапар, Эмил, Тынчтыкбек, Касым болуп үйгө келишти. Мейман тосуучу чоң бөлмөгө конокторго даярдалган дасторкондо ай тегерек олтурушуп областтын, район, шаарлардын жалпы экономикалык абалы, социалдык жашоо тиричилик туурасында сөз козгошуп өз ара пикир алышып жатышты. Олтургандардын ар бири жоопкерчиликтүү кызматта болгондуктан айтылуучу проблемалар көбөйүп убакыт өтүп жатты. Сөз кезегинде Абдыжапар:

— Эргеш аке, инилериңиздин башын кошуп чай бергениңизге ыракмат. Эми эң негизги маселеге өтөлү дегендей кылып кайрылды. Улуулук да агалык да милдетин сезген Эргеш:

— Силер өсө турган жигиттерденсиңер. Депутат болууга ар бириңер татыктуусуңар. Бирок бул саясий компания өтө оор болот. Демократиянын шартына ылайык альтернативалык негизде жүргүзүлөт, ошондуктан бири-бириңерге тоскоолдук кылбашыңар керек. Жогорку Кеңешке депутатты шайлоодо эки палатага талапкерлер көрсөтүлөт. Ушул жерден сөз учугун Касым улады.

— Мыйзам чыгаруу палатасына жана эл өкүлдөр палатасына мандат талашуу оңойго турбайт. Биз мамлекеттик кызматкер болгондон кийин эл өкүлдөр палатасына талапкерлигибизди койсокпу деген ойдобуз деди. Андай болсо деп насаат сөзүн улады Эргеш:

— Бардык жагдайларды эске алгыла да түзүлгөн округ боюнча өз талапкерлигиңерди койсоңор болот деп сөзүн жыйынтыктады. Эргештин оюна олтургандар кошулуп А. Тагаев — Барпы шайлоо округунан, К. Исманов — Жалал-Абад шаардык шайлоо округунан, Т. Табалдиев — Сузак шайлоо округунан, Э. Узакбаев —Көк-Арт шайлоо округунан талапкерлигин көрсөтүүгө бел байлашып аттанышты.

Меймандарды узаткандан кийин үй-бүлөнүн өз ара сүйлөшүү мезгилинде Күмүшай Эргешке карап:

— Эргеш, эмнегедир сенин талапкерлигиң жөнүндө сөз болбоду го?

— Гүкүн? — мен эми жаштарга орун беришим керек да. Жылдызы түшүп турган Күмүшайга Эргештин орундуу сөзү жүрөгүнөн түнөк таба:

— Эргеш, ушунчалык кенендигиң сенин ким экенди-

гинди билгизип турат. Айта турган нерсе биологиялык процесс боюнча жаштын өтүшү картаюу, улгаюу болгону менен адам баласынын акыл сезими, ак менен караны ылгап калган турмуштук тажрыйбасы мол учуру элүү, алтымыш жаш курагы. Андан сырткары мамлекеттин тагдырын чече турган элдин өкүлү депутат болуш сыймык гана эмес, өтө жоопкерчиликтүү мамлекеттик деңгээлдеги иш. Ошондуктан ойлонушубуз керек! Күмүшай ушундай ойдун тизмектерин айтып жатканда Эргештин жүрөгү жылып өмүрлүк жубайынын ишеними күч, али элге берээр кызматың алдыда деген тымызын табышмактуу ою кайратына, кубатына келтирди:

— Гүкүн! — саясат ишинде оош-кыйыштар боло берет. «Үмүтсүз адам шайтан» эмеспи. «Чуркаган албайт, буйруган алат» — деген накыл сөз бар. Баарысын келечек көрсөтөөр. Гүкүн, Сатыбалды Жээнбековдун келгени эсинде барбы? Ошондо мамлекетти башкарып жаткандардын арасында кайталангыс саясий оюндардын жүрүп турганын айтып бербедиби. Мен дагы эл депутаты катары көп саясий интригаларды өз башымдан өткөрдүм. Ошондуктан бул саясий компания жаңы төрөлгөн жаш баладай далай жолу өзгөрөт. Айтмакчы, Сатыбалды да Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу палатасына өз талапкерлигин Созок, Тогуз-Торо округунан коюп жатат.

— Эргеш! — деди алакан жайган Күмүшай, өсүп келе жаткан жигиттерге, сага ийгилик каалайм. Элдин туу башы болор Кыргыздын мыкты жигиттери көбөйө берсин деп дасторконго бата тилешти.

Шайлоо компаниясына карата талапкерлер көрсөтүлгөндөн кийин өкүмөттүн токтомунун негизинде мамлекеттик бийликтин кызматкерлери депутаттыкка талапкер болсо мамлекеттик кызматты тапшыруу көрсөтүлгөн эле. Ошол себептен улам областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы А. Тагаев, Сузак райондук мамлекеттик бийлигинин башчысы Т. Табалдиев, Жалал-Абад шаардык мамлекеттик бийлигинин башчысы К. Исманов депутаттык талапкерлигин алып таштады. Бир нече мекеме, уюм, ишканадан эл өкүлдөр палатасына депутаттыкка талапкерликке № 3 Барпы шайлоо оругунан эмгеги менен сыналгандар Э. Төрөбаев, Э. Бегимкулов, С. Юлдашев К. Касымов, С. Ташбаев, Н. Кудратиллаев, А. Жумашев, А. Касымов көрсө-

түлдү. Эргеш Төрөбаев депутаттык платформасына Конституциянын жана мыйзамдардын так сакталышы, улуттар арасындагы мамиле, кабыл алынуучу мыйзамдардын жашоо турмушка ийкемдүүлүгү элдин социалдык абалдарына кам көрүү ошондой эле кесипкер адам катары Бек-Абад, Садда, 11 очередь, Созок, Жибек-Жолу подстанцияларын ишке киргизүү, 258 чакырым электр линияларын тартуу маселелерин колго алаарын белгиледи. Эң негизгиси депутат эл менен бийликтин ортосундагы байланыштыруучу көпүрө гана эмес данакер экендигине өзгөчө басым жасады.

Шайлоого аз убакыт калганда А. Касымов Н. Кудратиллаев өз талапкерликтерин алып ташташты. Талапкерлер үгүт иштерин жүргүзүшүп элди арбоого өтүшүп кээ бир талапкерлер ыймандын пастыгына барып жатышты. Бирин-бири демитип ат тизгинин жыйбастан ат салышып турган мезгилде Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу палатасына Созок — Тогуз-Торо шайлоо округдарына талапкер Республиканын алгачкы демократтарынын бири жалындаган энергиянын, толукшуган акылдын мүлдө толкуну сырт келбетине чөгөрүлгөн, тоо суусундай тунук, шар жигит Сатыбалды Жээнбеков агасы Эргешке келип эл аралап журт кыдырганда чогуу жүрүү сунушу менен кайрылды:

— Сендей жигиттер менен бирге жүрүү бизге сыймык иним деп төбөсүнөн кут төгүлгөн азаматтар бирге аттанышты.

Тизгин талашкандардын демин суутар мезгил келип, кыш чилдеси чыгып 1995-жылдын 5-февралы эле. Эргеш менен айгайлашып ат салышкан Эркин Бегимкулов — областтык финансы башкармасынын башчысы, Адылбек Жумашев — областтык автотресттин башкы директору, Колдош Юлдашев — областтык суу чарба курулуш трестинин башкармасы, Салы Ташбаев — бизнесмен, Сузак районунун Барпы акционердик коомунун төрагасы Камбаралы Касымов 35 миңге жакын шайлоочулардан тагдыры элекке салынып жатты. Ошол эле учурда шайлоочулар өз тагдырын кимдерге багыштай тургандыгын кимди тандоо керек экендигин жан дүйнөлөрүнөн сезип, өз ишенимин берип жатышты.

— «Жандоочу кийик аттырат» дегендей бак талашып турган талапкерлердин ишенимдүү адамдары мезгил жаңы гана төрөлүп келе жаткан наристе баладай жаз илебинен кабар берип, мелүүн салкын абада күн ну-

рунун табы жанга жагымдуу болгону менен шайлоо комиссиясы жайланышкан имараттын тегерегинде өз алдыларынча топ-топ болуп кобурашып жан дүйнөлөрүндө тынчсызданууу бар эле. Шайлоо комиссиясында акыркы тактоолор бүтүп жыйынтыгы түнөргөн түндүн бир оокумунда чыгарылды. Шайлоого катышкан 26 минден ашуун шайлоочулардын 15 миңи Эргеш Төрөбаевге тагдырларын багыштап 57,3 пайыз менен эгемен республиканын эл өкүлдөр палатасына шайланууучу 70 депутаттык мандаттын алгакчы таймашуусунда, Республикага аттын кашкасындай таанымал мамлекеттик, коомдук-саясий ишмерлер Т. Усубалиев, А. Масалиев, Чыңгыз Айтматов сыяктуу улкөндөрдүн катарында Кыргыз Республикасынын эл депутаты деген эл ишениминин ыйык асыл максат тилегине жуулушуп эл тагдырын, мамлекет тагдырын калчаган калкагарлардын катарына кошулуп, өмүрүнүн унутулгус күндөрүнө айланды. Жан дүйнөсүндөгү кубанычты тең бөлүшкөн зайыбы Күмүшай:

— Эргеш, мен сага тагдырымды, түбөлүк өмүр сапарымды, кандай багыштасам, 35 миңден ашуун эл сага жашоосундагы жакшылыктын үмүтүн, эң башкысы мамлекеттин келечегин тапшырып жаткандыгын унутпашың керек! Кубаныч менен катар элдин жоопкерчилигин көтөрүү оңойго турбастыгын алгачкы депутаттык мөөнөтүнөн сезген Эргеш оор улутуна жүзүнө жылмаюу ажарланып:

— Күмүшай! — сенин демиң, сенин демөөрүң мени мамлекеттик улуу иштерге катышууга үндөдү. Коомдук-саясий иштерге баш отум менен кирүүгө жардам бердиң. Мен түшүнөмүн рынок экономикасынын оор шартында эл тагдырына байлануу оор болот. Бирок, «Энеден туулган эр жигит элдин уулу» — эмеспи. Ал милдетти ак өтөө менин абийиримде, ал эми сен үйдүн кутусуң. Менин жүзүм, турпатым сен аркылуу күзгү сыяктуу чагылып элге көрүнүп тураарын унутпа деп кубанычты тең бөлүшүп турган зайыбына мээрими уюду...

Республикада жүргүзүлүп жаткан саясатты мыйзам чегинде калыптандырууда, социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүндө, элдин генефондук өзгөчөлүгүнө, цивилизациянын булагы болгон рынок шартына ылайык мыйзамдарды кабыл алууда эл өкүлдөр палатасынын Парламенттер аралык байланыш комиссиясында руха-

ний дөөлөттүн залкар сүрөткери Чыңгыз Айтматов менен катар олтуруп, ой бөлүшө мыйзамдарды талкуулап аргументтүү фактылар менен мыйзам актыларын талкуулоодо кызыл тилин бүлөп, эл тагдырына, мамлекеттин өнүгүш багытына өз салымын кошуп жатты...

## ТЕХНИКАЛЫК КЕҢЕШТИН ЧЕЧИМИ

1995-жылдын кыш айларынын алгачкы күндөрүндө Ноокен районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы Тойгон Зикирович Калматов Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директоруна телефон аркылуу байланышып:

Эргеш Төрөбаевич, Избаскент подстанциясынан бөлүнгөн электр энергиясынын кубаттуулугу начарлап күн сайын режим боюнча өчүрүлүп жаткандыгын, элдин кышка карата отун, көмүр менен камсыз болуусунун начарлыгын бир гана кыштан жылуу чыгыш үчүн үмүтү электр энергиясында экендигин, райондук электр тармактарынын кызматкерлеринен кошумча трансформатор коюуга алгылыктуу жыйынтык болбой жаткандыгын, райондун трансформаторду сатып берүүгө финансылык мүмкүнчүлүгү жок экендигин айтып абалды оңдоп берсеңиз деп суранат. Акимдин өтүнүчүн угуп жатып кошумча трансформатор коюу үчүн 5—10 *млн.* сом чыгымдаларын ойлоп кыш ызгаарында отун, көмүрсүз элдин турмушун көз алдынан өткөрөт да:

Тойгон Зикирович, РЭСтин, ПЭСтин трансформатор таап сатып келип орнотуу үчүн 10 *млн.* сомго жакын акча каражаты чыгымдалаарын, андай каражат жок экендигин эскертип эртең саат тогузда Избаскентте болоорун билдирип коштошту. Ордунан туруп терезеге жакын келип тышка сарасеп салды. Кыш мезгилинин алгачкы айында кар түшпөй кургакчылык болгону менен аба сууп карандай ызгаар болуп кыш өз өкүмүнөн кабар кылып улуу тоолор күмүштөп калган эле. Аким билдирген сөз тынчын алып кайрадан ордуна олтуруп иш үстөлүнөн күндөлүк информациялык билдирүүлөрдү алып Избаскент подстанциясы боюнча маалыматка көз жүгүрттү. Ноокен районунун аймагын тейлеген эки трансформатордун жалпы кубаттуулугу 31 *мгв* түзөт. Ал эми керектөө 38—40 *мгв* болуучу. Электр энергиясын керектөө нормадан ашыкча болгондуктан режим кирги-

эилгендигин билсе дагы тактык үчүн маалыматка көз жүгүртүп өттү. Электр энергиясынын 10000 *кВа* тартыштыгын түзгөн. Абалдан чыгуунун жолун кандайча чечүү керек экендигин ойлонду. Бир гана үзүлбөгөн үмүтүн 1947-жылкы эски трансформаторго байланыштырды. Бирок ал 67 тонналык трансформатор, моралдык-физикалык жактан 20 жыл мурун эскирип иштен чыккан эле. Аны кайрадан ишке киргизүү үчүн трансформаторлорду оңдоочу өндүрүштүк ишканалар Бишкекте, Ошто экендигин эстеп канча чыгым каражат кетээрин эсептеп көрдү —500 000 сом. Мындай каражат жок. Трансформаторду кайдан алабыз? Отун, көмүрсүз эл кыштан кандайча чыгат деген түмөн ойлор сапарлап жаап жатты. Өз мүмкүнчүлүгүбүз менен аракеттенип эски трансформаторду оңдоп колдонууга киргизүүнүн болжолдуу вариант схемасын күндөлүк дептерине жазып чыкты да ишкананын жоопту кызматкерлерин Н. Маматов — башкы инженер, А. Машрапов — директордун орун басары, С. Кенжекулов — директордун орун басары, Т. Абжапаров — директордун орун басарын чакырып Ноокен районунда түзүлүп жаткан кырдаал туурасында баяндап өз ойлоруңарды, сунушуңарды билдиргиле деген собол узатты.

Тунжураган тынчтык көпкө созулбады. Олтургандар энергетика системасында көп жылдардан бери иштеген мыкты адистер эле. Өз ойлорун, көз карашын, сунушун айтууга ар биринин аргументтүү далилдери бар болчу. Алгач сөздү өндүрүшкө жооп берген башкы инженер Нурлан Маматов баштады:

— Эргеш Төрөбаевич, Ноокен районундагы абал кыш айларында өтө оор болот. Азыртан ишти колго алуу керек. Ноокен районунун аймагына энергия бөлүштүрүп турган эки трансформатор өтө чоң чыңалууда. Нормадан ашык иштеп жатат, өрттөнүп кетип өтө көп чыгымга учурашыбыз мүмкүн. Ошондуктан эски трансформаторду оңдоп ишке киргизүү керек.

— Нурлан! — деп кайрылды Асылбек 67 тонналык трансформаторду оңдоо үчүн өндүрүштүк ишканага жеткирүү керек. Ал көп кыйынчылыкты бир нече миңдеген сом каражатты талап кылат. Ошондуктан өз күчүбүз менен оңдоого аракеттенбейлиби?

— Асылбек туура айтат. Бирок техникалык жагын кандай кылабыз? — деп Турсун коллегаларына кайрылды.

— Эргеш Төрөбаевич, мен коллегаларымдын сөзүн кубаттаймын ондоп ишке киргизүү үчүн техникалык кеңеш түзөлү! — деген сунушун Сыргабек билдирди. Адистердин сөзүн угуп олтурган Эргеш:

— Мен Сыргабектин жана баарыңардын сунушуңарды колдоймун. Бул маселени Избаскент подстанциясын техникалык кароодон өткөргөндөн кийин жеринде чечели. Трансформаторду тез аранын ичинде ишке киргизүү зарыл. Эртең саат сегизде жөнөп кетебиз. Техникалык кеңештин курамына мен баш болуп ушул олтургандар Ноокен РЭСинин жетекчиси А. Турдумамбетов, райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Тойгон Зикирович Калматов кирет. Өз ойлоруңарды конкреттештирип, конструктивдүү сунушуңарды техникалык мүмкүнчүлүккө жараша ар бирибиз айта турган бололу. Кызмат ордуңуздарга барууга уруксат.

Адистердин арасында өз-ара пикирлер айтылып башкы инженер Н. Маматовдун иш кабинетине кириштн. Түзүлгөн кырдаал боюнча кызуу жандуу талкуу башталды. Трансформатордун схемалары түзүлүп кошумча электр энергиясын алуу үчүн эски тансформаторду оңдоо керек деген бүтүмгө келип тараштн. Айтылган убада боюнча Эргеш баштаган топ саат сегизде Ноокен районуна жөнөштү. Райондун борборунда аким З. Т. Калматов, РЭСтин жетекчиси А. Турдумамбетов электр тармактарынын кезматкерлери менен күтүп турушкан эле. Атайын топ Избаскент подстанциясы жайгашкан аймакка келип түшүштү. Караандай суукка жер каймактанып тоңуп тоо желинин салкын абасы ооздон чыккан ысык демди булоолонтуп турган. Эргеш жетектеген техникалык кеңештин мүчөлөрү техникалык мүмкүнчүлүктү жеринде талкуулай башташты. Алгач сөз баштаган райондун акими Тойгон Зикирович:

— Элдин татаал турмушун бир нече аргументтүү фактылар менен далилдеп үзгүлтүксүз ток берип турууусун энергетиктерден суранды. Эргеш өзүнө мүнөздүү болгон табияты менен иштин чечилүүчү жагдайына сөз буруп, техникалык кеңештин мүчөлөрүнө өз оюн айта баштады:

— Тойгон Зикирович, энергетиктерге физиканын мыйзамы ыйык. Эски трансформаторду оңдоо гана керек. Оңдой албасак жаңы трансформатор орнотулганга чейин режим функциясы колдонула берет. Бизде бир гана жол бар. Үчүнчү трансформаторду оңдоп «Избаскент — Ан-

дижанга» кеткен линиядагы электр энергиясы резерв катарында туруп, мезгил-мезгили менен убактылуу гана колдонулат. Андагы турган щиттеги өчүрүүчү системанын блогу аркылуу абалды жөндөсөк болот. Директордун оюн башкы инженер Нурлан Маматов улады:

— Атайын өндүрүштүк ондоочу ишканага алып баруу, оңдотуу көп чыгымга турат. Ушул жерден оңдоо керек?

— Нурлан, оболу көп жылдан бери туруп калган трансформатор сыз тартып, нымдуу болуп калган. Ошондуктан жылуулук берип нымды буулоо керек деди Эргеш.

Трансформаторду техникалык жактан оңдоо кыйынчылыкка тураарын сезген Тойгон Зикирович абалдын түйшүктүү экенин сезип директорго кайрылып:

— Сиз ишти уюштуруп, техникалык жактан жардам көрсөтсөңүз, мен оңдоочу энергетиктердин жатууга жайын, тамак-ашын даярдатайын.

— Ыракмат Тойгон Зикирович, кызматкерлер үчүн иш сапарына төлөнүүчү акча каражаты бар. Трансформаторду оңдоо биздин функционалдык милдетибизге кирбейт. Ошондой болсо дагы эксперимент катары көп жылдык тажрыйбаны колдонуп аракет кылып көрөлү деп жатабыз.

— Эргеш аке, мен түшүнүп жатам, оңдоо үчүн атайын шарты бар цех керек экен. Ачык асмандын астында оңдоо ишин жүргүзүү техникалык жактан туура эмес. Бирок сиз жетектеген топ жеринде маселени чечүүгө аракеттенип жатканы эл үчүн экендигин, камкордугуңуздарды туюп жатабыз. Ошондуктан сиздерге да биз тараптан камкордук болушу лаазым.

— Андай болсо, түшүнгөнүңүзгө ыракмат, техникалык кеңештин чечими боюнча жеринде оңдоо керек. Нурлан кимдер менен иштейсиң?

— Б. Сабыркулов, А. Маматибраимов менен.

— Эргеш Төрөбаевич, керектүү каражаттар менен жабдып туруу А. Турдумамбетовдун милдети болсун! — деди Нурлан.

— Ишти баштоого уруксат. Техникалык коопсуздукту сактагыла деп башкы инженердин колун бек кысып Эргеш Төрөбаевич, Тойгон Зикирович жылуу пикирде коштошушту.

Нурлан баштаган топ трансформатордун жалпы абалын карап чыгышып катушкага ток өткөрүүчү зым чыр-

машып энергия берип майга аралашкан сууну жана трансформатордогу нымдуулукту кургатуу иши башталды. Өзгөчө ишке тоскоол болгон трансформатордун майынан бөлүнгөн буу толук бууланып кетпей кыйынчылык түзүп жатты. Жүргүзүлүп жаткан иштин жагдайын билүү максатында Эргеш, Избаскент подстанциясына эки күн өткөндөй кийин келди. Жүргүзүп жаткан иш туурасында башкы инженер баяндады. Оңдолуп жаткан трансформаторду айланып карап майдагы суунун бууланышы өтө кеч болуп жатканын көрүп бууну соруучу вакуум түзүп клапан коюу керектигин Нурланга айтып өттү сөз кезегинде:

— Эргеш Төрөбаевич, бир гана негиздүү айлабыз ушул. Клапанды алып келүүнү Турдумамбетовго айтканмын. Келип калса керек. Подстанцияларды бир сыйра айланып көрүп, жалпы абал менен таанышканчакты атайын авариялык машина менен клапанды алып келип калышты. Клапанды коюшуп, ваакуум түзүшүп бууландырууну улантышты. Мурдагыга салыштырмалуу буулануу тез жүрө баштады. Эргеш, Нурлан менен трансформаторго кошумча электр энергиясын байланыштыруунун схемасын дагы бир жолу талкуулашып көңүлү көтөрүңкү кайтты.

Декабрь айынын аяктарында трансформатор толук оңдолуп бүттү. Техникалык кеңеш кайрадан чогулуп ишке киргизүүнү баштаушты. ВЛ-110/35/10 *кВ* подстанциясына кошумча трансформатор «Избаскент — Андижан» линиясын өчүрүүчү блогуна трансформатор уланып техникалык операциялар толугу менен ийгиликтүү аяктады. Ноокен районунун элине, эл чарбасына кошумча 41 мгв энергия булагы берилип керектөө муктаждыгын канааттандырып режим функциясы алынып салынды. Атайын топтун жигердүү аракетинин негизинде 5—10 млн. сомдук үнөм жасалды.

## БИРИНЧИ ВИЦЕ-ПРЕМЬЕР МИНИСТР КИМ БОЛОТ?

1995-жылдын 5-февралынан кийин жаңыдан шайланган эгемен Кыргыз Республикасынын биринчи чакырылышынын Жогорку Кеңешинин кош палаталуу парламентинин мүчөлөрү өз ишин баштаган. Апрель айында Республиканын Жогорку Кеңешинин сессиясы чакырылып Кыргыз Өкмөтүнүн жаңы курамын түзүү маселеси турган эле. Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр палатасынын депутаттары өлкөнүн экономикалык, социалдык, маданий өнүгүшүнүн мозговой центри болгон министрлерди тандоодо кызуу талкуу башталды. Депутаттар арасында региондук, кландык жиктенүүлөргө бөлүнүүлөрдүн учугу билинди. Мындай саясий зор мааниси бар кадрларды тандоодо, өтө тактык керек экендигин, абалдын курчуганын сезген депутат Эргеш Төрөбаев депутаттар:

Э. Узакбаев, Т. Анаркулов, М. Токтоболотов, М. Султанов, М. Алымкулов менен макулдашып өкмөттүн курамындагы биринчи Вице-Премьер Министрликке областтын мамлекеттик администрациясынын башчысы Тагаев Абдыжапар Абдыкааровичтин талапкерлигин коюу жөнүндө сөз кылышып өз позицияларын бекемдешет. Бул маселеде Ош областынан шайланган депутаттар:—А. Масалиев, Б. Осмонов, А. Эркебаев, М. Айбалаев менен пикирлешкенде ойлору эки ажырым болуп Оштуктар мамлекеттик кызматкер Орозмат Абдыкалыковдун талапкерлигин колдой тургандыктарын билдиришти. Түштүк регионунун депутаттары бир пикирге, консенсуска келе албай калышат. Ошондой болсо дагы мамлекеттик ишмер Апсамат Масалиевди депутаттык топтун жетекчиси кылып шайлашып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башчысы Апас Жумагуловго ки-

ришип, биринчи Вице-Премьер Министрге талапкерлер жөнүндө сөз козгошуп, Апсамат Масалиев биринчи Вице-Премьер Министрликке Орозмат Абдыкалыков, Жеңишбек Бекболотовду сунуш кылып өзгөчө басымды Орозмат Абдыкалыковго жасап, Абдыжапар Тагаевдин фамилиясын атабады. Депутаттарды кабыл алып кунт коюп угуп олтурган Апас Жумагулов узун столдун оң тарабындагы Жалал-Абаддык депутаттардын төр тарабында олтурган Эргешке, терең ойлуу, жүзүнөн чарчагандык сезилген маанай тартуулаган суроолуу көзүн кадады. Удулунан уттурбаган Эргеш:

— Апас Жумагулович!—биринчи Вице-Премьер Министрликке Жалал-Абад областынын мамлекеттик администрациясынын башчысы Тагаев Абдыжапар Абдыкааровичти сунуштайбыз! — деп областтын экономикалык көрсөткүчү жакшы, өндүрүштө бир топ жакшы ийгиликтерди жаратты. Республиканын мамлекеттик мүлк фондунун төрагасы болуп иштеген, жетекчилик тажрыйбасы бар. Экономиканы жакшы түшүнөт, саясий деңгээли мыкты деп сүйлөп жатканда Премьер-Министр А. Тагаевке анчалык көп маани бербегендей маанай көрсөтүп, сөз сүйлөбөдү. Ал эми Оштук депутаттардын тобу колдоо көрсөтүүнү капарына да алышпады. Апас Жумагулов кирген депутаттардын шагын сындырып, маанайын чөгөрбөй О. Абдыкалыковго гана кызыгуусун эске албаганда, сунушталган талапкердин бирин тандадым деп так айтпастан, Президент менен макулдашаарын депутаттарга туюндуруп коштошту.

«Эрдик кылсаң сүрө кыл» — демекчи Апсамат Масалиев баштаган Оштук депутаттардын тобу түштөн кийин республиканын Президентине өз сунуштары менен кирип чыгышты. Бийликтин эрөөлүн талашкан Эргеш Төрөбаев баштаган депутаттардын группасы Президенттик администрациясынын жетекчиси Кубанычбек Жумалиевди кошуп эртеси Президенттин кабыл алуусунда болушту. Президент Аскар Акаев менен амандашып олтурушкан соң, Эргеш аргамжыны алыс таштап, акырын сыйыртмак салбастан сөздү ток этер жеринен баштады:

— Аскар Акаевич, сизге кайрылганыбыздын себеби сессиянын күн тартибинде өкмөттүн курамын түзүү маселеси турат. Бул өтө жооптуу иште пикирлешип алсакпы деген ойдобуз.

— Эргеш Төрөбаевич, абдан жакшы болот. Өкмөткө мыкты компоненттүү кадрлар керек. Өндүрүштүн ада-

мы катары республиканын жүгүн тартаар адамдар сиздерге маалым эмеспи. Сунушуңарды айта бергиле?

— Аскар Акаевич, сизге оштук депутаттардын пикири маалым. Ал эми биздин топтун максаты биринчи Вице-Премьер Министрликке Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы Абдыжапар Тагаевди сунуштайбыз. Жалал-Абад областындагы өндүрүштүн өнүгүү процесстерине аналитикалык басым жасап, өткөн жылдарга салыштырмалуу жогорулоо тенденциясында экендигин, кадрлар арасында биримдик чыңалгандыгын, Абдыжапар Абдыкааровичтин республиканын кайра куруу, коомдук саясий процессине, аналитикалык ой жүгүрткөн республикалык масштабда иштеген, өсүп келе жаткан мыкты кадрлардан экендигин белгилеп баса көрсөттү. Абдыжапар Тагаев жөнүндө ынанымдуу аргумент, фактыларды жазып олтурган Президент:

— Эргеш Төрөбаевич, Абдыжапарды мен жакшы билем. Республиканын башынан өткөргөн өткөөл мезгилдеринде менчикти мамлекеттен ажыратуу процессинде мамлекеттик мүлк фондун жетектеди. Жалал-Абад областындагы кадрлар арасындагы көп интригалардан кийин, өзүң туулуп өскөн областы жетекте деп жөнөткөнбүз. Прогрессивдүү жетекчи. Принцибинде мен каршы эмесмин. Кызмат орунду сиздер, депутаттар чечесиздер. Сунуш болот деп токтогондо депутат Тургунбай Анаркулов сөзгө аралашты:

— Аскар Акаевич, республиканын жетектөөчү кадрларын тандоодо элдин биримдигин, ынтымагын сактаган, өндүрүштү жакшы билген практик кадрлар келсе реформанын ишке ашуусуна өбөлгө түзүлөр эле. Биз дагы андай кадрлардын бири катары Тагаев Абдыжапар Абдыкааровичти эсептейбиз деп Эргеш Төрөбаевичти колдой сүйлөдү. Президент каш серпим убакытка токтолбой:

— Урматтуу депутаттар! — кадр тандоодо бардык нюанстарды, параметрди эске алабыз. Ал эми областтын жетекчилиги кандай болот?

Депутаттар Президентке кирээрден мурда сүйлөшүү жүргүзүүнүн бир нече варианттарын өз-ара талкуулашып, кеңешишкен эле. Областтын жетекчилигине кимди сунуштоо керек экендигин да алдын ала макулдашышкан болуучу. Президенттин бардык маселеге сергек, так, аналитикалык мамиле жасаарын билишкен. Мындай сөз

болоорун күтүп турушкан депутаттар, аяр көз караштарын Эргеш Төрөбаевичке багышташты. Кырдаалды сезип турган депутат:

— Аскар Акаевич, жаш өсүп келаткан жигиттерибиздин бири Бакиев Курманбек Салиевич. Эгерде Абдыжапар биринчи Вице-Премьер Министрликке өтүп кетсе, ошол жигитти буйругуңуз менен областка жетекчи кылып берсеңиз жакшы болот эле.

— Урматтуу депутаттар! — сиздердин көз карашыңыздарды түшүндүм. Курманбек Салиевич Бакиев республиканын мамлекеттик мүлк фондунда орун басар болуп иштеп, кайрадан областка кетип калыптыр. Прямолинейный, таза жигит деп оюн улантты. Өкмөттүн курамын түзүүдө тандалган кадрларга сергек мамиле кылууңуздарды суранам! — деп ордунан туруп келген депутаттардын ар бири менен кол берип коштошту.

Сессияда Өкмөттүн Курамын түзүүдө, Президент, Өкмөттүн эски курамы толук катышып министрлерди шайлоодо кызуу талкуу башталды. Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчылыгына Апас Жумагулов шайланды. Ал эми биринчи Вице-Премьер Министрликке Орозмат Абдыкалыков менен Абдыжапар Тагаевдин талапкерлиги депутаттардын добушуна коюлуп, Абдыжапар Абдыкаарович Тагаев республиканын эл депутаттарынын добушун топтоодо аз гана айырмачылык менен Кыргыз Республикасынын өкмөт башчысынын биринчи Вице-Премьер Министри болуп шайланды.

Эргеш Төрөбаев баштаган депутаттардын сунушун жана жеке интеллектуалдык мыкты сапатын эске алуу менен Президент Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын башчылыгына Бакиев Курманбек Салиевичти дайындоо указына кол койду.

## КЫЗЫЛ ТЕБЕТЕЙЧЕНДИ ЖАНДАП

Жылдызы жанып турган жөп-жөнөкөй өзү сындуу кыргыз жигити Москвадан учуп келип Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти болуп шайланган Аскар Акаевдин өмүр таржымалынан:

1944-жылы 10-ноябрда Чоң-Кеминдеги Кызыл-Байрак айылында төрөлгөн. 1961-жылы орто мектепти алтын медаль менен бүтүргөн. 1967-жылы Ленинграддагы так механика жана оптика институтун кызыл диплом

менен аяктаган. 1971-жылы аспирантураны, 1976-жылы докторантураны бүтүрөт. 27 жашында илимдин кандидаты, 34 жашында илимдин доктору болгон. Фрунзедеги политехника институтунда инженер, ассистент, андан соң улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, 14 илим кандидатын, 2 илим докторун даярдаган. Улуттук илимдер академиясынын академиги 1986-жылы Кыргызстан КП БКнын илим жана жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1987-жылы Улуттук илимдер академиясынын Вице-Президенти, 1988-жылдан Президенти болуп иштеген. 1990-жылы 27-октябрда Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти болуп шайланган. Ошол президенттикке шайлоо учурунда Эргеш, Аскар Акаевичтен өзгөчө, бөтөнчө мамлекеттик мыкты ишмерлерден чоң окумуштуу болгондуктанбы же табигый жетик акылынанбы, диалектикалык ой жүгүртүүгө эгедер, экинчиден бийик интеллектуал, көсөм, прогрессивдүү үчүнчүдөн сырт келбет табиятына мүнөздүү жөнөкөйлүк, кичи пейилдүү, демократ личност экендигин сезген эле. Алгачкы президенттик бийлик мөөнөтүндө мамлекеттин саясий түзүлүшү, экономикасы, ички-сырткы байланыштары, чарбалык, чарбалык-коомдук турмушунун бардык тармактарынын телчигүү мезгили болуп Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка жетишип дүйнөлүк шериктештиктин 130 дан ашык өлкөсү толук укуктук мамлекет деп таанып, 90 го жакын өлкө Кыргыз Республикасы менен дипломатиялык мамиле түзүп, 1993-жылдын май айында улуттук валюта киргизилип, деңиздеги кемедей чайпалып турган республикада жашоонун маани-маңызынын түркөгү болгон туруктуулуктун, улуттар аралык ынтымак-ырыс ырашкердиктин символу, гаранты, коомдук-саясий турмушубузда алгачкы реформаторлордон болушу, Эргештин жан дүйнөсүндө президентке болгон ишеними, урматтоосу арта берет. Андан сырткары эл депутаты катары киргизген сунуштары, көтөргөн маселелери мамлекет башчысынын республиканы өнүктүрүүнүн багыттарына карата официалдуу билдирүүлөрүндө, сунуштарында республиканын негизги мыйзамында, кабыл алынган башка мыйзам актыларында мыйзам долбоорлорунда көрсөтүлүшү республиканын элин туңгуюк, кыйынчылыктан алып чыгып кетүүдө, бири-бирине идеялаш экендигин сезген. Эргеш электр тармактар ишканасын жетектөө менен бирдикте

республиканын эл депутаты катары өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна терендеп кирип өзүн коомдук-саясий ишмер катары көрсөтө баштаган.

1995-жылдын береке толгон күз айлары эле. Республиканын эл өкүлдөр палатасынын депутаттарынын сессиясы өтүп жаткан. Танапис мезгилинде бир топ депутаттар менен пикирлешип турган Эргешке Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Катчысы Ибраимов Жумабек Ибраимович басып келип катар турган депутаттар менен амандашып:

— Эргеш Төрөбаевич, сизди бүгүн саат 12де президент кабыл алат деп сурана сүйлөп, шашылыш басып кетти. Капарында эч кандай ою болбогон Эргешти тынчсыздануу басып, жан дүйнөсү кооптоно түштү. Экинчи танапистен соң жетинчи кабатка көтөрүлүп Республиканын Президенти Аскар Акаевичтин кабылдамасына кирди. Жарык, адам ажарын ачкан бөлмөдө катчы кыз кабыл алып:

— Фамилияңыз ким?

— Эргеш Төрөбаев.

Жүзүнө жылмаюу уялаган катчы кыз бир аз күтө туруңуз деп кечирим суранып, дагы адамдар келиш керек эле деди. Саат 12ге он минуттай убакыт калганда Ош жана Ысык-Көл областынан экиден, төрт депутат кирип келишти. Депутаттар биринен-бири корунгандай болуп оңтойсуз абалда калышты. Эмне себептен Президент чакыртты экен деген бүдөмүк ой ар биринин жүзүнөн сезилип турду. Саат 12.00 дө алгач Эргеш Төрөбаевич, сиз кириңиз деп катчы кош кабаттуу каалганын сырткы эшигин ача берди. Ыракмат айтып ички кабатын өзү ачып киргенде Аскар Акаев кенен, узун жарык кабинетинен Эргешке карай утурлай басып келе жаткан эле. Эшиктен аяк таштаган Эргешке, келиңиз Эргеш аке деп кош колдой учурашып колтуктан аяр кармай ал-жайын сурап узун килем төшөлгөн кабинеттин төр тарабынын оң капталында турган диванды жана столду көрсөтө:

— Кана олтуруңуз, кенен сүйлөшөлү деп колу менен көрсөтө берди. Олтургандан кийин жүзүнөн төгүлгөн мээрими ажарланып, областта экономикалык реформа кандай жүрүп жаткандыгын, элдин рынок шартында эмгектенүүдөгү көз карашын, социалдык жашоо шарттарын билүүгө дилгирленип суроолуу көзү кадалды. Президенттин жөнөкөй кичи пейилдигин уюган алтындай

акылынын дааналыгын ар бир сөзүнөн, кыймыл аракетинен байкаган Эргештин жан дүйнөсүндөгү кооптонуу жоголуп, өзүн эркин сезе түштү да:

— Аскар Акаевич, область республиканын бир тутамы катары коомдун өнүгүүсү үчүн жүргүзүлүп жаткан саясатты жүргүзүүдө жандуу кыймылдын бар экендигин, элдин жашоо шарты, рынок экономикасына ылайык ар кимдин жөндөмүнө жараша болуп жаткандыгын баса белгилеп, экономикалык интеграциялардын калыптануу мезгили эмеспи деп оюн улап жатканда...

Ар бир айтылган сөздү кунт коюп угуп жаткан Аскар Акаев:

— Эргеш Төрөбаевич, экономикалык интеграция демекчи коомдук өнүгүүнүн диалектикалык мыйзамына баш ийүүбүз керек да...

— Аскар Акаевич, негизинен областта бир топ олуттуу жылыштар бар. Жалпы элибиздин психологиясында жан бактылык сүрүлүп калды. Ар бир адам чыгармачылык изденүү менен эмгектенүүсү үчүн мыйзамдуу шарт бар. Мен депутат катары эл менен аралашып жүрөмүн. Көз карандысыздыктын алгачкы жылдарына салыштырмалуу бир топ жакшы экендигин элдин кепилдигине өткөн адам катары билдиремин:

— Эргеш Төрөбаевич, кепил деген сөздүн уңгу маанисинде ишенимдүү адам деген турат эмеспи. Ошондуктан мына өзүңүз коомдук-саясий ишмер адам катары жакшы билесиз. Президенттик полномочиенин мөөнөтү аяктап жатат. Экинчи мөөнөткө өз талапкерлигимди койсомбу деп жатамын. Кандай дейсиз?

— Аскар Акаевич, президенттикке талапкерлер, атаандаштар чыкпай койбойт. Элдин, көптөн бир адамды тандап алуусунда кыйынчылык болот. Себеби, биздин эл, өз алдынча жол, өнүгүүнүн вариантын тандап алууда, конкреттүү маселе чечүү жаатында али тажрыйбасыз. Кыргыз элинин саясий маданияты жогорку деңгээлде калыптана элек. Саясий ой жүгүртүүсү жөргөмүштүн желесиндей, аң-сезиминде мифтер, иллюзиялар көп. Бирок өнүгүүнүн айныгыс жолу демократияда экендигин интеллигенттер, алдыңкы көз караштагы адамдар түшүнгөндөй болду. Сиздин интеллектуалдык потенциалыңыз менен өлкөнү башкарууга мүмкүнчүлүгүңүз бар. Жалпы эл ишеним көрсөтөт деген пикирдемин деп бир топ аргументтүү фактылар менен аналитикалык сөз сүйлөп, тастыктап өттү.

— Сиздин оюңузга түшүндүм. Ыракмат Эргеш Төрөбаевич, сиз жөнүндө областтын элинин, жетекчилеринин, мамлекеттик органдардын пикири жакшы. Эмгегиңиздин бааларын билем. Президенттик шайлоодо Жалал-Абад областы боюнча ишенимдүү адам болуп беришиңизди суранамын деп өзөктөгү күйгөн оттун жалынын ачык айтты. Мындай сунушту күтпөгөн Эргеш ишеним көрсөтүп жаткандыгы үчүн ыракмат айтып колдоого алаарын билдирүү менен:

— Өзүңүз баштаган үлкөн иштер коом агымына ылайык көрөгөчтүк менен жасалып жаткандыгын турмуш көрсөтүп жатат. Сиздин асыл максат тилектериңизге кошулуп сунушуңузду чын жүрөгүмдөн кабыл алам. Президенттин жүзүндө толкундануу, кубануу пайда болуп ордунан турду да:

— Эргеш Төрөбаевич, ыракмат, макулдаштык. Президенттик марафондо менин алгачкы ой бөлүшүп, ишенимдүү адам болгондугуңуз менен куттуктаймын.

— Аскар Акаевич, ыйык иште ыйман болсун, Манас-Атанын арбагы колдосун деп Эргеш аксакал адам катары бата берип катарлаш басып каалганын алдына чейин узата келип коштошту. Президенттен чыккан Эргештин жүзүндөгү көтөрүңкү маанай кезек күтүп тургандарга жакшы пикир калтырды. Кабылдамада тургандар менен коштошуп чыгып кетти.

Октябрь айында Президенттикке талапкер Аскар Акаев республикадан тандалган он беш ишенимдүү адамдарын чакырып ийри олтуруп түз кеңешти. Президенттикке талапкерликке кыргыз элине белгилүү болуп калган коомдук-саясий ишмерлер:

А. Масалиев, М. Шеримкулов, Ж. Аманбаев, М. Айбалаев, Ө. Текебаев ат салышаарын баяндап, Президентти жалпы элдин элегине салып, эл таразасы чечээрин айтып ишенимдүү адам деген күбөлүк наамаларын тапшырып «Ынтымак, эмгек, прогресс» — деген ураан астындагы «Элим менен — элим үчүн» — аттуу шайлоо алдындагы программа — платформасын таркатып мазмуну менен терең таанышууну суранды.

# ЭЛИМ МЕНЕН – ЭЛИМ ҮЧҮН

## СИЗДИН БҮГҮНКҮ ДОБУШУҢУЗ, СИЗДИН ЭРТЕҢКИҢИЗ

### Жол тандоо:

Кыргыз Республикасынын XXI кылымынын башталышында кандайча көрөбүз?

СССРдин ыдырашы менен анын курамында турган элдердин тарыхында таптакыр жаңы мезгил башталды. Турмуш элдин андан ары өнүгүшү үчүн тоталитардык моделдин келечексиз экендигин көрсөттү жана жаңы жолду тандап алуу маселесин алдыга койду.

Өз убагында кыйла өнүгүүгө ээ болгон Советтик система 90-жылдарда өз ресурсун сарптап бүттү. Ал демократия жана эркин экономика дүйнөсү менен болгон мелдеште уттурду. Бүгүнкү күндө бул реалдуулук, биз бардыгыбыз аны моюнга алып, андан тийиштүү тыянак чыгарууга тийишпиз. Артка карай жол жок. Мурда болгондун бардыгы биздин тарыхыбыз. Эми жаңыча жашап, өлкөнү жаңыча куруу керек.

Албетте, өткөндү бүт бойдон сызып салууга болбойт. Тескерисинче өткөн мезгилде анын ичинде совет бийлигинин 70 жылы ичинде топтолгон баалуу жана пайдалуу нерселерди сактап жана аларга кунт коюу менен мамиле кылуу керек. Советтик экономика көп кыйынчылыктарга жана дайыма желкелеп турган тартыштыкка карабастан коомдун мүчөлөрүнүн тамак-аш, кийим-кече, турак жайга болгон минималдуу керектөөлөрүн камсыз кылып келгендигин танууга болбойт. Бирок, жалпысынан алганда ал система эмгекке болгон шыктын жоктугу, өндүрүштү өркүндөтүүгө жана инновациялык изденүүлөргө умтулбоочулуктун айыкпас оорусуна чалдыккан, бул анын илимий-техникалык жана технологиялык базасынын таптакыр артта калышына алып келген. Чындыгында, Советтик система адамдын укугун жана эр-

киндигин чектеп, анын түзүүчүлүк жигерин басаңдатып келген. Анын тышкы саясаты өтө эле идеологиялаштырылгандыктан эл аралык аренада аскердик тирешүүнү сактоого, өлкөнүн ансыз да чабал экономикалык организмин алсыратууга түрткү болгон. Бул система келечексиз болуп, анын кыйрашы тарыхый жактан шартталган. Анткени В. И. Лениндин өзүнүн таасын аныктамасы боюнча капитализм менен социализмдин ортосундагы тарыхый мелдеште эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн камсыз кыла ала турган гана система жеңишке жетишүүгө тийиш эле. Социализм мындай негиздүү экономикалык милдетти чече алган жок; ал маселеге жеке менчикке жана эркин атаандашууга негизделген рынок экономикасынын гана күчү жетет экен.

Мезгилдин чакырыгын кабыл алып, биз өзгөртүүлөрдүн жолуна түштүк. Азыр өткөөл мезгилде турабыз, анын маңызы турмуштун өзү көрсөткөндөй өзүн актай албаган эски системаны алмаштыруу үчүн кыйла таасирдүү жана цивилизациялуу саясий, экономикалык, идеялык-психологиялык негизди түзүүдө турат. Бул тарыхый өнүгүүнүн дүйнөлүк тажрыйба менен ырасталган айныбас чындыгы.

Өткөн мезгилдин негизги мазмуну булар:

— көз каранды эмес, турмушка жөндөмдүү мамлекеттин пайдубалын түптөө;

— саясий терең реформаларды жүзөгө ашыруу;

— менчиктин ар кандай түрлөрүн (эч кимдики эмес дегенден жеке, мамлекеттик жана коммуналдык менчикке өтүү жолу менен) киргизүү;

— экономиканы структуралык жактан кайра куруу, жана коомдук — экономикалык мамилелерди калыптандыруу;

— коомдун психологиясында бурулушка жетишүү.

Мындай татаал жана бардыгын камтыган процесс үчүн кыйла убакыт талап кылынат. Кайра куруу канчалык жигердүү жана ыраттуу өтсө, азыркы мезгилдин талаптарына жооп берген жетик саясий жана коомдук экономикалык мамилелердин мезгили ошончолук тез келет. Мына ушул жагдайлардын бардыгы алдыда турган максаттарды тандоону жана милдеттерди аныктоону талап кылат.

## БИЗГЕ КАЛГАН МУРАС

Кыргызстандын саясий көз каранды эместиги, анын өз алдынча өнүгүү укугун алышы — Советтер Союзунун ыдырашынын, совет бийлигинин жана бүтүндөй социалисттик системанын моралдык жактан жеңилүүсүнүн натыйжасы. Биз СССРдин ыдырашына демилгечи болгон эмеспиз. Тескерисинче, биз өлкөнүн саясий жана укуктук жаңы негиздеги биримдигин сактап калууну ырааттуу жактап келгенбиз. Бирок, мурдагы СССРдеги, барыдан мурда, Россия менен Украинадагы окуялардын жүрүшү таптакыр башкача кырдаалга ооп кеткендиктен, биз өтө татаал абалга туш болуп, ачыгын айтканда, бздин бирдиктүү союздук мейкиндиктен түртүп чыгып, «өз күнүңдү өзүң көр» деп таштап салган абалга туш келгенбиз.

Кыргызстан мурдагы Союздан өтө начар жана көз каранды структурасы жана чала жан башкаруу механизми бар экономиканы мураска алган. Бизге эбегейсиз зор өлкөнүн тар адистешкен эл чарба комплексинин бир бөлүгү болгон өнөр жайы калган. Республикада өндүрүлгөн чийки зат, негизинен өлкөнүн башка региондоруна кайра иштетүү үчүн ташылып кетчү. Ири заводдордун бардыгы башка жактан алынып келген материалдар жана комплектөөчү буюмдар менен иштеген. Даяр продукциянын бардыгы ташылып кетчү. Негизинен аскердик заказдарды аткарган ири ишканалар чарбалар аралык байланыштардын бузулушунун жана Россияда аскер-өнөр жай комплексинин кескин өзгөрүшүнөн улам өтө татаал абалга туш келген.

СССР ыдырагандан кийин ички дүң продуктунун 10—12 процентин же республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн үчтөн бирине жакынын түзгөн Союздук бюджеттен дотация берилбей калган.

Республикадагы абал энергия алынуучу материалдарга нефтиге, газга, көмүргө баанын кескин жогорулап кетишинен улам ого бетер оорлогон, алар боюнча биз толугу менен тышка көз каранды болуп калдык. Аларды импорттоого кеткен чыгымдар Кыргызстандын экономикасына жана анын граждандарына түшкөн оор жүк болду.

Экономикалык оор мурастан тышкары биздин коом СССРдин ыдыроо мезгилине карата социалдык көңүл чөгүү, адеп ахлактын азайышы адамдардын өз алдынча

аракеттенүүгө болгон эркинин бошондошу жана ашка жүктүк психологиянын өтө терендеши сыяктуу терс көрүнүштөргө кабылган.

Советтер Союзунун ыдырашы менен республиканын карбаластап калган калкынын көпчүлүк бөлүгү эртенки күнгө ишенимин жоготкон бул миграциялык тенденциянын күчөшүнө алып келип, экономикага терс таасирин тийгизген.

Мына ушунун бардыгы реформаны жүргүзүүнүн ыкмаларын, темпин жана мөөнөттөрүн тандап алууда таасирин тийгизбей койгон жок. Объективдүү себептердин комплекси алдыда турган маселелерди тез арада чечүүнүн жолдорун издеп табууга аргасыз кылды. Мындай жагдайдан чыгуунун бирден-бир жолу экономиканы рыноктун нугуна которуу менен жаңы шартта иштеп кетүүгө мажбурлоодо турат. Бизде мурдагы бардык социалисттик өлкөлөр түшкөн ушул жолго түшүүдөн башка арга калган жок. Мында өз алдынча улуттук мамлекеттүүлүктү жана саясий, экономикалык түп-тамырынан берки кайра түзүүлөрдү чечкиндүү жактап чыккан Кыргызстандын элинин эркине негиздендик.

Башка постсоциалисттик өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, биздин эл бул жолду тандоодо жаңылган жок. Элибиздин кеменгерлиги менен улуу салымы мына ушундай. Мындай элге сыймыктанса болот.

## БИЗ КУРАБЫЗ ДЕГЕН КООМ

Биз Кыргызстанда жашаган элдердин бай салттарынын негизинде өзгөчөлөнгөн өз алдынча өнүгүүнү жана дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн тажрыйбасын ылайыктуу пайдаланууну жактайбыз. Ушул кезге чейинки, анын ичинде социализм мезгилиндеги бардык прогрессивдүү жана пайдалуу нерселердин бардыгын биз мураска алып, өнүктүрүп, өркүндөтөбүз.

Биз курабыз деген коомдун негиздери буларда: коомдун турмушунун бардык чөйрөсүн демократиялаштыруу, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу, укуктук мамлекетти жана граждандык коомду калыптандыруу жана өнүктүрүү, жеке турмуштун жана жеке менчиктин өзгөрүлбөстүгүн ырастоо.

Биздин максат — этносуна карабастан бардык граждандары өз Мекеним деп сыймыктануу менен эсептей

турган эркин, демократиялуу жана бакубат өлкөнү, анда жашаган жана эмгектенгендердин бардыгы үчүн ыңгайлуу жана жагымдуу болгон өлкөнү куруу.

Бизге өз өлкөбүздүн элдеринин гумандуу, прогрессивдүү жана патриоттук салт-санаалары кымбат. «Манас» эпосунда көрсөтүлгөн идеялар элдин эргүүсүнүн, ар-намысынын кайра жаралышынын өзүнө мүнөздүү чыдамкайлыкты жана айкөлдүктү тарбиялоосунун соолгус булагы. Ал идеялар: улуттун биримдиги жана баш кошкондугу; улуттардын ынтымагы, достук жана кызматташтык; улуттук ар-намыс жана патриоттуулук; кажбас эмгек жана билим; гуманизм, айкөлдүк, чыдамкайлык; жаратылыш менен айкалышта жашоо, мамлекетти чыңдоо жана аны коргоо.

Мына ушундай осуяттарды жолдоо элдин рухунун жогорулашына көмөк көрсөтүп, аны башкалар менен жакындатып, өлкөнү өнүгүү жана прогресс жолуна багыттайт.

Биздин жалпы байлыгыбыз — Кыргызстанда жашаган бардык этностордун салт-санаасы жана маданий дөөлөттөрү. Алардын башатында жалпы адамзаттын биримдигинин идеясы бар. Дүйнө өлкөлөрүнүн руханий дөөлөттөрүнө жана маданий жетишкендиктерине аралашуу үчүн биздин коомубуздун эшиги ачык.

Диний конфессиялар коомду адеп-ахлактык жана руханий жактан кайра жаратууда, улуттар аралык ынтымакка жетишүүдө зор роль ойношу мүмкүн. Негизги максаты адамдарды жакшылыкка жана тазалыкка умтултуу болгон дин ынтымактын, ырашкерликтин жана кызматташтыктын негизи болууга жөндөмдүү. Мамлекет өлкөбүздөгү тынчтык жана жыргалчылык идеяларын жактаган бардык диний конфессиялар менен кызматташат.

Биздин келечегибиз өз колубузда. Элдин күчү анын санында эмес, анын рухунун бекемдигинде. Өз алдына бийик максаттарды коюп жана ага жетише алган эл гана өз тагдырынын ээси боло алат.

Ийгилик Кыргызстандын бардык элдеринин биримдигине, тилектештигине, жоопкерчилигине жана кызматташуусуна байланыштуу улуттар аралык тынчтык жана ынтымак, мыйзамдуу укуктар менен таламдарды өз ара урматтоо жана таануу болгон шартта гана стабилдүүлүк жана прогресс болушу мүмкүн. Өлкөбүздүн биримдигинин жана анын келечегинин таламдары расалык, эт-

достук жана диний негизде кысым көрсөтүүнүн ар кандай формасына каршы чечкиндүү күрөшүүнү, элдердин ортосундагы жаатташууга тукуруу, сепаратизм жана коомду бөлүп жаруу аракеттерин өз учурунда четтетүүнү талап кылат. Биз бардыгыбыз бири-бирибизге көз карандыбыз. Өлкө анын атуулдарынын жыргалчылыгы болгондо гана гүлдөшү мүмкүн. Эл жакырданган шартта башкалардын эсебинен түзүлгөн бирөөнүн байлыгынан өлкө марып кетпейт.

Өткөөл мезгилдеги биздин стратегиябыздын негизи-мамлекеттүүлүктү сөзсүз чыңдоо жана демократияны өркүндөтүү менен өзүбүздүн адамдык жана табигый ресурстарыбызга таянуу болуп эсептелет. Ошону менен бирге өлкө дүйнөлүк шериктештикте өлкөбүзгө татыктуу орунду камсыз кылууга багытталган тышкы саясатты жүргүзүү менен эл аралык кызматташтыкка таянат.

## ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДИН БИРИНЧИ ЭТАБЫНЫН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Бүгүнкү күндөгү турмушубуз өзүнүн бүткүл оң жана терс көрүнүштөрү менен — бул объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү көптөгөн себептик натыйжалык факторлордун чиеленишинин сөзсүз болуучу жыйынтыгы. Башка нерселерди да моюнга алуу керек: бийлик структуралары, Өкмөт жана Президент кетирген каталыктар, кемчиликтер бар. Мамлекеттин жана коомдук саясий структурасын түзүүнүн биринчи этабы эпсиз создугуп кетип, соңку жылдарда саясий оюнга айланды. Демократиялык процессте анын ажырагыс белгиси жоопкерчиликке зыян келтирилип, өзүм билемдикке оон кетүү байкалууда. Болуп жаткан окуяларга мамлекеттик таасир этүү механизми начарлады. Натыйжада — баа жеткис убакыт короп, көптөгөн мүмкүнчүлүктөр колдон чыгарылды. Бул каталыктар биз үчүн сабак болууга тийиш.

Ошого карабастан өлкөнүн өз алдынча өнүгүшүнүн биринчи этабы өтө татаал шарттарда аяктады. Элибиз жүздөгөн жылдар бою энсеп келген өлкөнүн көз карандысыздыгы жүзөгө ашты. Беш жылдын ичинде биз базалык милдеттерди чече алдык.

— көз каранды эмес мамлекеттин пайдубалын даярдап, анын өнүгүшү үчүн зарыл болгон алгачкы шарттарды түздүк. Реформаны жүргүзүүдөгү ийгиликтерибиз айдан-ачык көрүнүп турат, коомчулук аны тааныды жана ал көптөгөн постсоциалисттик өлкөлөрдүн фонунда өзгөчө дааналанып турат.



Демократиялык мамлекеттүүлүктүн жаңы институттары түзүлүп, иштеп жатат, бийликтерди бөлүштүрүү принциби жүзөгө ашты. Инсандын эркиндиги, тандоо эркиндиги, көп партиялуулук, пикирлердин плюрализми жана басма сөз эркиндиги сыяктуу демократиялык баалуулуктар өлкөнүн коомдук-саясий турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Азыркы учурда кыргыз, орус, өзбек, дунган, немец жана башка тилдерде 288 газета жана журналдар чыгат. Көп партиялуу системанын негизи түзүлдү. Республикада 520 коомдук бирикме, саясий партия жана кыймыл иштеп жатат.

Менчиктин көп түрдүү формаларын түзүү жана эркин ишкердиктин пайда болушу демократиялык процесстердин жана рыноктун андан ары өнүгүшү үчүн ишенимдүү пайдубал болуп калды. Экономиканы либералдаштыруунун натыйжасында акыр аягында баа товардын наркына дал келе баштады. Акча-кредит системасы жөнгө салынды. Кыргызстан КМШ мамлекеттеринин ичинен биринчилерден болуп улуттук валютаны киргизип анын туруктуулугун жаңы конвертирленишин камсыз кылып биринчилерден болуп макроэкономикалык стабилдештирүүгө жетишти. Республиканын эл чарбасында рынок механизмдери иштеп, эртеңки күн үчүн өбөлгөлөр түзүлдү. Инфляция көптөгөн күч аракеттердин аркасында ооздукталып ишенимге татыган жана иштешүүгө боло турган мамлекеттик кадыр баркка ээ болду. Чет өлкөлөр менен достук байланыштар түзүлдү, КМШ өлкөлөрү менен байланышты кайрадан калыбына келтирүү башталды. Россия, Казахстан жана Өзбекстан менен интеграция жолуна зор кадамдар жасалды. Жакынкы коңшулаш менен Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү жөнүндөгү келишим ишке ашууда.

Оор шарттарга карабастан, КМШнын көптөгөн өлкөлөрүндөгүдөн кем болбогон социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү сактоого мүмкүн болду.

Мамлекеттин өнүгүшүнүн биринчи этабынын өтө маанилүү оң жыйынтыгы — Кыргызстан элинин биримдигин жана улуттар аралык ынтымакты сактоо жана бекемдөө болуп калды.

Бул жыйынтыктар келечекке кызмат кылмакчы.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан: өзүнүн бардык күчүн топтоп, өнүккөн өлкөлөрдүн катарында болуу, же өзүнүн мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарып, артта калуу деген маселенин алдында турат. Бул мааниде алганда алдыдагы беш жыл өлкөбүз үчүн чындыгында эле тагдыр чечүүчү мезгил болуп саналат.

Бизде келечекке үмүт менен көз жүгүртүү үчүн бардык негиздер бар, анткени кылым аяктаганга чейинки жылдардын ичинде элибиздин турмуш деңгээли жогорулай тургандыгынын бардык өбөлгөлөрү көрүнүп турат. Жетишилгендердин негизинде: эгерде кайра өзгөрүүлөргө карай башталган багытты акыл эстүүлүк менен улантсак, өлкөнүн турмушундагы өзгөрүүлөр жакшы жагына карай гана оойт деп ишенимдүү айтууга болот.

## РЕФОРМАНЫН ЭКИНЧИ ЭТАБЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кыргызстандын мындан ары гүлдөп өнүгүшүнүн өзөгү — цивилизациялуу жана өнүккөн коомду түзүүгө карай башталган багытты ырааттуу жана максатка ылайык улантуу. Бул багытты жүргүзүүнүн негизинде төмөнкүдөй милдеттер жатат:

— мамлекеттин бүтүндүгүн сактоо;

— этностор аралык ынтымактын негизинде Кыргызстандын элдеринин биримдигин чыңдоо;

— макроэкономикалык стабилдештирүүдөн туруктуу өнүгүүгө өтүү;

— калктын турмуш-деңгээлин жогорулатуу;

— мыйзамдуулукту, укук тартибин, республиканын граждандарынын коопсуздугун жана жеке ар-намысын камсыз кылуу, кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөш жарыялоо;

— жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен достук жана өз ара пайдалуу кызматташтык принциптеринин негизинде тышкы мамилелерди өнүктүрүү.

Экономикадагы туруктуу өнүгүүгө жетишүү көбүнчө рынок мамилелеринин менчигинин түрүнө карабастан экономиканын бардык субъекттеринин чарба жүргүзүшүнүн негизине айландыруу процесси менен аныкталат. Азыркы учурда керектөө рыногунда мамлекеттик эмес сектордун ролу басымдуулук кыла баштады. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндө бул секторго то-

вар жүгүртүүнүн 88 процenттен ашыгы, өнөр жайында— продукциянын 50 процентке жакыны туура келет.

Рынок секторун чыңдоо милдетин жүзөгө ашыруу үчүн менчиктештирүүнүн башкы максаты — экономиканы структуралык жактан кайра куруу жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу. Ушул көз караштан алганда ушуга чейин кетирилген кемчиликтерди жана каталыктарды келечекте оңдоо, калктын демилгесин жана ишкердигин стимулдаштыруу максатында, эң оболу ага калктын кеңири катмарларынын катышуусун камсыз кылуу керек. Жеке сектор экономикада басымдуулук орунду ээлешине мүмкүнчүлүк берүү керек.

Керек-жарактан тартып өндүрүшкө чейинки ар кандай формадагы кооперация Кыргызстан үчүн кыйла алгылыктуу жана экономика үчүн өтө маанилүү болуп калды. Кооперациялык уклад өз учурунда административдик системанын «таранынын» ролун ойноп, эркин ишкердиктин артыкчылыгын көрсөттү.

Ресурстардын чектелүү экендигине карабастан, мамлекет кооперативдерди чыңдоо боюнча иштерди улантып жатат. Айылдык кредит кооперативдери келечектүү формалардын бири болуп саналат. Дыйкан чарбаларына жабдуу — сатып өткөрүү кооперативдери, ошондой эле машина-техникалык, агрономиялык жана ветеринариялык кызмат көрсөтүү боюнча кооператив уюмдары талап кылынат. Кооперативдерди алкоголь ичимдиктерин чыгарып бир тараптуу иштөөдөн кеңири керектелүүчү азык-түлүктөрдү жана товарларды чыгарууга кайра багыттоо иши алдыда турат.

Ички булактар жетишсиз болгон реформанын азыркы этабында Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу проблемасы курч турат.

Өлкөбүздө чет өлкөлүк заемдорду жана кредиттерди тартуу тажрыйбасын сындагандар көп. Ошонун өзү менен биз өзүбүздү жана өз урпактарыбызды кулчулукка берип жатабыз деп айтышууда. Мындай ырастоодон ашкан акылсыздык жок. Чет өлкөлүк капитал менен кызматташуу аны алган өлкөгө эмгек акысы жогору болгон жаңы жумуш орундарын, мамлекеттик казынага салыктарды, инфраструктуранын өнүгүшүн бере тургандыгын дүйнөлүк тарыйба көрсөттү.

Кеп жөн эле кредитте эмес, аны пайдаланууда турат. Тилекке каршы, алиге чейин бир катар кырдаалдардын кесепетинен чет өлкөлүк заемдордун жана кредиттердин

кыйла бөлүгү «желип келген», башкача айтканда, керектөө буюмдарын сатып алууга жумшалып келген. 1996-жылдан тартып чет өлкөлүк кредиттер өндүрүш чөйрөгө — кен казуучу өнөр жайга, энергетикага, кой чарбачылыгын өнүктүрүүгө, дан эгиндеринин жогорку түшүмдүү жаңы сортторун өздөштүрүүгө жана башкаларга багытталат. Чет өлкөлүк инвесторлорду колдоо максатында Бишкек шаарында эркин экономикалык зона түзүлгөн.

Кыргызстан мамлекеттер ортосундагы макулдашуулар боюнча жалпы суммасы 618,42 миллион доллар кредит алды, анын жарымынан көбү төлөөнүн өзгөчө жеңил режими менен — 15 жылдан 40 жылга чейин алынды.

Тике чет өлкөлүк инвестициялар чет өлкөлүк өнөктөрдүн катышуусу менен биргелешкен ишканаларды түзүү формасында ишке ашырылууда. 1995-жылдын октябрына карата 908 биргелешкен ишкана катталган, бирок долбоорлорду ишке ашыруунун сапаты начар абалда.

Өлкөбүздөгү инвестициялык кырдаалды жакшыртуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

— Россиянын, Белоруссиянын жана Казакстандын бажы Союзуна, Борбордук Азиянын экономикалык мейкиндигине кирүү, эл аралык финансы уюмдары жана донор өлкөлөр менен кызматташтыкты кеңейтүү;

— ишканаларды модернизациялоо боюнча инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга жумшалуучу узак мөөнөттүү кредит ресурстарын план ченемдүү көбөйтүү;

— азыркы мезгилдин инфраструктурасын түзүү;

— салык мыйзамдарын өркүндөтүү, анын туруктуулугун камсыз кылуу;

— фонд рыногунун таасирдүү структурасын түзүү;

— коммерциялык тобокелдиктерди камсыздандыруу системасын түзүү үчүн ишенимдүү укуктук базаны, кредиторлордун менчигинин гарантиясын түзүү жана банк системасынын ишин андан ары өркүндөтүү.

Бизде чет өлкөлүк инвестициялар боюнча мыйзамдардын алгачкы мууну кабыл алынып жана иштеп жатат. Башка теңдеш шарттарда чет өлкөлүктөр дал биздин өлкөгө капиталын жумшашы үчүн андан ары баруу керек экендигин тажрыйба көрсөттү.

Ишкерлердин абалын жеңилдетүүгө чакырылган Салык кодекси этап-этабы менен кабыл алынат. Салык-

тарды өз учурунда жана толугу менен чогултууга жетишүү менен өндүрүштү жана ишкердикти стимулдаштыра турган салык саясатын жүргүзүү зарыл.

Экономиканы башкарууну рынок шарттарына ылайыкташтыруу үчүн анын структурасын түп-тамырынан бери карап чыгып, аны иш билги жана ишке жан-дили менен берилген кадрлар менен камсыз кылуу иши алдыда турат. Экономикадагы салыштырма салмагы көбөйө турган чакан жана орто ишканалардын таламдары мыйзамдуу коргоону талап кылууда.

Иштеп жаткан киши өзүн ошол иштин ээси, менчик ээси катары сезгенде гана ошол жерде эмгек өндүрүмдүү болот. Башка менчик түрлөрү менен мелдешүүчүлүк гана атаандаштыкты, товарлардын молдугун жана алардын жогорку сапатын камсыз кылышы мүмкүн. Приватташтыруунун натыйжасында калыптанып келаткан орто класс маанилүү социалдык-саясий милдетти аткарууда: менчикке таянып жана аздыр-көптүр мамлекеттин бардык бийлигине көз карандысыз болуу менен келечекте ал граждандык коомдун негизин түзөт.

## ӨЛКӨНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ КЕЛЕРКИ ЖЫЛЫ ЭЛЕ ЖАКШЫРЫШЫ МҮМКҮН

Биринчи беш жылдыктын аябагандай зор кыйынчылыктарына карабастан биз ага туруштук берип, өз алдынча жашап кете аларыбызды ырастадык. Макроэкономикалык стабилдүүлүккө жетиштик, эл чарбасынын дээрлик бардык тармактарындагы абалдын жакшырышынын тенденциялары жана белгилери пайда боло баштады. Өнөр жайдын төмөндөө темптери бир жарым эсе азайды, айыл чарбасында стабилдештирүү, ал эми өсүмдүк өстүрүүдө өнүгүү байкалды. Быйылкы жылы экономикалык абал, былтыркы жылдагыга караганда туруктуураак экендиги менен мүнөздөлөт. Экономикалык мамилелер системасында сапаттык өзгөрүүлөр болду (жеке менчик сектордун ролу жогорулады, суроо жана талап мыйзамы толугураак күчүндө болуп, рынок товарларга толуп, тартыштык жоголду ж. б.) Орточо айлык инфляция 2,7% ке чейин төмөндөп, улуттук валютанын долларга карата курсу туруктуу бойдон калып, баалуу кагаздар рыногу калыптана баштады. Акыркы эле жылы калктын банктардагы салымы 112 *млн.* сомдон

208 *млн.* сомго чейин көбөйдү. Улуттук банктын кайрадан финансылоо боюнча ставкасы тынымсыз төмөндөөдө. Өнөр жай товарларынын айрым түрлөрү боюнча өндүрүш жогорулады.

Быйылкы жылы капиталдык салымдардын көлөмүнүн эки эсе жогорулашы күтүлүүдө. Пахта, картошка, жашылча, бакча өсүмдүктөрү жана башкаларды өндүрүү көбөйдү, бул болсо айыл жеринде жаңы мамилелердин калыптанышы менен түздөн-түз байланыштуу.

Чечкиндүү чаралар кабыл алынгандыктан финансы тартиби чыңдалып, бюджетке салыктар көбүрөөк келип түшүп, эмгек акы, пенсия, пособие жана стипендияларды төлөөнүн абалын жакшыртууга мүмкүнчүлүк пайда болду. Республиканын экономикасына сезилээрлик салым кошо баштаган ишкердик да күчүнө толо баштады. Өндүрүш чөйрөсүнө багытталып жаткан чет өлкөлүк инвестициялардын көбөйүшү байкалууда.

Үстүбүздөгү жылга караганда келерки жылы Ички Дүң Продуктунун 1% ке көбөйүшү күтүлүүдө. Өндүрүш көлөмүнүн өсүшү тоо-кен-металлургия өнөр жайында 5% ке, курулуш комплексинин өнөр жайында — 5,3% ке, жеңил өнөр жайында — 3,1% ке, кайра иштетүүчү өнөр жай тармагында — натуралай өлчөмүндө — 100% ке, айыл чарбасында өсүмдүк өстүрүүдө — 7% ке болжолдонууда.

Дегинкиси, республиканын экономикалык жактан туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн негизги өбөлгөлөр түзүлдү. Биз үчүн экономика калктын жаратмандык күчкубаты топтолуучу чөйрө болуп эсептелет. Дал ушул жерде саясатчылар калк алдында өздөрүнүн жөндөмүн көрсөтүүгө тийиш. 1996-жыл экономикалык кайра жаралуунун башталыш жылы болуп калышы зарыл.

## ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Ийгиликке жетишүү үчүн башталган реформаларды ыраатты менен аягына чыгарыш керек. Иш-аракеттерибиздин программасы бар.

1993-жылдан бери Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясы ишке ашырылууда. 1994-жылы «1994—1997-жылдары республиканын экономикасында структуралык өзгөртүп түзүүлөрдү

камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн комплекстүү программасы» кабыл алынган. Азыркы мезгилде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн үч жылдык индикативдүү планы жана 2005-жылга чейинки мезгил үчүн экономикалык стратегия, ошондой эле «Орто мөөнөттөгү келечек үчүн Кыргыз Республикасынын өнөр жай саясатынын негизги багыттары» иштелип чыгууда. Анда өнөр жайдын артыкчылык менен өнүктүрүлүүчү тармактары жана ишканалары аныкталууда.

Бул программаларга ылайык эл чарбасынын прогрессивдүү экономикалык структурасын калыптандыруу боюнча иштер улантылат. Динамикалуу, натыйжалуу жана конкуренцияга туруктуу рынок экономикасын түзүүгө багытталган структуралык реформа улантылмакчы. Атап айтканда, артыкчылыктуу өндүрүштөрдү колдоо жана натыйжалуу эмес ишканалардын багытын өзгөртүү аркылуу оордук борбору экономиканы жөнгө салууга карай бурулат. Мындай иштер азыртан эле жүргүзүлүүдө.

Аттандаштыктын негизинде импорттуу алмаштыруучу продукция чыгарууга жөндөмдүү келечектүү ата мекендик товар өндүрүүчүлөрдү колдоо максатына багытталган иштер аткарылат. Экспорттук күч-кубатты өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын өнүгүшүнүн негизи болуп калууга тийиш. Үчүнчү милдет — продукциясынын кошумча наркы жогору болгон илимди көп талап кылуучу өндүрүштөрдү өнүктүрүү.

Өнүгүүнүн экинчи этабында эл чарбасынын жалпы өнүгүшүн алга сүйрөй ала турган өндүрүш «локомотивдерин» туура тандоо борбордук маселе болуп эсептелет.

Ресурстар начар иштеген, келечексиз жана конкуренцияга жөндөмсүз ишканаларга эмес, реконструкциялоонун эң натыйжалуу долбоорлоруна бөлүнүп берилет. Аларга коргоо комплексинин жана тоо-кен-металлургиялык өнөр жайынын айрым ишканаларын, энергетиканы, электр-техникасын жана электрониканы кошууга болот.

Келечекки беш жылдыкта мамлекеттик жана мамлекеттер аралык деңгээлде коргонуу ишканалары — азыркы учурда эле валюта кирешесин алып келүүгө жөндөмдүү Бишкек заводдору: «ЭЭМ», «Физприбор», Ленин атындагы заводдор колдоого алынат. Россия жана КМШнын башка мамлекеттери менен түзүлгөн өкмөттөр аралык келишимдерди ишке ашыруу боюнча иштер улантылат.

Мындан ары өнүгүшү туруктуу өсүү жолуна түшүүгө мүмкүндүк берүүчү экономиканын базалык тармактары колдоону талап кылат.

Кен казып алуу өнөр жайына буга чейин да көңүл бурулуп келген жана мындан ары да көңүл бурулмакчы. Бул тармактын ийгиликтүү иштеши алтын-валюта запастарынын топтолушуна, заемдор боюнча карыздарды төлөп берүүгө, өнөр жайда жана социалдык чөйрөлөрдө долбоорлорду финансылоого мүмкүндүк берип, экономиканы стабилдештирүүнүн жана анын туруктуу өнүгүшүнүн фактору болуп калат. Алтын чыккан үч жерди (Кумтөр, Талды-Булак, Жер-Үй) өздөштүрүү эле бардык карыздардан кутулууга мүмкүндүк берет.

Алдыдагы беш жылда толук мүмкүнчүлүгү менен пайдаланыла элек тоо-кен-металлургиялык ишканалар — Кыргыз химия металлургиялык заводу (Орловка шаар тибиндеги поселкасы), Кара-Балта тоо-кен комбинаты жана Таш-Көмүр жарым өткөргүч материалдар заводу өнүктүрүлөт. Бул тармактардын өнүгүшү курулуш материал өнөр жайы (цемент, мрамор, воластонит ж. б.) жандандырышы мүмкүн. Экспортто мүмкүнчүлүгү бар сурьма, ртуть жана башка түстүү жана сейрек кездешүүчү материалдардын өндүрүштөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Бул өндүрүштөрдү Россиянын жана Батыштын ишканаларын катыштыруу менен финансы-өнөр жайлык топко же корпорацияга бириктирүү белгиленүүдө, бул болсо валюта кирешесинен тышкары миңдеген адамдарга жумуш ордун берет.

Республиканын отун-энергетикалык комплексин мындан ары өнүктүрүү жана чыңдоо социалдык чөйрө жана жалпы экономика үчүн турмуштук мааниге ээ жана адамдардын ал-акыбалына жана жыргалчылыгына таасирин тийгизет. Бизге стратегиялык максаты мындан 3 жыл мурда эле аныкталган узак мөөнөттүү энергетикалык саясат зарыл. Ага ылайык 2000-жылдын аягына чейин биздин бюджет үчүн жылына 60 млн. долларга турган кымбат баадагы нефть продуктыларын жана газды импорттоого болгон республиканын көз карандылыгынын кыйла азайтууга мүмкүндүк берүүчү энергетикалык базаны түзүү максаты белгиленген. Бул мамлекеттин бюджетинде зор каражаттардын бошотулушуна мүмкүндүк берет, ал каражаттар социалдык чөйрөнүн өнүгүшүнө жумшалат. Өлкөбүздүн ар бир

жашоочусу энергиялуу заттар үчүн төлөөлөрдүн азайгандыгын сезет.

Бул максат төмөнкү багыттар боюнча ишке ашырылмакчы. Биринчи — бардык жерде өндүрүштү жана турмуш-тиричиликти электрлештирүү, электр менен жылытууга өтүү. Экинчи — гидроэнергетиканын туруктуу иштешин жана өнүгүшүн, электр энергиясынын экспортун камсыз кылуу. Үчүнчү — салттуу эмес энергетиканы өнүктүрүү. Төртүнчү багыт — энергияны сактоо.

Отун — энергетика балансында мурдагыдай эле электр энергиясы негизги таяныч болот, аны өндүрүү улам кеңейтилет. Бул үчүн жакынкы мезгилде Шамалды-Сай ГЭСинин курулушун бүткөрүү, Таш-Көмүр ГЭСин долбоордогу кубаттуулугуна чыгаруу, Бишкек ЖЭБин, бөлүштүргүч тармактарды жана электр өткөрүүчү линияларды реконструкциялоо белгиленген. Караколдо жана Таласта электр өткөрүү линияларын куруу башталат. Электр энергетикасын 2000-жылдын аягына чейин өнүктүрүүдө электр энергиясын Кытайга, Түштүк Азия өлкөлөрүнө берүүнүн эсебинен мамлекетибиздин экспорттук потенциалы кыйла келет. Бул маселени иш жүзүндө иштеп чыгуу башталды. Энергияны сактоо иштерин уюштуруу өзгөчө мааниге ээ. Энергияны үнөмдөөнүн эсебинен жалпы керектелүүчү энергиянын 30% ке чейин сактап калууга боло тургандыгын эсептөөлөр көрсөттү. Буга байланыштуу энергия сактоонун улуттук программасын иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулу айкын көрүнөт.

Өз керектөөлөрүбүздү камсыз кылуу жана импорттоолуучу газды жана мазутту алмаштыруу үчүн көмүр казып алуу көбөйтүлөт. Кубаттуулугу жылына 2,1 *млн.* тонна болгон «Кара-Кече» кенинин запасын өнөр жайлык өздөштүрүү башталат. Бул болсо көмүр менен ички рынокту толук камсыз кылып, казып алынган көмүрдү жарым-жартылай экспортко чыгарууга мүмкүндүк берет. Республиканын Түштүгүндө көмүр шахталарын реконструкциялоо белгиленүүдө. Чет өлкөлүк компаниялардын жардамы менен Алай өйдүңүнүн келечектүү райондорунда нефть жана газ чыккан жерлерди геологиялык чалгындоо жана 2000-жылдын аягына чейин терең иштетүүнүн негизинде өнөр жай өндүрүшүн жолго коюу иштери аткарылат.

Негизинен жергиликтүү чийки зат ресурстарынын базасында өнүгүүчү жеңил жана тамак-аш өнөр жайла-

рын өстүрүүгө көбүрөөк көңүл бурулат. Алар айыл чарба продукциясын өнөр жайлык иштетүүнүн негизинде калктын иштешин, рыноктун товарлар жана азык-түлүк менен толтурулушун жана КМШ өлкөлөрү менен алыскы чет өлкөлөргө экспорттук продукция чыгарууну көбөйтүүнү камсыз кылууга тийиш.

Рынок шартында жана эл аралык байланыштарды өнүктүрүүдө транспорт маанилүү роль ойнойт. Кыргызстандын тышкы соода жана туристик мүмкүнчүлүктөрүн арттыруучу эл аралык инфраструктураны өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Жакынкы мезгилде Бишкектеги «Манас» аэропортун, Ош жана Каракол шаарларындагы аэропортторду реконструкциялоо белгиленген. Бишкек-Торугарт жана Сары-Таш-Иркештам жолдорун реконструкциялагандан кийин Кыргызстан Сибирь, Казахстан, Өзбекстан, Туркменстан менен Кытай, Индия, Пакистандын ортосундагы экспорт — импорттук жүк ташуулар үчүн негизги байланыштыргыч түйүн болуп калмакчы.

Республиканын Түндүгү менен Түштүгүнүн ортосундагы байланышты жакшыртуунун мааниси жана ролу өтө зор. Ошондуктан, 1996-жылы Бишкек — Ош автомобил жолун реконструкциялоону (Азия Өнүктүрүү Банкынын жардамы менен), ошондой эле Балыкчы — Кара-Кече (келечекте Жалал-Абадка чейин) темир жолун курууну жалпы улуттук маселе катары карайбыз.

Азыркы коомду өнүктүрүүнү жана дүйнөлүк рынокко кирүүнү бүтүндөй телекоммуникация тармагын реконструкциялоосуз элестетүү да мүмкүн эмес. 1996-жылы Бүткүл Дүйнөлүк Банктын жана Европа өнүктүрүү жана Реконструкциялоо Банкынын кредиттеринин эсебинен 10 *миң* номерлүү АТСти ишке киргизүү каралууда. 1996-жылы Бишкек шаарында жана областтык, борборлордо жалпы көлөмү 43 *миң* номер болгон телефон тармагын куруу, негизги радиореле магистралдарын реконструкциялоо, спутникти байланыштын жердеги станциясын куруу белгиленген. Бул максаттар үчүн 1996-жылы 10,8 *млн.* сом бөлүү белгиленүүдө.

2000-жылдын аягына чейин агрардык сектордо чечилүүчү негизги маселе айыл чарба продукциясын өндүрүүнү стабилдештирүүгө жетишүү жана анын туруктуу өнүгүшү үчүн шарт түзүү болуп эсептелет. Жаңы жүз жылдыктын башталышына карай продукция өндүрүүнү жана аны терең иштетүүнү өнүктүрүү белгиле-

нүүдө. Бул үчүн кыйла иш-чаралар жүзөгө ашырылмакчы.

— айыл чарбасында салык салууну өркүндөтүү;

— айылдык өндүрүшчүлөргө кредит берүүнүн натыйжалуу механизмин киргизүү.

1996-жыл бою айыл жериндеги калктын жер үлүштөрүн бөлүштүрүү, бөлүп берүү жана юридикалык документтерин жазып берүү толугу менен бүткөрүлөт. Бул учурда Өкмөт айыл жеринде рынок шартына жооп берүүчү инфраструктураны, атап айтканда айыл чарбасына техника, жер семирткич, отундун ж. б. берилиш камсыз кылуучу инфраструктураны түзүүсү зарыл. Негизги багыт өндүрүштү ургаалдаштыруу жана дыйкандардын кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу болуп эсептелет. Мамлекеттик жардам биринчи кезекте өндүрүмдүү иштеген чарбаларга көрсөтүлөт. Айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүн көбөйтүү максатында Өкмөт айрым бир конкреттүү багыттарды финансылоону пландаштырууда. Алардын бири эгин менен өзүбүздү өзүбүз камсыз кылуу жана анын импортун азайтуу болуп эсептелет. Кант кызылчасын, тамеки, картошканы өстүрүүнү көбөйтүү белгиленген. Айыл чарба продукцияларынын кайра иштетүү, сактоо жана соодага жеткирүү учурунда болуучу чыгымдарды азайтуу көп көңүл бурууну талап кылат. Бул маселени чечүү жолдорунун бири өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн, кайра иштетүүчү ишканалардын ортосундагы ылайыктуу экономикалык байланыштарды түзүү. Мал чарбасын 2000-жылдын аягына чейин өнүктөрүүдө малдын санын туруктуу сактоо жана алардын продуктуулугун арттыруу милдети турат.

Бардык маселелерди комплекстүү чечүү үчүн агрардык жер реформасынын натыйжалуулугун жогорулатуунун үч жылдык программасы даярдалууда. Аны жүзөгө ашыруу үчүн өз каражаттарыбыздан 900 *млн.* сом жана донор өлкөлөр менен эл аралык уюмдардын 240 *млн.* доллар инвестициялары жумшалат. Азыркы учурда сегиз өлкө 32 долбоор боюнча жардам көрсөтүп жатышат. Айыл жеринин, өзгөчө табигый-климаттык шарттары оор болгон райондордун социалдык маселелерин чечүү боюнча атайын программа иштелип чыгууда.

Жалпысынан жакынкы келечекте ишке ашыруу үчүн белгиленген экономикалык иш чаралар ишкердик жигердүүлүктү арттырууга, өндүрүштү жана кызмат көр-

сөтүү көлөмүн көбөйтүүгө, келечекте он жыл аралыгында ички дүң продуктынын көлөмүнүн эки эсе көбөйүшүнө жетишүүгө эсептелген. Экономиканын өсүшү менен бирге шаар жана айыл калкынын жашоо-турмушу да жакшырат.

Биздин элибиз жана биздин балдарыбыз үчүн коомдук тынчтык жана коопсуздук шартында жакшы жашашы үчүн колдон келгендин бардыгы жасалат деп биздин калкыбыз ишенип койсо болот.

## БИЗДИН КӨҢҮЛҮБҮЗДҮН БОРБОРУНДА — АДАМ, АНЫН ТАГДЫРЫ, АНЫН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

### Социалдык саясаттын негизги приоритеттери

Биздин мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн экинчи этабында калктын социалдык жактан корголушу маанилүү маселе бойдон кала берет. Көңүлдүн борборунда адам, анын тагдыры жана анын проблемалары болот.

Өлкөдө жүргүзүлүп жаткан бардык кайра өзгөртүп түзүүлөрдүн мааниси адамдар үчүн татыктуу жашоону камсыз кылуу болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын көпчүлүк бөлүгүнүн социалдык жактан корголушунун начарлап кетиши негизинен объективдүү себептерден улам келип чыкты жана ал убактылуу гана болмокчу. Окуялардын жүрүшүн сергектик менен туура байкаган киши муну түшүнөт. Социалдык-экономикалык өнүгүү өзүнүн мыйзамдарына баш иет, аларды валютаристтик аракеттер же курулай убада менен өзгөртүү эч кимдин колунан келбейт.

Социалдык чөйрөнүн өсүш дэңгээли экономиканын абалына түздөн-түз көз каранды. Ошондуктан биздин мекендештерибиз үчүн жакшы жашоо шартын камсыз кылуу максатында экономиканын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу — биздин жалпы улуттук биринчи кезектеги максатыбыз. Бул маселени бүткүл элдин күч-аракети жана эмгеги менен гана чечүүгө болот. Мына ушул негизде гана реформалардын негизги максатын коомдун социалдык жактан жакшы жашашын жүзөгө ашырууга болот.

Көз карандысыздыкка жетишкен алгачкы учурдан тартып биздин мамлекет, бюджеттин туруктуу түрдөгү

олуттуу тартыштыгына карабастан, кыйын абалда калган граждандарды социалдык коргоо боюнча чыгымдарды өз мойнуна алды. Өтө оор шартта өндүрүштү өнүктүрүүгө, курулуш, туракжай курууга кетүүчү жана башка чыгымдарды кыскартуунун эсебинен калктын аз камсыз болгон катмарын колдоого жумшалуучу каражаттардын үлүшүн көбөйтүү жөнүндө чечим кабыл алынды. Бүгүкү күндө Кыргызстандын өкмөтү мамлекеттик бюджеттин жарымынан көбүн социалдык чөйрөгө жумшагандыктан КМШ мамлекеттеринин ичинен биз бул көрсөткүч боюнча эң жогорку деңгээлдердин бирин сактап кала алдык.

Кыргызстан КМШ мамлекеттеринин ичинен толук компоненти менен, башкача айтканда азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларды тейлөө үчүн төлөөлөрдү, жыйындарды, төлөмдөрдү эске алуу менен минималдуу керектөө бюджетинин структурасын бекиткен жалгыз мамлекет. Башка республикаларда бир адамдын керектөөсү үчүн 19 маанилүү тамак-аш продуктуларынын түрү физиологиялык минимум катары бекитилген.

Абалыбыздын татаалдыгы республиканын калкынын структурасында калктын чабал катмарынын көбөйүп баратышында турат. Азыр калктын эмгекке жарамдуу 100 адамына ошончо эле эмгекке жарамсыз туура келет. 16 жашка чейинки жаштар бизде 40 процентти, ал эми пенсионерлер 12 процентти түзөт.

Кырдаалдын татаалдыгына карабастан мамлекеттик социалдык сектор көңүлдүн борборунда болушу үчүн колдон келгендин бардыгын жасайт.

Биринчи кезектеги милдет катары бааларды стабилдештирүү жана калктын жашоо деңгээлин бара-бара жакшыртуу болуп эсептелет. Ким муктаж болсо — ошого даректүү жардам деген принцип сакталат.

Таасирдүү социалдык саясаттын принциптүү жоболорун иштеп чыгуу жана анын негизинде калкты социалдык жактан даректүү колдоонун реалдуу жана натыйжалуу иштеген системасын түзүү иши тездетилет.

Калктын кызыкчылыгын коргоо максатында кирешелерди индекстөө киргизилет. Мамлекеттик колдоо жашоо минимуму эске алуу менен калктын анык муктаж болгон катмарына көрсөтүлөт. Калктын айрым топторуна — майыптарга, согуш жана эмгек ардагерлерине, кирешеси аз үй-бүлөлөргө, көп балалуу үй-бүлөлөргө турак-жайды акысыз берүү зарыл. Бирдиктүү

акчалай пособиенин чектеринде калктын кирешеси аз топторуна энергия үчүн төлөөнү азайтуу түрүндөгү компенсация каралууда. Салык жыйноого карата көзөмөл күчөтүлүп, пенсия, стипендияларды өз убагында төлөп берүү да көзөмөлдө болот.

Келерки жылдын биринчи жарымында 1994-жылдын 1-октябрына чейин белгиленген пенсиялардын өлчөмүн теңештирүү үчүн чаралар комплекси иштелип чыккан. Натыйжада 490 *миң* пенсионердин пенсиясынын өлчөмү жогорулайт. Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилген республиканын пенсия жөнүндөгү мыйзамдарына киргизилүүчү өзгөртүүлөр «эски» жана «жаңы» пенсиялардын ортосундагы айырмачылыкты жоюуга багытталган.

2000-жылдын аягына чейинки социалдык саясаттын негизги максаты жумушчуларды иш менен камсыз кылуунун натыйжалуу системасын түзүү болуп эсептелет. Реформалар жана рынок экономикасына өтүү процесси оор маселени — жумушсуздук маселесин пайда кылат. Анын эң эле күчөгөн учуру макроэкономикалык стабилдештирүү мезгилине туура келерин тажрыйба ырастайт. Биздин республика да мына ушундай кырдаалды башынан өткөрүп жатат. Экономикалык жандануу менен катар бул маселе да курчтугунан тайып экинчи беш жылдыктын аягында эң аз өлчөмгө жетүүгө тийиш. 1996-жылдан баштап эле республиканын эл чарбасын өнүктүрүүнүн ири долбоорлорун аткарууга байланыштуу атайын өкмөттүк порграмманы ишке ашыруу башталат. Алар 100—150 *миң* кишиге жумуш ордун берет.

Ар бир үчүнчү же кала берсе экинчи жумушсуз адам кесиптик жактан кайра даярдоого муктаж экендигинен улам кесиптик жактан окутуу жана кайра окутуу системасы кыйла кеңейтилет.

Эмгек рыногун жөнгө салуунун чектеринде биздин граждандарды чет өлкөлөргө убактылуу иштөөгө алып баруу боюнча чаралар белгиленген.

Биринчи кезекте калктын жумуштан бошотулуп жаткан категориясына жардам көрсөтүү зарыл.

Акыркы жылдарда эмгек рыногунда кыргыз жаштарынын айылдардан, ансыз да ишке орношуу мүмкүнчүлүгү чектелүү болгон шаарларга болгон миграциясы орчундуу факторго айланды. Алардын айылда калышын бекемдөө үчүн жеңил, тамак-аш жана жергиликтүү өнөр жайынын чакан жана орто ишканаларынын тармактарын өнүктүрүү, ошондой эле айылдык райондо

жана чакан шаарларда курулуш иштери болжолдонууда. Шаардагыдай эле, айыл жерлеринде да чакан орто бизнести өнүктүрүүнүн атайын программалары иштелип жатат.

Биз жумушсуздук боюнча пособие төлөөнү жана өнөр жайдагы структуралык реформалардын жүрүшүндө иштен бошогондорду жумуш менен камсыз кылуу саясатын пландаштырып жатабыз. 1995-жылдын август айынан баштап Бүткүл Дүйнөлүк Банктын эки жылга эсептелген «өз демилгесин өнүктүрүү аркылуу калктын аз камсыз болгон катмарларын колдоо» Программасын ишке ашыруу башталды. Программа калктын ушул категориясынын өндүрүмдүү ишмердиги жана өзүн-өзү иш менен камсыз кылуучу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү карайт. Анда аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана аялдар, жаштар, жумушсуз калышкан айылдык тургундар приоритеттүү менен катышат. 1998-жылдын аягына чейин эсептелген «Социалдык жактан коргоонун тармагы» долбоору ишке ашырыла баштады. Аны финансылоого 18,5 миллион доллар бөлүнгөн.

Иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызматтары, жергиликтүү администрациялар, чарбалык жетекчилер жумушсуздарга материалдык колдоо, алардын өз ишин ачуусуна финансылык көмөк көрсөтүшөт, кошумча жумушчу орундарын түзүүдө ишкерлерге салык жеңилдиктерин беришет.

Экономиканын туруктуу өсүшүнө жараша эмгек акынын деңгээлинин реалдуу жогорулашы күтүлүүдө. Турмуш деңгээлинин төмөндөшүнө жол бербөө максатында эмгек акынын, пенсиялардын, пособиелердин, стипендиялардын жана калкка башка төлөмдөрдүн максималдуу, орточо жана минималдуу деңгээлин этаптар боюнча үзгүлтүксүз жогорулатууга багыт алынды.

Коомдун жыргалчылыгынын негизи болгон адамдын ден-соолугун сактоо жана чыңдоо биздин социалдык саясатыбыздын башкы милдети. Мына ушул милдеттен келип чыккан жана кабыл алынган «Дени сак улут» мамлекеттик порграммасы баарыдан мурда Кыргызстандын элинин генефондун сактоону көздөйт. Саламаттыкты сактоо жагында негизинен медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн баарына бирдейлиги сакталат. Мында калктын аз камсыз болгон бөлүгүнө мамлекеттик колдоо саясаты жүргүзүлөт. Муну менен бир эле учурда жаңы ыкмалар камсыздандырылган жана акы төлөгөн

кызмат көрсөтүү катарлаш өнүгөт. Республиканын өзүнүн фармацевтикалык базасы түзүлүп, медициналык техниканы жасап чыгаруу башталат. Жаңы диагностикалык жана дарылоочу борборлор түзүлөт.

Илим татаал абалда калууда. Финансылоо булактарынын чектелүүлүгүн эске алуу менен колдо болгон кадрдык потенциалды жана материалдык-финансылык ресурстарды өлкөнүн рухий, саясий жана экономикалык потенциалын чыңдоо үчүн чечкиндүү мааниси бар башкы багыттарга топтоштуруу максатка ылайыктуу. Илим-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштердин жетишилген дэңгээлин сактоо максатында мамлекеттик колдоо сыяктуу эле кредиттик-кайтарымдуу финансылоону пайдалануу менен илим жана рынок экономикасынын өз ара аракеттенүүлөрүнүн ийкемдүү механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү зарыл.

## КООМУБУЗДУН КЕЛЕЧЕГИ МАДАНИЯТ МЕНЕН ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШКАН

Бул жагдайдагы биздин саясатыбыз бардык граждандарды дүйнөлүк жана ата мекендик маданияттын жетишкендиктерине тартуунун, бардык социалдык-маданий ишмердикти гумандаштыруунун негизинде алардын маданий дэңгээлин көтөрүүдөн келип чыгат. Мамлекет өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша өлкөнүн негизги маданий дөөлөттөрүнүн, жашоонун мына ушул маанилүү чөйрөсүнүн көрүнүктүү ишмерлери менен кызматкерлерин колдоо жөнүндө кам көрөт. Маданиятты байытып, өлкөнүн атак-даңкынын даңазалай турган таланттуу жаштар мамлекеттин айрыкча камкордугуна алынат.

## КООМДУН МАДАНИЯТЫ АЯЛДАРГА БОЛГОН МАМИЛЕ МЕНЕН АНЫКТАЛАТ

Аялдар калктын жарымын же андан көбүн түзгөндүгүнө байланыштуу эмес, коомдун баштапкы уюму болгон үй-бүлөдөгү өзгөчө ролуна байланыштуу коомдун социалдык-психологиялык абалына ар дайым аныктоочу таасир көрсөтөт. Аялдарга-энелерге, үй очогун сактоочуларга, өсүп келе жаткан муундун тарбиячала-

рына жана эмгек адамдарына татыктуу орунду камсыз кылбай туруп, маданияттуу коомду куруу мүмкүн эмес. Ошондуктан аялдар жөнүндө кам көрүү жалпы мамлекеттик маанилүү маселе.

Рынок шарттарында аялдар өздөрүндө зор түзүүчүлүк жигери бар экендигин көрсөтө алышты. Алар адамдарга өмүр, жашоо-тиричилик тартуулаган ишмер катары, өзгөрүүлөр сөзсүз болорун жана аларды эмгек гана сактап калаарын баарынан мурда туюп билишти. Алар өлкөнү ныгыра баскан оор жүктүн кыйласын өздөрүнүн назик жондоруна көтөрүшсө да оптимизмин жоготушкан жок жана биз тандап алган кардиналдуу реформалардын багытынын тууралыгына шек санашпады. Бүгүнкү күнү дал ошо аялдардын басымдуу көпчүлүгү өзгөрүүлөрдүн тез арада жүрүшүн колдошот. Алар алыскы келечекти даанышман көрө билүүлөрү менен терең сый-урматка жана жалпы элдик колдоого татый алышты. Биз алардын алдында кутулгус карыздарбыз. Ошондуктан биздин мамлекеттик саясатыбыз чынында эле аларга таандык коомдо алардын татыктуу орундарды ээлешине мүмкүнчүлүк берүүгө багытталат. Бүгүнкү күнү алар, тилекке каршы айрыкча кыйналган социалдык топ болуп калды. Калктын турмуш дэңгээлинин төмөндөшү, баарыдан мурда алардын социалдык абалына таасирин тийгизип жатат. Ошондуктан калкты иш менен камсыз кылуу кызматтарына аялдар баарынан көп кайрылышат.

Азыркы кырдаалда мамлекеттин биринчи кезектеги милдети аялдарды иш менен камсыз кылуу, эмгек рыногунун муктаждыктарына жараша аларды окутуу жана жекече эмгек ишмердиги үчүн шарттарды камсыз кылуу жөнүндөгү камкордук болуп саналат. Аялдардын ээлик кылуу ишкердигин уюштуруу жана өнүктүрүү, чакан ишканаларды, аялдардын эмгегин пайдалануу басымдуу кылган үй эмгеги үчүн элдик кол-өнөрчүлүк кооперативдерин түзүү, зарыл жайларды, жабдууларды жана материалдарды бөлүү өзгөчө көңүл бөлүүнү талап кылат.

## МАМЛЕКЕТИБИЗДИН КЕЛЕЧЕГИ — ӨЛКӨБҮЗДҮН НЕГИЗГИ БАЙЛЫГЫ БОЛГОН ЖАШТАРДЫН КОЛУНДА

Биз умтулуп жаткан гүлдөп-өнүккөн коомду жаштар курушат. Алардын бүгүнкү күндөн баштап, эртеңкиге жоопкерчилик сезими менен кароосу жана келечектүү мүнөздөгү маселелердин чечилишинде жигердүүлүктү көрсөтүшү айрыкча маанилүү. Биздин Кыргызстан кийинки жүз жылдыкка кубаттуу интеллектуалдуу дараметке, билимдүү, адептүү жана эмгекчил, өз алдыларына бийик милдеттерди койгон жана аларды максаттуу чече билген адамдарга таянган мамлекет катары кирүүгө тийиш. Жаштарды XXI кылымдын чакырыктарына даярдоо үчүн биздин кадрларды эл аралык конкуренция жөндөмдүүлүгүнө жеткирүү максатында элге билим берүү системасын эл арасын стандарттарга багыттоо менен реформалоо улантылат. КМШнын чектеринде бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүгө аракеттер жасалат. Мында бардык граждандар үчүн тогуз жылдык билим милдеттүү болгон билим алуу сакталат. Билим алуунун бардык граждандарга бирдей жеткиликтүүлүгү, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучулары үчүн аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына кыйла жеңилдиктер каралган бирдей форма кийим киргизүү каралат.

Жогорку окуу жайларын, колледждерди жана мектептерди, анын ичинде айылдык мектептерди компьютерлештирүүгө багыт алынды, бул Кыргызстандын билим деңгээли боюнча дүйнөлүк деңгээлге чыгуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Бизде жаштарыбыздын чет өлкөлүк мамлекеттердин эң мыкты жогорку окуу жайларынан билим алышына шарт түзө турган «XXI кылымдын кадрлары» билим берүү программасы кабыл алынган.

Жаштардын иш менен камсыз болушу жөнүндөгү маселе да мамлекеттик камкордуктун предмети болуп саналат. Республикада жаштардын беш эмгек биржасы түзүлгөн. Кесиптик-техникалык окуу жайлар тармагы иш менен камсыз кылуу аркылуу жумушсуздарды кайра даярдоонун борборуна айлануула.

Жаратылыш менен жанаша жашоо — биздин элибиздин салты. Индустриялык өнүгүүгө жараша курчап

турган чөйрөнү коргоо проблемасы экономикалык, социалдык жана маданий олуттуу мааниге ээ болмокчу. Кыргызстан муну эске алуу менен КМШ өлкөлөрүнүн арасынан биринчи болуп Бүткүл дүйнөлүк Банк менен кызматташтыкта Курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча улуттук программаны иштеп чыкты жана кабыл алды. Ал дүйнөлүк программанын составдык бөлүгү болуп саналат жана Туруктуу өнүгүү боюнча Рио-де-Жанейродогу конференциянын чечимдерине толугу менен жооп берет. Анда ишке ашырылышы жалпы улуттук мааниге ээ болгон жакын арадагы 3—5 жылдагы приоритеттер жана максаттар белгиленген.

## МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ ЖАНА УКУК ТАРТИБИ

Кыргызстандын көз каранды эместикке ээ болушу бүтүндөй бир доордун окуясы болду. Ал биздин өлкөбүздү көз каранды эмес башка өлкөлөр менен бир катарга койду, дүйнөлүк шериктештикке ыраattуу кирүүгө жана алар менен тең, ар тараптуу жана өз ара пайдалуу кызматташтыкка жол ачты. Бул элдин беделин жана кадыр баркын жаңы негизде кайрадан көтөргөнү өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

Биздин жаш мамлекетибиз жок жерден жаралган жок. Анын тамыры эзелки замандарга кетет. Байыркы кыргыз каганатынын кулашынан кийин элибиздин көз каранды эместиктике ээ болуу жөнүндөгү кылымдар бою самаган максаты беш жыл мурда гана ишке ашты. Бул тарыхый адилетүүлүктүн кабылына келиши болду.

Бүгүн биздин алдыбызда — кайрадан түзүлгөн мамлекетибизди көздүн карегиндей сактоо жана өзүбүз ээ болгон көз каранды эместикти баалай билүү милдети турат. Муну тарыхый акыл-эсинен ажыраган манкурттар гана түшүнбөй калышы мүмкүн!

Кыргыз Республикасы — Кыргызстандын бирдиктүү элин түзүп турган анын бардык граждандарынын мамлекети. Мамлекет бүгүн реформалардын, тынчтыктын жана өлкөдөгү стабилдүүлүктүн, анын граждандарынын биримдүүлүгүнүн жана ынтымагынын зарыл гаранты катары башкы кайра жаратуучу күч катары чыгат.

Өзүбүз алдыга койгон улуу максатты-эркиндиктин, теңдиктин, демократиянын жана жалпы бейпилдиктин коомун куруу ишке ашыруунун жүрүшү биздин мамле-

кетибиздин бүтүндүгүнө, анын бардык кызматтарынын натыйжалуу иштешине жараша болот.

Реформалардын экинчи этабында коргоо, тышкы саясат жана экологиялык багыттар боюнча өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу жагындагы күч-аракеттерди улантуу турат.

Өлкөнүн аскердик тармак жагындагы коопсуздугу КМШнын чектеринде иштеп жаткан макулдашууларга таянат, дипломатиялык ишмердик аркылуу өркүндөйт жана толукталат. Экономикалык коопсуздукту чыңдоо максатында мониторинг системасы түзүлгөн, республиканын 2005-жылга чейин социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнүн узак мөөнөттүү программасын иштеп чыгуу аяктап калды. Келерки жылы экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү маселелерин камтуу менен «Экономикалык коопсуздук жөнүндөгү» мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун негизинде иштелип чыккан.

Мамлекеттин жөнгө салуучу функцияларын күчөтүү максатында экономикалык кайра түзүүлөр менен бир учурда административдик реформаларды жүргүзүүнүн да жөнү бар. Өндүрүштүк мамилелердеги өзгөрүүлөр мамлекеттик аткаруу бийлигинин структурасын буга чейинкиден ийкемдүү жана натыйжалуу болуп, өнүгүүгө дем бергидей кылып өзгөртүүнү талап кылат. Мамлекеттик структураларды компетенттүү, өлкөнүн кызыкчылыгына берилген жана абийирдүү адистер менен камсыз кылуу максатында кадрлар саясатында да олуттуу иштерди аткаруу алдыда турат. Мамлекеттик кызматтын мыйзам негиздерин камсыз кылуу менен коррупциянын көрүнүштөрүнө каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүү зарыл.

Кыргызстандын бирдиктүү элине таянган жана анын эгемендүү эркин аткарган улуттук мамлекеттүүлүк — кыргыздардын жана Кыргызстанда жашаган бардык элдердин улуттук салттарын дүйнөлүк маданияттын эң мыкты жетишкендиктери менен бириктирүүчү коомдук өнүгүүнүн өз алдынча моделин түзүүдөгү башкы кайра түзүүчү күч.

Биз мамлекеттүүлүктү чыңдоонун кызыкчылыгында күчтүү демократиялык негиздер үчүн граждандык тынчтык үчүн экономикалык кризистен чыгуу үчүн жана бардык граждандардын адамдык нормалдуу жашоосу үчүн чыгабыз.

Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин жападан-жалгыз булагы болуп саналган биздин өлкөнүн элине мамлекетти башкарууга жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун иштерине түздөн-түз катышууну камсыз кылуу маанилүү. Муну менен катар бир эле учурда мамлекеттин эл алдындагы жоопкерчилигин чечкиндүүлүк менен күчөтүү мыйзам боюнча ыйгарым укуктардын арбын көлөмү берилген чөйрөлөрдөгү бийликтин бардык бутактарынын ролун жогорулатуу, борбор менен региондордун ортосунда оптималдуу өз ара мамилелерге жетишүү зарыл. Жер-жерлердеги адамдар өз тагдырларын өздөрү аныктоонун жана жөндүү жерлерде мамлекетке көз каранды болбоонун мезгилик келип жетти. Биз КМШ мамлекеттеринин ичинде биринчи болуп дүйнөлүк стандарттарга жооп берген жергиликтүү башкаруунун жаңы системасын киргизе баштадык. Биз ар бир региондун потенциалдуу дараметтерин максималдуу ачуу максатында бул реформаны уланта беребиз.

Мамлекет мыйзам чыгаруучу аткаруу жана сот бийликтери жергиликтүү өзүн-өзү башкаруучу катары өткөөл мезгилдин шарттарында реформалардын ырааттуулугун жана кайра жангыстыгын өз граждандарынын коопсуздугун камсыз кылуунун башкы аспабынын ролун аткарууга чакырылган.

Реформалардын экинчи этабында мамлекеттик органдардын иштешинин натыйжалуулугун жогорулатуунун, административдик реформаларды жүргүзүүнүн жана кадрдык чечкиндүү саясаттын маанилүү милдеттерин чечүү турат. Мамлекеттик органдар кайра түзүүлөрдү терендетүү процессине, өндүрүштү жогорулатууга жана коомдук тартипти камсыз кылууга кыйла жигердүү таасир көрсөтүүгө тийиш.

Мамлекеттик тартипти жана укук тартибин чыңдоо, кылмыштуулукка каршы күрөш маселелери олуттуу көңүл бөлүүнүн предмети болуп кала берет. Кылмыштуулук, биринчи кезекте анын уюштурулган түрлөрү өлкөдө реформаларды нормалдуу ишке ашырууга тоскоолдук кылуучу жана саясий стабилдүүлүккө коркунуч келтирүүчү олуттуу факторлордун бирине айланууда. Кылмыштуулукка каршы күрөштүн иштелип чыккан беш жылдык программасы коомдук тартипти сактоонун жана мамлекеттин граждандарынын тынч жана нормалдуу жашоосунун натыйжалуу системасын түзүүгө багытталган. Элдин коопсуздугун коргоо алдындагы беш жылда

мамлекеттин ишинин эң маанилүү милдеттеринин бири болуп калат.

Кылмыштуу чөйрө бүгүн да жаңы шарттарга тездик менен ыкташууда. Коомго жана инсанга контролдук кылуунун тоталитардык системасын тез арада урады, ал эми кылмыштуулуктун алдын алуунун демократиялык жана рыноктук шарттарга ылайыктуу жаңы системасын түзүү, тилекке каршы создуктурулуп кетти.

Укук коргоо жана сот системасы демократиянын шарттарындагы алардын укуктук статусунун проблемалары менен шартталган кризистик кырдаалга дуушар болду. Мамлекет тарабынан алардын ишмердигине болгон контролдук бошондоду, алардын материалдык-техникалык жактын камсыз болушу кескин начарлады.

Коомдун айрым чөйрөлөрүндө «катуу колдуу» катаал бийликти орнотуу зарылдыгы тууралуу сөздөр чыгууда. Биздин тарыхыбыз менен эл аралык практика коркутуп-үркүтүү жана репрессиялар Кылмыштуулукту такыр жое албастыгын көрсөттү. Жаңы шарттарга ылыйыктуу күрөштүн натыйжалуу формаларын табуу зарыл. Ырас тартип керек. Өзүбүздүн иш практикабыз кылмыштуулукту мыйзам чектеринде оодуктоого бизде белгилүү мүмкүнчүлүктөр бар экендигин көрсөтүп турат.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгын даярдоо жана өткөрүү мезгилинде кылмыштуулуктун ээнбаштык сыяктуу жайылган түрү бүткүл республика боюнча 40 процентке ал эми Бишкек шаарында 60 процентке кыскарды. Демек бизде пайдаланылбаган резервдер жана мүмкүнчүлүктөр бар.

Мамлекет кылмыштуулукка каршы күрөш жүргүзүүнүн стратегиясы менен тактикасына ээ болууга мыйзамдык жана уюштуруу мүнөзүндөгү натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга жана аларды ишке ашырууга тийиш. Уголовный кодекстин долбоору кароо стадиясында Кыргыз Республикасынын Уголовный процессуалдык кодексинин жана мамлекеттик кызмат жөнүндөгү, коррупция жөнүндөгү оперативдүү издөө иш аракети жөнүндөгү жана башка долбоорлорду түзүү аяктап келе жатат. Соттук-укуктук системанын жаңы моделинин укуктук негиздери боло турган сот түзүлүшү жана соттордун статусу жөнүндөгү Арбитраждык сот жана Арбитраждык-процессуалдык кодекс жөнүндөгү мыйзамдардын долбоорлору парламенттин кароосуна берилди.

Республиканын укук коргоо органдарынын жана алардын жетекчилеринин граждандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана мыйзамдуулукту сактоо кадрлардын сапаттык курамын жана укук коргоо органдарынын материалдык-техникалык жактан жабдылышын жакшыртуу үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча чаралар көрүлүүдө.

Республикада бирдиктүү борборлоштурулган уголовный укуктук маалымдоо системасын киргизүү пландаштырылып жатат. Бул жасалган ар бир кылмышты бардык стадияларында уголовный процесске, күнөөлүүлөрдүн соттолушуна жана алардын жазаны өтөөсүнө үзгүлтүксүз мамлекеттик контролдук кылууну уюштуруу үчүн зарыл. Булардан тышкары, укук бузуулардын алдын алууга жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын жана калктын ыктыярдуу коомдук түзүлүштөрүн коомдук тартипти сактоо процессине активдүү тартуу боюнча иш чаралардын комплекси кабыл алынууда.

Биздин көңүлүбүздүн борборунда ар дайым адам болот. Анткени келечекке болгон биздин кыймылыбыздын маңызы адамдын укугу менен эркиндигине артыкчылык берүүнү ишке ашырууга байланышкан. Биз өзүбүздүн мүдөөбүздү байланыштырган коомдук жаңы түзүлүш инсандын укуктарынын, эркиндигинин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын, адамдык кадыр-барктын артыкчылыктарына негизделет. Ал эми бул максаттарды ишке ашыруу коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрдүн: мамлекет менен адамдын ортосундагы экономикалык, саясий, социалдык, тең укуктуу мамилелерди демократташтырууну талап кылат.

Акырында, маанилүү таянычты, биздин коомдун дүйнөгө ачыктыгын чындоодон, Батыш менен Чыгыш адамзатка, айрыкча экинчи дүйнөлүк согуштан кийин берген бардык баалуу дөөлөттөрдү кабылдоодогу жөндөмүн өнүктүрүүдөн таянычты көрөбүз.

Эгерде ага элдин каалоосу болсо, бул максаттарга толук жетишүүгө болот.

Жакынкы келечекте Кыргызстандын өнүгүшүнүн жалпы көрүнүшү мына ушулар. Алар бүгүнкү күндүн катаал, ал гана эмес, каардуу реалдуулугу менен сүрөттөлгөн. Албетте, биз мындан да орчундуу нерселерди ишке ашыруунун, көксөгөн максаттарыбызга тезирээк жетүүнү каалар элек. Бирок, тарыхты ута албай-

сын, анын адам баласынын каалоолоруна баш ийбеген өзгөчө мыйзамдары бар. Ишке ашпас курулай убадаларды берүүгө болбойт. Бул өз элин алдоо жана урматтабагандык болот.

Программада көрсөтүлгөндөр — толук ишке аша турган нерселер. Алдыга коюлган милдеттерди ишке ашыруу биздин өлкөбүзгө алга карай олуттуу кадам жасоого, болгондо да маданияттуу дүйнөлүк шериктештиктин катарына кошулууга зарыл болгон кадамды жасоого мүмкүнчүлүк берет.

Коюлган максаттарга жетишүү үчүн эмне керек? Баарынан мурда — тынчтык, биздин граждандардын өз ара түшүнүүлөрү, кызматташтыгы, ушул өлкөгө таандык экендигин толук түшүнүүдөн келип чыккан биримдик сезими.

Экинчиден, чымыркanган түзүүчүлүк эмгек зарыл. Керемет нерсе болбойт. Жападан-жалгыз керемет — бул адамдын каалоосу жана анын эмгеги. Дүйнөдө бир да мамлекет эмгектенбей гүлдөп өсүп-өнүккөн эмес. Элдин бир максатка умтулган жана биргелешкен күч-кубатынын жигери жок нерседен улуу ишти жарата алат. Демилгесиз кашаңдык, баарына жана бардык көрүнүштөргө наараазы болуу, апыртмалуу сынчылдык эч кандай үзүр бербейт, мындай позиция коомдук түзүүчүлүк эмгектеги демин суутуп, чечкиндүүлүгүн алсыратат.

Сиздерге сунуш кылынган программа — өзүбүз басып өткөн жолду жалпылоонун, беш жыл ичиндеги кайра түзүү практикасынын жана биз бүгүн башыбыздан өткөрүп жаткан кыйынчылыктарды өз учурунда басып өтүшкөн, бирок бүгүнкү күнү өздөрү жетишкен ийгиликтери менен бүтүндөй дүйнөнү суктандырган чет өлкөлөрдүн тажрыйбасынын натыйжасы. Эгерде биз бүгүн бутубузга бекем тургубуз келсе, алдыбызга чоң максаттарды койбой жашай албайбыз. Улуу максат гана адамзаттын жашоосуна көрк берип, анын маңызын ачат.

Өлкөнүн милдети өз граждандарына жигердүү дем менен эмгектенүүгө шарт түзүүдө турат, ал эми өлкөнүн гүлдөп — өсүшү жана ар бир инсандын бак-таалайы баарыбыздын биргелешкен жана макулдашкан күч — аракеттерибизге жараша болот. Адам баласы эркиндикке, учуу үчүн канатка, үзүрлүү эмгек үчүн иш мейкиндигине ээ болууга тийиш. Биз өз элибизге иш-аракеттердин эркиндигин берүү үчүн колубуздан келгендин баарын жасайбыз.

Убакыт тез өтөт. Дүйнөнүн жарымы алга карай арымдуу кадам шилтөөдө. Алардын айрымдары жашоонун көптөгөн параметрлери боюнча XXI кылымда жашап жатышат. Биз алардан мыкты да, жаман да эмеспиз.

Биздин өлкөбүздүн эли албан иштерди аткара алат. Ал эми билимдүү, эмгектене билет жана жигердүү. Мен элге ишенем жана ошондон улам алардын жактыруусу менен башталган ишти аягына жеткирүү үчүн алар менен бирге алга барууну чечтим. Адам баласына өлкөнүн бейпилдиги үчүн эмгектенүүдөн ашкан бак-таалай жок.

Биздин өлкөбүздүн келечегин ар тараптан жакшыртуу жөнүндөгү өзүмдүн ой-толгоолорумду ортонуздарга салуу менен сиздер аны туура түшүнөт деген ниеттемин.

Биздин жалпы үйүбүз — Кыргызстанда тынчтык менен бак-таалай орносун!

*Аскар Акаевичтин идеясына максатташ болгон Эргеш Төрөбаев октябрь айынын аягынан баштап ноябрь айынын аягына чейин Аскар Акаев менен бирге болуп эл менен жолугушуу өткөзүшүп, президенттикке талапкер А. Акаевдин программа платформасын терең талдап элге жеткирүүдө, элди ынандырууда конкреттүү ишти аргументтүү фактылар менен далилдеп шайлоочуларды үгүттөп жатты.*

*Республикада олуттуу саясий компанияда ар кандай алчы-таалуу оюндар жүрүп республиканын Жогорку Кеңешинин депутаттары президенттик шайлоо менен катар референдум өткөрүү туурасында чечим кабыл алышты. Мындай саясий олуттуу катачылык 1995-жылдын 12-декабрында Чүй областынын эл депутаттар кеңешинин кезексиз сессиясында талкууланып, Жогорку Кеңештин чечими, республиканын негизги мыйзамынын талаптары бузулгандыгын белгилешип, чечим кабыл алышып официалдуу билдиришти. Конституциянын талаптарына ылайык референдумду, Президент менен бирге шайлоого коюу маселеси алынып ташталды.*

*Кыргыз Республиканын Жогорку Сотунун граждандык иштери боюнча соттук коллегиясы Кыргыз Республикасынын Генералдык Прокурорунун арызын карап Президенттикке талапкер Өмүрбек Текебаевдин, Мамат Айбалаевдин жана Жумгалбек Аманбаевдин колдоо баракчаларындагы жасалма колдорду алып салды жана аларды талапкер кылып каттоо жөнүндөгү Борбор-*

*дук Шайлоо Комиссиясынын токтомдорун жараксыз деп тапты. Ошентип президенттикке үч талапкер Аскар Акаев, Апсамат Масалиев, Медеткан Шеримкулов кызыл тебетейчен республиканын биринчи адамынын тизгинин талаша Ала-Тоону айланган бүркүттөй канат күүлөп бой ташташты...*

*Эргеш, аламан байге башталып сүрөөнчүлөрдүн дымагы кызыган мезгилде шайлоону уюштуруу иштеринде шайлоочу адамдарга таасир көрсөтүүнүн пландарын иштеп чыгып, өзүнө ишенимдүү атуулдардан «Мозговый центр», «Группа быстрого реагирования» түзүп област боюнча үгүт иштерин үзгүлтүккө учуратпай Аскар Акаевдин идеясын колдоп шайлоодо аны жактап добуш берүүсүнө өбөлгө түздү.*

*24-декабрь 1995-жылы Эргеш Төрөбаев ишенимдүү адам болгон Жалал-Абад областында шайлоонун жыйынтыгы чыгарылды:*

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**

**Аскар Акаевге ишеним көрсөткөндөрдүн пайыздык катышы**

| Жалпы шаарлар | Шайлоого шайлоочулардын саны | Пайыздык катышкандардын саны | А. Акаевди катышы % | Колдогондордун пайыз көрсөткүчү % |
|---|---|---|---|---|
| 2. Ала-Бука | 32501 | 29446 | 90,6 | 53,21 |
| 3. Базар-Коргон | 51668 | 46985 | 90,9 | 54,3 |
| 4. Ноокен | 45742 | 41000 | | 46,05 |
| 5. Сузак | 83097 | 77000 | 82 | 60,00 |
| 6. Токтогул | 24966 | 23468 | 94 | 87,13 |
| 7. Тогуз-Троо | 11392 | 11287 | 99,1 | 95,82 |
| 8. Үч-Терек | 9956 | 9234 | 92,7 | 78,5 |
| 9. Чаткал | 8955 | 7682 | 85,8 | 61,72 |
| 10. Жалал-Аб. | 35579 | 31827 | 89,5 | 73,92 |
| 11. Кара-Көл | 8802 | 7064 | 86,8 | 80,87 |
| 12. Көк-Жаңгак | 6010 | 5375 | 89,4 | 70,01 |
| 13. Майлу-Суу | 11828 | 11227 | 75 | 81,15 |
| 14. Таш-Көмүр | 14448 | 10727 | 74,2 | 31,87 |
| **Бардыгы:** | **386335** | **347495** | **89,9%** | **61,27%** |

*Аскар Акаевдин ишенимдүү адамы, Эргеш Төрөбаевдин үмүт тилеги, максаты, эл тилеги менен айкалышып, ишеним абийирдүүлүк менен акталып, эгемен Кыргыз Республикасынын Президенти болуп Аскар Акаев экинчи мөөнөткө шайланды.*

## КҮН ЧЫГЫШ ӨЛКӨСҮНДӨ

Эгемендүү Кыргыз Республикасы рынок экономикасынын шартында өнүгүүгө багыт алууга негизденип укуктук мамлекет катары дүйнө алкагынын өлкөлөрү менен байланыш түзүп, өсүп өнүгүүнүн цивилизациялуу булагына таянган. Өзгөчө дүйнөдө өздөрүнүн өтө уникалдуу өндүрүлгөн товарлары жана тышкы соода байланышы менен таанылган Япония мамлекети менен Кыргыз Республикасынын ортосунда мамлекеттер аралык экономикалык комиссия түзүлүп, экономикалык байланыштардын карым-катнашы боюнча сүйлөшүүлөр өткөрүлүп жаткан. Кыргыз — Япониялык экономикалык комиссиянын үчүнчү кеңешмесине Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 11-ноябрь 1996-жыл № 371 Р буйругунун негизинде 13—15-ноябрда Токио шаарында өтүүчү кеңешмеге өкмөттүк официалдуу делегация, эксперттер, коштоп жүрүүчү өкүлдөр ошондой эле жекече бизнести өнүктүрүүчү адистердин тобун Кыргыз Республикасынын Премьер-Министри Апас Жумагулов жетектеп барды. Жеке бизнести өнүктүрүүчүлөрдүн катарында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөр палатасынын депутаты, Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору Эргеш Төрөбаев да бар эле.

Күн чыгыш өлкөсүнүн аралдары Тынч океанынын литосфералык плитасы, материктик Евро-Азия плитасы менен беттешип кагылышкан жерде пайда болгон. Чыгыш бөлүгү түбөлүк түнөргөн терең суу астындагы Кең аалам — океан мейкиндиги эле. Эргеш самолеттун иллюминаторунан сересеп салып жаратылышы өтө кооз, аянты чектелүү чоң эмес төрт негизги аралдан жана миңге жакын майда аралдардан турган Японияны тоо бүркүтүндөй үстүнөн көрүүгө ниеттенип келе жатып ойго батты. Жер материгинин алкагынан деңиз, океан менен бөлүнүп турган аралдарда өмүр кечирген Япондуктар дүйнөдө продукциянын көп түрлөрүнөн — болот эритүү, деңиз кемелерин, автомобилдерди, телевизорлорду, электрондук эсептегич техниканы жана башка буюмдарды жасап чыгарууда, импорттоодо алдыңкы орунда тураарын эстеди. Чогуу учуп бараткандардын жандуу талкуусунан улам Эргеш кайрадан иллюминаторго үңүлдү. Таман алдынан тунжураган көкмөк мейкиндик суу талаасын көрдү. Бир нече минутадан кийин жер аралчалары пайда болуп жаратылышы көркөм

Япониянын булуңдары, майда аралчалуу кооз жээктер, токой каптаган тоолор табиятты көркүнө чыгарып ажайып сулуулук тартуулап, тарам-тарам болуп каалгый учкан булуттар шамал агымына жетеленип түнөрүп каптай калып, жок болуп артта калып жатты. Самолеттун күүлдөгөн добушу басандап каалгып калгандай сезилди. Катарлаш шахматтай тариздe жайгашкан кооз имараттарга жакындап самолет акырып чөгүп улам жерге жакындап баратты...

13-ноябрь саат 11.00 Кыргыз Республикасынын делегациясы келген самолет Токионун Нарита аэропортуна келип конду. Жылуу Куросио агымындай Япония мамлекетинин официалдуу адамдары тосуп алып, мамлекеттик аземдер аткарылды.

Эки күн өткөрүлгөн Кыргыз-Япон экономикалык комиссиясынын үчүнчү кеңешмесинде Эргеш:

«Японияда орто жана майда ишканаларды колдоонун чаралары», «Түштүк — Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү орто жана майда ишканаларды колдоо жана кызматташтык», «Япония жана Кыргыз тараптарынын докладдарынын негизиндеги ойлор жана сунуштар анын катарында Кыргыз Республикасынын орто жана майда ишканаларынын өнүгүшү жөнүндө», «Япония — Кыргыз экономикалык мамилелеринин өсүшүн тездетүү боюнча сунуштар» — темаларында окулган докладдарынан орто жана майда ишканаларды колдоонун жана кызматташуунун тышкы экономикалык соодасатык, инвестициялык, ишкердүүлүк багыты боюнча рынок экономикасынын шартында кеңири консультация алып кайтты...

## ПРЕЗИДЕНТТИН УКАЗЫ, БУЙРУГУ МЕНЕН...

Республиканын коомдук-саясий турмушунда көп олуттуу өзгөрүүлөргө өбөлгө түзүүчү мыйзам актылары кабыл алынып жашоонун уңгусуна кирип жатты. Рынок экономикасына шарттташкан республикада Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу палатасынын 17-октябрь 1996-жылы «Энергетика» жөнүндө мыйзамынын кабыл алынышы, 23-январь 1997-жылы ушул эле палата тарабынан кабыл алынып колдонууга киргизилген «Электр энергетикасы» жөнүндөгү мыйзам актылары Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актыларынын жобосуна негизделип электр энергетикасы мыйзамынын биринчи статьясында:

Электр жана жылуулук энергиясы менен ишенимдүү, коопсуз жана үзгүлтүксүз камсыз кылуу жана бардык керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтын сапатын жакшыртуу, атаандаш чөйрөнү түзүү жана энергия рыногун калыптандыруу, жеке менчик сектордун өнүгүшүн кубаттоо жана инвестицияларды тартуу бул мыйзамдын максаты болуп саналгандыгы белгиленген...

Рынок экономикасына багыт алган республикада электр энергетика жана жылуулук энергиясынын тармактарын башкаруу системасын өркүндөтүү максатында 1997-жылдын 8-январында Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы чыгып анда төмөнкүлөр белгиленген:

Керектөөчүлөрдү электр жана жылуулук энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, улуттук энергосистема объектилерин натыйжалуу пайдалануу мамлекеттик жөнгө салуу системасын тартипке келтирүү жана электр энергетика секторунда атаандашуу чөйрөсүн түзүү, тармакка корпоративдик башкаруу принциптерин киргизүү максатында төмөнкүлөр белгиленсин:

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик-акционердик холдинг энергокомпаниясынын («Кыргызэнергохолдинг») жогорку башкаруу органдары болуп Директорлор кеңеши саналып, анын төмөндөгүдөй негизги милдеттери аныкталсын:

«Кыргызэнергохолдингди» өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу — анын ичинде-энергетикалык объектилерди куруу (реконструкциялоо боюнча чечимдерди кабыл алуу):

«Кыргызэнергохолдингдин» иши жөнүндө отчетторду бекитүү энергокомпаниянын башкы дирекциясынын ишине контролдук кылуу:

1. Электр энергетика секторунун объектилеринин менчигин мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу:

2. «Кыргызэнергохолдингдин» аткаруучу органы болуп башкы директор — директорлор кеңешинин мүчөсү башчылык кылган башкы дирекция саналат:

3. «Кыргызэнергохолдингдин» директорлор кеңешинин төрагасынын милдетин аткаруу Кыргыз Республикасынын финансы министри Койчуманов Таалайбек Жумашевичке жүктөлсүн.

4. Мурда «Кыргызэнергохолдингдин» вице-прези-

дентинин кызматын ээлеген Абасбеков Кудайкул «Кыргызэнергохолдингдин» башкы директорунун милдетин убактылуу аткарууга дайындалсын.

Кыргыз Республикасынын өкмөтү:

Бир айлык мөөнөттө «Кыргызэнергохолдингдин» уставын бекитсин:

1997-жылдын 1-апрелине чейин Токтогул Гидроэлектростанциялар каскадын 110 киловольттук жана андан жогорку чыналуудагы жогорку вольттуу линияларын бардык подстанциялар менен бирге мамлекеттик менчикте сактап калууну кароо менен электр энергетика секторунун менчигин мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү программасын иштеп чыксын:

Өз чечимдерин ушул указга, ошондой эле «Энергетика жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык келтирсин.

5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фонду:

Корпоративдик башкаруу системасынын киргизилгендигине байланыштуу «Кыргызэнергохолдингдин» уюштуруучусу катары чыксын; «Кыргызэнергохолдингдин» директорлор кеңешинин курамы боюнча сунуш киргизсин.

Президенттин ушул указынан негизденип Кыргыз Республикасынын мүлк фондунун башкармасынын сунушу менен 17-январь 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин буйругу менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик акционердик-холдинг энерго компаниясынын директорлор кеңешинин курамына:

**Койчуманов Таалайбек Жумашевич** — директорлор кеңешинин төрагасы, Кыргыз Республикасынын финансы министри.

**Абасбеков Кудайкул** — директорлор кеңешинин төрагасынын орун басары. «Кыргызэнергохолдингдин» башкы директорунун убактылуу милдетин аткаруучу.

Директорлор кеңешинин мүчөлөрү:

**Айткулов Медетбек Ашыркулович** — «Кыргызэнергохолдингдин» тышкы байланыштар жана долбоорлорду ишке ашыруу боюнча аткаруучу директору.

**Алыкулов Мукамбек Калматович** — «Кыргызэнерго-

холдингдин» Ош электр тармактар ишканасынын директору.

**Васильев Лев Алексеевич** — «Кыргызэнергохолдингдин» Бишкек ТЭЦ-2 директору.

**Жаманкулов Болот Сапарович** — Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун өкүлү.

**Исраилов Абдылда Нургазиевич** — «Кыргызэнергохолдингдин» Токтогул ГЭСи каскадынын директору.

**Төрөбаев Эргеш** — «Кыргызэнергохолдингдин» Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору.

Мүчөлүккө киришип республиканын энергетика, электр энергиясы, жылуулук энергиясы саясатын ишке ашырууда Эргеш депутат катары да өз салымын кошуп жатты...

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН БУЙРУГУ

### Б. Э. Сарткaзиев жөнүндө

Сарткaзиев Бакирдин Эшимбетович мурда ээлеген кызматынан бошотулуп, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик — акционердик холдинг энергокомпаниясынын («Кыргызэнергохолдинг») башкы директорлугуна дайындалсын.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1997-жылдын 17-январындагы буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик — акционердик холдинг энергокомпаниясынын «Кыргызэнергохолдинг» Директорлор кеңешинин курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

«Сарткaзиев Бакирдин Эшимбетович — Директорлор кеңешинин төрагасынын орун басары, «Кыргызэнергохолдингдин» башкы директору;

Абасбеков Кудайкул — Директорлор кеңешинин мүчөсү. «Кыргызэнергохолдингдин» башкы директорунун орун басары.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. АКАЕВ**

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
1997-жылдын 13-марты
ПБ № 77

## ДЕПУТАТТЫК ПАРЫЗ

Ири ишкананын жетекчиси, областты электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздандыруучу кесипкер адам катары линия тартуу, подстанцияларды орнотуу, оңдоо, өндүрүштү башкаруу менен депутаттык мандаттын алгачкы эки жылында өз платформасына ылайык Барпы шайлоо округуна кирген:

**Атабеков айыл өкмөтү боюнча:**

Атабеков айылына жалпы кубаттуулугу 1240 *кВА* болгон 10 КТП орнотулуп, ВЛ-10 *кВ* — 4,6 *км* линия тартылган. Жалпы суммасы — 2 *млн.* 515 *миң* сом.

Чек айылына ВЛ-10 *кВ* — 0,77 *км*, кубаттуулугу, 160 *кВА* КТП курулуп 183,6 *миң* сомго жумуш аткарылган.

Бек-Абад айылына ВЛ-10/0,4 *кВ* — 2,5 *км* линиялары тартылып, жалпы кубаттуулугу 670 *кВА* болгон 4 КТП орнотулган. Сарпталган каражат 187,6 *миң* сом болгон.

Актачы айылына кубаттуулугу 250 *кВА* болгон КТП курулган. Суммасы 30 *миң* сом.

Түрк-Абад айылына ВЛ-0,4 *кВ* — 0,9 *км* линия тартылып, 41,1 *миң* сом сарпталган.

Кыргыз-Абад айылына кубаттуулугу 100 *кВА* КТП коюлуп, 15 *миң* сомго иш аткарылган.

Эркин айылындагы Навои атындагы орто мектеби электр жылуулугуна өткөрүлгөн. ВЛ-10 *кВ* — 0,4 *км* линия, кубаттуулугу 100 *кВА* курулуп, жалпы суммасы 42,3 ? сомду түзгөн.

Жийде айылына ВЛ-10-0,4 *кВ* — 3 *км* линия, жалпы кубаттуулугу 480 *кВА* 3 КТП ишке берилип 158,1 *миң* сомго жумуш аткарылган.

Мангыт айылына ВЛ-10 *кВ*—1 *км*, ВЛ-0,4 *кВ*—2 *км* линия тартылып, кубаттуулугу 250 *кВА* КТП орнотулган. Кеткен каражат 131,4 *миң* сом.

Мундуз айылында кубаттуулугу 100 *кВА* КТП орнотулуп, 2,9 *миң* сомдук иш аткарылган. Жогорудагы жумуштарды аткарууга айыл өкмөтү боюнча 3333,1 *миң* сом акча каражаты жумшалган.

**Таш-Булак айыл өкмөтү боюнча:**

Таш-Булак айылындагы мектеп электр жылуулугуна өткөрүлүп, 85 *миң* сом жумшалып, бир 160 *кВА* КТП, ВЛ-10 *кВ* — 0,25 *км* линия курулган. Жалпы кубаттуулугу 2020 *кВА* болгон 12 КТП, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 7,25 *км* линия курулуп, кеткен каражат 1908 *миң* сомду түзгөн.

Ирригатор айылына ВЛ-10-0,4 *кВ* — 1 *км* линия, 160 *кВА* КТП орнотулуп, суммасы 235 *миң* сом болгон.

Айыл өкмөтү боюнча жалпы кубаттуулугу 2340 *кВА* 14 КТП орнотулуп, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 8,45 *км* линия тартылып, сарпталган жалпы каражат 2228 *миң* сомду түзгөн.

**Ырыс айыл өкмөтү боюнча:**

Жаркыштак айылында жалпы кубаттуулугу 740 *кВА* 7 КТП, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 1,18 *км* линиялары курулуп, 160 *кВА* жана 250 *кВА* трансформаторлор кубаттуулугу жогору болгон 250 *кВА* жана 400 *кВА* трансформаторлоруна алмаштырылган. Каржыланган акча 498 *миң* сом болгон.

Тотуя айылында кубаттуулугу 160 *кВА* эки трансформатор кубаттуулугу 400 *кВА* трансформаторлорго алмаштырылган. Улутбек атындагы орто мектеп электр менен жылытууга өткөрүлгөн. Ар бири 160 *кВА* кубаттуулукта болгон 3 КТП, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 0,7 *км* линиялары курулган. Жалпы каржы 325 *миң* сом болгон.

Тейит айылына ВЛ-10-0,4 *кВ* — 0,6 *км* линия, ар бири 160 *кВА* болгон 2 КТП курулуп, 135 *миң* сомго жумуш аткарылган.

Масадан айылында Фуркат атындагы орто мектеби электр жылуулугуна өткөрүлүп, кубаттуулугу 160 *кВА* КТП курулуп, суммасы 35 *миң* сомду түзгөн.

Ырыс айылындагы орто мектеп электр жылуулугуна өткөрүлүп, 23 *миң* сом суммасындагы акча сарпталган.

Курук-Көл айылына жалпы кубаттуулугу 1680 *кВА*

9 КТП, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 1,05 *км* линиялары курулуп, эки мектеп электр жылуулугуна өткөрүлгөн. Бул жумуштарга 561 *миң* сом акча жумшалган.

Сай-Бою айылында кубаттуулугу 63 *кВА* бир КТП орнотулуп, ВЛ-10-0,3 *км* линия курулган, суммасы 64 *миң* сом болгон.

Ала-Мал, Жаңы-Чек, Күмүш-Азиз айылдарында ВЛ-10-0,4 *кВ*—0,7 *км* линиялары, кубаттуулугу 100 *кВА* жана 160 *кВА* болгон 2 КТП курулуп, жумшалган каражат 164 *миң* сомду түзгөн.

Навои колхозундагы мечитке кубаттуулугу 250 *кВА* болгон КТП орнотулуп, 40 *миң* сомдук каржы сарпталган. Жогорудагы аталган айылдарга жалпы кубаттуулугу 5046 *кВА* болгон 26 КТП курулуп, ВЛ-10-0,4 *кВ*—6,83 *км* линиялары ишке киргизилип, сарпталган каражат 5340 *миң* сомду түзгөн. Кубаттуулугу 6300 *кВА* трасформатор коюлган 110/10 *кВ* «Мырзажан» атындагы подстанция курулуп, андан ВЛ-10 *кВ*—1,6 *км* линия тартып, подстанция толугу менен ишке киргизилген. Бул курулуштун жалпы наркы 3 *млн.* 495 *миң* сом болгон.

**Барпы айыл өкмөтү боюнча:**

Чөкө-Дөбө айылында жалпы кубаттуулугу 320 *кВА* 2 КТП орнотулуп ВЛ-10-0,4 *кВ* — 0,3 *км* линия курулуп суммасы 155 *миң* сомду түзгөн.

Тоо-Элес айылында кубаттуулугу 160 *кВА* КТП коюлуп, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 1,1 *км* линия тартылган, иштин наркы 200 *миң* сомго барабар болгон.

«Боз-Чычкан» айылында «Ынтымак», «Таштак» орто мектептери электр жылуулук системасына өткөрүлүп, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 1,7 *км* линия тартылган. Кубаттуулугу 250 *кВА* КТП орнотулган. Суммасы 154 *миң* сом болгон.

Комсомол айылында кубаттуулугу 160 *кВА* КТП орнотулуп, ВЛ-10 *кВ* — 0,1 *км* линия тартылган. Суммасы — 47 *миң* сом.

Чокмор айылында кубаттуулугу 160 *кВА* КТП коюлуп, 35 *миң* сом сарпталган.

Жаңы-Айыл кыштагына кубаттуулугу 160 *кВА* КТП орнотулган, суммасы 35 *миң* сом.

Кыпчак айылына кубаттуулугу 160 *кВА* КТП орнотулуп, суммасы 35 *миң* сом болгон.

Үлгү кыштагына кубаттуулугу 400 *кВА* КТП орнотулуп, суммасы 55 *миң* сомду түзгөн.

Айыл өкмөтү боюнча жалпы кубаттуулугу 1770 *кВА* 9 КТП орнотулуп, ВЛ-10-0,4 *кВ* — 3,2 *км* линиялары тартылып жалпы каржы 716 *миң* сомду түзгөн.

**Ленин айыл өкмөтү боюнча:**

Винсовхоз кыштагында жалпы кубаттуулугу 363 *кВА* болгон 4 КТП орнотулуп ВЛ-0,4 *кВ* — 0,3 *км* линия тартылган. Кубаттуулугу 160 *кВА* трансформатор 630 *кВ* кубаттуулукка, ВЛ-0,4 *кВ* — 1,5 *км* линиянын ∅16 $мм^2$ зымдары ∅35 $мм^2$ зымдарга алмаштырылган. 35/10 *кВ* «Винсовхоз» подстанциясынын 4000 *кВА* трансформатору 10000 *кВА* трансформаторуна алмаштырылган, натыйжада подстанциянын кубаттуулугу 2,5 эсеге өскөн. Бул жумуштардын наркы 1 *млн.* 200 *миң* сом өлчөмүнө туура келген.

Барпы шайлоо округу боюнча 14 *млн.* сомго жакын каражат сарпталып, элибиздин турмуш-тиричилигинин жакшырышына салым кошуп келечек муундардын маданий жактан өнүгүүсүнө, деги эле элдин социалдык абалынын жеңилдешине оң өбөлгө түзүп жардам көрсөтүүдө. Ошондой эле жардамга муктаж инсандарга, пенсионерлерге соопчулук милдетин өтөп, коюлган суроолордун маани-маңызына карап Сузак райондук мамлекеттик бийлигине, областтык мамлекеттик администрациясына жана республикалык деңгээлдерге чейин коюп, депутаттык милдетин гана эмес атуулдук милдетин да кичи пейилдик менен аркалап келүүдө...

## ӨМҮРДҮН ӨТӨЛГӨСҮ

**Убакыт өтүп кылым карып бир мезгилдеги кырчындай жаш жигит өмүрүнүн чейрек кылымын өзү баштап алгачкы пайдубалын түптөгөн электр тармактар ишканасын жетектеп Жалал-Абад областынын бүткүл элдүү пункттарын электрлештирип энергетика системасында көптөгөн мыкты кадрларды тарбиялап өстүрдү. Алардын катарына Н. Маматов, А. Машрапов, К. Абазбеков, А. Эралиев, Ж. Арстанов, Р. Мамыров, Абжапаров, Т. Таштемиров, Ө. Сулайманов, С. Кенжекулов, Т. Кучин, А. Шанин, Н. И. Пичугин, С. Попов. Алардын ичинен Кыргыз Республикасынын энергетикасына эмгек сиңирген ишмерлер: А. Абасбеков, С. Авазов, Н. Кудратиллаев, А. Тагаев, Республиканын Ардак грамотанын**

ээлери: — Т. Кабылбеков, А. Машрапов, А. Тагаев, Т. Турдалиев. Орден, медал менен Төрөбаев Камал, Калыков Бекен сыйланды.

Чейрек кылым алыс калган өмүрүндө электр түйүндөрүн тейлеген төрт райондун базасында электр жабдыктары алгач 11900 шарттуу бирдикти түзсө, электр тармактар ишканасы түзүлгөндөн кийин жалпы шарттуу бирдик 65 миңден ашкан. Жогорку чыңалуудагы ВЛ-220 *кВ* «Ленинск-Октябрь», «Курп-Сай ГЭС — Октябрь». Бийик тоолуу аймакка шурудай көрк берген электр тогун берүүчү жогорку чыңалуудагы ВЛ-500 *кВ* «Токтогул ГЭС-Андижан», эң бир өзгөчөлөнгөн электр тогун байланыштыруучу түйүндүү ВЛ-220/110/10 *кВ* «Октябрь» подстанциясына орнотулган гигант эки автотрансформатордун курулушу эл чарбасынын инфраструктураларынын өнүгүшүнө өз таасирин тийгизди. Кийинки он, он беш жылдын аралыгында жогорку чыңалуудагы ВЛ-220 *кВ* «Таш-Кумыр ГЭС — Кристал-1», ВЛ-110 *кВ* «Шамалды-Сай — Кристалл» подстанциялары. Республиканын түштүк жана түндүк региондоруна ВЛ-500 *кВ* Токтогул ГЭС — Фрунзе, коңшулаш Өзбекстан Республикасына ВЛ-500 Токтогул ГЭС — Ленинск электр энергиясын берүү турукташтырылган. Тейлөө аймагы бир нече жүз километрди түзүп материалдык жабдыктарды тартып жеткирүү, ондоо өзгөчө эмгекти талап кылып рынок экономикасынын шартында 1992-жылы «Кристалл» ПС 220/110/10 *кВ* жогорку чыңалуудагы ВЛ-220 *кВ* «Октябрь — Кристалл», «Кристалл — Юбилейный» трассалары аркылуу тартылган линиялар республиканын, областын экономикасын көтөрүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Ошондой эле элдин социалдык абалын оңдоодо да курулуш объектилерин жүргүзүп областын аймагында жана Жалал-Абад шаарында 48 квартиралуу 6 үй, 12 квартиралуу 8 үй, 6 квартиралуу 6 үй, 2 квартиралуу — 20 үй, 14 сауна жана башка социалдык мааниси бар бир нече объектилерди (мечит, күмбөз, мектеп, бала-бакча, тейлөө үйлөрү) курууга өз салымын кошуп, эл ишенген депутат катары да колдон келген мүмкүнчүлүгүн жасап жатты.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын директору Кыргыз Республикасынын эл депутаты Эргеш Төрөбаевдин жетекчилиги менен бүгүнкү күнгө ВЛ-0,4 *кВ* — 5718,9 километр, ВЛ-6-10 *кВ* — 5287,5 километр, ВЛ-35 *кВ* — 865 километр, ВЛ-110 *кВ* — 992 километр,

ВЛ-220 *кВ* — 228 километр, ВЛ-500 *кВ* — 231 километр, ТП-0,4/6-10 *кВ* — 3146 километр, ПС-35/6-10 *кВ* — 62 даана, ПС-110/35/6-10 *кВ* — 34 даана, ПС-220 *кВ* — 2 дааналы түзүп электр тармактарынын чарбасын он үч райондук түйүнгө жеткирип жыйырма беш жыл мурункуга салыштырмалуу электр энергия системасы беш эсеге өскөн.

Сапаттуу жана үзгүлтүксүз электр энергиясын керектөөчүлөргө жеткирүү үчүн тейлөөнүн дүйнөлүк стандарттык мыкты сапатына жеткирүүгө далалат жасалган. Мындай улуу өзгөрүшкө көп материалдык чыгымдар кетээрин ишкананын жетекчиси гана эмес эл ишеним көрсөткөн депутат катары Эргеш Төрөбаевич Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөр жыйынынын экинчи сессиясынын күн тартибинде:

— «Ишканалардан, бирикмелерден жана уюмдардан алынуучу салык жөнүндө «мыйзам актыларынын айрым статьяларына өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү боюнча өз оюн сунушун эл тагдырын чечип жаткандардын ой жүгүртүүсүнө коюп кайрылды:

Урматтуу төрага!

Урматтуу коллегалар! Азыр өндүрүштүк финансылык, техникалык абалына карабастан салыктын ондогон түрлөрү чыга келди. Булардын санын көбөйтпөй бир бүтүндүккө алып келүү керек. Улам жаңы салык жөнүндө өкмөттүк актылар чыга берт. Ал жөнүндө ишканаларга, жалпы эле өндүрүүчү тармактарга өз убагында түшүнүк берилбейт. Башкача айтканда ошол жаңы чыккан мыйзам актыларынын иштөө механизмин адистерге жеткирүү начар абалда.

Ушундан улам ишканалардын эсепчилери айлап, жылдап отчет тапшыралбай жүрүшөт. Маселен, ишканалардан алынуучу салыктын түрлөрү боюнча электр тармактар ишканасына кайрылып көрөйүн.

— Кыргызэнергохолдинг компаниясы эле өткөн 1994-жылда кирешеден алынуучу салык үчүн 30 процент, же 43 миллион сом төлөгөн.

— Жолдорду пайдалангандыгы үчүн алынуучу жол салыгын жылына товардык продукциядан 0,8 процент кармап калат.

— Автожол инспекциясы деген бар. Ал аймактык жол аралыктарына, жакынкы чет өлкөлөргө, республиканын аймагында жүрүү үчүн лицензиялык салык алат. Бул салыктын өлчөмү ар кандай.

— Дагы алып келинүүчү жана сыртка ташылып чыгылуучу товар үчүн жүктөлүп бараткан продукциянын көлөмүнүн, суммасынын 0,15 проценттик өлчөмүндө таможнялык салык алынат.

— Эмгекке акы төлөө фондунун 33 проценти социалдык фондго которулат.

— Эмгекке акы төлөө фондунун 1,5 процентин иш менен камсыздоо фонду шыпырып алат.

Ал аз келгенсип иштегендердин эмгек акыларынын 2,5 проценти да салык катары кармалат. Эгер топтоп келсек маңдай тер төгүп иштеп жаткан адам айлык эмгек акысын аларда 37 процент эмгек акысынан кол жууп калат экен.

Ал эми пенсиялык фондго эле Жалал-Абад электр тармактар ишканасы айына 300 *миң* сомдон, жылына 3 миллион 600 *миң* сом которуп жатат. Ушунун бардыгы өндүрүлгөн продукциянын өздүк наркынын кымбаттап кетүүсүнө алып келип, өндүрүштү оорлотуп жатышын эске алуу керек да.

Подоходный налог үчүн эле Жалал-Абад электр тармактар ишканасы айына жумушчу жана кызматкерлердин айлыгынан бюджетке 70 *миң* сом которуп, бир жылда 840—900 *миң* сомдон ажырап калат.

— Негизги фонддогу мүлкүбүздүн наркынан алынуучу салык үчүн жылына жергиликтүү бюджетке 1,2 процент салык төлөйбүз. Бул да ишкана үчүн 100 миң сом төлөөбүздү талап кылат.

— Ишканабыз алынган материалдар үчүн жылына республикалык бюджеттин өзүнө 20 процент кошумча нарк салыгына (НДС) төлөйт. Бул биз үчүн жылына 1 миллион 657 *миң* сом чыгымды алып келет. Биз муну эмне себептен төлөшүбүз керек?!

Мынабу кийин чыга калган акциздик салык деген нерсе башка жактан алынып келинчү продукциянын баасын асманга асып койду. Өзүбүздө жок болгондон кийин айласыздан алып келет экенбиз. Алынып келинген продукцияны кымбаттыгынан реализация кыла албай иш, өндүрүш сапаты такыр төмөндөп, кызылдай чыгашага олтуруп калмай болдук!.

Маселен, энергетиктер үчүн күйүүчү жана майлоочу майлар, трансформатордук майлар чет республикалардан алынып келинет. Сырттан алынып келинген ушундай сырьенун наркынын 50 процентик өлчөмүндө акциздик салыгы кошулат. Акциз болсо барып-келип эле ачка

олтурган элдин шорун ого бетер кайнатат. Анткени, энергетикалык тейлөөбү, же башка тейлөө тармагы болобу кымбаттагандан кымбаттап кетип баратат.

Анын кесепетинен ишканалар көрсөткөн тейлөө кызматы үчүн элдин да, бири-биринен да карызы үзүлбөйт, Бири-биринен акыны өз убагында өндүрүп ала албай ишканалар сызга олтуруп калып жатат.

Айласыздан өз ара эсептешүү деген ойлоп табабыз. Аныбыз эки тарапты тең төрт убарага салат. Себеби өз ара эсептешүү алынган товар да ташып келүүнү талап кылат. Анан ал чыгымды жаап реализациялоо үчүн дагы айласыз кымбаттатууга барабыз. Бул убакытты да, чөнтөктү да, калктын дасторкону менен казанын да какшытып жүрүп олтурса элибиз кайда барат?!

Мынабу иштеп жаткан финансист, экономисттерибиз жалаң салыктын «модалуу» түрлөрүн ойлоп гана таап эле «Новатор» боло беришпестен, токой, суу, кен-байлык, дыйканчылык, өнөр-жай өндүрүшүн көтөрүүнүн, өндүрүмдүү жумушчу ордуларын табуунун механизмдерин ойлошсо болбойбу?! А карапайым эл болсо сессия болгон сайын бизди тиктеп, ырайым күтүп олтурушат. Жок, өндүрүштөн салык ала берип алыс бара албайбыз, жолдоштор. Биз жалаң салык маселесин карабастан салык ала турган өндүрүштүн ал-абалы жөнүндөгү маселени чечишибиз керек. Ансыз бирин-экин башы көрүнгөн өнөр жай ишканаларыбызды да жакында салык төлөй албай салык инспекциясына мүлктү өткөрүп берсек, сырттан келген байлар аукционго коюп, андан сатып алып, өзүбүз таптакыр итке минип калбайлы?!

Эй, чынында күйөсүң да, чекеден эле «бер, бер! — төлө-төлө!» — деп демитип турушса заманың куурулуп кетет да! Акыры «ме-ал,— ишинди ондогонго жардам бердим» — деген да мезгил болобу?!

Эл зарыл керектөөчү товарлардан акциздик салыкты алып таштоо керек. Мына азыр мурдагыдай бухгалтерлер жок. Мурдагы учетчиктер, азыр бухгалтерлер болуп алышкан. Азыр салыктын көптүгүнөн отчет түзө алышпайт, айлап-жылдап отчет тапшыра албай жүрүшөт. Ошондуктан салыктын бардык түрүн кошуп, бир эле формага келүү зарыл. Ансыз бытырандылык дагы көпкө созулат.

Товарды сыртка алып чыгып сатуунун да юридикалык, эл аралык механизмдерин кайрадан иштеп чыгуу

керек. Ансыз пахта, тамекини сыртка саткандар үч жылдап акысын кайтарып ала-албай жүргөн ондогон далилдерди келтирүүгө болот. Бул айыл чарбасында иштеген дыйкандардын жылдап кирешесин төлөбөй калууга алып келип жатат.

Ошондой эле айыл чарбасында иштеген карапайым дыйкандар менен жер комитеттеринин ортосундагы чарбалык өндүрүштүк келишимдерди түзүүнүн юридикалык механизмин иштеп чыгуу зарыл. Ансыз митаамдык менен бири-бирин алдап, ортодо товар өндүрүүчү субъектер күйүп калууда. Мындай арыз менен менин шайлоочуларым да тынымсыз кайрылып жатышат. Ошондуктан, ишти баштаганда приоритеттүү механизмдер иштелип чыгуусун көзөмөлдөөчү орган абдан керек болуп турат — деген оюн депутаттардын элегине салды...

Бул ойлорун бекемдөө максатында Кыргыз Республикасынын Премьер-Министри А. Жумагуловго официалдуу кат менен кайрылды:

Жалал-Абад областында күйүүчү ресурстардын (көмүр, газ) жетишсиздигине жана аларга болгон баанын өсүп кетишине байланыштуу жылытуу жана тамак-аш даярдоо үчүн электро энергияга болгон талап жогорулап кетти.

Жалал-Абад ПЭСи үчүн энергиянын негизги булактары болгон Таш-Көмүр, Курп-Сай, Токтогул, Шамалды-Сай, Үч-Коргон ГЭСтери менен байланыштуу болгон бардык электр өткөрүүчү линияларды, тейлөө эң оор маселе болуп калды.

Иштелип чыккан электроэнергияны Кыргыз Республикасынын түндүк регионуна жана коңшулаш Өзбек республикасына берип туруудагы негизги кыйынчылык болуп энергосистемалардын ишеничтүүлүгү жана чыдамдуулугу саналат.

Област боюнча көп электр энергиясын өткөрүүчү линиялардын жаратылыш кырсыктарынан жапа чегиши чоң-чоң линиялардын иштен чыгышына алып келип жатат.

Акыркы жылдар көрсөткөндөй, кыска мөөнөттүн ичинде адистерди жана техниканы жабырланткан системалардын, нормаларын стабилдүү режимде иштешин калыбына келтирип туруу үчүн толук даярдыкта кармап туруу зарыл. Бул максатта күйүүчү-майлоочу материалдардын запасы дайыма болуп турушу талап кылынат.

Түзүлгөн чарбалык келишимдердин негизинде Жа-

лал-Абад электр тармактар ишканасы күйүүчү жана майлоочу майларды башка өлкөлөрдөн болсо да алып туруусу керек болот, бирок мындай шартта күйүүчү-майлоочу материалдар жогорку акциздик налогдорго дуушар болот. Бул болсо, электр энергияны керектөөчүлөргө жеткирүүдө анын өздүк баасынын жогорулашына алып келет. Дагы айта кетүүчү бир нерсе, күйүүчү-майлоочу материалдар өндүрүшкө керектөө үчүн гана алып келинет жана пайдаланылат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде жана авариялык-калыбына келтирүү иштери үчүн өндүрүштү күйүүчү заттар менен камсыз кылуу максатында Сизден 1995—96-жылы күзгү, кышкы мезгил ичинде башка өлкөлөрдөн алып келинүүчү, күйүүчү-майлоочу материалдарды акциздик салыктан атайын чечим менен бошотуп коюңузду суранабыз деген өтүнүчүн да жазды...

Мындай күн желесиндей чырмалышкан иштердин түрмөгү оор проблемаларды чечүүдө Жалал-Абад областынын энергетика системасынын абалы туурасында өлкөнүн президенти Аскар Акаевге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл Өкүлдөр жыйынынын депутаттары: Ж. Түлөбердиев, Э. Төрөбаев, А. Анаркулов, А. Кудайбердиев, М. Токтоболотов, В. Шевелев, Б. Султанов, Т. Алыкулов, Э. Узакбаев, М. Калмурзаев, Ү. Сыдыков Б. Эркинбаев аргументтүү далилдер менен кайрылышты:

09.04.1991-жыл № 147 Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин «Кыргыз Республикасынын айыл жергесиндеги калктын турмушун электрлештирүүнүн мындан аркы чаралары жөнүндөгү» токтомуна ылайык, бул токтомду аткаруу боюнча кеңири программа кабыл алынган эле, бирок Республикадагы оор финансылык абалга байланыштуу алар толугу менен аткарылбай жатат.

Жалал-Абад областында гидроэлектростанциялардын өнүккөн тышкы электр тармактарынын жана чыңалуусу 220/110 *кВ* байланыш-түйүндүк подстанциялардын болушу керектөөчүлөрдү электр энергиясы менен камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Бирок азыркы учурдагы турмуш-тиричилик жана коммуналдык керектөөчүлөрдүн өтө тез өсүшү жана электр тогу менен жылытууга өтүү чыңалуусу 110/35 *кВ* болгон электростанциялардын жана электр өткөрүүчү линиялардын өткөрүүчү жөндөмдүүлүгү кубатсыз болуп калды.

Азыркы учурда областтын бардык райондору боюнча электр энергиясынын кубаттуулугунун жетишсиздиги (дефицити) 436 *мвт* түзөт, дефицит, кымбат туруучу жабдыктарды сактоо максатында керектөөчүлөрдүн талабын чектеп, кезеги менен электр тармактарын 35/10/6 *кВ* өчүрүп турууга аргасыз болуп турабыз. Нормадан көп кубаттуулукта иштеп жаткандыктан электр жабдыктарын авариялык өчүрүүлөрдүн саны көбөйүп кетти.

Практика жана экономикалык эсептөө подстанцияларды куруу экономикалык жактан электр энергиясын керектөөчүлөргө берүүнү чектөөгө караганда экономикалык жактан пайдалуураак экенин көрсөтөт.

Энергиянын кымбаттыгынан жана Жалал-Абад областынын өзүнүн күйүүчү ресурстары менен начар камсыз болушунун шартында жалпы электр энергиясын үйлөрдү жылытууга, тамак даярдоого, суу жылытууга пайдаланууга өтүшү жүрүп жатат.

Калктын социалдык жашоо шартын жакшыртуу жана электрдик жылытууга өтүү үчүн кошумча жаңы ВЛ-110/35/10/6/0,4 *кВ* жана 110/35/6-10/0,4 *кВ* жаңы подстанцияларын куруу, ошондой эле чыңалуунун басымын көтөрө албаган трансформаторлорду кубаттуурактары менен алмаштыруу зарыл.

Жалал-Абад областы боюнча этап-этап менен энергожабдыктарды куруу жана алмаштыруунун программасы тиркелет. Бул программа бар проектилердин материалдары боюнча эсептелинип түзүлдү.

Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 09.04.1991-жыл № 147 токтомуна, Президенттин шайлоо алдындагы платформасына ылайык жана жогоруда аталган маселелерди аткаруудагы жумуштун чоң көлөмүн жана материалдык чыгымды эске алуу менен Жалал-Абад областынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары жумуштун этап боюнча аткарылышы үчүн каражат бөлүп берүүнү сурайт:

1-этап — 1996 жыл — 113287,92 *миң* сом Жалал-Абад, Сузак РЭСтери

2-этап — 1996/97-жыл — 66096,0 *миң* сом Үч-Терек, Токтогул, Майлуу-Суу РЭСтери

3-этап — 1997/98-жыл — 329076,8 *миң* сом Аксы, Ала-Бука, Чаткал РЭСтери.

4-этап — 1998/99-жыл — 129046 *миң* сом Базар-Коргон, Ноокен РЭСтери

5-этап — 1999/2000-жыл — 110992,64 *миң* сом — Таш-Көмүр, Кара-Көл, Көк-Жангак РЭСтерине.

Депутаттар иштин жагдайынын чечилишине өбөлгө түзүп жатышты.

Кыш айларынын топондой тозоту көтөрүлгөн мезгилде областтын аймагындагы чукул арада чечилүүчү жогорку чыңалуудагы линияларды ондоо максатында Республиканын Премьер-Министри А. Жумагуловго билдирүү жөнөттү:

**Урматтуу Апас Жумагулович!**

Өкмөттүн 3-ноябрь 1995-жыл № 324 Чечими менен КГЭХК, ГКЧС и ГОнун долбоорлоочу институттарынын адистеринин, Жалал-Абад областык мамлекеттик администрациясынын өкүлдөрүн катыштыруу менен түзүлгөн комиссия жаратылыш кырсыктарына дуушар болгон электр энергиясын өткөрүүчү линияларды изилдеп чыгышып төмөнкү объекттерди биринчи кезекте көчүрүү жана калыбына келтирүү жөнүндө чечим кабыл алды:

1. ВЛ-220 *кВ* Курп-Сай ГЭС — Октябрьск № 49-51 жана № 261 таяныч участкасы болжолдуу суммасы — 8500 млн. сом иштеп чыгуу станциясындагы ПСД Ташкент шаарындагы А. К. «Орто Азия» энергосетьпроект ишке ашырат.

2. ВЛ-220 *кВ* Таш-Көмүр ГЭСи — Кристалл 1,2 № 9,12-16 таяныч участкасын, анткени ал жерде 15 млн. куб метр көлөмүндөгү көчкүнүн себебинен катастрофалык абал түзүлгөн. Кете турган чыгымдын болжолдуу суммасы — 60.000 *млн* сом.

3. ВЛ-110 *кВ* Таш-Көмүр (Майлуу-Суу шаары) № 108-114 таяныч участкасы. Сметалык баасы — 3133 *млн* сом.

4. ВЛ-35 *кВ* Түштүк-ТЭЦ 1,2 (Майлуу-Суу шаары № 12-18 таяныч участкасы. Сметалык баасы — 4575,6 *млн.* сом.

5. ВЛ-35 *кВ* Торкент-Толук Токтогул району № 194-195 таяныч участкасы. Сметалык баасы — 807 *млн.* сом.

6. ВЛ-35 *кВ* Сузак-Жийде № 86-91 таяныч участкасы. Сузак району Сметалык баасы — 15 *млн.* сом.

7. ВЛ-35 *кВ* Тепличная-Сейдикум Ноокен району № 34-42 таяныч участкасы. Сметалык баасы — 637,6 *млн.* сом.

Чыгымдын жалпы суммасы — 83308.1 *млн.* сом.

Областта түзүлгөн кырдаалга байланыштуу жогоруда аталган жумуштарды калыбына келтирүү үчүн аткарууга каражаты жок болгондуктан, Сизден аталган объектилерди финансылоону ГКЧСнын чечими менен биринчи иретте аткаруучу переченге киргизип коюшуңузду суранабыз...

Эгерде бул жумуштар аткарылбай калса, Жалал-Абад, Ош областынын көпчүлүк өндүрүштүк зоналары жана алардын калкы электр энергиясы менен камсыз болбой калышат, себеби февраль айынан баштап суу ташкындары, көчкү, сел жана кар мөңгүлөрдүн көчүшү башталат. Мындай абалды билдирген маселени чечүүгө арналган аргументтүү фактылар менен кайрылуулар жаңы гана калыптанып келе жаткан мамлекеттен сурануу, талап кылуу менен маселе чечилбесин Эргеш терең түшүнүү менен кызмат компотенциясына ылайык электр тармактар ишканасында жана ага баш ийген райондук электр тармактарын чарбалык эсепке өткөрүү, өзүн-өзү каржылоо процессин рынок экономикасынын шартында калыптандырууну жүргүзө баштады. Бирок ошондой болсо дагы рынок экономикасынын маани-маңызын терең түшүнбөгөн элдин катмарынын психологиясына сиңбегендиктен көпчүлүк электр энергиясын керектөөчүлөрдүн төлөө муктаждыктары чектелүү эле. Сөздүн түз маанисинде баалардын эркин кое берилиши, мекеме, ишканалардын, совхоздордун мамлекеттен ажыралып жеке менчикке, коомдук менчикке өтүшү элди дендирөө абалына алып келип баш аламандыкка салды. Керектелген электр энергиясы үчүн мекеме, ишкана, колхоз, совхоздор карыздарын төлөөгө чама-чаркы жетпей менчиктин ээси болгон жамааттарга, адамдарга үлүш катары бөлүнүп берилди. Бул процесс Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын, райондук электр тармактар кызматкерлерин кыйынчылыкка салды. Атайын кесипчилик өзгөчөлүгүнө ылайык сарпталган электр энергиясы үчүн алдын ала төлөө жүргүзүү мүмкүн эмес болгондуктан мамлекеттик жана жеке менчик секторлорунун электр энергиясы үчүн карызы 1997-жылдын 1-февралга карата 64 *млн.* жакын сомду түздү. Финансы-экономикалык, техникалык оор кырдаал электр тармактар ишканасынын, район, шаар электр тармактарынын энергетиктерине жалпы эле кызматкер персоналдарына эмгек акысын берүүдө гана тоскоол болбостон иштин жүрү-

шүндө тейлөө тармагында оор абалга алып келээрин ойлонгон Эргеш электр тармактар ишканасынын жетектөөчү адистерин, райондук электр тармактарынын жетекчилерин чакырып кошмо-кеңешме өткөрүп:

Урматтуу кесиптештер! — деп кайрылды. Жашообузга кирип келген рынок экономикасынын шарты бизди жаңыча ойлонуп иштөөгө мажбурлап жатат. Курулуш оңдоо иштери электр линиялары электр станциялары жана техникалык каражаттар үчүн мурунку мезгилдерде борборлоштурулган капиталдык салымдан бөлүнөөр эле, азыр андай булак жок, ишти уюштуруунун жаңы ыкмасын, стилин кандайча сунуштайсыздар?

Т. Кабылбеков — Токтогул РЭСинин жетекчиси:

— Эргеш Төрөбаевич, менин оюмча энергетиктердин финансылык беделин түшүрбөй электр энергиясын керектегендер менен эсептешүүнүн натуралай ыкмасына өтүү керек.

А.Эгембердиев — Аксы РЭСинин жетекчиси:

— Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын борбордук жана бөлүмдөрүндөгү кызматкерлерден жана РЭСтердин энергетиктери менен бирдикте бригадаларды түзүп, рейдке чыгарып жеке секторлордон карыздарды өндүрүүнү уюштуруу зарыл.

С. Авазов — Жалал-Абад РЭСинин жетекчиси:

— Мамлекеттик жана акционердик коомдордун, коммерциялык структуралардын энергия сарптоолорун дагы көзөмөлгө катуу алуу керек. Болбосо энергияны уурдоочулардын фактылары күн өткөн сайын көбөйүп жатат.

Н. Маматов — электр тармактар ишканасынын башкы инженери:

— Эргеш Төрөбаевич, биздин негизги жана биринчи баскычтагы жасала турган кесиптик жумуштарыбызды да унутпашыбыз керек. Себеби жалпы эл отун, көмүр, газдын тартыштыгынан электр энергиясын кеңири колдонууга өтүп жатат. Ошондуктан «Октябрь» подстанциясын 220/110/10 *кВ* кубаттуулуктагы эки автотрансформаторду (АТДЦН) 125 *миң* КВаны 250000 кВага алмаштыруу керек, «Таш-Көмүр ГЭС — Кристалл 1-2» ВЛ-220 *кВ* жогорку чыңалуудагы линиянын эки чынжырын көчкү жүрчү аймактан тез көчүрүү, ВЛ-220 *кВ* жогорку чыңалуудагы «Күрп-Сай ГЭС — Октябрь» линиясынын аралыгындагы Базар-Коргон районунун аймагындагы агып өткөн Кара-Үңкүр суусу жээке жакын ор-

котулган мамыны алып кетүү коркунучунда турат. Тез аранын ичинде техниканын жардамы менен ошондой эле таш жана бетондорду ташып тоо суусунун агымына бөгөт коюу керек экендигин далилдеди.

А. Машрапов — директордун орун басары:

— Жалал-Абад шаарындагы ВЛ-110/35/6-10 *кВ* подстанциясынын чыңалуусун жеңилдетүү керек. Ал үчүн ВЛ-110/10 *кВ* Көк-Арт подстанциясынын курулушун баштоону ошондой эле «Достук» шаарчасындагы ВЛ-35/10 *кВ* подстанциясы курулуп бүтсө, СМУ шаарчасы, Жалал-Абад шаарын электр энергиясы менен жылытууга өткөрүүгө болоорун сунуштады.

Б. Мадраимов — Ала-Бука РЭСинин жетекчиси:

Чаткал районун электр энергиясы менен камсыз кылып жаткан ВЛ-35 *кВ* «Шекафтар — Жаңы-Базар» линиясын көзөмөлдөөнү күчөтүүнү өтүндү. Себеби тоолуу аймакта тартылган трасса жаратылыш кырсыктарына дуушар болуп жаткандыгын аргументтүү фактылар менен айтты. Мындай омоктуу ойлорду С. Кенжекулов, А. Атчабаров жана башкалар кеңешмеге маселе кылып коюп, ортого салып жатышты. Ошол мезгилде Эргеш Төрөбаевичтин артынан өсүп келе жаткан кесиптеш жаш муундардын демилгелүүлүгү, ишке болгон жоопкерчилиги кубантты. Ал түнөргөн оор кабагынан жылдызын чача:

Ар бириңер тарабынан айтылган сунуштарды мен жазып олтурдум. Бул сунуштарды ишке ашыруу үчүн Мамлекет башчысына, Премьер-Министрге мен кайрылганмын, бирок ошондой болсо дагы жогортон жардам күтүп олтура бербестен өз мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша план программа түзүп ишти уланта берели. Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын жыйырма беш жылдык юбилейине карата, айтылган сунуштар тапшырма болсун. Дагы бир эсиңиздерге салып койчу маалыматтар төмөнкүлөр:

1997-жылга карата 1996-жылдын айлык акысына алты миллион сомдук эл керектөөчү товарлар берилди. Өткөн эки жылдын аралыгында жаратылыш жана башка кырсыктардын кесепетинен он беш миллион сомдук чыгымга учурадык. Учурда жаратылыш кырсыктарынан сактануу тез жардам көрсөтүү үчүн он эки миллион сомдук каражат жабдыктары керектелээри кендирди кесип турат. Ошондой болсо да эл үчүн электр энергиясын үзгүлтүксүз жеткирип берүүгө мүмкүнчүлүк бар. Бул жерде жетекчи катары сиздердин жана жалпы эле энерге-

тиктердин жигердүү эмгеги керек. Алдыбызда көптөгөн проблемалуу иштер тураарын дагы бир жолу эсиңиздерге саламын деп сөзүн аяктап кеңешмени жыйынтыктады.

Кеңешме көпкө созулуп караңгылык өкүмүн сүрө баштаган. Эргеш Төрөбаевич, кызматкерлери жана райондук-шаардык электр тармактарынын жетекчилери менен коштошуп кең бөлмөдө өзү жалгыз калды. Энергетика системасында отуз жылдан ашык эмгектенип анын чейрек кылымын электр тармактар ишканасында директор болуп эмгектенип эл чарбасынын өнүгүп өсүүсүнө кандай салым кошкондугун көз алдынан өткөрүп тунжурап ойго батты...

Эшикке чыкканда түн мемиреп өз өкүмүн жүргүзүп түнөөрүп муюп турган. Көк-Арт өрөөнүн курчаган улуу тоолордон агылган салкын эрке жел жумшак гана беттен сылап аймалагандай болду. Электр шамдары жаркырап айланага көрк берип турганын көрдү. Күтүп турган машинасына олтуруп «Айып-Булак» Атаны көздөй айда деп буйруй сүйлөдү. Жол катар шоола чачкан электр энергиясынын жарыктары, зымырап кайчылаш өтүп жаткан машиналардын жарыгы, добуштары Эргештин оюн буза албады. Күүлдөгөн мотордун добушу улам күч алып шаардын чыгыш тарабындагы тоо кыркасынан орун алган «Айып-Булак» Ата мазарына тартып баратты.

Өр тартып «Айып-Булак» Атанын аймагына жеткенде сол тарапка машинасын кайрыта токтоттуруп машинадан түштү. Бир мезгилде Жалал-Абад областын жетектеп турган Төрөбай Балтагулов жыланач тоо кыркаларына мисте бак көчөттөрүн алып келдирип аят кылдырган мистелүү тоо кыркасын аралап бийик дөбөгө чыкты. Ал турган дөбөдөн Көк-Арт өрөөнү алаканга салгандай асман жылдыздарын чөгөрүп жымындап жаткан эле. Көкүрөгүн толтура терең дем алып адам пендесинен жарыктыкты, жылуулукту айрыбасын деген аруу тилеги жан дүйнөсүнө сиңип чөгөлөй олтура калып өткөн пайгамбар сабааларга, ата-бабаларга, бурадарларга куран түшүрдү. Дене боюн жашырган тулпардай болгон Эргеш адам пендесинин ыйык да, бийик да парызына арыш таштап руханий жетилүүсүн жан дүйнөсүнө сиңирип жатты...

# ЭССЕ

## ПАЙГАМБАРЛАР БАЯНЫ

Атаң барда эл тааны,
атың барда жер тааны

Абалкы пайгамбарлар заманында Паргана (Фергана) өрөөнүндө кайыптан келген Аксы-Ата пайгамбарлык, өкүмдарлык кылып турган чакта, өнүтүнө жан, өрүшүнө мал толуп токчулук, бейпилчилик, байгерчилик замана болуп ыймапы, ынсабы, нарк насили менен жашаган мусулмандардын чексиз, чепсиз мекен жайы экен. Дөөлөтү ташыган алкакта байлыктын кумарына мас болгондор Теңирин, Жараткан, Эгемди таназардан чыгарып адам ыйманына камчы чабылып, терс жолго түшө баштагандар көбөйүп керимсел өрөөнду топурагынан май тамган аймакты бутпарастыкка айландырып нарк насилдик санаатынын зардеби жан дүйнөнү жабыркатат.

Акылы албарс кескен Аксы-Ата бул көк суусу суубаган кара өзгөйлөктү, караңгылыкты жалмаган жалындай болгон удаалаш жалган дүйнөгө балакат сөөлөтүндө, бир жатында тебишкен бир өзөктөн чайлаган Бозбу, Арстан аттуу уулдарынын кулк мүнөзүнөн, өзөктөш чайлап өсүп келаткан асылзаадаларынан, эл пейилинин тарып бараткандыгын туят.

Атанын алтын тагын ээлеп, эки тизгин бир чылбырлуу тулпардын оздугун чирене тартып, кең Фергана өрөөнүнүн аймагында өкүмдарлыкты самап жүргөндүгүнө ынанат.

Өмүр жашы өр тартып калган Аксы-Ата өзөк өрттөгөн жаштыктын демөөрү делебесин козгоп турган уулдары Бозбу менен Арстанды чакырып, өмүр-өлүм тууралуу узун сабак аңгеме-маасслет курат.

Амирине ыклас кылган мураскорлорунун руханий жан-дүйнөсүнө бүлүк салып, Ата-мурас тууралуу ойчабытын улантат. Мына ушул өзөктү өрттөгөн табыш-

мактуу сыр-дүйнөнүн түйүнүнө токтолуп, мураскорлорунун мамилесин алдыртан издейт. Тагдыр чечкен суроонун өрүшүндө өз алдынча ой-санаасына муюган, азуусун айта бүлөгөн уулдарынын биринен сала бири сезим чыңаган эрегишүүнүн, жан-дүйнөнүн жабырлангандыгын көз отторунун чагылышынан байкайт.

Кан денеге шимирилип сурданып акыл-эсин, кыял сезимине жеңдирип бара жаткан Арстан:

— Алдаяр жаратуучум, бу неге деген собол?

Өрттөй жайнаган көздүү Арстан, атадан оозуна соболдун жандырмагын чечүүнү өзүнө алып, чынар теректей жаңы гана көркүнө чыгып келаткан дене боюн жашыра, ишарат кылып башын ийип колун боорунa назик гана жакындата асылзаадалыгынан жазбай:

— Ата! — абалдан келе жаткан ыйык салт боюнча агам Бозбунун саамга жарыктыкка мурун келгенин танууга болбос, сиз отурган алтын так, мураскоруңуз мага гана таандык экендигин, сизди ээрчиген шарият шөөкөтүндө жүргөн шакирттериңиз, амириңиздин тутунган бурадаларыңыз өкүмүңүздү өкчөбөс?

Бул көр дүйнөнүн тозок отун далай ирет баштан кечирген Аксы-Ата ой чабытына акыл калчап, бир кездеги базар аралап зикир чалып дирилдеген, кардыккан үн менен обону авас жаңырткан дубананын ырын эстейт:

Сен сен дүйнө сен дүйнө
Кимге бапа кылгансың.
Алтын бешик терметкен
Алланын атын үйрөткөн
Атамды да алгансың
Оо, деги сен дүйнө
Кимге бапа кылгансың
Жарыктыкты көргөзгөн.
Ууз сүтүн эмизген
Энемди да алгансың
Оо, деги сен дүйнө
Кимге топук кылгансың.
Эгиз эки баланын
Башына таажы кийгизип,
Бирин пашаа кылгансың
Колду бооруна алдырып.
Бирин кор кылгансың
Оо деги, сен дүйнө.

Кимге бапа кылгансың — деген акыры кыяматтык адилет сөздүн таасындыгын ой чабатында акыл калчап, октолуп турган уулуна назар салып магдырайт.

Бөйрү кызыса да улуулук сөөлөтүнөн жазбаган Бозбу алтын тактын эгедерлигин, өкүмдарлыкты жел менен жарышкан аргымагын алкынтып, эндей болгон кең өрөөндө өзүн гана көргүсү келет.

Жылоондой болгон асылзаадалардан өзөктөгү өзүм деп күйгөн жалынды так талашкан, бак талашкан бир бүтүндүктүн ажырымын сезген Ата, асылзаадалардын суурулган кылычтай өткүрлүгүнө мурас калырар алтын таажылуу тагы бөксөрбөгөндүгүн сезет.

Акыл таразасына салып кара кылды как жарып, адам табиятынын аруулугун, пакизалыгын айгинелеген улуулук керемет күчү адам акылы экендигин зардибин белендөөгө, купуя сырын жан ирмеминен жаралган асылзаадаларына Аксы-Ата собол менен кайрылат:

— Бу дүйнө кандай дүйнө?

— Жан дүйнөнүн эрегишүүсү улам терендеп бүйрүлөрү кызып, жаштыктын курч демөөрү тынчтык бербеген, уландар жарыша каардуу да, назик да туюлган үн менен:

— Мезгил мерчеминдеги жалган дүйнө.

— Ак күп болуп карылыгы жеткен, бүлбүл жанган тынч да, терең да көздөрү нурданат.

— А чыныгы дүйнөчү?

— Акылга тапталып да келе жаткан уландар:

— Көр дүйнөнүн жалганынан, жан денеден бөлүнүп умтулган чексиз, эндей кең аалам мейкиндик мекени го. Үлгүрөп тургандай сезилген Аксы-Атанын кабагы бир серпиле:

— А бали, уулдарым, жан дүйнөнүн лазааты акыреттиги ошол жакта, чыныгы жашоонун үлүшү бизге Адам-Атанын урпактарына ошол чыныгы дүйнөдө башталат. Кардыккан өктөм үнү менен акырын икаясын улады:

— Менин алдымда экөөң тең мураскорумсуң. Бирок, так бирөө. Менин берген суроолорумдун өкүмүн өзүнөр угузгула! — деп Аксы-Ата алтын тактан обдула берет. Кыйгырдай болгон асылзаадалар илгертпей колтуктан алып, жөлөк боло тургузушат. Октурулган уландар, ордодогу сандаган даанышмандардын биринин да жоктугуна таңданышат. Атанын купуя сыр-соболуна ичтен

сыза өзөктөгү жалындарын өчүрө албай ордодон чыгышат.

Шайтан насибине алдырган Арстан кусаланып ата жоругун канына сиңген расмисине топ келтире албай канча доор, канча кылымдан бери калыптанган жалган дүйнө мурасы кичүүнүкү го деген сезимге сиңген санаатынан танбайт.

Чечкиндүү сүйлөбөгөн кара чечекей жатындашына кыяматтык кыянат кесирлиги алоолонот. Энеси Саадак менен сыр бөлүшүп, өз ара бүтүмгө келип, ордо жигиттеринен эрки менен кошулгандарын ээрчитип, тай журтуна сүрүлүп өз алдынча ордо куруп, туу көтөрүүгө далалат жасап, Атанын акыреттик каарына калбайын деп жарлык кылбай өз алдынча купуя өкүмдарлыгын жүргүзүп, ачык айтпастан жүзүн үйрүп кетет.

Ак соёодой болуп карыган атанын өлүмүн жаратkандан тилеп, тазиясын күтүп, киндик улаш Жер-Энесин өңүтү болгон Созок-Когарт өрөөнүнүн түндүк чыгыш бөлүгүндөгү ажайып табигатты тартуулаган керемет кооз аймакка көңүл кушун сергитип, алтын тактын мураскору менмин деген демоор менен таң күзөтүп, кечти күтүп жашоосуна кайыл.

Арстандын тилеги кабыл болуп, ордодон кабар келет. Куш тилиндей баракта Атанын жарыктык жашоосундагы оор абалын баяндап, билдирген салам дубайга агасы Бозбунун да уялашына болгон кусалыгы жазылат.

Шамал менен тең жарышкан аргымактары менен Арстан нөөкөрлөрүнүн коштоосунда Аксы-Атанын очоктуу ордосу, арстан турпаты тартылган ай тамгалуу асман түспөл туу сайылган ак өргөө келип түшөт.

Аксы-Атанын деми буулуп, лапас ала албай алангазар эсин жыйып, ай тилим акыреттик акыркы сөзүн айтууга күч-кубатты жараткандан сураныл, Арстандын келишине дене боюн жайып, керээз сөзүн асылзаадаларына, тээ мезгилинде чечилбей калган купуя сырдын учугун улантып, дагы бир ирет арсыз дүйнө, бар дүйнө, таржымалын сурайт. Эрегишүүнүн эрөөлүндө өз чындыктарын улук туткан мураскорлоруна сыр түйүнүн чечип берет:

— Асылдарым! — жалган дүйнөнүн жазмышында алтын так мурасын талашып арызданышып, ордулуу журттун отун өчүрбөгүлө. Ынтымак ырыс кешигиңер менен көр пендечиликтен акыреттикти аркалагыла. Акырын нурсуз көздөрүн кадай:

— Арстан! — бой тумарым, өз оюңдан кайтпагандыгыңды жан дүйнөдөн сүрүлүп чыккан көз отторуңдан сезип турам. Көкүрөккө басар, көөдөн кусасын жазар уулумсуң. Сага акыркы соболдорумду берем. Чын дилинден жооп берчи?

— Куп болот, Ата,— деп таазим кыла ай тумарлуу уулунун денеси бүгүлөт. Алсыз дене, алсыз үн караңгылыктай болуп, өкүм сүрүп турган тынчтыкты бузат.

— Үй ээсинин орду мейман барда кайсыл жерде?

— Улагада, босогодо.

— Нурлуу көзү тунарып бараткан кардыккан үн:

— Бул дүйнө кандай дүйнө?

— Сөөлөттүү да, дөөлөттүү да боло түшкөн Арстан:

— Жалган дүйнө.

Ай чырайлуу кан тамылжыган жүзү таң сулуктүн чалып, бөз мунарык каптагандай түн түспөлүнө, сезим тереңинин теңдешсиз, арсыздыгын туюндуруп, кирилдеп кардыккан назик да, ыйык да, сүрдүү да, өктөм да үн тынчтыкты бузду:

— Анда угуп алгыла, асылдарым. Силер кан чырмаган чырымтал мезгилиңерде:

— Арстан! — сен жатыңдын терениңде чыныгы дүйнөнүн бейишинде жатканыңда улагадагы Бозбу агаң ушул жалган дүйнөгө, өмүрдүн өкчөлүү күнүмдүгүнө бир саамга эрте пинаага келип жарыкты көрдү. Ошол себептен ушул жалган дүйнөдөгү алтын так мурас катары бул Бозбу агаңдыкы, чыныгы дүйнөдөгү акыреттик жолугушаар аруу мураскорум сенсиң. Арстан өбөгүм жашоонун өрүшүнүн удулунда кор пенделикке барба!

Арстан ордунан октолуп ыргып туруп, эки колун көкүрөгүнө алып, баш ийип, таазим кыла ата-акылынын тереңдигине муюп, жаратуучусунун акыркы сапардыгы ыраазычылыгын суранып, кулдук уруп, сымаптай көлкүп, сурданган беттен, аялуу көздөн аалам алкагын чайкагандай жарк деп, шам чырактай болгон оттуу көзү кумарлуу да, сагынычтуу да туюлду. Аңкыган аалам гүлүнө да теңдешсиз, ата жытын чөгөлөй калып бир кездеги балалык мүнөзүндөй, кош канатына куушура атаны кучактап искеди.

Көлкүгөн Ата жалган дүйнөдөн жарпы жазылгандай акырын дене бою созулуп, аялуу жылмайып, жарык дүйнө жашоосуна ыраазы боло көлдөй толкуган дене көө-

шүлүп, кең ааламдын түбөлүктүү алкагына агылып бой керип сунала берди...

Аксы-Атанын сөөгүн Кең өрөөнду аралаган Сырлуу дарыянын оң өйүзүндөгү обочо жерге аруу жууп, ак кепиндеп Жер-Эненин бооруна жарышат. Тазия вазипасына келген эл, кең ааламдан агылат.

Аксы-Атадан калган эндей өрөөн Бозбунун өкүмдарлыгына өтүп, адилет — өкүмүн жүргүзөт.

Өлүк дүйнөнүн араанына чаппай Бозбу уялашы Арстанды тай журтуна ак кийгизе адам каныи сиңдирип, амирин туткан өрөөндүн бир канатын өрүлүктөп хан көтөрөт...

Өмүр агылып, дүйнө өкчөлүп, заман куушуп, Аксы-Ата, Бозбу Ата, Арстан бувалар мекендеген кең, өрөөн салкын төр боюн керген улуу тоого, ыйык мазар жайларга айланган. Ал эми андан кийинки улуу аталардын мураскорлорун алар мекендеген аймактар Бай-Булак Ата, Пача-Ата, Шүдүгөр-Ата, Кожо-Ата, Тоскооул-Ата, Ыдырыс-Бува, Бувай-Устун, Аюп-Булак ата ыйыктардын аймагында өмүр даарыбызды аркалап, жашоо күнүбүздү өткөрүп келебиз. Ыйык мазар, ата арбактары канатына калкалап, көр дүйнөнүн көр пендечилигинде аруу болуп кан-жаныбызга сиңилет.

Пайгамбардай аруу боюн кушкерлеп, эндей аалам бийиктигине канат сермеген Бозбу Атанын бийик тоого айланышы керемет, улук да, ыйык да эмеспи.

Улуу тоого айланган Бозбу-Ата урпактарына салдай болуп ачылган өңүтүнөн ак мөңгүнүн тамчылары ирденип, адам пендесинин жан-жаныбарлардын жашоо тиричилигине канат байлатат. Топуктай болгон ак булуттан ырыскы чачып түбөлүк түркөктүү жайчы-мазарына айланып, ошол заман өтүмүшүнөн калгагар тоо катарында кызмат кылып келет.

Аалам алкагынын түмөн сырларын асман мейкиндигин башы менен сайгылаган пенде зат дүйнө тааным, дүйнө туюм, маңызын урпактарга күлазык катары өзгөчө түр, боектор менен калтырып келет...

Мен үчүн мансап эмес, өз дүйнө туюумум, дүйнө таанум ыйык сезилет...

## ХАН КУБАТБЕК

Кыргыз санжырачыларынын Адам-Ата, Обо-Эне тарагандан берки чечмелөөсү ар кандай болгондуктан түпкү чыгыш тегибизге токтолбой эле Кыргыз элинин сол канаты болгон Кабыл уулунан (Куул) бери карай чечмеленишинин бир вариантына токтололу. Анда Кабылдан-Көбөш, Көбөштүн жети уулу болгон. Алар: Босого, Жайыл, Кандабас, Асыгалы, Куланчак, Карача, Сапарбай.

Кандабас менен Карачадан тараган тукумдар айтылбайт. Ал эми Босогодон-Мундуз, Асыгалыдан-Чоңбагыш, Куланчактан-Баасыз, Жайылдан-Каратал менен Каранай.

Каранайдан-Саруу менен Кытай, Караталдан-Токтоболгу, Токтоболгудан-Кушчу уруулары тарайт. Биз бейнесин түзөлү деген каарман Кушчу уруусунан (Кушчуну-Кутчу деп түшүнсө да болот). Бул уруу түптүү жана тектүү күчтүү уруу болгондуктан онунчу кылымдарда Орто-Азия чөлкөмүнө келген Ирандык аалым Итеферинин чыгармасында баяндалган. Кутчу (Кушчу) өткөн кылымдарда Кытайдын Кызыл-Ой, Тегирменти, Какшаал, Каражүл деген жерлерин ээлеп жашап турушкан экен. Ошол мезгилдерде Кушчу элин башкарган Хан Кубатбек, Алдаярбек, Мурзакелди, Эсенбек, Шаабото деген акылга дыйкан, баатыр, даанышман бабалары өткөн. Бир нече кылым тогошуп өтсө дагы азыркы Кытай мамлекетинин Кызыл-Ой деген жергесинде Хан Кубатбектин күмбөзү (Мунарасы) Үч Турпанда Кутчулук деген район («Сөз Сцень зьен» Уйгур Автономиялуу районунун аймагы жөнүндө болуп жатат) азыр да бар экендиги айтылат. Ошол Кубатбек хан болуп, толуп тур-

ган мезгилинде Кытайдын Цинь династиясынын мураскору Хан Кубатбек менен тең ата эсептешип анын акылкөй-даанышман, баатырлыгын элге алымдуу экендигин эске алып Кытай элинин кээ бир аймактарына бийлик жүргүзүүгө уруксат бердирген.

Бирине-бири жоо болуп ат жалында казан асылып, ат суулугун чайнап кишинеп турган мезгилдерде Анжиян тараптагы Адигине уруусунан чыккан Толубай бийдин ашкере сулуу Назбийке деген кызына чоң талаш, чатактан кийин кызды жактырып сынына толтурган Чоң-Багыш уруусунун баатыры эр Мыкы Назбийкеге үйлөнөт. Назбийке сулуу болгону менен билинер-билинбес мурдунан сүйлөгөн жан экен. Баатырыбыздын тандаганы ушулбу деген Чоң-Багыштын билермандары эр Мыкыга кеңеш берип Анжияндын табыптары танап тигип ондошот экен деп көкүтүшөт. Эр Мыкы табыптарга Назбийкенин мурдун тилдиртет. Кызын кордоп жатканына намыстанган Толубай бий баштаган Адигине уруусунун жигиттери көтөрүлүп чыгышат. Толубай бий дуулдаган жигиттерге Чоң-Багыштын жолбундарын «камчыга ченеп кыргыла» — деп буйрук берет. Эр Мыкы баштаган Чоң-Багыштар дагы көтөрүлүп кызыл кыргын болуп Чоң-Багыштар чегинип качышат. Улам буктурма кылып согушушуп Чоң-Багыштар сүрүлүп олтуруп Улуу-Чаттан Кызыл-Ойго өтүп Хан Кубатбекке жан соогалап отуруктaшып калышат. Мезгил өтүп Кызыл-Ойду жердеген Кушчулар менен жайыт, сугат жер талашып чатакташа кетишет. Бири-бирине ат сала албай турган мезгилдерде Кутчунун ханы Кубатбекке Кашкардын акими Канкожо келип калат. Өтө кутум, айлакер Хан Кубатбек Канкожого Чоң — Багыштар сенин жерине ат койгонго даярданып жатышат деп көкүтөт. Канкожо өзүм бир байкайынчы деп жигиттерин ээрчитип Кызыл-Ойдун кырына чыкканда эндей болгон көк майсанга жыйылган Чоң-Багыштар өздөрүнчө жыйын куруп жаткан мезгил болот. Ат тердигин кургатпаган Хан Кубатбек жигиттери менен Канкожого жете келет. Бөксө тоолуу кырдын кырегине аттуу куралчан караандар чыга келишкенин байкашкан Чоң-Багыштар өз алдынча дүрбөшүп тарай баштайт. Канкожого ат бойлото катар турган Хан Кубатбек:

— Мына, көрдүңбү! — Чоң-Багыштын жыйынынын маанисин билгиң келсе эр Мыкынын агасын алдыртайын сура дейт. Чоң-Багыштар менен жамааттaш жашап эр

Мыкынын агасынын кулагы басаң эмне айтса баш ийкей берген адам экендигин билген Хан Кубатбек эр Мыкынын агасы, жыйындын акырында калып атынын басмайылын тартып жатканда хандын жигиттери келип атын коштоп Канкожо менен Хан Кубатбектин астына алып келет. Канкожо:

— Силердин масилетиңер бизди топондой сапырып тоздурабыз дегени ыраспы?» — дегенде кулагы катуу Арык көнүмүш адат боюнча «Ооба» деп башын ийкейт.

Канкожо жаалданып көп Кытайдан кол курап Чоң-Багыштарга кыргын салат. Эр Мыкы баштаган Чоң-Багыштар көп кытайга түтпөстөн үй түндүгүн бөктөрүп too таянып качышып жандарын арачалап кетишет. Жерин ээлеп калган Хан Кубатбекке кутумдук кылып кытайларга кырдыртты деп Чоң-Багыштар Хан Кубатбек баштаган Кутчуларды жеңе албай Кутчулардын арасынан кутум адам издешет. Хан Кубатбектин эшигинде жүрүп атын токуган жээнин тапкан экен. Жээнинин ата теги Чоң-Багыштардан болгон. Чоң-Багыштардын тыңчылары менен өз ара бүтүмгө келип, канына тартып Хан Кубатбекти мен өлтүрүп берейин, эмне бересиңер деп туугандарына сыр айтса, сени «Хан» көтөрөбүз дешет. Хан Кубатбектин жээни Кушчу менен Чоң-Багыш ат салышып чабыша баштаганда бүркүт тырмак болуп кара таандай каптаган «Караталдап» ураан чакырган Кутчулардын арткы катарда буктурмада сай мылтыктары менен Чоң-Багыштарды көздөй атылап турушкан жигиттердин арасында жүргөн мылтыкчан хандын жээни туу башы болуп турган Хан Кубатбекти андоосуздан артынан атат. Туу башы Хан Кубатбек ат жалына өбөктөп кансырап аласалып турганда коштой жүргөн аскер башчылары аттан кулатпай өңөрүп алып Кызыл-Ойду көздөй жол тартат. Туу башы өлүп Кушчулардын эрки мокоп тополоңго түшүп калганын туйган Чоң-Багыштар катуу чабуулга өтүп Кушчуларды сүрө баштайт. Хан Кубатбекти ким атканы белгисиз болуп кыргын талаада билинбей калат. Хандын уулдары Абайылда, Беркилер ок кыр аркага тийиптир. Өздүн колунан келди дешип күмөн санап калышат. Хан Кубатбектин ордуна Абайылда туу башы болуп калат. Берки Хан Кубатбектин сөөгүн өңөрүп азганактай жигит менен хандын өргөсүнө өкүрүп:

Кубатбек өлбөй кут өлдү
Кушчу, Мундуз журт өлдү
Багышты сүргөн кармашта
Найзалашкан айкашта
Сай мылтыктар атылды
Санаксыз душман кырылды
Ок жаңылып баатырга
Кыр аркага кадалды
Хан Кубатбек баатырдын
Кутумдан болду жазасы,— деп аттан түшүшөт.

Ошондо Хан Кубатбектин байбичеси кайраттуу аял экен казатка кийчүү жоо кийимин кийинип куруна кылычтын кынын байланып ак өргөдөн чыгып кылыч таянып туруп куту качып, жылдызы түшүп турган жигиттерге жооп берет:

Кубатбек өлсө кутум бар,
Кушчу, Мундуз журтум бар.
Абайылда, Берким бар,
Не кылам десем эрким бар.
Хан болсо да баатырдын,
Казаттан сөөгүн ташыбайт.
Күл додолуу улуу журт,
Кушчунун баркын түшүрбөй,
Күрөшө турган кез келди.
Берээн Берки баатырым
Ак кийизге орогун
Ат жалына бөктөрүп
Атаңдын сөөгүн өңөргүн
Абайылда баатырга
Кан төгүшкөн аймакка
Кылычын алдым баатырдын
Кырчылдашкан кыргынга
Катын болсом не жазык
Өзүм баштап барамын...

— деп жылоолой келген Хан Кубатбектин казатка минчү кара кашка күлүгүнө минет. Журтта калган кыз-келиндер чачтарын желкесине түйүп түпөксүз найза көтөрүп, белине кылыч байланып жоокерче кийинишип кылкылдаган кол болуп түрүлүп согушка аттанат. Эстеринен кетип энтендеп калган Кушчунун жигиттери Хан Кубатбек кара кашка күлүктүн үстүндө кадимкисиндей келе жатканын көрүшүп «Хан Кубатбек тирил-

ди» дешип жигиттер кубат алып шерденишип кайрадан Чоң-Багыштарды качырып киришет. Жардамга келген жаракчан жоокерлер өздөрүнүн жубайлары экендигин билишкен соң нөөкөрлөр жан аябай салгылашып согушка кирген кошумча колдун күчү менен жеңишке жетишишет. Хан Кубатбектин сөөгүн кыргын болгон Кызыл-Ойдун аймагындагы кең талаанын обочо-дөбөсүнө шейити кеткен баатырлар менен кошо аруу жууп акыреттигин жасап көмүшөт. Байбичеси Кытайдан чебер уста алдырып күмбөз салдырган экен.

Хан Кубатбектин акылмандыгы, айлакер, баатыр мүнөз шар аккан суудай шайдооттугун, желдей агылган кыймылынын курчтугу, чечкиндүүлүгү эркин багыштаган максатка жетүүдө амалкөйлүгү, өзгөчө табият сырын чечмелеген дубакөй, дарыгерлиги менен чектеш турган Кытай элине кадыр баркы ашып хандык жүргүзгөн.

Хан Кубатбек Кытайда эл арасында араздашкандардын, кылмышкерлердин сурагын алты ай жүргүзүп Кызыл-Ойго кайтып көчүп келе жатканда, жаздын күнү экен. Өргүгөнү үй түндүгүн жигиттерге көтөртүп жатса бир кузгун келип түндүгү жабыла элек ак өргөнүн чамгарагына чөп ташып, үйүп уя салып жиберет экен. Ошондо Хан Кубатбек жигиттерине:

— Тийбегиле кудай таала бизди сүйүп парендесин жиберди дейт. Баягы кузгун тукумдап басып балапан ачып, учурганча жарым жыл өтөт. Хандын кулгуна оорулуу уулу болгон. Кузгун балапандарын учураар мезгилине аз калганда Хан Кубатбек түш көрүп, түшүндө чамгаракты түртүп турган түркүгүндө кылым жашаган кузгун кулгуп алтын шилекейи төгүлөт. Хан чочуп ойгонсо таң таштап чамгарактан көрүнгөн көк асманда жылдыздар жымындап күн нурунун өкүмүнө чөгүп житип бараткан экен. Алчыланып салынган уядан балапандар канатын күүлөп талпынып жатышканын байкайт. Эшикке чыгып караса аркан бою аралыкта кузгун канатын каалгытып турганын көрөт. Кузгун ачуу кыйкырык салганда эки балапаны көтөрүлүп чалкыган кең ааламга канаттарын алсыз кагып, күүлөп, көтөрүлүп учуп чыгат да, эне кузгундун эки тарабына шынаарлаша үн салышып коштошуп күн чыгышка учуп кете беришет.

Хан Кубатбек даарат алып сүкүт чалып ак өргөөсүндө олтуруп убакыт желдей сызганын байкабайт. Күн көтөрүлүп калганда түндө көргөн түшүн эстеп арча түр-

күктү караса, алтын жалатылгандай болуп күнгө чагылышып турган экен. Хан Кубатбек жигиттерин чакырып көчүүгө камынуусун билдирип эң мыкты баатыр нөөкөрүн алып калып ак өргөнү чечтирип, чамгарактын түркөгүн өзү алып сал үстүндөгү оорулуу уулунун оозун ачтырып, дуба окуп түш төлгөсүн жоруп түркөктүн алтын шилекейлүү үчүн баласынын оозуна үч жолу матырып алат. Апта айланбай көп жыл төшөктөн турбаган уулу ордунан туруп айыгып кеткен экен. Табияттын керемет сырынын табышмагы адам баласына сыр дүйнөлүү тура...

## НҮСҮП БИЙ

Кыргыз элинин кийинки муундары үчүн өрнөк боло турган Көк-Арт өрөөнүнөн чыккан Эргеш Төрөбаевдин өмүр-дастанын жазып жатып, сөз башында ошол аймактан чыккан Чыйбыл болуш туурасында азын-оолак сөз козгогон элем. Чыйбыл болуштун өтүмүш тарыхыбыздагы карама-каршылыктуу кейипкерлигин, анын тарыхтан алган ордун Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, Шабданбай Абдыраманов тарыхый көркөм романында киргизип жаткандыгына байланыштуу Чыйбыл болуш жөнүндө терендетип жазбагандыгым ошол себептен. Ал эми элибизде айтылгандай «Манасты, Манас кылган эл» демекчи Чыйбылды, Чыйбыл болуш кылган анын агасы Нүсүп бий экендигин кадыр кутман тарых барактарын көкүрөгүндө уялаткан карыялардан угуп эл аралап изилдеп учкай болсо дагы Көк-Арт өрөөнүнүн чыгаан уулдарынан экендигин эске алуу менен киргиздим.

Окурмандар арасында карама-каршылыктуу пикирлердин пайда болушу мүмкүн. Бирок, элибиздин мурунку, абалкы өткөн тарыхынын тастыктуу тарыхый эмгектердин жардылыгы кендирди кесип жаткандыгын танууга болбос. Ошондуктан бир үзүмдөн чогултуп куйма-кулактарынын булагына негизденүүгө туура келди. Эмесе сөз Нүсүп бий жөнүндө болсун.

Көк-Арт өрөөнүнүн Каман уруусунан чыккан Абдылла бий өрөөндү тең экиге бөлүп аккан тоо суусунун сол өйүзү жана Тогуз-Торо тоо аймактарына чейинки аралыктагы элди бийлеп турган чакта 1842-жылы Нүсүп, 1846-жылы Чыйбыл, 1848-жылы Өмөр аттуу үч перзент

уулдуу болот. Ата-балага сынчы демекчи жылоондой болгон уулдары ат жалын тартып мингенден баштап Абдылла бийдин акыл таразасынын элегинде Нүсүпкө ишеними өтө терең болгон. Себеби, Нүсүптүн мүнөзүндө калыптанган тубаса, акылкөйлүк, даанышмандык, жөнөкөйлүк уюп, адамдарга кылган мамилесинин тунуктугу аярлыгы менен өзгөчөлөнгөн. Абдылла бий өзү дагы эл арасындагы татаал, карама-каршылыктуу талаштын чечимдерин кабыл алууда жети өлчөп, бир кесүүдө Нүсүпкө таянган. Нүсүптө көзгө көрүнбөгөн, табияттан сырткаркы кандайдыр бир сырдуу күч, дайыма жандап, колдоп жүрөрүн ата сезими туйган. Ал эми Чыйбыл Нүсүпкө караганда чогол, чорт кыял, баатыр мүнөз шар аккан суудай азгырылмалуу кыялдуу чечкиндүүлүгү менен айырмаланган. Кичүү уулу Өмөр өз кандаштарынан айырмаланбаган адамдык өзгөчө касиеттерге, сапаттарга ээ болбогондугу менен өз турмушунда мажирөө тартпаган карапайым мүнөздүү болгон.

Кокондо өкүмдарлык кылып турган Шералы-хандын мураскору Кудаярхан тышкы кысым жана ички карама-каршылыктан улам ордонун абалы оорлоп жаткандыктан хан салыгын көбөйтүп, феодалдык түзүлүштөгү элди улам жабыркатып, жардылантып касамга такайт. Аткаруучулук бийлик начарлады, хан жарлыгы, өкүмү аткарылбады деп «элге сес» көрсөтүп коюу максатында өз амиринде турган бий, болуштарды ордого топтоп, күнөөгө жыгып, 40 ка жакын бий-болуштардын баштарын алдырат. Ал эми Кокондон алыс болгон Арыстан-Бува, Жалал-Абад, Кара-Кулжа, Өзгөн, Керки-Тамга, Соң-Көл тараптын бий-болуштарын Базар-Коргон кааласына топтоп, хан жарлыгы, өкүмү аткарылбады деп, хандын саркерлери тогуз бий-болуштун башын алышып, Кудаярханга тартууга алып кетишет. Алардын арасында Нүсүп, Чыйбыл, Өмөр сыяктуу тири карак уулдардын атасы Абдылда бий да бар эле. Жетексиз калган элге жаңы бий-болуштарды дайындап, мүңкүрөп турган элди буйлалап берүү жагы хандын амиринде калган. Ордонун өкүмдары Кудаяр-хан Абдурахман-автобачыны чакырып:

— «Абдырахман-хан» деп эреркете сөз сүйлөп, жетексиз калган элге кимдерди «күнардир» кылабыз. Тоолуктар менен ордонун ортосун данакерлеп турган Абдырахман-автобачы Абдылда-бийдин үч бөлтүрүгү бар, алардын бирин бий, бирин болуш кылалы, Аллаяр-ха-

ным. Атасынын каныn, кунун ушуну менен жуубасак болбос?

— Орундуу сөзгө ынана түшкөн хан ушуну менен кутула алабызбы, ал камандардан — дейт көз кырын сала.

— Кыян кечкен кыйды Абдырахман автобачы:

— Дүнүйө — байлык, мансап — бийлик пайгамбарды жолдон чыгарган ханым. Ал бөлтүрүктөрдүн бөксөсүн толтуруп үйрөтүп алууга болот,— деп чечкиндүү жооп берет.

Өкүмдар Абдылда бийдин балдарын алдырып келүүгө болбостугун сезет. Ошондой болсо дагы Абдылда бийдин балдарын көрөйүн, кыяматтык каршылаштарымды сал-сал кылып чаптырып салайын деген бүтүмгө келет, ичтен сыза, ичтен тына. Хан жарлыгын аткарууга келген жигиттер Көк-Арт өрөөнүнүн Калмак-Кырчында (Оболу жердин аттары Кызыл-Чап, Бер-Кел, Кап-Согор, Калмак-Кыргын деп аталган айыгышкан кармаштарда кырылып жоюлбаган элди өсүп өнсүн, тал чыбыктай бүрдөсүн деген аруу тилек менен кийин Калмак-Кырчын деп аташкан). Жайгашкан ай тамгалуу Абдылда бийдин көк байрагы алты канат ак өргөнүн үстүндө кара түскө боелуп, желбиреп турганын көрүп, азалуу азый сайган уулдарга, азалуу элге катылбайлы, жакшылык менен хан жарлыгын билдирели деп ак байрак менен келип түшөт. Жигит муруттары туна элек бийдин жылоондой болгон уулдары Нүсүп, Чыйбыл, Өмөрлөр айыл аксакал-карылары, урук-тууган, эл журту хан саркерлерине, увакилдерине кыр көрсөтө кабыл алат. Шейит кеткен бийге куран түшүрүп, ыйман-ариетин кылгандын кийин тоо жыландарынын куйругун басып албайлы деп жибите сөз сүйлөшүп, хан буйругун айтышат. Ой алкагына тунуп отурган Нүсүп:

— Хан чакырса барабыз, «Кудадан өткөн жудаа жок, хандан өткөн пенде жок» — деп октурулуп ордунан туруп, ат, жарагын камдантып жолго аттанат. Чогол, баатыр мүнөз Чыйбыл агасы Нүсүпкө:

— Ака, барбай-а коюң, башка келгенди көз тартат, атабыздын кунун, канын кууйбуз. Тукум курут болсок да кармашып жүрүп өлөлү? Үзөнгүгө бут сала берген Нүсүп:

— Чыйбыл! — Кудаяр-хан «Атадан эр туулса, биз шер туулганбыз». Бир тике мандай көрүшөйүнчү, ошол мин, тукумунун кан чеңгели менен. Сен элге баш көз бол,

элдин карманар туткасы биз экенибизди унутпа, үка! — деп увакилдер менен кошулуп, айылынан аттанып чыга берет. Сестенген, топураган эл, бекер кетти, баланы майып кылып койбосо экен деп жан дүргүтүп үрөй учурган алай-дүлай, уу-дуу кеп-сөз желге агылып тоо койнуна синип кетип жатты.

Нүсүп, хан ордосуна келип түшкөндө хан диванында Куш беги, Абдырахман автобачы менен олтурган эле. Улага-ага, күзөтчү-жасоол кирип келип эки колун бооруна алып чөгөлөй калып Аллаяр ханым:

— Көк-Арттан Абдылда бийдин уулу келди,— деп билдиргенде:

— Кирсин! — деген ишаарат жасайт.

Алыс жолдон арып келген Нүсүп чаң баскан үстү-башын кагынбастан астанасына аяк таштайт. Миң түрлүү адамды кабыл алган өкүмдар, кирип келе жаткан шаптай болгон нооча жигиттен жаңы гана ченден чыгып, комдонуп басып жыгылчудай болгон эки капталында жандай баскан эки чаар жолборстуу айбаты, жандан артыкча Нүсүптү көрөт. Хан каадасынан жазбачу кош көңүлдөй туюм тартуулаган, кенебес, эндейлигинен ажырап, жебедей тартылып алтын тактан туруп аяк таштайт, жерчийген узун күмүш чөгөрүлгөн кытай жибек нооту чапанынын этегине чалынып, мүдүрүлө түшөт. Коштой турган Куш беги сүйөп, аяктантат. Башындагы алтын таажы түшүп кеткенде катарындагы Абдырахман автобачы ала коюп, тооп кылып башына кийгизет. Хан автобачысына кайрылып:

— Тоо жолборсторунун тукумун курут кыла албайт экенбиз го. Түгөнөт десе түрүлгөн, ченден чыкпаган дагы канчасы бар булардын,— дегенге араң жарады. Эсине келгенде Нүсүп менен кадам аралыкка тушташа теке маңдай келе кол сунат. Оттой жанган көздөн, Кудаяр-хан дене кумарына шимирилген алсыз көздөрүн ала качып, тике карай албайт. Нүсүптүн керемет сырлуу өзгөчөлүгү хандын өкүмдарлыгынан үстөмдүк кылат. Кылыч кынынан суурулбай, бүлөнгөн мизинин табы кайтып, ордо адамдарын хан чакыртып, Нүсүпкө урмат-сый көрсөтүп, элдердин бийи деген наам ыйгарып, мөөр ойдуруп берип болуштарды өзүң шайлап ал деген укукту берип узатат. Нүсүптүн хан ордосунан аман келишин эл ар кандай жоромолго жоорушкан. Анын табият тартуулаган керемет сырын эч кимиси билген эмес. Нөөкерлөрдүн коштоосунда келген элдердин бийи аталган Нүсүп

Көк-Арт Тогуз-Торого иниси Чыйбылды, Кара-Кулжа, Алай тоо кыркаларынын элдерине Көчкөнбайды, Көк-Арт, Тогуз-Торонун оң багыты Соң-Көлгө чейинки элге Мазакени Арстан-Бува тарапка Чоткараны болуш кылып дайындады.

Чыйбыл болуш эл башы болуп шайлангандан кийин агасы Нүсүп бийдин астына кирип, эл башкаруунун жол-жобосун сурайт. Ошондо Нүсүп бий:

— Элдин ээси, баштын мээси бол. Эки көзүңдү таразa, мурдуңду жайың кылып жакшы карма. Элди тең кара. Бирин агам дебе, бирин тагам дебе. Жетим-жесирге, карыпка, жардыга кең пейил бол. Караңгы үйдүн жарыгы бол,— деп мисалдата таржымал учугун улантат. Бир короодо бир эркеч серке болот. Кой-эчкини жайытка шамал соккон такыр жол менен алып барып, меке, айыр чөпкө тойгондон кийин короодогу козу, улактарына алып келет жакшы эркеч. Жаман эркеч серке көчкү баскан жолго буруп, баткакка баарын батырып, эки мүйүзүн каркайтып, өзү каржайып зоонун текчесинде калат дейт чогоол, баатыр мүнөз Чыйбыл болуш:

— Ой ака, жетим-жесирге, карыпка, жардыга жетер байлыгыбыз жок. Атым чыккан бийликтин улуктугу, биздин бөксөбүздү толтурбас? Анда Нүсүп бий:

— Оболу кудай менен андан кийин эл кадырлаган адамдар менен достош. Эки колун бооруна алган Чыйбыл болуш:

— Ака, Кудай-Таала, Жараткан дилимде, эл арасында ким менен дос боломун. Аяр көзүн инисине кадай карап:

Шабакай элден Чоткара, айткан сөзү дапдаана,
Керки-тамга Кубатбек, айтканы элге өкүм, бек,
Көп мундуздан Мазаке, данакер болчу көп элге.
Алайдан чыккан Көчкөнбай, баатыр мүнөз шайма-шай.
Өзүнө болчу өбөлгө, элимде мыкты бир далай,—

деп жамактата сөз сүйлөп, бөксөңдү толтуруп, укуругуңдун учун узарта турган ушулар дейт. Дагы бир накылым: элден азган эрлерди, карып менен мискинди Көк-Артка көчүрүп келе бер деп кеп-кеңешин берип, эл башы болууга аттандырган. Эл башкарууда көмүскө бийликтин башында өзү туруп, Чыйбыл болуштун акылына акыл кошуп көкүрөк сезимин бүлөп турган. «Курама топтоп эл кылдым, кулалы таптап куш кылдым» деп бабабыз Манас айткандай Нүсүп бийдин акылы ме-

пен Чыйбыл болуш Аркадан азып келген Ботбай, Дөөт, Сабатайды, Алайдан Жаныш, Тубай, Сары-Семетейди жана башка жетим-жесирлерди көчүрүп келип, Калмак-Кырчында элине кошуп эл кылып, эгинине жер, сойоруна кой, кымызына жылкы, турагына үй берип, мекендетип, урук уруу, эл журт кылып куралтып, курамына киргизген. Алардын урпактары тукум улап өзүнчө журт болуп жатканы кимди да болсо таң калтырбай койбойт.

1898-жылы Мадали Эшен баштаган Анжиян козголоңунун башында тургандардын арасында Көк-Арт өрөөнүнүн болушу Чыйбыл баштаган 12 адам кармалып, кадакталып кишен салынып, өлүм жазасына буйрулат. Бирок, тоолуктарды канга боеп, ууктуруп көкөй кескен каршылаш эл кылбайлы, тоо элин чочутпай Орусия падышасы Александр II нин өкүмү менен 18 жыл түрмөгө алмаштырылып, сүргүнгө ызгаарлуу Сибирге айдалган. Чыйбыл болуш менен тозоктуу азаптын кишенин бирге сүйрөшкөндөрдүн катарында өрттөй болгон өткүрлөр, чыгаан уулдар ата-бала Солтонкул бий, Кадыркул бий, Көчкөнбай, Кадырша, Болот, Бакай, Нуркул, Султандар бирге болушкан. Карасан менен кеселдеген Чыйбыл болуш Оренбург кааласынын аймагында каза болот. Чыйбылдын сөөгүн аруу жууп, шарият каадасы менен Солтонкул бий, Султан, Көчкөнбайлар көрүн кең казып, жерге жашырышкан. Көп өтпөй Солтонкул бий өз уулу Кадыркул бийди да жерге жашырышкан. Жыл тогошуп, мезгил жалгашып, сүргүндөн аман келген Солтонкул бий Кашка-Терекке келгенде, жатындашынын амандыгын билгени келген Нүсүп бийге Чыйбыл болушту аруу жууп, өз колу менен жерге жашыргандыгын, жаназага тургандыгын билдирет. Калмак-Кырчындагы турагына Нүсүп бий тул көтөртүп, кара байрак илдирип, кырк күн, кырк түн эли менен кошо аза күтүп, арман кылган дейт:

Элжиреп жүрөк чайналды боорум,
Эрмегим, сөөгүң алыста боорум.
Эл башы элең көк жалым боорум,
Эрмендей болуп эзилди боорум.
Эшик төр элес эсимде боорум
Эл деген жүрөк сокподу боорум.
Сан өмүр менен санаатым болдуң,
Сабалап учар канатым болчуң.
Мээримин төгүп элине боорум
Мискинди топтоп эл кылган боорум.

Кулаалы таптап куш кылган боорум,
Качкынды топтоп журт кылган боорум.
Калкымда менин баатырым боорум,
Каптаган селге кайратым болчуң.
Ак туйгун элең сабалап учкан,
Ар жандан артык шамшаарды жуткан.
Арманда калдым не кылам боорум,
Арбагың сенин ыраазы болсун...

Аза күтүү аяктагандан кийин алты дубан элди чакырып, кара ашы менен ашын элге бердирип, бата тилейт. Солтонкул бийге бир сыйра сарпай кийгизип, айгыр жалын тартып атка мингизет.

## СОЛТОНКУЛ БИЙ

Көк-Арт өрөөнүнүн чыгаан уулдарынын катарына багыш уруусунан чыккан, адам тагдырын чечкен Солтонкул бийди да кошууга болот. Солтонкул бий Кудаяр хандын мезгилинде ат жалын тартып минген боз улан мезгили болуп «Сес көрсөтүп» баш алдырып, баш тартуулагандан кийинки учурда бий деген мансапка ээ болуп өрөөндүн Күнгөй-Тоо бөлүгүн бийлеп турган Солтонкул бийдин жылоондой болгон жети уулу өрөөндө эрке желдей болуп эркин чоңоюшкан. Алар Кадыркул, Сулайманкул, Дооронкул, Миңбай, Нуркул, Мамбеткул, Сансызбай.

Солтонкул бий кыргыз элинин көөнөрбөс тарыхынан өз ордун тапкан белгилүү Хан Жантайдын уулу Шабдан баатыр менен куда болгон. Кудай кошкон куда болууга себепчи болгон Курманжан Датка айым энебиз экен. Кокондогу Хан ордосу жоюлуп Орусия империясынын бухаралыгына өткөнгө чейин Алайдан чыккан Кокон ордосунда ат ойнотуп өкүмдардын көрөр көз мыктыларынан болгон Курманжан айымдын өмүр шериги Алымбек датка шейити кеткенден кийин, Сары Өзөн Чүйдүн Чоң-Кемининен ат жабдыктуу нөөкөрлөрү менен аттанып чыккан Шабдан баатыр улуу тоолорду айланып Ташкен, Анжиян, Ош, Кара-Суу аркылуу Алайдагы Курманжан датканын айылына ат соорусун көл кылып келип түшкөндө жол келген баатырды Датка айымдын билермандары шаан-шөкөт менен тосуп алып Датканын буйругу боюнча баатырга алты канат ак өргө көтөртүп

жети күн өргүтөт. Сегизинчи күнгө өткөндө Курманжан датка тыңчыларын чакырып баатырдын келген мүдөөсүн түюнууга акыл калчап билүүгө бел байлатат. Өргөдө аралашып баатырга сый көрсөтүп жүргөн тыңчылары:

— Баатыр жөн келбей ата салтты аруу тутуп бир мезгилдеги күнөөсүн жууганы келиптир дешет.

Гмм... деген Датка айым, мезгилинде өрт сыяктуу оргуп каптаган жалындай болгон уулу Абдылдабекти эстейт. Абдылдабектин курч көздөрү, шыңга шаптай болгон элеси көз карегине тартылат. Уулунун акыркы сөздөрү кулагына жаңырат:

Апа! — ушул бизди корсунтуп басып келген дини кайырлардын басмырлап кордогону өтүп кетти. Акыры биз дагы улуу журттун тукумдары, элбиз го. Ата арбакты ыйык тутуп ушулар маш аяктын тукумдары болсо да кармашып жүрүп өтөмүн. Ата жеримде, турагымда тең ата болушуна эч качан жол бербеймин! — деп каны бетине толукшуп, көздөрү канталап кызуулана сүйлөп жатканда нооча боюн чөгөрүп олтурган Датка айым энеси:

Уулум! — орус эли күрүчтөй чайлаган сансыз түрүлгөн журт экен. Азганактай тоо бүркүттөрү, тозот кылып токтото албайт. Бир боорлорубуз Шабдан баатыр баштаган Сары-Өзөн, Чүйлүктөр камчысын мойнуна салып орус империясынын букаралыгына өтүп кетти. Жаалданып турган Абдылдабек:

Апа! — баатырсынган Шабдан дилин, динин, тилин сатып генерал Соболевдин аскерине кошулуп бизге каршы аттанганын тыңчы чабармандар жеткизишти. Тез камылга көрүп жигиттерден кол курап аттануум керек! — деп чөгөлөй калып колун бооруна алып баш ийип турду, Жан этинен бүткөн баласы Абдылдабекти карап ойго чөгүп кетти. Ал мезгилде Алымбек датка тирүү, Коконго ат тердигин кургатпай барган, ордо-оюндарында таасирдүү адамдардан болчу. Хан ордосунан жигиттердин коштоосунда келген Алымбек датка, тоонун салкын абасынан көөдөн кере дем алып дене боюн жазып биринен сала бири бой керип чоңоюп жаткан уулдарын кашына олтургузуп болмуш, санжыра, өткөн тарыхтан айтып түнката ак өргөдө жагылган арчанын шуудураган жалынына ай тегерек олтуруп өргүп кетээр эле. Ордодон келген Алымбек датканын кайрадан аттанып кетиши эмнегедир Курманжан айымга, уулдарына, акыркы сапарга аттангандай сезилчү. Уулдарынын арасынан Аб-

дылдабек атасынын мойнуна асылып чогуу кетем деп чыргоолончу. Кийин эс тартып калган ойноо бала курагында Кашкардан тартууга келген ай туягы узун, кулагы шамдай, дене бою келишкен тулпар сындуу ай кашкалуу карагер кунанын далай ирет токунуп өз алдынча чомдонуп «Коконго барам» дегенинен оор үшкүргөн Алымбек датка:

— Уулум! — мезгили келгенде эки канатыңды куш кылып, темир тумшук, чеңгелиң менен Коконго кирерге убакыт келет. Азыр жигиттериңди ээрчитип тоонун эрке желиндей согуш өнөрүн үйрөн деп коер эле. Ошол атасынын согуш өнөрүн үйрөн дегени Датка айымдын оюна келди. Ата балага сынчы белем.

Тоо бүркүтүндөй алганына эмес чалганына кубанаар мезгил эмес эле. Тез атма куралга эгедер оруска теҥ келе албасын билип турса да датка энеси өкүм күтүп турган уулуна жолтоо боло албады. Себеби, Эне «Уулун эл үчүн төрөөрүн» туюнду. Токтот дегенге чамасы жетпеди. Ага Датка айымдын абийири да чыдабады. Чаар жолборстой чамынган уулунун кайра кайтпас мүнөзүн билер эле.

— Уулум! — деп кайрылып башын көтөрүп көзүн тиктегенге аракет кылды. Абдылдабек башын көтөрдү эне-баланын оттуу көздөрү бири-бирине жалгаша түштү. Жамандыкка кыйышпаган көздөр, аялуу да, каардуу да эле. Курманжан Датка айым акырын кош кабаттуу кирпигин жумуп, эки колун уулуна созду. Абдылдабек чөгөлөгөн боюнча эки колун алдыга таштап жер таяна алга жүткүндү. Уулунун эки ийининин өңүрүнө эненин назик от чачып турган таптуу колдору тийип, ыйык сезим тартуулады. Датка айым акырын энилип оң колун ийининин өңүрүнөн алып уулунун ээгинен өйдө көтөрүп чекесинен жаш баладай сүйүп, теренге тартып кеткен көмөкөйдөгү тил күрмөмгө келди:

Уулум! — силерди тоо сактайт... Тоого ыкта...

Абдылдабек Ош, Өзгөн, Алайдан кол курап тоо таянып орус аскерлерин, Шабдандын жигиттерин улуу тоолордон тозот кылып кыргын салабыз деп үмүттөнүп сүрүлүп тоого сүңгүп кетишти. Элимди, жеримди тебелеттейм деген азаттык үчүн күрөшкөн Абдылдабек генерал Соболевдин аскерлерин, Шабдан баатырдын жигиттерин тоо арасынан тозот, буктурма кылып согушуп жатты. Түз, тез атма орус аскерлерге кыргын салып тоону мекендеген жолборстой жойлоп жүрүштү. Тоо сырын жак-

шы билген Шабдан, анын жигиттери, Абдылдабектин шаштысын кетирип орус аскерлерине негизги күч болуп жатты. Күч айкашып, тең келбей улам жигиттеринен ажыраган Абдылдабек түштүктү көздөй сүрүлүп өз элине, жерине чыккынчылык кылган саткын Шабдан «Баатырды» ата арбактын касамы урсун деп, бир мезгилде баталашып кыргыздардын башын бириктирели деген Шабдандын элеси көз алдына келди. Андай адамды эстөөгө акым жок, шейити кеткен жигиттердин каны тарт-сын деп Оогандын шыбактуу чөлдүү талаасына ат туягын батырып тоо сырттаны азганактай жигиттери менен туу башы болуп сүңгүп:

Я, Алла! — деп кирип кетти... Абдылдабектин элесин көз алдына чөгөрүп элдин биримдиги үчүн Шабдан баатырга кек сактабастан энелик кеңдигин көрсөткөндөй түр берди.

Датка айым ата салтты ыйык туткан Шабданга ичтен тына ыраазы болот. Датка айымдын бүтпөс жараты мезгилге карттанып калган эле. Бул турмуштун кыйырын кыя басып турмуштун өтөлгөсүн өткөргөн Курманжан Датка айым дагы бир жума өткөрүп дүйнө бүткөн дүйшөмбү күнү өргүп жаткан Шабдан баатырды кабыл алат. Түндөсү эрке желге агылган ак өргөдөгү Курманжан даткага киргенде төрдөгү тизе бою салынган көрпөнүн үстүндө олтурган Датка айым ордунан ыйбаа кылып турганда, айымдын оң капталында кызыл түстүү жолборстун турганын көрүп жоокер кийимчен баатыр шөөкүлөтүп кайыш менен байланган курундагы кандуу кылычына эрксизден колу жабыша түшөт. Бирок баатырга теке мандай турган жолборстун чапсалаар түрү жок. Айбатынан сүрдүгө түшкөн Шабдан баатыр: көңүлүндө «жеңе» дээрин унутуп:

— Арбаңыз эже! — деп оозанат.

— Арбаң үке! — кириңиз деп Датка айым төргө өткөрүп катарына олтургузат. Аман-түгөл суралып чай ичилген соң, баатырга өз өргөсүнөн арнап туу калган ак бээнин кардын жардырып кудайы конок кылып өргүтөт. Күңгөй тоо менен Тескей тоонун сырттандары бирин-бири алдыртан байкап сынашып Анжияндын памил чайынан ичип мейиз менен чайнап жеп олтурган баатыр:

— Датка эже! Тескей тоо менен Күңгөй тоонун элинин биримдигин жарыя кылың. Менин келген вазипамды элге айтың!.. Мезгилинде тун уулунуз Абдылдабекти куугунтуктаган адам катары эмес санаалаш, тутунган

тууган катары туюнушсун, эли журтуңуз. Сөз жалганып жатканда Датка айым:

Баатыр!..— ар мезгилдин өзүнүн доору, кору, куну, кулу, жолу болот. Мезгил өзгөрүлгөн, бизге элдин ажырымы эмес биримдиги лаазумдур.

— Кулдугум бар эже деп Улага агага карап бардыгы ата салттын каадасы менен болсун. Менин жигиттеримден Залкарды чакыр! Колун бооруна алган Улага ага Датка айымдан өтө албай турду. Аяк шилтеши желдей чапчаң нооча кымча белдүү Датка айым каш серпип уруксат белгисин бергендей болду. Датка айым кана, баатырдын камбылдыгын көрөлүчү дегендей түрү бар эле. Улага ага чай уууртам убакта кабелтең баатыр мүнөз айбаттуу нөөкөр Залкарды коштой кирди. Төр тараптагы пар жаздыкта чыканактап олтурган баатыр.

— Залкар! — нарларга жүктөй келгендерди элге жайгыла, коштой келгендерди сойгула! Элдин ынтымагы биримдик үчүн кызмат кылып баарын жасагыла! Үч күн той өткөрүлүп ичте болгон көкүрөктөгү көкөй кескен сырлар төгүлүп мамиле калыстыкка чыгып даанакерленди. Шабдан баатырды коштой келген мыктыларына күмүш ат жабдыктуу ат тартуулашып нөөкөрлөрүнө сарпай тартууланды. Жолго аттанган баатыр кеңирсиген кең Сары-Өзөн Чүйгө тоо аралап Өзгөн, Көк-Арт, Тогуз-Торо, Кочкор аркылуу өтүп кетүүнү чечкен эле. Күн мурунтан Курманжан Датка айым баатырдын кетээр жолун билип жол азыгын камдап, чектен өткөнгө чейин ардактап тосуп сый көрсөтчү бий, болуштарга ат чаптырган.

Алайдан Өзгөнгө андан Көк-Арт өрөөнүнө өтүп өргүүчү Шабдан баатырга Кашка-Теректеги Солтонкул бий ак өргө көтөртүп Чыйбыл болуш, Нүсүп бий баш болгон өрөөндүн жакшылары баатырды тосуп алты күн өргүтүшөт. Уламадан сөз жалганып олтуруп Күңгөй тоого келген Шабдан баатырга Курманжан датканын жең ичинен айткан дубай саламы эки элдин биримдигинин данакери кыз экендигин Солтонкул бий сөз кезегинде эстетип өтөт. Мейиз кошулган кымызга кызый түшкөн баатыр жанындагы сары түгү түшө элек кырчындай жаш иниси Далбайга кыз табылса куда башы болоорун билдирип кыздарды өзүм сынайм дейт. Солтонкул бий килем сокkондорду көрсөтүмүш болуп келин-кыздарды байкашат. Ошондо Шабдан баатыр Солтонкул бий Сейиттин адырлуу кыр талаасында туруп Солтонкулдун

кабырга тууганы Таабалдынын Акбурул деген кызына назары түшөт. Өңү түсүндө дене бойдун турпатында айыбы жок экен жатыны таза болду бекен деген бүдөмүк ой баатырды кыйнайт. Ак өргөөдө Солтонкул бий менен баарлашып олтурган Шабдан баатыр:

— Бий! Байбичеңе айт! Акбурул заара кылаарда өзү ээрчитип чыксын да белги койсун. Баатырдын өтүнүчүнүн сырын түшүнгөн Солтонкул бий байбичесине эскертет. Ак эркечтей болгон байбиче жай саратанында, ай толгондо Акбурулду ээрчитип кыр арканын капталына өтүп келгенден кийин байбиче кол жоолугун ошол жерде калтыргандыгын бийге билдирет. Баатырды коштой чыккан бий кол жоолук калган жерге барышат. Акбурул заара кылган жер сөөм болуп оюлуп калганын көргөн Шабдан баатыр жатындын тазалыгына ишенип адал уюп жарыктыкка келген адам тукуму мыкты болоорун эске алып Акбурулду Далбайга нике кыйдырып ата салт менен каада күттүрүп күң менен кулун коштоп Чүйгө алып кетип тамыр сөөк болуп калышат.

Анжиян козголоңуна катыштыгы бар деген бүтүм менен Солтонкул бий деген даражасын өткөргөн тун уулу Кадыркул бий, ата-баланын колуна кишен салынып Орусиянын аскер согуш сотунун өкүмү менен өлүм жазасына буйрулат. Бирок орус падышасы Александр IIнин кечирими берилип он сегиз жылга сүргүнгө Сибирге алмаштырылган. Эл мыктыларын Анжияндан, Ташкен, Красноводскийге темир жол менен жеткирип андан Каспий деңизинен өтүп Астрахан шаары менен Москвага жеткирилген. Москвадан, Иркутскийге темир жол менен жеткирилип андан кийин калың карлуу, чер токойлуу жол менен Сибирди көздөй жөө айдаган. Туткундарга мындай кордук көрсөтүү ошол чер токойлуу Сибирди турак кылган азганактай элдердин жүрөк толтоосунун сары суусун алып кишен кадактарын шалдыратып солдаттар айдап өтөт. Иркутскийде Солтонкулдун уулу Кадыркул бий, Оренбургда Чыйбыл болуш өлүп кадакталгандарды айдап бараткан солдаттардын подпоручиги менен сүйлөшүп Кадыркулдун, Чыйбылдын сөөгүн бөөрү чийге, карга кузгунга жем кылбай Солтонкул, актаңдай акын Токтогул баш болгон үркөрдөй кыргыздардын тобу кыска сүрөө окушуп жерге жашырышат.

Он жылга жакын сүргүндө жүргөн Солтонкулду, Токтогул баш болгон орус туткундары качырышат. Күндүз кең токойлуу черге жашынып түн каракчысындай

жылдыз кууп Солтонкул казактардын кең талаасына чыгып Олуя-Ата аркылуу Сары-Өзөн Чүйдүн Чоң-Кеминине өтүп Шабдан баатыр кудаасыныкына келип токтойт. Турмуштан өз ордун тапкан Акбурул ат казыгын бир жылдай өргүтүп багат. Солтонкул бий өз элине коколой башын алып баргандан тартынып элге кабар берейин деп чечет. Эл арасында менин кадырым, уулдарымдын кадыры болсо ат бастырып келишип коштоп алып кетишер деген бүтүмгө келет да Токмок базарына келип Көк-Арттыктарды жолуктурамбы деп базар аралайт. Токмоктун кең базарынан Көк-Арттан мал сүрүп келип сатып жүргөн кабырга тууганы Төлөшкө жолугат:

Жазымыштан жалганып
Жайдакталып айдалган.
Журттан бизди кодулап
Жаракчандар айдаган
Көгарт өрөөн кең жайдан.
Кайрылып келдим сүргүндөн
Карегим тирүү Төлөшүм.
Күнгөйдөн чыккан бий элем
Калк аралап бастырган
Калыстык менен тең элем
Күнаадар кылган күнөөлүү
Күнөөсү жок жан элем
Күйүттө калдым Төлөшүм
Эл сураган бий элем
Элирген тулпар жан элем
Элимде жүргөн чагымда
Бөксөсү толуп бөйрөктүн
Бөрүдөй болгон жан элем
Бөлүндүм элден Төлөшүм
Колумду турчу узартып
Көзү күйгөн уулум жок,
Кайраты жандан артыкча
Кыргызда туйгун Чыйбыл жок
Кадырша, Болот, Көчкөнбай,
Бакай, Султан, Нуркулдар,
Токтогул ырчы топ жандар
Түнөргөн токой аймакта
Тили бурум көп жандар
Калып калды Төлөшүм
Кудай таалам жар болуп
Качырды мени ошолор

Көзүңдү көрсүн эл деди
Туз буйрубай биз өлсөк
Томуктай болгон аз журтта
Тарыхта энчи бол деди
Салам айтчы Төлөшүм
Сагынган Күңгөй калкыма
Санаат менен саргайган
Солтонкулдай агандан —

деп жүрөк сырын төгөт. Төлөш Солтонкул бий сүргүндөн келип Чоң-Кеминде экендигин билдиргенде Кашка-Теректеги уулу Сулайманкул кырк жигитти ээрчитип кош ат коштоп Сары-Өзөн Чүйгө аттанат. Чоң Кеминдеги Шабдан баатырдын айлына намаз жума келип түшөт. Мусулман бурадарлары баатыр салдырган мечитте Жараткан Алла Таалага ибадат кылып жаткан бир нече сап катар тизилгендердин арасында Солтонкул бий да бар эле. Сулайманкулга Шабдан баатырдын көрөөр көз жигити Залкар:

— Сулайманкул! — атаңды канча жылдан бери көрө элексиң?

— Он жылга аяк басты.

Атаңды сап катарында тургандардын арасынан таанысаң алып кетесиң. Эгерде тааный албасаң алып калабыз. «Баатырдын жарлыгы» деп өмгөктөй сынай сүйлөйт:

— Кыбыла тарапка карашып Жаратканга кулак кагып ибадат кылып тургандардын арасындагы үчүнчү сап катарынан жетинчиси менин атам дейт. Солтонкул бий айтылган жерде кулак кагып жаратканга ибадат кылып жаткан эле...

## КАМБАРААЛЫ СООРОНБАЕВ

Өмүрү өрнөк болчу бул адамдын баш бейнесин Кыргыз эл жазуучусу Шабданбай Абдыраманов «Дыйкандар» романында кеңири чагылдырган. Ошондой болсо дагы Көк-Арт өрөөнүнүн мыкты уулдарынын катарында сөз козгоп эскерүүнү парызым катары туюндум.

Көк-Арт өрөөнүндө же жалпы эле Кыргызстандын түштүк аймактарында Октябрь Социалисттик революциясынын жеңишинен кийин советтик бийликтин түзүлүшү айыл-кыштак жашоочуларына караганда аз да

болсо цивилизацияга аралаша түшкөн жумушчулардын арасында революциялык сезим күчтүү болгон. Ошондуктан революциянын алгачкы эпкиндери Кыргызстандын түштүгүндөгү Кызыл-Кыялык, Сүлүктүлүк тоо кен жумушчуларынын, шахтерлорунун арасында күчтүү пикир туудуруп кедей дыйкандарга дагы өз таасирин тийгизе баштаган.

Жаңы түзүлүштөгү советтик бийликти жок кылуу максатында контрреволюционерлер, басмачылар чыгып кандуу согуш Түштүктө 1930-жылдарга чейин созулган В. И. Лениндин жер жөнүндөгү декретин ишке ашырууда жаңыдан түзүлгөн Жалал-Абад кантонунда таасирдүү кыймылга ээ болгон. 1927—28-жылдары ишке аша баштаган колхоздук кыймылдар ВКП(б) XV съезди өлкөдө айыл чарбасын коллективдештирүүгө директивалык жол көрсөткөн. Жер-жерлерде массалык түрдө коллективдештирүү башталган. Ошол мезгилдерде Көк-Арт өрөөнүндө бир нече майда колхозду кучагына алган Кызыл-Туу айылдык Кеңешинин курамында баштапкы партиялык ячейка түзүлүп алты коммунисттен турган партячейканын катчылыгына коммунисттердин кеңешмесинде Камбараалы Сооронбаев шайланат.

1927—1935-жылга чейин ТОЗ (жерди биргелешип иштөөнүн шериктештиги) артель, колхоз болуп бир нече кожолуктар өз алдынча болушуп дыйканчылыкты, мал чарбачылыкты уюштурушкан. 1935-жылдан баштап майда колхоздор өз ара биригишип ирдене башташат. Ак-Баш айылындагы «Орто-Азия», «Кайтпас», «Шахрай» атындагы колхоздор биригишип «Орто-Азия» колхозу болуп түзүлөт. Эл арасында жаш совет мамлекетинин ички жана тышкы саясатын жүргүзүүдө коммунист Камбараалы Сооронбаевдин кадыр-баркы көтөрүлүп жаңыдан уюшулган «Орто-Азия» колхозунун башкармасынын төрагалыгына шайланган. Жаңыдан уюмдашкан колхоздун материалдык техникалык базасы чыңдалып, чарба жүргүзүүдө өз жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн.

«Орто-Азия» колхозунун башкармасынын төрагасы Камбараалы колхоздоштуруу мезгилинде бүт байлыгын, жерлерин тарттырган кулактар сүргүндөн кайтып келе баштаган соң, аларды жайгаштырууну жеке жоопкерчилигине алат. Сүргүнгө айдалгандардын катарында Эшбаев Төрөбай да бар эле. Тажикистандан сүргүндөн келген Төрөбайды кабыл алып:

«Өз жериң, өз элиң Төкө, эл кадырлап ат жалында

жүргөн адам элеңиз — сиз бүгүндөн баштап колхоздун толук укуктуу мүчөсүсүз, колхоздо ширкаттык милдетти аткарып бериң» дегени Төрөбайдын сезимине жылуулук уялап советтик саясатты ашкере пайдаланган абийирсиздерге мамилесин өзгөртүп тагылган милдет ишине киришкен. Камбараалы сырт, көлөм турпатына ылайык жан дүйнөсү бийик кенен эле. Жаңы гана колхоздун экономикасын чындап эл жүгүн аркалаган Камбараалы ССР Союзунун Жогорку Советине депутаттыкка көрсөтүлүп 1937-жылдын 12-декабрында депутат болуп шайланган. 1941-жылы фашисттик Германия Совет элине каршы согуш ачып бейкут тынчтык турмушту бүлүндүргөн. Мындай күн түнөрүп, түндүгү талкаланып, Жер эненин боору тилинип асманга будуң-чаң болуп сапырылып турганда Совет элинин тутамындагы Көк-Арт өрөөнүнүн эр азаматтарын согушка аттандырып турушкан. Алардын катарында СССР Жогорку Кенешинин депутаты, колхоздун башкармасынын төрагасы Камбараалынын жалгыз кара чечекей уулу Өмүралы да бар эле. Союздун депутаты, жооптуу кызматкер, кадыр барктуу адам катары уулун согуштан алып калууга толук мүмкүнчүлүгү болгон. Бирок эл башына кара түн түшүп турганда абийирине камчы чаппай колхоздун жалпы чогулушунда:

— Эл башына келген апаат менен күрөшүү бардыгыбыздын милдетибиз. «Биздин ишибиз адилет — биз жеңебиз» — деген. Бул согуш совет элинин биримдигин, эркин майтара албайт. Аскерге жарактуулардын арасынан өзгөчө брон менен гана кээ бир адамдар эмгек майданында калат, калгандар согушка аттануусу керек деди. Жан дүйнөлөрү жабыркап согуш деген каардуу сөздүн артында эрксиз өлүм тургандыгын сезип үрөйү учуп турган эл, дагы кимди алып кетээр экен деп шыпшынышып калышты. Өз уулуна камкордук көрүп согуштан алып калаар бекен деген түпөйүл ойлор эл арасында айтылып жатты.

Камбараалы кыраатты менен бир нече жалындуу сөз сүйлөп кайыш кара папкасын ачып согушка жөнөй турган адамдардын тизмесин окуп кирди. Алгачкы катарда өз уулу Соорonбаев Өмүралы Камбараалиевичти атады. Андан кийин да бир нече адамдардын аты-жөнү окулду. Котологон эл ичтерине дем тартпай дагы кимдин кезеги деп сөз жалганбай калды. Камбараалынын үнү чыкпай токтоп калды. Түн болуп түнөөрүп турган эл

Камбараалынын адилеттигине ыраазы болушту. Өз эрки менен адам өмүрүнүн апаатына өз канынан жаралган кара чечекей жалгыз уулун согушка аттандырды. Камбараалынын эл көзүнө көрүнүп калуу гана максаты эмес эле. Элдин бейкутчулугун сактоо үчүн жаралган эркек адамдын ыйык вазийпасы экендигин айгинеледи.

Ата-бала эл алдындагы абийир милдетин туура түшүнүштү. Эл арасынан Камбараалыга «жан» тартып Өмүралыны согуштан алып калуунун айла-амалдарын сунуш кылышты. Камбараалы аларды катуу кагып «Эр жигит энеден элин коргоо үчүн төрөлгөн» деп кесе айтып уулуна өлүмдү тике кароого шердентти. Уюткулуу, уламалуу сөз айтып аскерге узатты. Камбараалы баштаган эмгек майданындагы эмгекчилер фронттогу жоокерлерге азык-түлүк жана башка зарыл керектүү нерселер менен камсыз кылууда өз салымдарын кошуп жатышты. Эмгекчилер эмгек күндөрүндө тийген акчаларын «Күнөстүү Кыргызстан» деген Истребителдерди куруучу заводго жөнөтүп турушкан. Мындай эрдиктери үчүн «Орто-Азия» колхозуна Мамлекеттик Коргоо Комитетинен телеграмма келген. Телеграмманы элге тааныштыруу үчүн атайын Кыргызстан КП Сузак районунун партиялык комитетинен өкүл келди. Колхозчулардын жыйынын төрага Камбараалы ачып, сөздү райондон келген өкүлгө ыйгарды. Өкүл толкундануу менен телеграмманы окуй баштады:

Сузак районуна караштуу «Орто-Азия» колхозунун башкармасынын председатели ССР Союзунун Жогорку Советинин депутаты жолдош Сооронбаев Камбараалыга, колхозчуларга, колхозчу аялдарга согушуп жаткан Кызыл Армияга көрсөткөн камкордугуңуздар үчүн алкыш айтат — деп сөзүн аяктады. Калың бактын көлөкөсүндө олтурушкан колхозчулар орундарынан тура калышып шатырата кол чаап Сталинге, Камбараалыга ыракмат айтышып кызуу кандуулукка алдырышып алардын аттарын атап кыйкырып жатышты. Камбараалы акырын колун көтөрүп элди тынчтандырып согуш али бүтө электигин, алдыда аткарылуучу иштерди баяндап өттү. Шыктанган элдин арасынан бир нече адамдар өз ойлорун ортого салышты.

1942-жылдын аяктарында баатыр шаар Ленинграддын жашоочулары фашисттердин курчоосунда калган кыйын күндөрү аларга бир туугандык жардам көрсөтүү үчүн бир канча вагондорго толтурулган кыргыз элинин

тамак-аш продуктыларын, кийим-кечектерин жеткизип келүүгө Кызыл-Туу сельсоветинин эмгекчилери жолдош Сооронбаев Камбараалыны өзүлөрүнүн өкүлү катарында жөнөтүшкөн. Бир канча кыйынчылыктар менен Ленинградка барып, колхозчулардын атынан каарман Ленин шаарынын эмгекчилерине салам айтып, продуктыларды тапшырган. К. Сооронбаевдин жолго алган күбөлүк катында мындай деп жазылган:

Ушул күбөлүк катты көрсөтүүчү «Орто-Азия» колхозунун председатели жолдош Сооронбаев Камбараалы чынында Кыргыз ССРинин өкүлү болуп эсептелинет. Кыргыз ССРинин өкмөтү жана Кыргызстан Коммунисттик партиясы тарабынан Ленинград шаарына (Октябрь темир жолу боюнча) кыргыз элинин белегин Ленинграддын эмгекчилерине жана Кыргыз ССРи шефке алган «Октябрь революциясы» линкорунун кызыл флотчуларына, командирлерине, саясий кызматкерлерине тапшырууга жиберилет. Алып бараткан белекти темир жол аркылуу тезинен Ленин шаарынын баатыр коргоочуларына жеткизүүгө жардам көрсөтүүнү бардык партиялык, советтик уюмдардан, аскердик, темир жолдук бөлүктөрдөн сурайт — деген каты менен Камбараалы. Ленинграддын эмгекчилерине аскер кызматкерлерине белегин тапшырып келген. Айыл жериндегилер Камбараалыга аваз кылып анын сөздөрүнө кулак түрө тандана угушкан.

Жыл өткөн сайын айыл арасында согушка кеткендердин артынан кара кагаз келип өкүрүк-чуу чыгып тул көтөрткөндөр күн санап арбый берди. Ошол күндөрдө Камбаралынын жалгыз уулу Өмүралыга да «өлдү» деген кара кагаз келген. Айылдагы Төрөбай баш болгон аксакал, карылар аттуу-баштуу адамдар чогулуп Камбараалыга азырынча угузбай туралы, күтө-күтө көксөсү сууп калганда угузаарбыз деген чечимге келишет. Жыл тогошуп кажыбас кайрат эрдик менен улуу Ата Мекендик согуш Совет элинин жеңиши менен аяктаган.

ССР Союзунун Жогорку Кеңешинин депутаты катары талкаланган экономиканы калыбына келтирүү үчүн Москвада чакырылган сессияга барып катышат. Камбараалы кабарсыз уулун издеп Совет Мамлекетинин башчысы И. В. Сталиндин кабылдоосунда болуп, колхоздун абалы жөнүндө кеңири баяндап көкүрөгүндөгү көкөй кескен оор кайгысын, баласынын тагдырын билдирип берүүнү суранганда:

— Жолдош Камбараалы, сиздин элге кылган эмге-

гиңизди биз билебиз. Жалгыз уулуңуздун дайынын маршал К. Жуков аркылуу билдиремин деп коштошкон. Үч күндөн кийин Кремльдеги съезддер дворецинде сессияга катышып, танаписке чыккан Камбараалыга аскер формасындагы офицер жигит келип честь берип учурашып маршал Жуковдун жеке тапшырмасы менен келгендигин билдирип:

— Сооронбаев Өмүралы Камбараалиевич сиздин уулуңуз согуш мезгилинде немецтик-фашисттик баскынчыларга колго түшкөн. Советтик армиянын жеңишинен кийин концлагерден бошотулуп Советтик Аскер-Согуш сотунун чечими менен абакта олтурат деп официалдуу кагазды карматат. Үзүлбөгөн үмүт уланып тукум курут болуу коркунучу артта калгандыгын сезген Камбараалы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин президиумунун төрагасы Т. Кулатовго түз байланыш менен чыгып:

— Уулунун тирүү, азыр абакта экендигин билдирген. Сөз кезегинде Төрөбай Кулатов Камбараалынын уулунун тирүү экендигин куттуктап СССР Жогорку Советинин президиуму аркылуу Өмүралыны бошотуу жөнүндө камкордук көрөмүн деген. Көп убакыт өтпөй совет мамлекетинин башчысы тарабынан берилген мунапыска илинип Өмүралы абактан бошотулуп Жогорку Советтин сессиясынан кайткан атасы менен айлына кайтып келген. Камбараалыга билдирилбей калган «Өлдү» деген кара кагаз ошол бойдон кала берген...

Өрөөндөн чыккан алгачкы депутат, колхоздун башкармасынын председатели Камбараалы Сооронбаев 1951-жылга чейин эмгектенип элдин социалдык маданий турмушунун өнүгүшүнө өзгөчө салым кошуп өмүр жашын өткөргөн...

## НЫЯЗААЛЫ БОРОШ УУЛУ
(1856—1939 жж.)

Кыргыздын залкар комузчусу, ырчы, санжырачы көп кырдуу өнөр талантынын кайталангыс өкүлү, калк казынасынын улуттук маданий мурастарынын муундан-муунга тартуулаган Ныязаалы Борош уулу 1856-жылы азыркы Аксы районунун Ак-Жол айылында (мурдагы Кызыл-Жар районунун Данбагар кыштагында) дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Бул көркөм өнөр инсаны жөнүндө азыркы жаштарыбыз азыноолак айтылган эл оозунан, уламыш кептен,

китептен жана кыргыздын тарыхый маданият фондусунун архивинде жазылган алтын фондудагы күүлөрүнөн билери анык. А бирок, теңири артыкча бийик залкар комузчулук өнөрдүн эбегейсиз масштабдуулугуна да ашкере акындыкты, сөзмөрдүктү ой чабытынын кендигин куудулдукту, артисттикти жашоонун не бир түркүн кылдарын аң сезим менен туя билүүнү вертиоздук кыймылдары менен комуз кылдарынын авазын айкалыштырып элдин тарыхый салт санаасын, үрп-адатын, наркнасилин, ой-мүдөөсүн, билдирүү бөтөнчө чыгармачылык жөндөмдүүлүктү фантазияны талап этет.

Так ушундай өзгөчөлүк Ныязаалы Борош уулунда да бар экендигин фактылар менен айылдаш тарых кенчи кадырман карыялар эскеришкен.

Ныязаалы табиятына жараша бөтөнчө жөндөм психологиялык өнүгүүнүн жылдызы жангандыгы айтылат. Эс тарткан мезгилинен баштап эле кыңылдап ырдап өзүнчө күңгүрөнүп боюу-башын кыймылдатып, колун апасы Онол тигип берген тери чыптамасынын төшүн, жаргак шымынын капталдарын черткилеп жүрүп тытып жибергендиги айтылат.

Ушул мезгил эмоциянын, фантазия — элестердин мол жыш таасирлердин чагылышынын учкуну күч алып калыптанган мезгили болсо керек.

Дагы бир өзгөчө нерсе Ныязаалыга таандык жана ошондой эле бул көркөм мурас чыгармачыл өкүлдөрүнө таандык болгон табигый көрүнүш галлюцинацияларга чалдыгуу же өнөр пирлерине жолугушуусу.

Азыркы учурда эл арасында айтылып жүргөн, адам аң-сезимине фантазиядай уламыш сөз бар.

Ныязаалынын атасы Борош өтө жарды дыйкан адам экен. Ак-Жол өрөөнүндө түштүккө карай созулган Булуң деген бетегелүү балык жоондонгон сыртында жамачылуу алачыгында өмүр даарын өз уруусу кожо-жалпак туугандары менен базыра аштык жүгөрү сепкенден кийин айыл конуп жашап турат экен. Шер ажынынын карамагындагы ойго эгилген буудайга атасы Борош мендикер түшүп орок орот, эс тартып калган Ныязаалы орок оруп жардамдашып жүрөт. Өрөөнгө түшүп Ак-Жолдогу жүгөрүгө суу чеккенден кийин Ныязаалы таң таштаганда орокту ийинине салып, чаначтагы жарманы көтөрүп үй чабардын жону менен Тегене тараптагы Шер ажынын ойуна буудайга бара жатса Сүйүнбайдын аяты де-

ген жерде, түздүү кендикте кылактаган бир топ кыз-келин кызыл-тазыл болуп эле кыз-оюн куруп жатышкан экен. Ныязаалы таң калып кайдагы кыз-келин деп таңданып калат, ошондо аруу сулуу кыз Ниязаалыны билектен алып арбап кыз оюнга кошуп кетет, арасынан ай чырайлуу кундуз чачы согончогуна жеткен аруу-пери кызы комуз берип черткин дейт. Ойноо бала абасы Ибрайымдан үйрөнгөн «Аксылыктын ырчы» күүсүн чертет. Бүтүп кайрадан комуз кулагын бурап чалса эле керемет аваздар чыгып бүткүл сезими берилип кетет, ак куудай болгон аруулар бийлеп ырдашып күндүн кандайча кечкиргенин туйбай калат. Каш карайганда алиги комуз берген ийнеликтей буралган сулуу пери кызы:

— Ныязаалы биз алып кетмейинче эч кимге бербе деп коштошуп тарап кетет.

— Ныязаалы орокко барбаганына кайыл болуп комузун колтугуна катып Булунга өтүп апасына барат. Апасы Оңол, астынан тосуп чыгып уулунун койнундагы комузун көрүп, абдан аземделген көркөм коздугун, өзгөчөлүгүн тегин эмес экендигин байкайт. Зирек, пакиза апасы уулун издөө үчүн дүрбөлөңгө түшүп калган атасына көрсөтүп комузду черттирип көрүп, сырын билишип Теңирге таазим кылышып, таң куланөктөн турушуп сары башыл эчкини түлөө кылышып журт чакырып бата тилешет.

Он эки жашар Ныязаалыны элдин бийи Ыбраимдин атына мингизип комуз черттирип угушуп күүгө муюнган Шер ажы баш болгон Данбагарлар бата беришип бешесинде периште ойногон, жоломосу бар балага өмүр тилешет.

Шер ажы, күмүш жабдыктуу атын тартуу кылат. Өмүрүнүн аягына чейин Ныязаалы өмүр жолдошу комузу менен ажырабай, улуу наамакөйлөрдүн айткан дастандарын, насыят, санат ырларын өзү да толуктап, кошуп абдан элестүү көркөм кылып айткандыгы менен айырмалангандыгын замандаш көркөм өнөр сересиндегилердин айтканы күбө.

Так болсун үчүн фактыларга кайрылалы. Алай канышасы, Кыргыз каныкеси Курманжан датка энебиздин берген баасы бу экен: «Комузду уютат экен, жумуру баштуу, айры төштөн эч ким тең келбейт, а бирок оозунда сөзү чен экен, чен болсо да жаныңды жандатка чыгара сүйлөп, ырдайт экен» — дегени.

Замандашы Өтөнү (Жеңижокту) комуз коштоп ыр-

доого үйрөткөнүн Жеңижок өзү төмөндөгүдөй ырдаган экен:

Нөшөрлөтүп ыр төгүп,
Намаакөй деп аталдым.
Кол ойнотпой комузда,
Кара бакшы атандым.
Кылымда мындай туулбас,
Кыргызга келген белегим
Кыялы айкөл өзгөчөм,
Комуз пирлүү жан досум
Ныязаалы устатым...

Ал эми too булбулу Токтогул өмүрүнүн аягына чейин эле «Комуздун пири» — деп атап устатым деп эскерген. «Жеңижок авам барда ыр ырдабаймын, Ныязаалы таякем барда комуз кылын күүлөбөймүн» — деген чыныгы адамдык насил айкөлдүк менен акыйкат баасын бергендиги үчүн Токтогул ушул Ныязаалы, Жеңижоктун батасын алып алуу болгону да ушунданбы деген ойго кабыласың.

Токтогул Сибирден келгенден кийин Аксыга келип залкар комузчуга жолугуп арман черин жазышып көңүлдөрү кушубак болгон мезгилде Токтогул таяке мен баягы «Кербез» күүсүн «Чоң кербез» деп атап койдум деп көөшүлүп абдан черткен дейт. Бүткөндөн кийин таякеси «Чоң кербездин» кайрыгына кайрык улап абдан көркөмдөп маржандай миң кубултуп, чертип аягында мындайча үн кошкон дешет:

Жер койгаптан жөө басып,
Жети сан түркүн эл таанып.
Тири шумдук турмушту,
Туюп келген бул кербез.
Улуу тоону кыйбастан,
Ур-токмокко муйбастан.
Кыраан туйгун куш сымак,
Кыр түзөңдү сабалап.
Туурун тапкан бул кербез,
Табийхаттын дулдулдай
Туйлап чуркар бул кербез,
Туу чокусу калкымдын
Токтогулдун бул кербез
Түбөлүктүү мураска
Кала турган кыргызга.
Токтогулдун «Чоң кербез».

Ныязаалынын белгилей кетчү өзгөчө бир жагдайы, ал ар бир күүнүн таржымалын, тарыхын, икаясын айткандыгында. Аны фактыласак 1936-жылы Кыргыз таланттарынын биринчи олимпиадасында комузчу «Шыңгырама», «Терс кагыш», «Арсар күү» деген залкар күүгө сөз кошуп ырдап чертксенде ордодогу алты дубандан келген атагы таш жарган таланттар күлдү, журттун бир коруму мыкты-наамакөйлөр Ныязаалынын бир бучкагына тең келе албасына ынанышкан. Ал эми өкмөттүк деңгээлдеги калыстар олимпиаданын жеңүүчүсү деп аташып, 500 сом сыйлык ыйгарган. Олимпиаданын калыстар тобунун мүчөлөрү болуп катышкан композиторлор В. Власов менен В. Фере Ныязаалынын табигый нукура талантына таңданып өнөрүн өтө жогору баалашкан:

«Бир топ солисттер, улуттук ырларды аткаруучулар жогорку чеберчиликти көрсөтүштү. Сексенге чыккан комузчу Ныязаалы Борошев жана башка өнөрпоздор улуттук музыкалык аспаптарда ойноодо анык виртуоздор» — деп өзгөчө белгиленген. (Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы башкы архивинен).

Карыялар, көзү тирүүлөр 87 жаштагы Аксы районунун Ак-Жолунан Станбеков Ысабек, Тегене айылынан Сүйналы — 83 жашта, Атаяров — 90 жашта, Уметалиева Ажар — 66 жашта, Кечүү айылынан Дүйшөбаев Арстеке — 87 жашта, Кара-Суу айылынан — Алымкулов Ырсаалы — 80 жашта, Ныязаалынын күүлөрүнөн жана ырларын изилдеген Ала-Букалык журналист мугалим Рыскулов Калмураттар төмөндөгүдөй күүлөрүн эскеришет.

1. Шырдакбектин боз жорго.
2. Кыпчактардын кайгысы.
3. Кайран Полот-хан.
4. Балам жок.
5. Өз жеринен азган Бабурдун арманы.
6. Ибрагим саруунун икаясы.
7. Көк-Сулуу (Замандашы, курбусу, Жеңижоктун өмүр жары Көк-Сулууга арнаган күүсү).
8. Кара-Теке бой-бой.
9. Кер толгоо.
10. Арсар күү.
11. Кыз ойготор.
12. Терс кагыш.

13. Шыңгырама.
14. Дүрбөлөң.
15. Өттү-кетти балалык.
16. Карача торгой кайбылда.
17. Сары барпы жана башка аткарган күүлөрү.

Залкар талант өз үлгүсүн Токтогулга, Калыкка, Атай, Эркесарыга, Шекербекке, Корголго, Үмөтаалыга жана башкаларга үйрөткөнүнүн, Ныязаалынын үйүндө улуу муундагы залкарлардын жашап жүргөндүгүн эскеришти, жогорудагы аты аталган карыялар. Ошондой эле карама-каршы пикирлер да айтылды.

Мисалы, Атайдын «Маш ботойун», Уметалиева Ажар Тегенеден, Ныязаалынын «Дүрбөлөң» деген күүсү болчу. Атай жатып көнүп үйрөнүп алып Ныязаалынын көзү өткөндө өзүнө ыйгарып алды. Али көз алдымда: Ажар! — үйрөнүп ал, бул күү сезимге бат сиңет деп маңдайына олтургузуп алып кайрып эле жарыктык. Атам менен көңүлү жакын болчу, көп келер эле деп эскерди 70 жаштагы Ажар эже.

Алтын фондуга жазылып калган Арсар күүсүнөн белгилүү музыканттар Б. Кулболдиев менен Миронович Н. Р. ноталаштырып эң сонун уккулуктуу «Концертино» жазып чыгышкан жана аткарылып жүрөт.

Өмүрү совет мамлекетинин куралуу мезгилине туш келген Ныязаалынын өнөрүнүн учкундары гана бизге жетти. Биздин алдыбызда көп милдеттер турат. Изденели жана изденип эмгектенүү керек...

## ЖОЛУГУШУУ...

**Оо, биз ал кезде эс тартып калган, чор таман балдар элек. Ныязалы абабыздын кичи уулу Атакул деген болгон, экөөбүз моюндашып чогуу өскөнбүз, кайран жигит топто сүйлөгөн, акылы тетик, оюн-шоок, тамашанын, жоронун гүлү эле. Залкар комузчу абабыздын өнөрүнүн учкуну Атакулда бар болчу. Атакул агартуучу болуп, Ак-Жол өрөөнүндө элге биринчилерден арип таанытып сабатсыздыгыбызды жойгон, өкмөтүбүздүн ыкыбалы менен жүрүп, «ырчылык — дубананын иши» деп ырдабады, болбосо биздин тайпада өктөбүр азаттыгын элге жарлык кылганда Сатканкулдун аянтында (азыркы Чон-Камыш участкасында) Атакул ырдаган эле! — деп эскерчү атам рамалик...**

Эрте жаз мезгили, абамдын Уйчабардын жонунда (азыркы Жолбакан жайыты) аштык, базыра жери болор эле. Атакул экөөбүз кошко жардам берип жүргөнбүз. Тегене тараптан тору бышты минген көк-ала сакалдуу, нур жылдыздуу көрпө тебетейчен, урумча басма чапан кийген аксакал адам келип калды. Батыркул акем (Ныязалынын улуу баласы) учурашып, «Током» деп калды, амандыгын сурап. Биз дагы улуу адам менен амандаштык. Батыкем «чаначты алып кел» деди. Кыргыз кара аякка толтура бозо бердик, тартып жибергенден кийин «Таякем кайда?» деп калды. Кыштоосунда экендигин айтып, чаначтарды чыгарып кошо жөнөдүк, тайпадагы борозчулар кошо үнүн, сөзүн угалы деп эрчиди. Жолдон Орозбай жолугуп кошо келди. Шынаанын аяк-кууш жагындагы бөксө белде кыштаар эле. Абам үйдүн сыртында күндүн аптабына мемиреп олтурган экен. Токтогулду көрө калып, эңиштен энтигип чуркап калды. Ошондо Токтогул аттын башын тартып, токтотуп койнунан комузун алып эле ырдап кирди:

Улуу тоонун кайберен,
Элигиндей элирген,
Этен-жеңи делбиреп,
Эңилчектей ийилген.
Эсен экен туугандар,
Болумушту көп айткан
Бураадар үчүн жан кыйып,
Журт баласы аталган.
Болот-ханды көп айтып,
Калың журтту муңайткан.
Борош чалдын баласы,
Болгон-Тоо, Бозбу арасы.
Бөрктөй жылуу аймагы
Баймана күтпөй, белсенбей,
Базыра аштык жер айдап,
Баардан, кеч күз талаада,
Бaрктaшып данды жашаган.
Данбагар тууган эл мына,
Көрөнгөлүү калкында.
Кадырың кутман жалпыга.
Комузун түркүн сайратып,
Күйүтүн айтып кедейдин,
Ай тамга мөөр алчудай,
Акыйкат сөзүн кайтарбай,

Бий-казы менен басташтын.
Кол ойноткон комузчу,
Борош чалдын баласы,
Күн жүрүштү арытып,
Күн сайын карап жолунду.
Комузчу тайкем келет деп,
Кеп-кенешин берет деп,
Сар-санаа тартып саргайып,
Сагындым Аксы жааматты.
Кайтып келсем көйгаптан,
Кишенделип айдалган,
Жээним келген экен деп,
Ичер суусу бар экен,
Улуу кыргыз элден деп...
Пир туткан тайкем келбедиң,
Алың кандай, Током деп,
Акыретке шерттешкен,
Ак жоолуктуу жарым жок.
Бал тили менен балкытып,
Бейишти көзгө көрсөтөр,
Токондун туурун жоктотпой,
Туурумда конуп шаңшычу,
Топчубай балам дагы жок,
Ат казыгым Ныяз деп,
Ардактап сени күнү-түн,
Чүйгүнүн жасап тамактын,
Чөйчөктөн даам сыздырган.
Эжеңе неге барбадың?..
Кутманым энем-эжеңдин,
Курултайдай ак сөзүн,
Тайке, сизге айтайын,
Төркүнүн эстеп зилдеди.
Арка кылып өзүңдү,
Баш бааңеке бар деди.
Актоо кагаз жанда жок.
Өкүм сүйлөр ал да жок.
Өткүр кылыч сыяктуу
Чабыла турган дарман жок,— деди.

Ошондо Ныязалы абам өрүк комузун желкесинен суурул алып (жарыктык дайыма моюнду ашырып кыр аркасына чапанынын, же көйнөгүнүн астына кичинекей кара комузун салып алаар эле), ырчы күү менен төгүп жиберди.

Шаңшыган тоонун улары,
Кыргыз элдин кумары,
Бутага тийген милтедей,
Зирек кылып сеземин,
Кыргызың сендей уул үчүн,
Тагдырга болор ыраазы.
Тандап кудай мээр салган,
Тандайга мөөрү басылган.
Демөөрүм жээним келгенби?
Адилдик сөзүн кайтарбай,
Каш көйлүктүн айынан
Кур жалаага жыгылган.
Мияты жок жанында,
Кишенделип айдалган.
Асылым жээним келгенби,
Эр жигиттин бир журту,
Тайке-жээн урукка.
Сагынган тууган эл мына.
Кол ойноткон комузчу,
Ныяз тайкең мен мына,—

деп кучак жая кадам шилтегенде. Током ат үстүнөн боюн абама таштаган эле. Абам бир улак садага чапты, тай союп, жалпы жамаатты чакыртты. Төрт канат үйдүн туурдугун сыйрып таштап таң атканча тамаша курушту.

Азыркы жаштарыбыздын көпчүлүгү «Ныязалы ырдаган эмес» деп айтып, жазып жүрүшөт. Бул туура эмес, комузчулук өнөр ой жүгүртүүнүн дилинен тилине өтүп, жан кирип, сөз, ыр тизмектерине өтөрүн унутпасак. Куудул, санжырачы, дастанчы болуучу. Күүнү черткенде икаясынын маани-маңызын айтып, абам үн кошуп ырдаар эле. Ныязалы ойду так берип, комуздун кылдарын терип чертип, аны адамдай сүйлөтчү.

Ошондо Токтогул бир топ күн жүрдү. Бир күнү Током:

— Ыя, тайке, баягы «Кербез күүсүн», «Чоң кербез» деп койдум. Ошол күүнү чертип берейин,— деп күүнү чертип берди. Андан соң Ныязалы абам комузун күүлөп кош шыңгырак кылып абдан аземдеп, көркөмдөп кол ойнотуп:

Улуу тоону айланып,
Туурун тапкан бул кербез.
Туу чокусу калкымдын,

Токтогулдун «Чоң кербез».
Жарыштагы дулдулдай,
Туйлап чуркаар бул кербез.
Түбөлүктүү мураска,
Кала турган кыргызга,
Токтогулдун «Чоң кербез»,— деп ырдаган...
эле деп эскерчү атам рамалик...

## КУТЧУ (КУШЧУ). САРУУ УРУУСУНУН АТА-ТЕГИ

*Абалтан бизге мурасталып айтылып келген санжыранын Долон бийге чейинки ата-уруктарын санжырачылар ар кандай чечмелеп келишкен. Бирок ошондой болсо дагы көптөгөн уламыш, тарыхый фактылар көрүрөктө сакталып, жазуусуз эл арасында жашап келгендигин танууга болбойт. Санжырачылардын чечмелөөсүнө ылайык, атам Исабектен, Дүйшөбай уулу Арстеке абамдан (Аксы районунун Ак-Жол айылы) кадыр кутман карылардан мезгилинде угуп, жазып калган санжыраны ошондой эле, биз изилдеген Көгарт өрөөнүндөгү Кушчулардын (Кутчу) сүрөөсүн кийинки муундарына чейин тереңирээк изилдеп китепке киргиздим. Себеби кийинки муундарга ата-тектин тарыхы, санжырасы, изилденип көөнөрбөс ыйык тарыхтын үңгү башатына түлазык, көмөк болсун деген максатты койдум.*

*Кыргыз элинин сол канат бутагынын «Сол канат кыргыз» китепчесинин 1995-жылы «Көкө-Теңир» чакан ишканасынан жарыка чыккан Төрөкан уулу Эсенгул аксакалдын түзгөн санжырасынын Көгарт өрөөнүдөгү Кутчулардын уруктарынын толуктоосу катары кабыл алса, туюнса туура болчудай.*

*Жайыл атанын балдары Каратал менен Каранайдан таркаган Кушчу, Сарууга анын урпактарына көбүрөөк басым жасадым. Мунун баарысын туура дегенден карамандча алысмын, бирок толуктоо болсун, такталсын, унутулбас мурас болуп калсын деген гана аруу тилекти аркаладым...*

Долобийдин Кабыл (Куу уул-сол) уулунан Көбөш төрөлөт. Көбөштөн-Босого, Жайыл, Кандабас, Асыгалы, Карача, Куланчак деген алты уулу болот.

Босогодон — Мундуз, Жайылдан — Каратал, Каранай. Караталдан — Токтоболгу, Жетиген, Төбөй.

Каранайдан — Саруу, Кытай.

Токтоболгудан — Кутчу (Кушчу). Кутчудан — Нусуп, Нусуптөн — Кабыл, Кыргый, Молдоийрек.

Жалал-Абад аймагындагы «Төш-Кутчу», «Сай-Кутчу», «Күнгөй-Кутчу» айлындагы Кутчу уруусунун таралышы аймакта төмөндөгүдөй ата уруктары жашашат: Жолболду, Карды, Онок, Миндуулат, Нагдай, Кагазды, Сыртыкара, Сакалды, Оночор, Карачал.

- Жолболдудан — Энкелек, Энкелектен — Эшетбек, Эшетбектен — Сагындык, Сагындыктан — Саты, Керез. Сатыдан — Сартбай, Сартбайдан — Эрназар, Кулназар.
- Эрназардан — Доспай, Эшпай. Доспайдан — Ысмаил, Ысмаилдан — Жээнбай, Жээнбайдан — Жоро. Жородон — Курсант, Абзал.
- Эшпайдан — Төрөбай, Амир, Өмөр, Мадрайым, Мырзабай.
- Төрөбайдан — Мейлибай, Эргеш.
- Амирден — уул калган эмес.
- Өмөрдөн — Акбарали, Акбаралиден — Кайратбек, Нургазы, Нуржан.
- Мадрайымдан — Самаган, Тойчу.
- Мырзабайдан — Тилеш, Кочкор, Алтымыш, Жетимиш.
- Төрөбайдын Мейлибай уулу согушта курман болгон. Урук калган эмес.
- Төрөбайдан — Эргеш.
- Эргештен — Жолдошали, Аскарали, Батырали, Бакыт, Азамат.
- Жолдошалиден — Эркин. Аскаралиден — Улан. Батыралиден — Бексултан.
- Мадрайымдин Самаганынан — Раушан, Жаныш, Нурбек, Шабдан.
- Мадрайымдин Тойчу уулунан — Элдияр.
- Мырзабайдын Тилешинен — Мундузбай, Бусурманкул, Таалайбек, Жаныбек, Улукбек.
- Мундузбайдан — Өскөнбай, Жумаалы. Бусурманкулдан — Дарманкул, Арген, Таалайбектен — Кадырбек. Жаныбектен — Эдилбек, Эмилбек.
- Сартбайдын Кулназарынан — Абдыкадыр, Абдыкерим. Абдыкадырдан — Иса, Касым. Исадан — Калык,

Калыктан — Макамбай, Абдыллабек. Макамбайдан — Максат. Абдыллабектен — Жаңыбай, Өсөрбай, Айткул.

- Касымдан — Токтоназар, Маманазар. Токтоназардан — Сүйөркул. Сүйөркулдан — Бекболот, Канболот.
- Сартбайдан — Абдыкерим. Абдыкеримден — Карабек, Ашырбек, Абдал. Карабектен — Ниязалы. Ниязалыдан — Таабалды, Семетей, Алманбет.
- Ашырбектен — Асан, Үсөн, Эргеш.
- Абдалдан — Мырзабек. Мырзабектен — Камыт, Манап, Рысбек.

## ЖОЛБОЛДУНУН КЕРЕЗИНЕН ТАРАГАНДАР:

Керездин — Ормон, Осмон деген эки уулу болгон.

- Ормондон — Сыргабай. Сыргабайдан — Доот, Абди. Дооттон — Урайым, Мамаш. Абдиден — Тажибай, Рашит, Таир.
- Осмондон — Маматкерим. Маматкеримден — Базар. Базардан — Рахман. Рахмандан — Камил, Бакыт, Азим.

## КУШЧУНУН КАРДЫСЫНАН ТАРАГАНДАР

- Кардыдан — Тайкүрң. Тайкүрңдөн — Токон. Токондон — Калча. Калчадан — Канай, Эламан. Эламандан — Сатылган. Сатылгандан — Сулайман, Арапбай, Мамат.
- Сулаймандан — Өмөр, Ороз, Бапан, Үсөн.

## КАРДЫНЫН КАРАБОЗ, КАНАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Калчадан — Карабоз, Канай. Карабоздон — Кадыр. Кадырдан — Мырзакерим. Мырзакеримден — Мамат, Базарбай.
- Канайдан — Курбаналы. Курбаналыдан — Садыр, Токторбай. Садырдан — Мундуз, Кыргыз. Токторбайдан — Асан, Үсөн, Калыбек.

## КАРДЫНЫН МАМАТ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Маматтан — Жусу, Исак. Жусудан — Жакып. Жакыптан — Абдыразак. Абдыразактан — Улукбек, Умидин, Закир, Бакир, Мырза, Дастан.
- Исактан — Кийизбай.

## «ТӨШ-КУТЧУ» ОНОКТОН ТАРАГАНДАР

- Оноктон — Чолук баатыр, Мадияр, Боронбай, Шарип, Чулдон, Сарбагыш, Акназар, Мамадияр.
- Мадиярдан — Нурунбет. Нурунбеттен — Эркебай, Козубай. Эркебайдан — Туруш, Өскөнбай, Кадырбек, Кадырбай. Козубайдан — Ботобай, Балтабай.
- Боронбайдан — Жаңыбай, Кулназар. Жаңыбайдан — Амир. Амирден — Кочкор, Курманбек, Кубатбек. Кулназардан — Абдилла, Адыкалык, Борончу, Аттокур, Бекбоо.
- Кулназардан — Мамбетаалы, Жумабай. Жумабайдан — Калмурза, Токтосун.

## ОНОКТУН ШАРИП УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Шариптен — Бакай. Бакайдан — Маматкул, Жакен. Маматкулдан — Канторо. Канттородон — Ырысаалы, Ырысаалыдан — Жумабай, Жолчу. Жакенден — Алан, Абдылда, Орозаалы, Базарбай, Роман. Аландан — Абдырахман. Абдырахмандан — Манасбек, Кубанычбек, Жанышбек. Абдылдадан — Каныбек. Каныбектен — Азамат. Орозаалыдан — Ашырбай, Турсунбай, Мирсеит.

## ОНОКТУН САРЫБАГЫШ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Сарыбагыштан — Жумаалы. Жумаалыдан — Касымбек, Абды, Жакып, Мамыт.

## ОНОКТУН МАМАДИЯР УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Мамадияр — Исмадияр. Исмадиярдан — Капараалы, Садырбек, Жолболду. Капараалыдан — Бахтияр, Темирбек. Садырбектен — Мукаш, Курсант, Айбек, Белек. Жолболдудан — Жаныбек, Жамшитбек, Жеңишбек, Заттарбек.

## КУШЧУНУН МЕНДУУЛА УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Мендуулаттан — Калча, Бабы. Бабыдан — Нарбото, Хан-Кубатбек.
- Хан-Кубатбектен — Абайылда, Берки. Абайылдадан — Сүйүндүк. Сүйүндүктөн — Баймырза, Биймыр-

за, Калмырза. Баймырзадан — Үмөт, Балтабай, Сапарбай, Абылай, Нанай, Кабылай.

- Нарботодон — Бердибай. Бердибайдан — Шарбото, Бекчал. Шарботодон — Абдыраим, Орумбай, Соорунбай. Бекчалдан — Молдомуса, Эрназар, Ысакбай, Кенжебай.

## КУШЧУНУН КАГАЗДЫ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Кагаздыдан — Баймырза. Баймырзадан — Каратал. Караталдан — Сарногой. Сарногойдон — Сарымсак. Сарымсактан — Садык, Момун, Молдоаким.

## КУШЧУНУН СЫРТЫКАРА УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Сыртыкарадан — Байбото, Сарыбото. Сарыботодон — Балабай. Балабайдан — Каработо, Субан, Сооронбай. Каработодон — Токтосун, Эшат. Субандан — Жунусаалы, Жусупбай, Абылкасым, Соронбайдан — Чылыры, Камбаралы, Жумат.
- Баботодон — Каработо, Калдарбек. Каработодон — Ташимбек, Ишимбек, Кошот, Чокон. Калдарбектен — Карашбек, Карашбектен — Кадырбек.

## КУШЧУНУН САКАЛДЫ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Сакалдыдан — Кадыраалы, Нармат, Алишер, Нарбай. Кадыраалыдан — Өмүрзак. Өмүрзактан — Чокмок. Чокмоктон — Женишбек, Майсалбек.
- Нарматтан — Жумабай. Жумабайдан — Каныбек, Жусупбек, Тыныбек.
- Алишерден — Жума, Толубай, Жаанбай. Жумадан — Арзыбек, Эмилбек, Эркинбек, Нурсултан. Толубайдан — Куралбек. Жаанбайдан — Бакыт.
- Нарбайдан — Беделбай. Беделбайдан — Базаркул. Базаркулдан — Ырыспай. Ырыспайдан — Дүйшо, Замир, Калый.

## КУШЧУНУН ОНОЧОР УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

- Оночордой — Назаке-Баатыр, Каракозу, Чодон, Жээнбай, Жээнтай.
- Назаке-Баатырдан — Турдубай. Турдубайдан — Үр-

күнбай, Жолдош, Кабыл. Үркүнбайдан — Жээнаалы. Жээнаалыдан — Абдыкадыр, Курбан, Абдували, Маатын, Нышан. Жолдоштон — Жоро. Жородон — Асан, Эшим, Эрмек, Майрамбек.

- Каракозудан — Сооке, Байбол, Көккөз. Көккөздөн — Асылбек. Асылбектен — Түлөберди, Амина, Шыгай. Түлөбердиден — Таштан. Аминден — Жусуп. Шыгайдан — Канчоро, Гүлчоро.
- Байболдон — Конушбай, Токсонбай, Козубай. Козубайдан — Сооронбай, Сейде, Самат, Орозмат. Токсонбайдан — Болот. Конушбайдан — Баатыраалы, Камбаралы.
- Соокенден — Тооке, Мааке. Маакеден — Орозалы. Орозалыдан — Тургуналы, Шамшы.
- Чодондон — Карабоз. Карабоздон — Мамасадык. Мамасадыктан — Тургунаалы. Тургунаалыдан — Арстанбек, Талант.
- Жээнбектен — Токтогул, Айдарбек. Токтогулдан — Манап. Манаптан — Эмиш, Мелис, Шадыбек, Анарбай, Оторбай, Станбек, Жокен. Айдарбектен — Камал. Камалдан — Жолдошбай, Жолчу, Замирбек.
- Жээнтайдан — Сеит, Торокул, Мамат. Сеиттен — Кушчубек, Мырзабек, Камчыбек, Алибек, Каныбек. Маматтан — Жумабай. Жумабайдан — Ильяс.

## КЫРГЫЗДЫН СОЛ КАНАТЫНА КИРГЕН САРУУ УРУУСУНУН АКСЫ АЙМАГЫНДА ЖАШАГАН АТА УРУКТАРЫ

- Сарудан — Тубай. Тубайдын чоң байбичесинен — Боркемик.
- Тубайдын орточу байбичесинен — Кашкатаман, Бөлөкчал, Оготур, Сакоо, Кызылкулак, Балыкчы, Жолжакшы.
- Тубайдын көрөркөз сулуусунан — Кырк-уул.
- Кырк-уулдан — Жаманак. Жаманактан — Байсуу, Мачак, Кулучу, Кулсеит.
- Байсуудан — Келдей (Данбагар), Караборчо, Бешкаман.
- Мачактан — Бегилдик, Котур, Баатыр, Көкдөлөн, Козучул мачактар.
- Кулучудан — Кырк-уул.
- Кулсеиттен — Тенечим.

## БАЙСУУНУН КЕЛДЕЙИНЕН ТАРАГАНДАР (ДАНБАГАРЛАР)

- Келдейден — Маматкул, Раимкул, Рыскул, Акматкул.
- Маматкулдан — Кожо, Жалпак. Кожодон — Байдөөлөт. Байдөөлөттөн — Рыскул, Жоокачты, Балапан, Сартмамбет, Аккозу.

## АККОЗУДАН ТАРАГАНДАР

- Аккозудан — Байит, Сеит, Токторбай. Байиттен — Назарбек. Назарбектен — Эшимбек. Эшимбектен — Орозбай, Калназар.
- Сеиттен — Кудайберген, Байгелди. Кудайбергенден— Мамбеткул, Сатыкей, Мамасаалы. Байгелдиден — Сатылган. Сатылгандан — Төрөкул. Төрөкулдан — Сармырза, Арстанбек, Кенжетай.
- Токторбайдан — Токтомуш. Токтомуштан — Айдараалы, Жаңыбай, Жаманкул. Айдараалыдан — Досой, Чонор.
- Жаңыбайдан — Станбек. Станбектен — Исабек, Таштан.
- Жаманкулдан — Сагынаалы.

## ЖАЛПАКТАН ТАРАГАНДАР

Атактуу Залкар комузчу дастанчы Ныязаалы Борош уулун Ала-Букалык журналист Калмурат Рыскулов туура эмес маалыматтарга таянып Залкар комузчунун тегин жазып жүрөт. Ошондуктан төмөндөгү ата уруктан тараганын билдире кетели:

- Жалпактан — Саткын. Саткындан — Мамелдей. Мамелдейден — Малыбай. Малыбайдан — Койлубай. Койлубайдан — Токтук. Токтуктан — Конуш. Конуштан — Кудайкул, Балтакул, Темирбай.
- Кудайкулдан — Борош. Борошгон — Ныязаалы, Мүзүраалы.
- Ныязаалыдан — Баатыркул, Атакул. Баатыркулдан — Анарбек, Таштанбек.
- Мүзүраалыдан — Акчеке.

# ПОЭМА
# ЫРЛАР

## ТОСКООЛ-АТА

Көк кашка тунук тоо суусу
Көк ирим болуп көлкүгөн.
Керемет сырдуу табият
Ооргуп аккан булакты
Бөгөргөн экен тоо менен
Опол тоонун ортосу
Жапжашыл макмал сыяктуу
Көркөмү кооз өзгөчө
Мемиреп чалкыйт сырлуу көл
Ай менен күнгө чагылып
Не түркүн нурлар агылып
Аземдеп турат түбөлүк
Табийхат көркүн жашартып
Ыйык көлдү кайтарып
Улуу тоодон аркайып
Арча, кайың, карагай
Карегин ирмеп жазганбай
Күзөттө турган солдаттай
Нечен түркүн кооз гүлдөр
Көк туландуу көк шибер
Жыттанып арча, шашыры
Керемéтке берилтип
Магдыратат адамды
Мелүүн салкын абасы.
Селде чалып аркайган
Улуу тоодон күүлөнүп
Каалгый сызып асманда
Кайраттуу күүлөп канатын
Керемет сырдуу көлүнө
Назар салып ободон

Шаңшып учат ылачын
Жалама таштуу аскадан
Адилдик кылып аркайып
Таңды тосуп кечкиртип
Шаа мүйүздүү кайберен
Жүздөшүп турат көл менен
Көк тиреген зоокадан
Мөңгүлөр калган буйткадан
Туңгуюкка агылып
Кар көчкүсү жүргөндө
Чалкештенген жаңырык
Чагылышып зоокага
Жандууну салат жабырга
Кайберен баштап астында
Төрт түлүк түгөл жаныбар
Дүрбөлөң түшүп жалпысы
Которушуп түнөгүн
Байырлап чыкпайт көлүнөн.
Ак куу, турна, каз-өрдөк
Көркөмдөп көлдүн калаасын
Көз тойбой жашоо өмүргө
Көл чүрөгүн кастарлап
Келе берем көлүмө
Түркүн түрлүү көрүнүш
Ыйык көлдүн жээгинде
Көргөн адам делоорул
Тен берет улуу Теңирге
Касиеттүү Тоскоол
Ар мезгил көңүл сергитип
Жандетке салып теребел
Ажатын ачып пенденин
Көрк бергенсийт дүйнөгө.
Ак селде чалган Ала-Тоо
Камкордугу атадай
Сүйкүмдөн мээрим агылтып
Бедендөн эрип түшкөндөй
Түркүн шоокум үн менен
Агызып алтын булагын
Түбөлүк камдап гүл азык
Аземдейт экен чүрөгүн
Улуу Тооум жан шерик
Көңүлүмдү сергитип
Көл жээгинде жүргөндө
Балкып ээрип сезимим

Сан ойлор келет көңүлгө
Санаага салбай алсызды
Сырдашчы ыйык көлүм деп
Ырайым тилеп Теңирден
Жээгинде турсам көлүмдүн
Толукшуп толкун жээкке уруп
Муздак суу чачат себелеп,
Сергитип акыл сезимди
Күч-кубат берип эркиме
Бой салып толкуп ыйык көл
Кеңешин айтып купуя
Көрүнүп көзгө кулпунат
Көл ыйыгы Тоскоол
Телмирип терең назданат
Миң кубулуп суйкаят
Керемет сулуу кыз сыяк
Терең сырлуу чүрөктүн
Турпаты маган табышмак...

Кайсыл жыл, кайсыл кылым убактарда
Жаралган көл чүрөгү Тоскоол-Ата
Толгонуп терең сырды чече албастан
Балыктай көл жээгинде чабалактайм.
Көз жиберип улуу Тоонун кыркасына
Чөмүлүп терең ойдун алкагына,
Олтурсам көл жээгинде тартып санаа.
Тээ кырдан баскан изин санагансып
Жөлөнүп аза-муза таягына
Дирилдеп ийнеликтей бүт денеси
Желге учуп илээкиси — этек-жеңи
Карааны калкып учуп ай сыяктуу
Төгүлүп нур жүзүнөн берекеси
Көрүндү касиеттүү Кутман эне,
Көлүмдүн кут түшүрүп аземине.
Имерип бүт чөлкөмдү тиктеп алып
Ат-казыгым аманбы деп эркелете
А негедир?
Оор үшкүрүк көкүрөктөн түтөп, жанып
Жалооруп ак деген сөз келмесинде
Акылдуу тунук көзү көл сыяктуу
Кадалды каректери теребелге
Мээр салып Умай-эне кадасынча
Сылады ыйык назик колу менен
Эркелете саамайымды желге учкан

Уккун уулум! — дитинди бургун эми
Аркайган улуу тоонун арасында
Маржандай миң кубулуп көл шоокуму
Терең сыр, табышмактуу көл тарыхын
Санаат кылып айтып жатат сага, мага.
Деди да нурлуу көзүн кадап карай
Сырдашкансып көлү менен көпкө далай
Толкунга оролушкан эрке желдей
Термелди терең ойдун кемесинде
Энекем акыл-сезим калчагандай.
Терең сыр эмнеде айтса экен деп
Чыдамым саамга күтпөй санаркадым
Бурду мага ай ажарлуу сүйкүм жүзүм
Туйган бейм өзөк ойду кутман энем
Ук уулум:
Ыйык көл Алп бабабыз мурас кылган
Тарыхы башталат ко алмуздактан
Айтылып уламыштан санжырадан
Архивсиз көкүрөккө келген түйүп
Көөдөнү көл сыяктуу куйма кулак
Калтырып мурас кылып урпагына
Өтсө да сансыз жылдар арасынан
Өмүрүн көз ирмемде өтөт кетет
Ук уулум! — атуулдук өтөп милдет
Керээз кыл ордуң басчу урпагына
Улантсын улуу элдин көрөнгөсүн:
Те илгери ушул тайпа чөлкөмдөрдө —
Жашаптыр бир туугандар журт түркөгү
Бут чечпей ат тердигин сыйрыбастан
Сакташып куттуу элин, өз тайпасын,
Ыйманы пас, назары ач душмандардан.
Эл тагдыры тынчтык бербей жашоосунда
Өткөргөн өмүр жашын туу астында
Сөөк жашып, денеден дем кайткан чакта
Ой бүлөдү журт эгеси Тоскоол-Ата
Теңирим жараткан соң жарыктыкка
Жоолашып өмүр даарын карытпастан
Милдетим табийхаттан адам-затка
Жаратуу бейпил сымал гүлзар бакча.
Өкүм сыр чырмап алып журт эгесин
Өрүш бербей жатты өрттөп өзөгүн
Токтолбой көз ирмемге Тоскоол-Ата
Чакыртты саркерлерин кеңсе жайга.
Уккун башчым! — желдей сызсын нөкөлөрүң

Куш кабар жеткиришсин тууғандарға
Жыйналсын намаз жума улук күнү
Ай тамғалуу ак өргөм киндик жайға.
Чабылып кабар кетти туш-туш жакка
Чектешип өмүр сүргөн тутуп — арка
Мекендешип жашап жаткан тууғандарға
Азан айтып эшен, имам калпалары
Добулбас, керней үнү бөлөп шаңга
Жар чакырды ак уруп бакшылары
Бей бапа, бул дүнүйө! — деп салып муңга
Арууланып акырет бул жалганга
Аяр басып, кол боорунда абийир тилеп
Селде оронуп жайнамазын алып колго
Агылды суу сыяктуу адам пенде
Арстан башы илинип айбат берген
Ай тамғалуу көк асаба желбиреген
Ободо калкып учкан ай сыяктуу
Золоболуу өкүмдардын турагына
Кийинип аппак куудай жибек кийим
Жамынып желге учкан кементайын
Ак өргөдөн чыга келди Тоскоол-Ата
Коштосунда эшен — имам калпалардын.
Кулдук уруп тизе бүгүп өкүмдарга
Амирин ыйык туткан калкы астында
Жүзүнөн нур төгүлүп мээрим чачып
Жаратканга кулдук уруп, тасма тартып
Теребел күүсүн чалып турган чакта
Көздөрү жылдыз сымал күйүп жанып
Жаңырды коңур үнү жанды эргитип
Жарандык мүнөздөрү толуп сынга
Уккун калкым! — өкүмүмдү эки кылба
Даярдан журтчулугуң көрсөт мына
Тууғандар жүз үйрүбөй көрүшөлү
Мекендеп жашап жаткан бул аймакта.
Өтпөдү башка сөзгө Тоскоол-Ата
Ылаазым, буйрук ушул бурадарга
Чечилбей сыр түйүнү табышмактын
Окулду узун сүрөө багышталып
Кечмектен өтүп кеткен пенде заатка.
Тулгасын башка кийбей, кылыч такпай
Ээрчитип саркерлерин шарактабай
Булкунтуп буурул буудан тизгин кагып
Кан кармашта үртүктөлчү чомун жаппай
Кыдырып улуу журттун камылгасын

Карады көз сыдырып өз тайпасын
Көтөрүлүп көк асманга боюн керип
Ак өргөлөр жумурткадай жайнап калган
Күткөндөй кут түшүрчү тууганларын.
Оо жараткан! — пендеге назар салган
Ылгабай пейил тутуп жакшы, жаман
Мүдөөң бир жашоосунда адам заттын
Жарыктык, өмүр даарын берип турган
Пенделик, биз бөлүштүк түктүү жерди
Жоолашып күн тутултуп, талап элди.
Мүдөөлөр бирикпестен ыйман качты
Кордодук мүнкүрөтүп алсыздарын
Айры төш, эки аяктуу алтын башты
Дилимде ниет кылган ушул сырга
Калайык, түшүнөбү же түшүнбөй калабы?
Түркөйлөнүп жердин жүзүн күлгө айлантып
Добул айдап тумандатып сапырабы?
— Деген собол? — саамга тыным, тынч алдырбай
Сан ойлор кан дүргүтүп турган чакта
Күн жүрүштөн желдей сызып кара жорго
Желбиреп кементайы тентек желге
Көрүндү айдар көкүл бир боз улан
Эр мүнөз, ак кызматын элге кылган.
Чөгөрүп дене, кол боорунда, таазим кыла
Улук Ата! — уюлгуган улуу чандын арасынан
Көрүндү күн жүрүштөн бир топ атчан
Ай тамгалуу көк асаба желге учкан
Келе жатат азиз кандаш аталарым
Жайкалган ак сакалы кадыр кутман
Түз эле жүрүш кылды Тоскоол-Ата
Чаң уюлтуп көтөрүлгөн батыш жакка.
Ата-салт, нан-туз менен жолун тосту,
Туу башы кол боорунда Тоскоол-Ата
Агылган туш тараптан бир боорлорун
Кучактап тосуп жатты маанай жара.
Ордо куту, арча жаккан ак өргөдө
Төр тарапта чыканактай пар жаздыкта
Олтурду улук пири Бозбу-Ата
Тизилип сыңар тартып инилери
Нур чачып седеп таккан селделери
Ийилип кулдук уруп агасына
Олтурушат Хадис сөзүн ыйба кыла.
Даам татылып түркүн дүйүм тамактардан
Айтылды уламыш-сөз, санжыра, дастандардан

Ыйык тутуп акыреттик шарыятты
Эскеришип пайгамбар, сабааларды
Окулду узун сүрө аятынан
Уютуп пенделерге акыл калчап
Өткөндөрдүн арбагына багышталып.
Сабыр тутуп санаага түшкөн баатыр
Салт-санааны көңүлгө түйгөн байыр
Бозбу-Ата собол таштап жан бооруна,
Жылдызы жанып турган Тоскоолга
Топ кылып агасынын өңүрүнө
Уюган коргошундай сөз баштады:
Оо мусулмандар! бурадарлар
Мезгил келип пайгамбар жаш коомундамын
Ушул турмуш жоокердик жашоомдо
Өтөдүм ак дилимден калк кызматын
Уккула, улуу урмат азиздерим!
Амир туткан бурадар мекендешим
Ордумда кала турган сыртандар бар
Бүтүмдү өмүрүмө мен берейин,
Өтпөйүн жүзүм буруп жарыктыктан
Ааламдын көркүн ачып мен силерге
Жасайын көл-чүрөгүн мекениме
Мүдөөмдү аткарайын намыс менен.
Бата бер! — калайык-калк азиздерим!
Алакан жайып, ажар чачып нур жүзүнөн
Райым тилеп, карап турду пенделерден
Тилегинди кабыл кылсын Алла-Таала
Ыклас! — ыйык иштин шарданына
Деди да бир бооруна мээр уютуп
Ак бата! — деп сен баштаган ыйык салтка.
Алкынтып азынаган тулпарларын
Бир боорлор тарап кетти өз журтуна.
Булактын көзүн ачып улуу тоодо
Нечен күн жан үрөдү Тоскоол-Ата
Тер агып, бел майышып, көз тунарып,
Баба дыйкан аспабы кетмен колдо.
Тосулуп мөл булактын чар тарабы
Чалкыды керип боюн ай ааламга
Мээрими муюткандай табийхатты
Тоскоол-Ата тыншап жаткан суу агымын
Талыкшып көз жиберип кең ааламга.
Теребел тунгуюктай караңгыда
Ободо жанып турган көп жылдыздан
Көңүл түштү жетигендин аземине —

Жан үрөп өзөк жалгап мол булактан
Жаратты көл чүрөктүн сиңдилерин
Кайнар булак агып жаткан жер астынан,
Буралып жаш сулуудай кылакташып,
Толкундар айланага шоокум чачып,
Көл жээги жашыл макмал шибер болуп,
Ажайып бейиш сымал айланасы.
Жан-жаныбар ыйык көлдөн даам сызып
Түркүн гүлдүн аңкыды атыр жыты
Мен мудаама жеттим го деп Тоскоол-Ата
Олтурду көл жээгинде даарат ала.
Мээрими Теңиримдин агылды бейм
Жарылып тең экиге тоскон көлү
Оо керемет касиеттүү Тоскоолду
Оп тартып алып кетти көл астына,
Түбөлүк тирүү бойдон садагасы.
Эл мүдөөсү, эл батасы ыйык тура
Кишинеп, ээсин издеп бурул буудан
Ыйык көлгө боюн урду жытын искеп,
Төгүлүп жал куйругу денесине
Көрүнөт дейт көлдөн чыгып буурул буудан
Сан жылдардын бир тогошкон мезгилинде
Теңирдин ыйык сүйгөн пендесине.
Билишип кайып болгон бир жан боорун
Көрүшүп жан сергиткен бейиш төрүн
Эскерип элесине дуба кыла
Улуктар!— кайра тартты ой-санаасы канжыгада
Мезгилдин желдей учкан алкагында
Калтырып керез сөзүн урпактарга
Кайтарда жарык дүйнө насибинен
Улуктар! Калтырыптыр шыпааларын пенделерге.
Баба-Ата мекендеген тайпасында,
Арча бешик термелет дейт кабырында,
Кайгысын тең бөлүшүп баласыздын,
Мээр салып жеткирет дейт максатына.
Мээнетиң пешене тер байлыгың деп
Керез сөз калтырган дейт Паша-Ата.
Достуктун пири болуп Кожо-Ата
Кызматы ушул экен калайыкка.
Жаман дарт пири болуп Шүдүгөр-Ата
Дубасы окулган дейт мөл булакка,
Чайканса келбетине келген кайра.
Обого боюн керип Бозбу-Ата
Баяндап табийхаттын сырын калкка

Мээрим төгүп мезгилге мүңкүрөбөй
Назар салып түбөлүк болуп арка
Мисир багып жатат дейт кутун чачып
Улуктун улуу боору Бозбу-Ата.
Туурдан төрөлүшкөн улук жандар
Туу башы турак жайда өкүм кылган
Тартуулап ыйык сырын пенделерге
Паша-Ата, Арстан бува, Зенги-Ата
Бай-Булак Аюп-Булак асыл заада
Дүйнөдөн өткөн тура ыйык бойдон
Аксы-Ата бесенинен уюп түшкөн улук жандар.
Оо уулум!
Мына баян, уламыштан калган мурас
Туюнуу саган, маган пендеге парз
Оо уулум!
Көз тойбой көркөмүнө ыйык жердин
Берилип ыйык көлгө турган кезде
Бал мумулуу окшоштуруп бал челекке
«Сары-Челек» — атап койгон көрүнөт
Өзгөртүп мезгилдин бир мезгилинде
Пенделик парз! — туюнуу накылдын асыл сырын
Кайтаруу парз! — ата мурас түп нускасын
Тоскоол-Ата! Ыйык көлгө, ыйык атын.

Ныязаалынын аты уйкаш
күүсүнүн икаясынан улам

## КАРАЧА ТОРГОЙ КАЙБЫЛДА

Тэ-ээ өткөн доордо учу-кыйырына көз жетпеген алкакты сан түркүн элди Кыргыз тукумунун Каганы бийлеп турган чакта күн жүрүш тараптан дини кайырлар кол курап улуу Жайыктан, күн чыгышка азалуу айыгышкан кандуу казатка камылга көрүлүп жатканын эл тыңшарлар маалымдайт.

Ошондо Кыргыз кырааны кабылан сүрдүү, кызыл кырмызы чалманы азис башына ай тегерек оронгон эр Эшимге аксакал уруу башчыларынын, Ажонун, эл ордосунун бүтүмүн жар кылып эрээндерден кол курап, тоо куланынын буудандарын тандап мингизип, гүл азыгын камдап, жоо жарагын чомдоп, улуу Жайыктагы айыгышкан казатка буудан башын бурарда: жумуру баш, айры төш, эки аяктуу азаматты Ата-Бабанын ыйык жолуна деп курмандыкка чалышат. Ордолуу журттан ак бата алган эр Эшим тапталган бүркүттөрдөй эр азаматтар менен туу башы болуп Жаратканга жалынып, Теңирден обок тилеп түп көтөрүлө күн жүрүшкө аттанат.

Улуу Жайыктагы азалуу кармашта кыргыз кыраандары Улуу Тоону аймалаган чагылгандай тийип, томогосу чечилген бүркүттөй алганына эмес чалганына кубанып, чилдей кууп, топондой сапырып, өлүгүн тоодой үйүп, кандуу кармашта дини кайырлардан намыс алып, жигиттеринен айрылат. Азалуу баатыр кара байрактуу жанчарын ээр кашына илип буудандарды коштоп кербен сымал сапар тартат күн чыгышка.

Эдилдеги эндей шыбактуу ээн талаадан кайыптан пайда болгондой карача түстүү торгой жолугат.

Ошондо буулуккан баатыр көңүл чөгөрүп муңкүрөткөн азасын, кайгысын карача түстүү торгой менен бөлүшөт дейт зарлап...

Эне-Сай кайда, мен кайда
Эдил кайда эр кайда
Улуу түздөн жолуккан
Кайыптан болгон сен пайда
Карача торгой кайбылда
Каруукер кыргыз эл кайда.

Теңирим өзү жар болуп
Теңдешсиз Эшим баатырга
Каплет болдуң сен пайда
Жан жоокер жок жанымда
Жалынсыз күйүп бараткам
Карача торгой кайбылда.

Намысты ыйык тутушуп
Улуу өрөөн Жайыкта
Ырайымсыз кармашта
Чоролордон айрылган
Эрксиз Эшим баатырдын
Кайгырганын сездиңби?

Албарс кылыч мизинен
Айга туяк сермелип
Шуушүндөп каны куюлган
Эне-Сай көздө тунарып
Шейит болгон жоокердин
Үмүт отун сездиңби?

Көмөкөйгө тил катса
Өмүр улап өмүргө
Итиль улуу дайрага
Баштап келдиң перидей
Багымдат иңир мезгилде
Карача торгой кайбылда.

Мүрөк суусун ичкин деп
Көкүрөктө күйүттү
Өрт өчкөндөй баскын деп
Дене бойду аруулап
Суу ичесиң Итильден
Карача торгой кайбылда.

Шейит болгон эрлерди
Билдиргин деп элине

Ажоң менен бегиңе
Жол баштайсың алдыда
Муңдуу сайрап талаада
Карача торгой кайбылда.

Топуксуз дүйнө курусун
Тил безейсиң торгойум
Шумкардай тийип жапырган
Эл намысын бек туткан
Эрлердин сайрап санаатын
Тынымсыз кагып канатын.

Дене бойуң дирилдеп
Көз алдыма келтирдиң
Кандуу казат кармашта
Кыргыздап ураан чакырган
Кылыч шилтеп обдулган
Кыраан жигит айбатын.

Денеси баштан айрылган
Намыстуу ынак нөөкөрдү
Эриксиз эске сен салдың
Таң супа коодук тартуулап
Жанданып дүйнө жатканда
Башыңды катып канатка.

Кайраттуу күүлөп канатың
Көтөрүлчү асманга
Кас-кас турдуң не себеп?
Сездирдиңби көп колдун
Ырайымсыз кармашта
Турпагы жансыз жатканын.

Удулундан уттурбай
Эрке желге эркелеп
Не токтодуң торгойум
Салаасын неге санаага
Шайыр мүнөз жигиттин
Шапар теппей калганын.

Адыр ашып жол башта
Ак мөңгүлөр курчаган
Керемет кооз аймакка
Жол улачы торгойум

Жан жоокерсиз элирген
Азалуу Эшим баатырга.

Ак тайлактын жүнүнөн
Аземделип жасалган
Акактай болгон өргөдө
Дастан айтып, күү чалган
Ыргагы жанды эргитип
Рухунду чыңаган.

Эр сайышка түшүрүп
Эр жигитин сынаган
Кайраты жандан артыкча
Жол баштачы чыгышка
Кабылан мүнөз калкыма
Карача торгой кайбылда.

Жолдош болуп көйгаптан
Капылет келген кайыптан
Кана торгой жол башта
Эндей өскөн бой керип
Улуу Тоонун сыртаны
Кадемден нарктуу калкыма.

Кулпунган назик шөкүлөң
Азапты салды жаныма
Белес ашып баратам
Аргасыз көнүп тагдырга
Жароокер асыл жарымдын
Элеси келип кашыма.

Укуруктай мойнуна
Шуру мончок тагынган
Кең соору, кымча белине
Алтын кемер курчанган
Мээрлешип шерттешкен
Жол баштачы жубайга.

Башында кундуз тебетей
Баркуттан кыюу шырылып
Акак седеп басылган
Нагыран өтүк бутунда
Күмүштөн гүлшак тагылган
Кайыптан кошчу жарыма.

Коңур кундуз чачына
Каухар чачбак тагынган
Күн жүрүштү арытып
Күлүктөн тандап ат минип
Күн сайын жолду караган
Арзыган жарга жол башта.

Күдөрүн үзбөй жарынан
Күтүнүп жолду караган
Ай тумарлуу денеде
Күмөндөрүн сактаган
Бейбактарга жол башта
Карача торгой кайбылда.

Сансыз колду жапырып
Түпөктүү жанчар сундурган
Эрлердин сайрап мүнөзүн
Күнөөнү үйүп сен мага
Кайгыргансып жоктойсун
Жарларын кошкон бейбакча.

Токтойсуң неге торгойум
Таарынгансып тагдырга
Азуусун айга бүлөгөн
Шейит болгон уулуна
Күйүттөн турган азалап
Эненин берип мүнөзүн.

Кыймыл менен эркимди
Ширетип тур торгойум
Шаңшып учуп асманга
Шаңдуу сайрап күүлөнүп
Күч кубатка келтирип
Сезимимди бүлөп тур.

Көңүлүмдү чөгөрбөй
Көкөлөгөн асманга
Кайрат эрким өзүндө
Жан жолдошум Жайыктан
Карача торгой кайбылда
Кабылан Кыргыз эл кайда?..

деп санаат кылып Эр Эшим Улуу Жайыктан Улуу Тоону мекендеген элине жетип келет. Добулбас кагылып

азалуу жеңишти даңазалап баатырды эли тосуп алат. Кармашта мерт болгон эрээндердин жубайлары ак өргөгө азалуу кара байрак байлатып тул көгөртүп, кара жамынып калышат.

Даанышман карылар, эл туткалары, арты кайырлуу болсун «чыпык сынса, чыныр эсен» — дешип белдерин бек буушат.

Эр Эшимдин сапарлашы карача түстүү торгой таңдан кеч шаңшып сайрап, каралуу калкка мисир багып Улуу Тоодон Түнөк таап, түбөлүк Тоо койнунда топук кылып калган дешет элде...

## АКСЫНЫН УРУ

Баштасак сөздү абалтан
Алмуздак Адам-Атадан
Тастыктап ыйык тарыхтар
Көөнөрбөс асыл мурастар
Кыйырсыз доор карыткан
Кылымдын өчпөс барагын
Бабалар бизге калтырып
Көкүрөк дилди байыткан

Акыреет ыраак заманда
Аталар өткөн кылымда
Өмүрүн байлап көкөргө
Жазданып башын кылычка
Жактырып келген жеримди
Пейили кенен элимди
Табият сыры башкача
Кайыптан бүткөн Аксы-Ата

Көркөмү көздү талдырган
Ааламдан тандап жай кылган
Көсөм улук Аксы-Ата
Амирин туткан аймакка
Туу көтөртүп калкына
Ордо сарай салдырган
Аргымак чаап ойнотуп
Кошунун жыйнап сындаган

Дүйнөнүн сырын аңдашкан
Түмөн аалым даанышман

Калыстык сөзүн баалашып
Кастарлап баары сыйлашкан
Акылкөй сырлуу жүзүнөн
Айбыгып пенде миз баккан
Ажалдуу өмүр аптабы
Мезгилин өрттөй каптаган

Ачык күндө чагылган
Атылып түшкөн асмандан
Оопасыз дүйнө жалганда
Атаны жоктоп журт калган
Арбагын ыйык ардактап
Агылып келген түркүн эл
Асылдын атын ырымдап
Аксы деп жерин атаган

Аралап көрсөң Аксыны
Наристе жыттуу аймагы
Ырыскылуу кең өрөөн
Түндүгү айды чөгөргөн
Аягы тура Кара асман
Башы Чаткал, Таластан
Чар тарабын Ала-Тоо
Мөңгүсү күндү талашкан.

Бой керип эндей ааламдан
Боз улан сындуу жаралган
Тиреги Көкө-Теңирдин
Теребел түгөл байкалган
Бозбу-Ата жайчы мазарды
Аймалап төшүн чагылган
Топугун элге жар кылып
Токчулук кутун жаадырган

Авлетим Мерген аскасы
Кожожаш сөөгү калган зоо
Болгон-Тоо барып жалгашкан
Ат-Ойнотор, Калган-Тоо
Бооруна көктү кучактап
Күзгүсү болгон жылдыздын
Тоскоол-Ата айдын көл
Бой тумары кыргыздын

Азуусун айга бүлөгөн
Айбаттан пенде сүрдөгөн

Такшалтып күндө эрлерин
Аргымак чаап сүрөгөн
Басташкан душман барбы? — деп
Бабам Бакай, Эр Манас
Турнабай салып караган
Кароол чоку Унгардан

Бабай-Устун, Бай-Булак
Падыша, Баба, Зенги-Ата
Ыйыктар изи калган жер
Шүдүгөр-Ата, Кожо-Ата
Сафет-Булан, Ыдырыс
Пайгамбар туяк, Бурана
Зыярат кылса бейтаптар
Дартка шыпаа тапкан жер.

Алты канат бойролуу
Ак өргө ордун тапкан жер
Аруу боюн кушкерлеп
Пайгамбарлар жүргөн жер
Ак мөңгүдөн куралган
Мүрөктөй суулар аккан жер
Перилер келип буралып
Акактай жүзүн чайган жер.

Уюткулуу ыйык жер
Уккан сайын канат чер
Нечен түркүн пенделер
Бешиги мамык жеримден
Ууз сүтүн эмген жер
Аалам кескен календер
Тоо башынан бал тамса
Даам сызып түнөк тапкан жер.

Тоо шумкарын кармаган
Томого тартып таптаган
Тогосун үзүп шаңшыган
Шерлериң жарлык кылайын
Тогошсо кылым ченелер
Муундар таасын баа берер
Намысын журттун талашкан
Эрлериң айтып ырдайын

Атагы кылым калчаган
Индусту чаап багынткан

Падыша Бабур даанышман
Аксыда киндик кан тамган
Белгилүү баатыр Бекназар
Туу башы болуп кол жыйган
Аталык Нүсүп Кокондо
Ордодо өкүм чыгарган

Айтканы буйрук сөз болгон
Сырттандар чыккан Аксыдан
Кара таш менен сүйлөшкөн
Калыгул чыккан калкымдан
Намысты колдон бербеген
Нечендер чыккан аймактан
Таңдайлашып доо алган
Чечендер чыккан Аксыдан

Керемет ыйык аймакка
Жараткан мээрим төккөн жер
Коркут-Ата баш болгон
Наамакөй талант өскөн жер
Нөөшөрлөтүп жаадырып
Ыйык дуба ыр жазган
Нур молдо апсын акындын
Нур зыйнаттын кылган жер

Пешене жаркып сүйүнгөн
Периште комуз күүлөгөн
Ныязаалы чоң залкар
Ойноо бала доорунда
Шер-Ажынын ойунда
Кайыптан комуз алган жер
Пендени мүлдө эргитип
Өлбөс өнөр тапкан жер

Теңирим сүйгөн Аксыдан
Теңдешсиз акын Жеңижок
Турак таап журтумдан
Дартына шыпаа тапкан жер
Ыр менен жанды ширетип
Көк сулуудай ак кууну
Күкүктөй шаңшып тил безеп,
Жарынан тартып алган жер.

Кыргызда улуу наамакөй
Көөнөрбөс сөзү акылкөй

Кетмен-Төбө кең өрөөн
Элинен Током келген жер
Баба-Ата ыйык мазарга
Зыярат кылып мундана
Бабажандай бала таап
Наристе жытын таткан жер

Акак седеп кундуздай
Үр кызы сындуу аруудай
Көк сулуу менен Алымкан
Өзөн бойлоп баскан жер
Өрттөгөн сүйүү айынан
Атыр мончок жытынан
Токтогул менен Жеңижок
Арзуу ырын төккөн жер

Улуу Тоонун туурунан
Улар болуп шаңшыган
Эндей болуп жайылып
Элирип терме ыр төккөн
Комузун бурап толгошкон
Жез таңдай далай акындар
Өнөр пирлүү аймакка
Сыйынып тооп кылган жер.

Жүзүндө жагым нуру бар
Туу көтөрүп кол жыйнар
Акылы тунук сөзү курч
Арстан мүнөз бек айбат
Сырттан сыпаа көңүл түз
Сынаакы шерге барабар
Төлөгөн, Матен баштаган
Айтумар канча уул бар.

Дүйнөнүн сырын аңдаган
Даанышман ыйык Атанын
Кастарлап өнөр талантын
Мудаалуу мүдөө мурасын
Өрнөктөп өмүр сапарын
Кубанычбек, Топчубек
Досаалы, Койчу, Турсунбек
Жетилтти журтум аалымын.

Унгу тарых эл деген
Убайым тартып зилдеген

Саргара бөртүп өмүрүн
Санаага салып көңүлүн
«Сынган Кылыч», «Кел-Кел» — деп
Бутага коюп өмүрүн
Тарыхын жазды Кыргыздын
Төлөгөн экчеп тагдырын.

Жунай сөздүн зергери
Темиркул, Көчкөн, Токтосун
Таңдайга мөөрү басылган
Акындар чыккан калкымдан
Салибай, Анаш, Асанбай
Тургунаалы, Абдылда
Туурда дүбүрт бир кыйла
Дабанга салар миң чалма

Көк кашка тунук суу ичкен
Кермарал мүчө келишкен
Айгүмүш-Аксы, Айзаада
Гулсина зирек сыр даана
Жазганы жанды эргитип
Жүрөгүнөн ыр төккөн
Көк ирим көлдөй көз мончок
Аруулар бар бир канча.

Нур жүздүү мүнөз суйкайган
Наздана басып буралган
Авазы жарган обону
Гүлжамийла, Гүлсүнду
Айтпай койсок болобу
Уккан жан асти унутпас
Дастанчы Булбул үнүнду
Таңкы ачылган гүлүндү.

Арген сындуу үн менен
Музыка сырлуу дүйнөгө
Ормонбек келип кирген жер
Муңкантып жүрөк жүлүнду
Атайбек менен Жанышбек
Садыралы, Акылбек
Токторалы, Исактар
Толгонуп ырдап жүргөн жер.

Убакыт учат куюндай
Абдырахман, Уранбек



Кайыгып жүрөт жаналбай
Калеми курчуп тапталбай
Жазасыз тартып күнөөнү
Жазганы чыкпай байма-бай
Көрүнөт кээде жылт этип
Булуттан чыккан жылдыздай

Кудайым өзү мээр салган
Пайгамбар рух Аксынын
Баяндап ыйык тарыхын
Урпакка өтөр мурастын
Уламыш кылып бар чынын
Урун козгоп жар кылдым
Арбагы элге жар болгон
Сырын айтып ырдадым

Өнөр пирдин туткасы
Айтылуу Аксы аймакты
Санаат кылып ыр жаздым
Сан кылым өтсө көөнөрбөс
Тарыхын калпып ырдадым
Өмүрлөр көчсө конуштан
Өчүрбөс алтын тамгалар
Көрөнгө оттун калганын

Жарыктык бапа болбогон
Жармач дүйнө жалган ай
Тендеши жок кыйышпас
Таланттуу муун бир далай
Баарысын түгөл айта албай
Арманда болуп турамын
Аттиң дүйнө арман ай
Бар дүйнө чиркин арман ай...

## НЫЯЗААЛЫНЫН КЕРЕЗИ

Кыргыз элинин залкар комузчусу, Ныязаалы бувабыздын өмүр даарынын акыркы жылдарында ак күп болуп карып, алты канат ак өргөөнүн төрүндөгү салда эндей болуп жайылып, кайыптан алган комузунун толгосун бошотуп, керегеге илдирип коюп чыканактай комуздан авас болор бекен деп өмүрүнө төлгө ачкан. Комузчуга дайыма акмалай жүрчү пери кыздардын ке-

ремети сезилбейт. Ошондо залкар комузчу — Ныязаалы чыканактай комузунун бошотулган кылын толгоп «Аттиң дүйнө жалганай»,— деп керезин мурастаган экен:

Алты канат ак өргө
Атадан калган өтөлгө
Түндүгүн түркөк тиреген
Керегe черүү көтөртүп
Кара март уук ийилген
Ызгытты бойлоп имерген
Ак тайлак кийиз жабылып
Кыйуусу түмөн сыр берген

Ызгаары сууктун билинбей
Ыссыганда салкын төр
Босого боосун түрлөнтүп
Бойлотуп ичин көрктөнтүп
Ак шоокум сындуу көйкөлтүп
Аруу кыргыз элимдин
Ар намысын билдирип
Ала-Тоосун чөгөргөн

Чалкыган өрөөн ак өргө
Чамамды айтам мен кимге
Ченеми өмүр бүткөнбү
Черүү болуп илинген
Чертмегим авас бербеди
Таң сөгүлүп атканда
Тырмактай кезде жолуккан
Перилер менден кеткенби?

Кыз оюн куруп таңдан-кеч
Кыямат өмүр болгон кез
Кылыктуу кыял периште
Комузду колго бергенде
Керемет сырдуу чертмекке
Буралып колум тийгенде
Бурадар болуп ыйлады
Булбул болуп сайрады

Көз байларып калганда
Кыялы назик башкача
Перилер бийин токтотуп
Парвадигер жар болгон

Пешенелүү пенде деп
Калтырган комуз колума
Түгөйүм болду түбөлүк
Перилер кошкон дайыма

Керегеде күү чертмек
Калкыма тутка сен эрмек
Өмүр өтсө каларсың
Көмөкөйдө кызыл тил
Көрмөмгө келбей тынарсың
Түгөлдөп баарын айтаалбай
Табышмак болуп калкыма
Жер алдында жатармын

Жети миң түрлүү мокочо
Желпинип кирип ошондо
Ак кепинге асылып
Аушак кылып акташар
Керемет авас келтирген
Комуз черткен колумду
Устат болгон тилимди
Устакандап тынышар

Демим барда денемде
Дилимди бердим элиме
Шар айтып нечен дастанды
Шаттыкты бердим пендеге
Көкүрөк жанды эргитип
Кумарым арттым периге
Армандуу дүйнө аттиң ай
Арзуусун айтам мен кимге?

Аллахам дуулла мусулман
Алланын жолун аруудан
Хадис сөз айтып калкыма
Хааяттан кабар тараткам
Арманын айтып Бабурдун
Хан сөзүн элге жар кылгам
Шырдабек минген жоргонун
Шор дүйнө жайын туюткам

Кокондун зор чебинде
Кырылышып эр өлүп
Кылымга тете кырылган

Кыпчактын айттым кайгысын
Эркиндик эңсеп элине
Эр намыс үчүн темине
Буралтып байрак көтөргөн
Полоттун айттым санаатын

Зердебин айтып дүйнөнүн
Сары барпы күү черттим
Шыңгырама, Аскар күү
Үңгу тарых болгон дуу
Эдилден бирге кан жолдош
Эр Эшимдин эрмеги
Кайгыны бирге бөлүшкөн
Карача торгой ким деги?

Жер көйгаптан жоо басып
Жаңсан түркүн эл таанып
Таяке деп дил берген
Тарыхта калар мурасың
Токтогулдун чоң кербез
Туурун тапкан бул кербез
Кылымга кетсин даңкы деп
Кайрыкка кайрык уладым

Кыялы айкөл өзгөчөм
Кыргызга келген белегим
Көк сулуу менен Балам жок
Көнөктөп төккөн Жеңижок
Көтөрүп кайгы муң-зарын
Комузду күүлөп бурадым
Кайрыгын муңга чөгөрүп
Курдаштын черттим арманын

Комуздун толгоп кулагын
Кыдырып кыргыз турагын
Кыйласы менен чертиштим
Беттешип пенде турбады.
Пирим деп баары сыйлады
Оң толгоо менен сол толгоо
Оңкосун күүнүн билдирип
Орошон өмүр дууладым.

Керегеде күү чертмек
Курдаш калар жер калар

Қамбаркан өнөр калтырган
Қомуз калар, эл калар
Артымда түркүн күү калар
Арбагым болуп ыраазы
Аркы дүйнө шаарында
Арка болор күү мага

Қайран өмүр, кайран жаш
Қайрылбай турган болду эми
Сан шурудай тизилип
Санааттуу нечен сыр калды
Санжыра калды ыр калды
Сансыз ыйык күү калды
Сыр дүйнөлүү комузум
Керегеде сумсайды...

## ЖЫЛУУЛУК

Өнгөнү сенден өмүрүм арнап
Өзүмдү сезбей секелек жандай
Кумарым неге алоолоп өчтү
Кууран талдай суу жетпей жазда.

Каптады туман түнөөрүп аалам
Карайлап баспай кайыгат денем
Каплет түштү жарыктык шоола
Өрттөнүп өзөк сүрүлдү туман.

Жылуулук сезип чыйралды денем
Көгөрүп жаздай байлады бүчүр
Жайылып тамыр шактады бутак
Өкчөлсө жылдар жаңырып улам.

## ТОО ГҮЛҮ

Нөшөрдөн кийинки табийхат
Жашоого кумарды арттырат
Жолуктуң белгисиз тоо гүлү
Карангы сезимди утурлап.

Атыр жыт кубалап тоо жели
Каректей бир сермеп белести

Тоо гүлү кыялга балкыттың
Муюттуп, көкүрөк эркимди.

Толукшуп ай дагы суктанган
Тоо гүлү соолуба суранам
Түбөлүк жашай бер көөнөрбөй
Толкутуп сезимди нурданткан.

## СҮЙҮҮ

Балбылдап жалындаган көздүн оту
Учкундары оттой каптап жүрөктү
Бошотуп эрк мүнөздүү кайратымды
О керемет эмне деген сүйүү күчү.

Сен салып терең ойдун алкагына
Талпынтып тынчтык бербей сезим жанга
Үндөйсүң өргө тартып өмүрдү
Сүйүү сен, гүл азыгы бул жалганда.

Сен жаралып кусалыктан, эргүүдөн
Айланган бейм наристенин жытына
Кубат берип тирүүлүккө түбөлүк
Сен жашайсың демөөр берип өмүргө.

* * *

Айла канча дагы бир түн
Көз ачты кирпик кагып
Кусалуу кургур жаным
Муңкүрөйт Мажнун болуп
Чече албай махабат табышмагын.

Өтөр өмүр мезгил кууп айланып
Өзөк калар бутагынан айрылып
Сага деген сагынычым жазылбай
Калар турпат сары ооруугa чалдыгып.

Көрчү турмуш өгөйлөттү өзүмдү
Курчтугум жок, өткүр мүнөз баягы
Маанайым пас ойлуу таштайм кадамды
Мүңкүрөттү сүйүү күчүн карачы.

## ӨМҮР

Мерчемине мезгил кесип ашыккан.
Убайымга үмүт улап жандырган,
Өмүр даары өлчөп алгыс керемет,
Бул ааламга көрөөнгөсүн калтырган.

Тартуу кыл сезимине чөгөрүп.
Табышмактуу жашоо сырын көтөрүп,
Өмүр дааны өлчөп алгыс керемет.
Жүрөгүңдүн добушунан жаралган,

Ажал менен оң кубарып кармашкан,
Азгырууга акыл таппай арбашкан.
Өмүр деген табийхаттын аземи,
Көз ирмемче туюлбаган адамга.

* * *

Мезгилдин кумарына салып кайгы.
Булуттар чулгап алды көк асманды,
Кусасынан күңгүрөндү жашын төгүп,
Азуусун айга бүлөп күйүп жанып.

Туш тарапка чамынып кабак бүркөп.
Сагынычтын санаатынан күйүп жанып,
Миң түрлөнгөн кайталангыс добул менен,
Жарпын жазды төгүлүп жанын үрөп.

Дене бой эргип турду, эрип турду,
Сиңирип кан-жанына жашоо куусун.
Кумарлуу сагынычтан гүлдөр өндү,
Табийхат табышмагын желелентип.

* * *

Чөл түшүрүп сезимимди арбаган,
Ай ажарлуу терең сырлуу башкачам.
Жазыксызмын, жаарыланам мен кимден,
Кумар канбай өмүр көчү уланган.

Бул калпыстык, абайсыздык, аңкоолук,
Акыл эсим баш ийбеди бул кордук.
Айып көрбө ыйык тутам мен сени,
Болбосоңда, өмүр шерик жан биргем.

Күтүү санаат, бул өмүрдүн азабы,
Мезгил кесип сапар карыйт турбайбы.
Жаштык отун өчүрбөчү суранам,
Жуурулушуп жашоо сырын туялы.

* * *

Сен менин тагдырыма бир жазылган,
Шооладай жарык дүйнө таңымдайсың.
Бөлүшүп жан дүйнөмдүн асыл сырын,
Болчу сен бөлүнбөстөн бирге дайым.

Табышмак тагдырымды байлап сага,
Таң шоола кызык экен өмүр дайра.
Коломто оту күйсүн жалын чачып,
Табынан ширелели дайым жаңа.

Ооба мен сезип турам туюп турам,
Жан дүйнөң жабыр тартып тургандыгын.
Жашоого кайыл болбо көз мончогум,
Чачалы жүрөктөрдөн оттой жалын.

Тамылжыды жылмаюуу ууртуңдан
Гүл бакча жан-дүйнөмдү тамшандырган
Жашоонун бөзү болуп мен баратам
Өңүңө мен серт келип жарашпаган

* * *

Кирпиктер үргүлөп мүргүгөн
Кыялкеч санаамды сестенти
Үр кыздар түшүмдө аяндап
Жалгашты жылдыздар алыстан

Байкалбай сөгүлүп жүрөктө
Делөөрүйт кадамым өмүргө
Табийхат жараткан сулуулук
Тийбейби бир кезде көңүлгө.

* * *

Таң шоола мелүүн жел комуз күүсү,
Буралат өрөөнүндө тулаң чөбү.
Өзөндө күңгүрөнөт тоо булагы,
Баяндап жаткан сымал байыркыны.

Аргымак тапка келген үртүктөлүп,
Жазчудай дене черин арыш таштап.
Айкашта Ата-Конуш арка болуп,
Мезгилди барымтага алар байлап.

Сүйөм сенин үлбүрөгөн кечинди,
Үркөр болуп шамдар жанган кезинди.
Үр кызындай ай нуруна бөлөнгөн,
Наристе үндүү булагысың өмүрдүн.

* * *

Мен сенин элесиңе болдум карып,
Сүт актай, түн бакырдын тынчын алып.
Чөгөрүп ай жылдызды карегиме,
Нуруна ак сүйүүмдү аруулантып.

Аттиң ай арман экен бир бүтүнсүз,
Арзыбас калган өмүр бакыт кушсуз.
Кең дүйнө өксүк менен толукталган,
Жашоонун шерти тура айтып бүткүс.

* * *

Күн жылмайып күлүктөрүн чубатып,
Азем жабдык, күмүш, гүлшак бастырып.
Маара алыс жаңы дүбүрт кошулат,
Аркыраган мезгил менен жарышып.

Желдей сызган азый күлүк алыстап,
Толкун жиреп улам алга умтулат.
Бир кездеги куюн кууган аргымак,
Ыкшоолонуп төрт аягы тыбырайт.

Сай күлүктөр сап-сап болуп агылат,
Саяпкери санаа тартып кайыгат.
Желдей учат камыш кулак күлүктөр,
Маара мына, көөдөн көзү алыстык...

* * *

Атаганат жаштык кез,
Кыйгыр болуп учкан кез.
Кыз-келинди көргөндө,
Кыялын таап сөз айтып
Көңүлүнө жаккан кез.

Атаганат өткүр кез,
Ыкыбалы келген кез.
Өкүм зордук кылсам да,
Кылактаган кыз-келин
Кыялында сүйгөн кез.

Атаганат гүлгүн кез,
Көп нерсеге дилгир кез.
Кандай сүйлөп турсаң да,
Балдай татып сезимге
Кыз-келинге жаккан кез.

Өттү өмүр жаштык кез,
Өз насибин алган кез,
Жалындаган курч денем
Жанар тоодой жана албай,
Жашык болуп калган кез.

* * *

Эмнеге араздашат адамдар
Аралары суюлганга карабай,
Пенделиктин бир кесири ушул бейм
Тун каршысы убакытты туя албай.

Алат баарын көз ирмемде жазгарып,
Из калтырат ак баракты саргайтып
Бул убакыт өмүр-жаштын өкүмү
Чалма салып денеңдеги демди алып

Ченелбеген чексиздикке чен болор
Дил сезимден оргуп чыккан кайрыктар
Жүрөгүңдүн толтосунда согулуп
Убакыттын сапарына уланар

Ушул туура убакыттын сурагы
Талап этет адамдардан ыймандуы
Араздашып уттурбагын удулду,
Кашкөйлөнүп убакыттан узачы.

* * *

Мезгил сыны мертинтип дымагымды,
Эске албай ойноо мүнөз курагымды.
Жаңылыштык бир кездеги мен кетирген
Добулбастай урулуп кайталанды.

Мейли мен курманымын мезгилимдин,
Өмүрүм жеми болду сезимимдин
Өкүнбөйм унутпачы улуу элим
Каталык насиби бейм көр пенденин.

Улуулук, тереңдигиң кана элим
Каныңа, кана сиңген кенендигиң
Пейилиң неге таарып долуланды,
Кесирлик, кеспесинчи ыйманымды.

* * *

Төгүлүп толкун сымал
Агылдың эрке желге.
Элесиң көздөн учуп,
Көңүлдө сенсиң мүлдө.

Турмуштун катаал сыры,
Ачылбай сага мага
Керимсел жел сыяктуу,
Айланып өтсө кана.

* * *

Тартылбай калды көшөгө,
Өмүргө болчу өбөлгө.
Жатыркап кеттик экөөбүз,
Кайрылчы ошол күндөргө.

Элестер калды бир жүргөн,
Баяндап сырды төгүшкөн.
Бал-кымыз болдуң башкага,
Байлыгын чачса ал сага.

Барктабай жүрдүк сезбедик,
Бакытты бизге бир келген.
Эскерүү калды жүрөктө,
Болумуш сындуу көрүнгөн.

* * *

Коймолжун көздөрүңө,
Көңүлүм эргип барат.
Жашоонун сыры сымал,
Жел аргы илеп урат.

Мээримим махабатка
Эриксиз чөгүп барат.

Чөл кылып сезимимди,
Чөгөрүп жаштык жатат.

Баарынын сыры сымал,
Бакытка өмүр кумар.
Балалык эсте калбай,
Жан дүйнөм жабырланар.

Өкүмдар көз карашың,
Өзөктү өрттөп жатат,
Калчансам кайыл болдум,
Кайгыга салба жаным.

* * *

Буралган ак кайыңдай келбетиңе,
Жаштыгың чырай берип сөөлөтүңө.
Сүлкүлдөп сен баратсаң көчө толуп,
Кубаныч, мээр, сезим көөдөнүмдө.

Жаштыктын кумарына сен ууланып,
Кырданып кыялыңда баарын алып.
Унуттуң сенден бүткөн бир карааңды,
Кумар канбай жаштыгыңа эсирип.

Жаштыктын жылоолонор демөөрлөрү,
Көңүлүң салкын тартаар өмүрүңдө.
Баарысын тизмек терсиң чачпагыңдай,
Кай караан ээрчиген деп сөөлөтүмө.

* * *

Көздөрүңө күн шооласын чөгөрүп,
Көктөм болуп жайнап турса көздөрүң.
Үмүт өлүп эң акыркы дем менен,
Өмүр даарын арнап келем сага мен.

Санат болуп сан бир түркүн кыймылың,
Кыялымда жашай берем сен менен.
Каректерим талып барат ирмелбей,
Сары оорунун дарылары сен белең.

Айтчы сулуу, керез болор сөзүңдү,
Кара жандын кайгысына чөмүлтпөй.
Кайталангыс бул жашоонун үмүтүн,
Жашыл аалам жаштыгыңа чөгөрбөй.

* * *

Таң таштап, тегеректи тоолор курчап,
Таза аба жан дүйнөмө седеп кадап.
Өмүрдүн күүсүн кайрып бир кездеги,
Керимсел тоонун жели беттен сылап.

Болупсуң сен жөнөкөй, жылмакай да,
Дегенсип ичиркентти мөңгү булак.
Чалмага жетип калган көктөм чөбү,
Бастырбай бура тартып салам айтат.

Көз тойбой көркүмө мисиримдин,
Жашоонун жүгүн тартып мен келемин.
Балалык изим баткан бир кездеги,
Көлчөгү көлдөй болуп көрүнгөнүн.

Өтөлгө жашоомо канат байлап,
Алгачкы сезимиме баары жарлап.
Узаткан ыйык кутман сапарыма,
Балалык баралыма кайра келип.

* * *

Кыялдуу ой айтылбады кур бекер,
Ак сүйүүдөн калган сымал жалкыдай.
Аруу сезим жаштык кездей болорбу,
Бирок, бирок бул жашоодо бизде бар го көп сырлар.

Санаа ойлор чырмалышып баратат,
Сенин өткөр мөлмөл көзүң жаралап.
Ойлоп келем тажатпаса экен деп,
Түбү түшкүр бул турмуштун кыянаты кыжалат.

Бул сүйүүбү белес ашкан кездерде,
Кур кыялбы жетеленген сезимге.
Баарын кайра баштайлычы жашырбай,
Бир кездеги каталыкка мунданбай.

Үмүт менен ширелишип агымга,
Үлүл болуп өмүр сүрсөк жанаша.
Турмуш оту күйүп турса жалындап,
Бир бүтүндөй жашоо гүлү сырдана.

## ПОЭЗИЯ СЫРДААНА

Үртүктөлгөн атым сыйрылып.
Жолго чыктым жайдак салт гана.
Туман түшүп алдым мунарык,
Үмүт улайт поэзия сыр даана.

Татаал кыя али алдыда
Белесинен кээде көрүнүп.
Пегас атты улам камчылайм,
Жанга батып мөндүр борошо.

Тагдырымды алгам суранып,
Мансаптарга ийбей башымды.
Жан үрөймүн түндү терметип,
Чексиздиктин татаал сырына.

Жашоомдун ушул кумарын
Билбейм? Кимдер жүрөк толгоп угарын,
Угам кээде кермек какшыкты,
Мансапына барымталап аруу жанымды.

Чү, жаныбар Пегас кубатым,
Өрүш тандап өргүп жатпагын,
Калыс сөзүн айтаар калайык,
Күтүп жатат таскак жазбагын.

## АКЫН

Чыйыр салып капилеттен сезимиме.
Туюндуруп терең сырды дилиме,
Түркүн дүйнө көшөгөсүн көгөрткөн.
Акын — улук,
Кайталангыс, түбөлүктүү жан беле.

Акыл калчап, түйшүк тартып жашоодон,
Издеп, калпып изги сөздүн каймагын,
Ыр жаратып жан дүйнөнү жыргаттар.
Акын — түйшүк,
Алкагына сапар тарткан санаанын.

## ЫР ЖАНА МЕН

Көңүлүмдө көөдөн тээп кулпунган,
Жан дилимен тоо суусундай агылган,
Ыйманымды акреттик тутунуп,
Ыр жазамын абиримден журулган.

Бул дүйнөнүн болгон сыяк түркөгү,
Акыл айтып оозунамын карыдан.
Ырым менин жашоо сырым экенин,
Канткенде мен замандаштан жашырам.

Туям, сезем, көрөм турмуш кырларын,
Толгоо тартып ойлойм жашоо сырларын.
Мен ыр болуп төгүлөйүн элиме,
Аян болчу Лира көлү суранам.

## ЫЙЫКТЫК

Бул ааламда не ыйык,
Жараткан Эгем өзү ыйык.
Табият сыры керемет
Жаркырап тийген күн ыйык.

Төгүлгөн нурлуу ай ыйык,
Мүрөк суулуу жер ыйык.
Он сегиз миң ааламдын,
Осуятсыз сыры ыйык.

Пенделердин улуугу,
Адам-Ата пир ыйык.
Кабыргадан жаралган,
Умай-Эне ууз ыйык.

Алдейлеп сени өстүргөн,
Ата менен Эне ыйык.
Туурдан кайра кошулбас,
Бир тууандын баары ыйык.

Жароокер мээрим төгүлгөн,
Жапайы сезим ал ыйык.
Кастарлап сени сыйлаган,
Туз татырган үй ыйык.

Адилет куйуп жүргөнгө,
Заурат болчу сөз ыйык.
Сүрөткердей колдонсоң,
Сурулуп калган таш ыйык.

Араздашба адамзат,
Ак жүргөнгө баары ыйык.
Акыл калчап олтурсаң,
Бул ааламда баары ыйык.

## АЙЫЛЫМ

Миң-Теке, Бозбу-Атанын аралыгы
Бой тумар, өмүрүмдүн балалыгы
Сан тагдыр, Сан элести эске салган
Айылым, бул дүйнөнүн башталышы.

Мүлдө өмүр булут болуп көчсө дагы,
Бабанын сөзү калган, сөөгү калган
Кылымдан түнөк болуп улуу журтка
Сан туяк, жалаң аяк изи баткан.

Миң башат, мөлтүр булак агын суун
Комуз күүсү, өмүрүмдүн бир өңүрү
Ыйык рух, сезим менен журулушуп,
Баары нур, айланасы сыр дүйнөлүү.

Дүбүртү кыян кескен аргымактын
Басыгы балалыктын миң кыялдуу
Таң тосуп шүдүрүмдө тулаң кечкен
Айылым өмүрүмдүн гүл азыгы.

## АТАМДЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Калем сабы шилтенбейт көптөн бери,
Кайдигер карап калдым тагдырыма.
Сезимимди от алдырчу чакмагым жок,
Кош каректин ирмеми көз жаздымча.

Ушундай катаал белең тагдыр деги.
Сен неге пардаланттың сезимимди,
Оо, шум өлүм! — канатымды сындырдың.
Сыңар канат чыга алабы бийикке.

Кайып болгон карааныңды издеймин,
Күн нуруңдай желеленсе элесиң.
Сабырым суз өзөгүмдү өрт чалды,
Деңиз көздүү Ата гана мээримиң.

Адам үнү аралыкта көрүстөн,
Ал тарапты карай берем эрксизден.
Жүрөк сыздап бута болду көзүмө,
Боз топурак дөбө болуп үйүлгөн.

Шамал жүрсө адыр ылдый адымдап,
Тиккен саадаң аза күүсүн муңкантат.
Мен алыста жүрсөм дагы Атаке,
Бейитинде мезгил кесип ал сырдаш.

Бул шум өлүм батса дагы жаныма,
  Бирок Ата!
Акыл сөзүң, накыл сөзүң жаадымда.
Кесирликти максат кылбайм дилимде,
Каның Ата! — жүрүп турса денемде.

* * *

Апа, Апа дейм Апа чыгарчы добушунду,
Кумарлуу көзүң кана, санаага алдырбачы.
Мухиттей лира көлдүн толкунун жиреп уулуң,
Тагдырын байлап коюп, үмүттүн кулу уулуң.

Кейибе Апа, кейибе Апа,
Сенин уулуң, ыйык жолдун сапарында.

Көрдүм сени түшүмдө Апа.
Олтурасың сызгырып каймак,
Коломто коолоп тутантып жалын.
Умай-Эне сөздөрүн айтып,
Алоолонгон май сүттүү очок.

Эсиңдеби ошол күн Апа,
Ак батаң берип узаткан убак.

Апа, Апа дейм Апа кулак сал тыңда
Таанындыңбы узун элдин үчунан.
Үсүл-кесил добушумду угулган,
Түшүн Апа ыр сырына өмүрүмдү арнагам.

Олтурам Апа, үмүттү улап,
Медер тутуп ак-батаң Апа.

* * *

Сапары бүтпөдү деп таарынбагын.
Сен сыздап тагдырыңа кайгырбагын.
Жоорубай ыпластык ыйманыма,
Максатыма тилектеш бол сүйгөн жарым.

Мен дагы сен сыяктуу убайдамын,
Уралбай түбөлүк жай пайдубалын.
Кайгырба, капаланба болот баары,
Суранам! — жан-дүйнөмдү жардылантпа.

Сагындым мотурайган наристемди,
Сагындым мээрим чачкан келбетиңди.
Келечек издеп жүрөм түшүн жарым,
Силерсиз томоголуу мен шумкармын.

## КУТМАН КАРЫЛАРЫМ

Кылымдын кыйыр кескен сересине,
Кыямат өмүр тагдыр кечип мүлдө.
Карыя ак сакалдуу ак калпактуу,
Дүйнөнү түгөл калчайт жүрөгүндө.

Агылып мезгил басып өткөн өмүр,
Төгүлбөй түркөк болуп жолу шыдыр.
Не сыноо тушуксада тагдырына,
Непаада камчы чаппайт ыйманына.

Карыя ыйман жүздүү миң бир сырлуу,
Ала-Тоо залкар зоолуу көк жылгалуу.
Акылы албарс болот жанар тоодой,
Мезгилди арыштаган алда канча.

Акырын басса дагы кадамдары,
Ой чабыт улук анын багыттары.
Ак бата кыз жигитке багышталса,
Өзөктөн өнүп чыгат урпактары.

Бакубат бийик турган ыйык арча,
Дөөлөтү, сөөлөтү да актыгында.

Ата журт калкагары качан болсо,
Ар намыс улуулугу Ата салтта.

Олтурса ордо толуп көңүл мүлдө,
Орошон кут төгүлүп нур жүзүндө.
Ар убак бар болгула кутман карым,
Дүйнөнү түгөл калчап жүрөгүндө.

## ЧЫДООНУН ЧЕГИ ЖОКТОЙ СЕЗДИҢ БЕЛЕ?

Үмүттөр акталбады аруулаңган,
Үртүксүз жолго чыктым мен кайрадан.
Бул таш боор тагдыр мени камчылады,
Кыйырсыз таштак жолдо бара жатам.

Мен күткөм аруулукту бир өзүңдөн,
Ал үмүт өчкөн туура ыйман менен.
Сиңишкен аз да болсо менин жытым,
Мезгилге жутулганда унутарсың.

Көз караш сезиминди бийлеп алса,
Унуттуң менин бары же жогумду.
Сүйүүнү көз отуңа көп чөгөрдүң,
Өзгөлөр жүрөгүңдөн түнөк тапса.

Бул мүнөз көнүмүшкө бир өзүңө.
Себебин айттырбастан түшүндүңгө,
Татыксыз жашабаймын өмүр даарын,
Чыдоонун чеги жоктой сездиң беле?..

* * *

Толкунданып күндөгүдөн башкача.
Мен келемин сага тартып убара,
Аймалаган сенин ажар жүзүңдү.
Сыдырым жел санаатынан кызгана.

Кыялымда кеме минип деңизде,
Махабаттын өртү алоолоп сезимде.
Маржан болуп кубулбачы суранам,
Кайрылбасын канаттарым кайгыдан.

Сүйүү ыйык кереметин карачы,
Сан миң гүлдөр дагы ачылар бүрдөгөн,

Өмүрүмдүн күзү келип калганбы?
Кубат үрөп курбалынан жаңылган.

* * *

Бөлүшпөй келечекти элим менен,
Бекерге кечким келбейт өмүр даарын.
Куу турмуш көлөкөсүн түшүргөндө,
Улуу сөз акыйкаты эле калсын.

Канчалык акыйкат деп зилдеп жүрүп,
Мейли мен ыраазымын азап чексем.
Элимдин эрки менен болсо эгер,
Кыйылсын кайталангыс өмүр менден.

Суранам акыйкатты кор тутпайлы,
Акырет адамдыкты унутпайлы.
Кылымдын кыл жебеси өткөн кезде,
Урпактар зилдебесин сөзгө калып.

* * *

Теребел, коңур жели беттен аймап,
Кыз, жигит көл жээгинде ылаалашат.
Кадыр түн тосуп жүргөн эки жашка,
Көк ирим күбө болуп миң кубулат.

Ыйык-көл термеп жатат ай жылдызды,
Махабат баяндарын күүгө салып.
Перидей арууланган ушул сулуу,
Мемиреп муюп турат көл сыяктуу.

Мүдөөлөр айкалышып аккуу, көлдөй,
Ашыктык сезимдерге тынчтык бербей.
Тагдырлар жуурулушуп түбөлүккө,
Кадыр түн ыйыктыктан жанып бирдей.

## МАЗМУНУ


Ак бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Баш сөз ордуна . . . . . . . . . . . . . . . 7
Аймак керемети . . . . . . . . . . . . . . . 9
Сүргүн. Бөтөн эл, бөтөн жер . . . . . . . . . 14
Коломтонун илеби . . . . . . . . . . . . . . 21
Энелүү жетим эркеби? . . . . . . . . . . . . 26
Апа?! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 28
Менин агам тирүү . . . . . . . . . . . . . . 31
Мария . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Доор агымы . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Тозоктун өрөөнүндөгү трасса . . . . . . . . . 47
Башкарманын катаалдыгы . . . . . . . . . . . 54
Бата менен эр көгөрөт . . . . . . . . . . . . 58
Ар ким эле биле бербесе керек . . . . . . . . 59
Гигант автотрансформатор орнотулду . . . . . . 62
Эй бала, нанды эмнеге тебелейсин? . . . . . . 65
Турмуштун кара туманы . . . . . . . . . . . 69
Табийгат мыйзамына баш ийүү . . . . . . . . . 71
Алгачкы депутаттык таймаш . . . . . . . . . . 72
Тарых дөңгөлөгүнүн күүсү . . . . . . . . . . 79
Кайрадан депутаттык корпуста . . . . . . . . 90
Техникалык кеңештин чечими . . . . . . . . . 98
Биринчи вице-премьер министр ким болот? . . . 103
Кызыл тебетейченди жандап . . . . . . . . . . 106
Элим менен — элим үчүн . . . . . . . . . . . 111
Бизге калган мурас . . . . . . . . . . . . . 113
Биз курабыз деген коом . . . . . . . . . . . 114
Өткөөл мезгилдин биринчи этабынын негизги жыйынтыктары 116
Реформанын экинчи этабынын максаттары жана милдеттери . 118
Өлкөнүн экономикалык абалы келерки жылы эле жакшырышы мүмкүн . . . . . . . . . . . . . . . . . 121
Экономикалык саясаттын негизги багыттары . . . 122
Биздин көңүлүбүздүн борборунда — адам, анын тагдыры, анын проблемалары . . . . . . . . . . . . . . . . 128
Коомдун маданияты аялдарга болгон мамиле менен аныкталат 132
Мамлекетибиздин келечеги — өлкөбүздүн негизги байлыгы болгон жаштардын колунда . . . . . . . . . . . . 134
Мамлекеттик курулуш жана укук тартиби . . . . 135
Күн чыгыш өлкөсүндө . . . . . . . . . . . . 143
Президенттин указы, буйругу менен . . . . . . 144
Кыргыз Республикасынын Президентинин буйругу . . 148
Депутаттык парыз . . . . . . . . . . . . . . 149
Өмүрдүн өтөлгөсү . . . . . . . . . . . . . . 152
Эссе . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 165
Пайгамбарлар баяны . . . . . . . . . . . . . 167

Хан Кубатбек . . . 173
Нүсүп бий . . . 178
Солтонкул бий . . . 184
Камбараалы Соорonбаев . . . 191
Ныязаалы Борош уулу . . . 196
Жолугушуу . . . 201
Кутчу (Кушчу). Саруу уруусунун ата-теги . . . 206
Поэма. Ырлар . . . 213
Тоскоол-Ата . . . 215
Карача торгой кайбылда . . . 224
Аксынын уру . . . 229
Ныязаалынын керези . . . 235
Жылуулук . . . 239
Тоо гүлү . . . 239
Сүйүү . . . 240
Өмүр . . . 241
Поэзия сырдаана . . . 248
Акын . . . 248
Ыр жана мен . . . 249
Ыйыктык . . . 249
Айылым . . . 250
Атамдын жаркын элесине . . . 250
Кутман карыларым . . . 252
Чыдоонун чеги жоктой сездиң беле? . . . 253

**Көркөм-адабий басылыш**

**Ооганбек Станбеков**

**БОЮН ЖАШЫРГАН ТУЛПАР**

Повесть, эссе, поэма-ырлар

Редактору *Р. Сакелова*
Көркөм редактору *З. Мидинова*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Түстүү сүрөттөрдү макеттеген *Ш. Сакелов*

Терүүгө 26. 03. 97. берилди. Басууга 26. 04. 97. кол коюлду. Форматы 84×108$^1/_{32}$. Кагазы № 1 офсет кагазы. физ. б. т. 16,0 +1,0 вкл. шарттуу басма табак 13,44 б. т. вкл. 0,84. Нускасы 2500. Заказ № 79. Келишимдик баа.

«Шам» басмасы
Т. Суванбердиев атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.

